БЕСТСЕЛЛЕРЛЕРДИН АВТОРУ

ДЖОН БИВЕР

# КУДАЙГА ЖАКЫНДОО

Кудай менен жакындыкта жашоо

Кымбаттуу достор,

Ыйык Китеп көптөгөн даңктуу убадаларга толгон, алардын баары чындык жана биздин жашообузду өзгөртүү мүмкүнчүлүгүнө ээ, бирок, эң сонун убадалардын бири – бул Кудай силер менен жакындан таанышууну каалайт!

Жакыптын Катынан биз уккан эң чоң чакырыкты табабыз: *«Кудайга жакындагыла, ошондо Ал силерге жакындайт» (4:8)*. Бир аз токтоп, бул жөнүндө ойлонуп көргүлө: аалам, жерди жана анда болгондордун бардыгын Жараткан силердин катышууңарды сурайт. Ал силердин катышууңарды гана эмес, жакындыкты каалайт анткени, биз үчүн, Ал биз менен мамиледе болууну абдан эңсеген Кудай экендиги биз үчүн жазылган.

Ааламдын Жаратуучусунун Өзүнөн болгон укмуштуудай чакыруу, силерди Ага алыстан сөз жана салттарды аткаруу менен гана табынып койбостон, ушунчалык маңыздуу жана жакын болгон, силер Анын жүрөгүн таанып, Ал силердин жүрөгүңөрдү тааный турган мамилелерге кирүүгө чакырат.

Достор, мен силерди бул чакырууну кабыл алууга, Атага жакындоого жана Кудайдын жүрөгүнө сүңгүп кире турган кооз жана кызыктуу сапарга чакырам,

Машаяктагы бир тууганыңар,



MessengerX

Джон
JohnBevere@ymail.com

Messenger INTERNATIONAL

БЕСТСЕЛЛЕРЛЕРДИН АВТОРУ

**ДЖОН БИВЕР**

# КУДАЙГА ЖАКЫНДОО

Кудай менен жакындыкта жашоо

**Drawing Near** by John Bevere, Kyrgyz
© 2023 Messenger International
MessengerInternational.org
Originally published in English as Drawing Near

Additional resources in Kyrgyz by John and Lisa Bevere are available for free download and video streaming at **MessengerX.com** and on the **MessengerX** App
To contact the Author: JohnBevere@ymail.com

This book is a gift from Messenger International and is NOT FOR SALE

**«Кудайга жакындоо»** Джон Бивер, кыргыз тилинде
Автордук укук © 2023 Messenger International
MessengerInternational.org
Алгач англис тилинде « Drawing Near» деген аталышта жарыяланган.

Бекер жүктөп алуу жана агым үчүн **MessengerX.com** сайтында жана **MessengerX** колдонмосунда Джон менен Лиза Биверлердин кыргыз тилиндеги кошумча булактары бар.
Байланыш үчүн автордун электрондук почтасы: JohnBevere@ymail.com

Бул китеп «Мессенджер Интернэшнл» эл аралык уюмунун белеги жана САТУУГА БОЛБОЙТ.

Бул жерден жүктөп алууга болот App Store

Бул жерден алууга болот Google Play

App Store бул АКШда жана башка өлкөлөрдө катталган Apple Inc компаниясынын соода белгиси.
Google Play жана Google Play логотиби Google LLCтин соода белгилери.

# МАЗМУНУ

*КИРИШҮҮ* . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . V

*1 бөлүм.* ЭҢ МААНИЛҮҮ ЧАКЫРУУ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 1

*2 бөлүм.* КУДАЙДЫН КҮЧТҮҮ КААЛООСУ . . . . . . . . . . . . . . . . . 15

*3 бөлүм.* ӨЗ ЧАҢКООҢДУ САКТА . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 35

*4 бөлүм.* АНЫН БОЛУШУНА КАРАТА КЫЗГАНЧААКТЫК . . . . . . . . 59

*5 бөлүм.* КӨШӨГӨНҮН АРТЫНДА . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 79

*6 бөлүм.* КУДАЙДЫН ДОСТОРУ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 101

*7 бөлүм.* ЧЫНЫГЫ ЖАКЫНДЫККА ЭМНЕ ТОСКООЛДУК БОЛОТ? . . . . . . . . 131

*8 бөлүм.* ЧЫНЫГЫ ТАБЫНУУ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 165

*9 бөлүм.* КУДАЙ КИМДЕР МЕНЕН БОЛОТ? . . . . . . . . . . . . . . . . 185

*10 бөлүм.* ЫЙЫК РУХ МЕНЕН ЖАКЫНДЫК . . . . . . . . . . . . . . . . 203

*11 бөлүм.* АТАДАН БЕРИЛГЕН УБАДА . . . . . . . . . . . . . . . . . . 235

*12 бөлүм.* ЖАКЫНДЫКТЫН ТИЛИ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 271

*13 бөлүм.* ИШЕНИМДЕГИ БЕКЕМ ЫНАНЫМ . . . . . . . . . . . . . . . 305

*14 бөлүм.* ДАГЫ ДА КӨБҮРӨӨК ЖАКЫНДОО МЕНЕН . . . . . . . . . . 335

*ТИРКЕМЕ А* . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 349

*ТИРКЕМЕ В* . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 355

# КИРИШҮҮ

Күндөрдүн биринде Кудай менин жүрөгүмө: «Уулум, мен сенин жазып башташыңды каалайм» деп, абдан так айтты. Бул 1991-жылы болгон.

Андан кийинки күндөрү ар кандай аралашкан сезимдер менен кыйналдым. Бир жагынан, бул сунуштан коркуп, башыма сөзсүз боло турган ийгиликсиздик тууралуу ойлор тынымсыз кирип жатты. Экинчи жагынан, күлүүгө даяр элем. Мен жазганды жек көрчүмүн! Мектепте дилбаян жазууга туура келип калса, бир сапты да жаза албай, бир нече саат ойлорумду жыйнай албай, бош барактарды тиктеп отура берчүмүн. Адабий чыгарманын ар кандай түрүнө карата өтө чыдамсыздык менен болгон мамилем мени акыры колледждин инженердик факультетине тапшырртты.

Эми болсо, Кудай мага жаз дейт. Бирок, бул мүмкүн эмес! Балким, мен бир нерсени туура эмес түшүнүп алсам керек, деп ойлодум. Ошондуктан, мен күтө-көрүп жүрдүм, бирок,

он ай эч нерсе кылбагандан кийин, Кудай мага дароо эки аялды жиберди, алар эки жуманын ичинде мага ошол эле буйрукту кайталашты. Алар экөө тең абдан боорукер эле, бирок: «Джон, эгер сен Теңир сага жазууну буйруган китептерди жазууга милдеттенбесең, Ал Өзүнүн тапшырмасын башка бирөөгө берет, бирок, сен ал үчүн жооп беришиң керек болот», - деп катуу эскертишти.

Качан экинчи аял мага ушуну кайталаганда, мени Кудайдан коркуу сезими каптады, бул менин коркуу сезимимден жана адабий эмгекти жактырбоочулуктан алда канча ашып түштү. Ошентип, мен жаза баштадым. Мен баш ийүү чечимин чыгарганда эмне болгону дайыма эсимде. Компьютерде текст терип баштаганымда, түрдүү ойлор башыма келип, мурда эч качан ойлобогон, укпаган идеялардын формасына өтө баштады. Көп өтпөй, мен бул менин билдирүүлөрүм эмес экенин, алардын баары Андан келгенин түшүндүм. Андан бери көп жылдар өттү, эми мага китеп түрүндө Ал жиберген кабарлар дүйнөнүн 130дан ашуун тилдерине которулуп, он миллиондогон нускада басылып чыгарылып жана бүткүл дүйнө жүзү боюнча таратылууда.

Китептердин биринчисин жазгандан кийин, мен Кудайга эч качан жеке өзүм өз демилгем менен китеп жазууга киришпейм деп убада бергем. Ал мага ушундай кыл десе гана жазам. Менин убадам сыналды, жыл сайын 1992-жылдан 1999-жылдарга чейин Ал мага китеп кылып айтып бере турган кабарды берип турду, бирок «Под покровом» китеби чыккандан кийин үч жыл өттү, Теңир мага жаңы китеп үчүн бир сөз берген жок. Мага басмакерлер тез-тез кайрылып, кызматташууну сунуштап, кийинки китепти качан жазарымды сурашчу, бирок, мен эч нерсе кылган жокмун. Ал убакта менде Кудайдан болгон кабар жок болчу.

Акыры, үч жылдан кийин гана Кудай мага кайрадан ки-

теptин сөзүн берди – эми аны азыр силер колуңарда кармап турасыңар. Менин оюмча, мындай кийинкиге калтыруунун себеби, бул китеп жазылганга чейин Ыйык Рух мени менен бир нерсе кылышы керек болчу. Мына ошентип, мен жыйырма беш жылдан бери ишенсем да, мурда мен Кудайга жакындоо үчүн мынчалык күчтүү каалоону баштан өткөргөн эмесмин.

Акыркы бир жарым жылдын ичинде мен Кудай менен болгон мамилемдин мурунку жылдарындагыга караганда да тереңирээк жакындыкка ээ болдум. Мен өмүрүмдө эч качан, акыркы бир жарым жылдагыдай мынчалык көп ыйлаган эмесмин. Бул сезимдер мени бардык жерде: мейманкана бөлмөлөрүндө, учактарда, өзүмдүн кеңсемде, унаамда, үйдө жана мен көп убактымды көңүл коюп сыйынуу менен өткөргөн табиятта каптап жатты. Анын катышуусунун чындыгы мурда эч качан мынчалык сезилерлик жана байкаларлык болгон эмес.

Мен бул китептин Ыйык Рух аркылуу көп жылдык окутуумдун натыйжасы жана Кудайдын жүрөгүнөн силерге, Анын балдарына, жакындыкка келүүгө чакырыгын камтый турганына ишенем. Бирок, силер аны окуп баштаардан мурун, мен силер менен бирге сыйынгым келет. Бул сөздөрдү чын жүрөктөн айтып жана мен бул сыйынууну кабинетимде силер үчүн үн чыгарып сыйынганымды билгиле. Ыйсанын убадасына ылайык: «Дагы силерге айтарым, жер үстүндө араңардан экөөңөр макулдашып алып, асмандагы Атамдан бир нерсе жөнүндө сурасаңар, сураганыңарды аласыңар» (Мт. 18:19). Келгиле, чогуу сыйыналы:

> *“Ата, Ыйсанын аты менен, мен бул китепти окуп жатканда Сенден суранам, мен көрө алышым үчүн көздөрүмдү ачып, угушум үчүн кулактарымды ачып, мага кабыл алуучу жана түшүнүүчү жүрөк бере көр.*

*Мен Сени менен ар дайым бирге жүрүп, Сага жакын болгум келет. Мен Сенин пландарыңды, сырларыңды жана каалоолоруңду билгим келет, ошондой эле, Сенин алдыңда болгум келет. Бул кабар мага түшүнүү гана эмес, сенин сүйүктүү Уулуңдун жана Теңирим Ыйсанын бейнеси аркылуу жашоомду өзгөртүүгө күч да берсин. Анткени, Ал бул жер бетинде жүргөн кезде, Сага жакын болуу менен Сенин даңкыңды эң сонун ачып берген. Ошентип, мен дагы Ыйык Рухтун инсандыгы аркылуу Ага жакындоо менен, Ыйсанын даңкын көрсөткүм келет. Мен бул каалоону Сенин колуңа тапшырам жана бул китептин авторун шыктандырган сөздөрүңдү кунт коюп угуп, кулак салып турганда, менде жасай турган өзгөртүүчү иштериң үчүн, алдын ала ырахмат айтам. Эми менин жашоом эч качан мурункудай болбой турганы үчүн Сага ыраазычылык билдиремин. Мен мунун бардыгын Сенин кызматчың Джон Бивер менен макулдашып, сыйынуу аркылуу аткарууну суранам. Оомийин.”*

Эми баары орундалаарына ишенгиле жана чын ыкластан сыйынууңарда айтылган өтүнүчүңөрдүн аткарылышы үчүн Кудайга ыраазычылык билдиргиле. Мен азыр Ыйык Рух силерди улуу жакындашуунун жерине алып бара жатканына кубанам, анткени, Ал силердин сыйынууңарды жалгыз Кудайдын ыйык тактысына көтөрдү жана силердин бардык каалооңорду жана умтулууларыңарды Ал гана жалгыз канааттандыра алат. Кудай – Ата, Ыйса жана Ыйык Рух - силерге мурда болуп көрбөгөндөй реалдуураак болуп калсын!

Чын жүрөктөн,

Джон Бивер.

2003-жылдын ноябрь айы.

1-бөлүм

# ЭҢ МААНИЛҮҮ ЧАКЫРУУ

«Кудайга жакындагыла, ошондо Ал силерге жакындайт»
Жакып 4:8

Күн өткөн сайын улам күчөп бараткан, Кудайдын жүрөгүнөн чыккан чакырыкты жок, кыйкырыкты уккула: «Силер Менин катышуум жок болгон жашоодон кантип ырахаттана алассыңар? Мага жакын болуудан ырахат ала турган болсоңор, анда эмне үчүн алыста турасыңар?»

Ар бирибиздин досторубуз, ошондой эле, биз суктанган жана жакын мамиледе болууну каалаган адамдарыбыз бар. Алар биздин жүрөгүбүздө өзгөчө орунду ээлейт жана алар менен өткөргөн убакыт биз үчүн эң чоң ырахатка айланат, айрыкча, алар менен алардын демилгеси аркылуу жолуксак. Алар менен чогуу болуу чакырыгы бизди кубанычтуу жана кызыктуу бир нерсени күтүүгө толтурат. Биз бул бактылуу

күндү башка бардык иштерден бошоп күтөбүз жана жагымдуу чакырууну кабыл алабыз.

Элчи Жакыптын катында биз мурда адамга айтылган чакырыктардан да эң таң калыштуу чакырыкты көрө алабыз: «Кудайга жакындагыла, ошондо Ал силерге жакындайт» (Жакып 4:8). Бир саамга токтоп туруп, бул жөнүндө ойлонуп көрсөңөр: бүт ааламдын, жердин жана анын бардык тургундарынын Жаратуучусу силердин жанында бар болушуңарды каалап жатат. Жөн гана катышууну эмес. Ал силерге жакындагысы келет, анткени бизге: «Анткени сен Теңирден башка кудайга сыйынбашың керек, Анын ысымы – "Кызганчаак". Ал – кызганчаак Кудай» (Чыг. 34:14).

Бул Кудайдын өтүп кетпеген каалоосу. Ал бул чакыруунун демилгечиси, анткени, Ал Өз балдарынын Аны жакындан таанып-билүүсүн каалайт. Адамзат кулагандан бери миңдеген жылдар өттү жана мындай жакындыкка жол ачуу үчүн, татаал даярдыктар жана кымбат баа талап кылынды. Ыйсанын эң жакын досторунун бири Жакан минтип жазган:

> «Кудайды эч ким көргөн эмес; Атасынын койнунда [б.а. эң жакындыкта] болгон жалгыз Уулу ачып берди [Ыйса бизге Кудайды ачып берди жана көрүнө тургандай кылып көрсөттү; Ал муну бизге чечмелеп, биз таанып-биле тургандай кылып ачып берди] (Жакан 1:18).

Адам Кудайды бетме-бет көрдү, бирок, анын күнөөсүнөн же тил албастыгынан улам, ал Анын даңктуу катышуусунан ажырап калды жана анын жазасы бүт адамзатка жайылган. Адамдар Кудайды Адам ата мурда көргөн жана билгендей көрө алышпайт жана биле алышпайт. Бирок, Атабыз биз менен болгон мамилени калыбына келтирүүнү жана бизди бул

коркунучтуу бөлүнүүчүлүктөн куткарууну абдан каалап, катуу кайгырып, күйүп-бышты. Бул көйгөйдү чечүү үчүн Ал башынан эле Атасы менен болгон жана денедеги Кудай болгон Ыйсаны жиберген. Эгерде биз Аны Теңирибиз катары кабыл алсак, анда Ыйса бизди караңгылыктан бошоткон жана Кудай менен элдешүүгө жардам берген бааны төлөп койгон.

Ошентсе да, Кудай менен адамдын мындай жолугушуусу буга чейин айтылган эмес жана адамдар анын толуктугун башынан өткөргөн эмес. Биз күнөө менен өлүмдөн куткарылууну баса белгилеп түшүнгөнбүз, бирок, куткарылууну алган ар бир адам үчүн мүмкүн болгон Кудай менен болгон ынак мамилени жарыялоону четке какканбыз. Бул кайдыгерлик бизге кымбатка турушу мүмкүн, ал тургай, бизге кырсыктын коркунучу туулушу да мүмкүн, анткени, биз Кудайды жакындан таануунун сулуулугун өткөрүп жиберип атабыз. Ушундай эле трагедия Байыркы Келишим мезгилинде Ыбрайымдын урпактарынын таржымалында берилген.

## Эки башка ниет

Мен дайыма Кудайга болгон мамилеси менен Мусанын жана анын бир туугандарынын, Ысрайыл уулдарынын жүрүм-турумунун карама-каршылыгына таң калам. Чыгуу китеби Ыбрайымдын урпактары ырайымсыз кулчулукта кандай азап тартканы жөнүндөгү таржымал менен башталат. Алар Мисирде төрт жүз жылдай калышты. Адегенде, алар бийликтегилердин ырайымына ээ болушкан, бирок кийин алар кулга айланган, аларга карата аёосуз мамиле жасалган. Үмүтсүздүктө жана азап чегүүдө, алар Кудайдан куткарууну сурап жалынышкан.

Теңир алардын сыйынуусуна таасирленип, аларга Муса

деген куткаруучуну жиберген. Муса жүйүт болуп төрөлгөн, бирок кул болгон эмес. Ал фараондун өзүнүн небереси катары, фараондун сарайында тарбияланган. Мисирдин бул ханзаадасы бир туугандарынын коркунучтуу тагдырына таасирленген, бирок өз өмүрүн сактап калуу үчүн, ал чөлгө качууга аргасыз болгон. Жылдар өткөндөн кийин, ал Кудайдын Сөзү жана Анын күчү менен Ысрайыл элин кулчулуктан куткаруу үчүн кайра кайтып келген.

Ысрайылдын Мисир кулчулугунан куткарылышын көбүнчө биздин күнөөнүн кулчулугунан куткаруубузга салыштырышат. Египет дүйнөлүк системаны символдоштургандай эле, Ысрайыл Жыйынды символдоштурат. Биз жогорудан төрөлгөндө, дүйнөдөгү зулумдуктан жана эзүүдөн кутулабыз.

Мисирдин тургундары Ысрайылдын кул болгон уулдарына канчалык ырайымсыз мамиле кылганын жана Ысрайылдын урпактары канчалык азапка дуушар болгондугун элестетүү кыйын эмес. Алардын аркалары фараондун көзөмөлчүлөрүнүн ур-токмогунан жараланып, караңгы конуштарда жашашып, таштанды жешкен. Алар египеттик кожоюндардын гүлдөп-өсүшү үчүн эмгектенгендиктен, мураска үмүтү жок болчу. Алар фараондун буйругу менен миңдеген жаңы төрөлгөн уулдары өлтүрүлгөндө ыйлашкан.

Бирок, алар өздөрү тарткан бардык азаптарын бат эле унутуп коюшкан. Куткарылгандан кийин кыйынчылыкка жана көйгөйлөргө туш болгон сайын, алар Мисирден качкандарына өкүнүп, куткарылууну каалаган өздөрүнүн сыйынууларын шылдыңдап: «Мисирге кайтып барганыбыз жакшы эмеспи?» – дешкен. Алар бири-бирине бул долбоорду ишке ашырууну сунуш кылганга чейин барышкан: «Өзүбүзгө башчы шайлап, Мисирге кайра кетели» (Сан. 14:4 курси автордон).

Муса болсо, башка маселе. Ал Мисирде жашоо шарты чындап эле эң сонун болгон жалгыз адам болгон. Чынында, эч ким андан артык жашаган эмес. Дүйнөдөгү эң байдын ордосунда чоңоюп, эң сонун жашоо кечирип, эң сонун тамактарды жеп, эң жакшы кийимдерди кийген, эң жакшы билим алган. Анын кулдары анын бардык муктаждыктарын жана каалоолорун камсыз кылышкан жана анын мурасы байлык жагынан да, убада боюнча да эң чоң болгон.

Бирок, ал мунун баарын өз ыктыяры менен таштап, Израил уулдарынан айырмаланып, эч качан артына кылчайган эмес жана артында калганына өкүнгөн эмес.

Бирок, бул жерде айырмачылык эмнеде эле? Кептин баары Мусанын Кудайга жолукканында болгон. Ал жалынды көрүп анан ага жакындады. Ал тирүү Кудайга Синайдагы күйүп жаткан бадалдын жалынында жолуккан, бирок, Ысрайыл уулдары андай болгон жок! Теңир Мусаны чакырганда, ал жакындап келди. Ысрайыл уулдары кийинчерээк, ушуга окшош жана андан да таң калыштуу чакыруу келгенде, артка чегинип, аны кабыл алышкан эмес (Чыг. 20:18-20 кара).

Мен өзүмдүн жыйынымдагылардан көбүнчө минтип сурап калам: «Муса Израил уулдары Мисирден чыкканда кайда алып барган?» — деп. Көбүнчө мага: «Убадаланган жерге» деп жооп беришет. Бирок, бул андай эмес. Ал Ысрайыл уулдарын Хореп тоосуна же Синайга алып барган. Кудайдын Муса аркылуу фараонго айткан сөздөрүн эстегиле: «Менин элимди коё бер, алар чөлдө Мага кызмат кылышсын» (Чыг. 7:16). «Менин элимди алар жерди мурасташы үчүн коё бер” деп айткан эмес. Муса элди убада Бергенге тааныштырганга чейин, убада кылынган жерге алып бара алган эмес. Эгерде ал аларды убадаланган жерге биринчи алып келе турган болсо, анда алар

убадалардын өзүн Берүүчүсүнө, Кудайдын Өзүнө караганда көбүрөөк сүйүшмөк. Муса алар Кудай менен жолуккан жерге келе турган учурду чыдамсыздык менен күткөн.

Чынында, биз да жыйындарыбызда ушундай кылабыз. Биз Ыйсанын ким экени жөнүндө эмес, биз үчүн эмне кылары жөнүндө көбүрөөк кабар айтабыз! Натыйжада, биз Кудайга Анын Ким экенине жооп берүү үчүн эмес, Андан келген артыкчылыктар жана пайдалар үчүн кызмат кылган муундарды тарбияладык. Мындай абалды аялдын акча үчүн күйөөгө чыккан абалы менен салыштырса болот. Мындай никеде ал күйөөсүн кандай болсо, ошондой билүүгө эмес, анын бере турган нерсесин алууга умтулат. Ооба, албетте, аны кандайдыр бир деңгээлде сүйө алат, бирок кайрадан эле, анын ниетин таза деп айтууга болбойт.

Кудай менен болгон өз ара мамилесине караганда, Аны менен болгон батага көбүрөөк басым жасаган адамдар, Кудайга келгенде Кудайды таанып-билүүнүн ордуна, Андан бирдеме алганга аракет кылган шакирттерди тарбиялап жатышат. Ага окшош эч ким жок жана Ага эч ким тең келе албайт, анткени Ал чынында эле укмуш. Эгер адам Муса сыяктуу болуп, Кудайга чындап жолукса, анда бардык убадалар ушул көз караштан көрүнөт. Ал бардык нерседен алда канча кереметтүү, жадагалса Анын баталарынан дагы.

Ысрайыл уулдарын куткарууда Кудай негизги максатты көздөгөн - Ал алардын Аны таанып-билишин жана сүйүүсүн каалаган. Ал бул элдин арасында кеңири белгилүү болгусу келген. Ал: «Менин мисирликтерге эмне кылганымды көрдүңөр, Мен силерди бүркүт балапанын канатына көтөргөндөй көтөрүп жүрүп, Өзүмө алып келдим», — деди (Чыг. 19:4). Ошентсе да, Исраил уулдары өзүлөрүнүн максаттарына жетпей калышты.

Кудайдын Өз эли менен ынак болууга болгон каалоосу эч качан өчкөн да, өзгөргөн да эмес, анткени Анын Сөзүндө дайыма бул каалоо жөнүндө айтылат. Бул Пабылдын жалындуу сыйынуусунда да чагылдырылган:

> [Сыйынуумда силерди эскерүү менен суранам], "Теңирибиз Машайактын Кудайы, даңктуу Ата *Аны таанып билишиңер үчүн* силерге акылмандык берүүчү жана түшүндүрүүчү Рухун берсин" (Эф. 1:17, курсив автордон).

Ал бизге Өзүнүн бул кумарлануусун көрсөттү. Кудай жогорудан төрөлгөн ар бир баласынын Аны терең жана жакын билишин каалайт! Бул сөздөрдү угуп толкундануу сезип жатасыңарбы? Болбосо, бир аз убакыт бөлүп, бул ойлор жөнүндө ойлонгула жана бул укмуштуудай кереметтин ишке ашырылышы мээңерге кирип, силерди толугу менен курчап алсын.

Биз тирүү Кудайга, анын балдары үчүн жүрөгү ооруган чыныгы Атага кызмат кылабыз. Кудай биз менен мамилелешүүнү чын жүрөктөн каалайт. Бул тууралуу Пабыл Коринтте теологиялык талаш-тартыштарга аралашкан ишенимдештерине мындай деп айткан: «Өзүңөр билесиңер, бутпарас кезиңерде *тилсиз* буркандарга бирөө жетелеп баргансып барчусуңар» (1 Кор. 12:2). Пабылдын бул сөздөрүнөн биз Кудай Атабыздын бир маанилүү өзгөчөлүгүн көрөбүз, ал Аны башка бардык жалган кудайлардан айырмалап турат – Ал бизге сүйлөйт!

## Четке бурулуу

Мен жакында эле жумуштарым менен машинемди айдап бараткам, күтүлбөгөн жерден Ыйык Рух жүрөгүмө сүйлөдү:

«Менин сага айта турган сөзүм бар. Четке бурул.»

Мен билем, эгер Кудай мага бир нерсе жаса деп буйруса, ошол мезгилде Анын буйругу канчалык кызыктай же майда-чүйдөдөй көрүнбөсүн, мен дароо Анын буйругуна баш ийишим керек. Теңир Мусанын көңүлүн өзүнө бурганда, ал кайнатасынын койлору менен чөлдө жүргөн (Кудай биздин көңүлүбүздү ар кандай жолдор менен тарта алат). Кудай бир бадалдын күйүшүн, бирок күйүп кетпешин буйруду.

Биз Мусанын өзүнчө: «Эмне үчүн бадал күйүп кетпейт? Барып, бул укмуштуу кубулушту көрүп келейинчи», – деп айтканын окуйбуз (Чыг. 3:3). Бул текстте «Мен барам» деген сөз еврейдин *ciwr* деген сөзүнөн келген. Ыйык Жазуунун түп нуска тилдеринин адиси Джеймс Стронг бул сөз «четине бурулуу» дегенди билдирет дейт. Муса аны чакырган Ыйык Рухка жооп берүү үчүн, ниеттенген жолдон аң-сезимдүү түрдө четтеп кетти. Ал Кудайдын чакырыгына жооп берер замат, эмне болгондугун окуйбуз: «Теңир анын карап турганын көрдү, Кудай ага бадалдын арасынан чакырып: «Муса! Муса!», - деди.

Кудай Мусаны көздөгөн жолунан бурулуп кеткенин көргөндөн кийин гана, анын атын атаган. Эгерде Муса Кудайдын чакырыгына жооп бербесе, Теңир ага карайм бир кадам алдыга кадам таштамак эмес деп ишенем. Жетронун койлору короодо турганда Кудай аны чакырмак эмес, ал ыңгайсыз учур болчу. Эгерде Муса күйүп жаткан бадалды көрүп, анан: «Эгерде мен жумуштан алаксып кетсем, койлор туш тарапка чачырап кетет, аларды кайра чогултуу үчүн бир нече саат, балким бир күн талап кылынат. Иштеримди бүткөндөн кийин, күйүп жаткан бадалды ананыраак карайм” деп ойлогон болсочу. Кандай деп ойлойсуз, анда анын натыйжасы да ушундай болот беле?

Кудай алда канча таасирдүү окуяларды жаратууга кудуреттүү деп божомолдоого болот, бирок бул Анын табиятына туура келеби? Шемуел жаш кезинде башкы ыйык кызматчы Эйлиге жана анын уулдарына кызмат кылганын эстесеңер (1 Шем. 3 кара). Бир күнү кечинде ал уктап жатып, аны: «Шемуел, Шемуел» деп чакырган үндү укту.

Шемуел Эйлиге чуркап барып: «Мына мен! Сен мени чакырдыңбы?» деди.

Бирок, Эйли: «Мен сени чакырган жокмун. Артка бар, жат» деди.

Шемуел анын атын экинчи жолу угуп, кайра башкы ыйык кызмат кылуучуга чуркап барды, бирок андан кайра ошол эле жоопту укту. Бул үч жолу кайталанып, акыры дин кызматчы эмне болуп жатканын түшүнүп, балага мындай чакырыкка кантип жооп берүү керектигин айтты. Шемуел аны төртүнчү жолу чакырган үндү укканда: «Сүйлө, Теңир, Сенин кулуң угуп жатат», – деп жооп берүү керектигин билди. Ошондо Теңир сүйлөп, ага Өзүнүн эркин жана кийинчерээк аткарыла турган сырларын ачып берди.

Кудай башкача да кыла алмак. Шемуел эмне болуп жатканын түшүнбөй турганын көрүп, аны экинчи жолу чакырып: «Шемуел, Эйлиге чуркаба, Мен, сенин Кудайыңмын, Мен сени чакырдым, анткени Мен сени менен сүйлөшкүм келет" десе болмок. «Бирок, Кудай ушундай кылабы? Ал кааланышын жана таанылышын каалайт, Ал биздин Аны таанып-билүүбүздү каалайт. Ал руху өжөр адамдарды, Аны издей турган жана бекем жана талыкпаган туруктуулук менен Ага умтула турган адамдарды издеп жатат. Жакшы Кабарларда мындай көрүнүштөрдү көрөбүз. Ыйса беш миңден ашык адамды беш нан жана эки балык менен тойгузуп, шакирттерине кайыкка түшүп, көлдүн аркы өйүзүнө сүзүп өтүүнү буйруйт. Ал Өзү Ата-

сы менен убакыт өткөрүү үчүн тоого кетет. Ошол эле күнү кечинде Анын шакирттери кайык менен абдан кыйынчылык менен шамалга каршы сүзүп баратышты, анан биз муну окуйбуз:

> Болжол менен түнкү төртүнчү күзөт убагында Ыйса деңиздин үстү менен басып, шакирттерине жакын келди да, *алардын жанынан өтүп кетмекчи болду* (Марк 6:48).

«Алардын жанынан өтүп кетмекчи болду» деген сөздөргө көңүл бурсаңар. Бирок, шакирттери Ыйсаны көрүп, кыйкырышты, Ыйса аларга мындай деп жооп берди: “Сергек болгула; бул Менмин, коркпогула.” Ал кайыкка кирди, шамал басылды. Эгерде алар кыйкырбаган болсо, Ал кете бермек. Эгерде алар кыйкырбаса, Ал аларды Өзүнүн катышуусуна мажбур кылмак эмес.

Кудай бизге бир кадам жасап жаткандай сезилет, эгер биз реакция кылсак, Ал дагы бир кадам жасап, бизге дагы жакындайт. Эгер биз жооп бербесек, Ал биздин жашообузга жана өзүбүз менен өзүбүздүн бийибизге кийлигишпейт. Ким билет, эгер Муса ары бурулуп кетпесе, Кудай аны Шемуелге окшоп күтмөк беле, же Ыйса жана Анын шакирттери менен болгондой болмок беле? Кудай көп учурда биз Ага чындап суусап баштаган убакты күтөт, биз Ага чындап жооп бергибиз келгенди күтөт.

Келгиле, менин унаамдагы саякатыма кайталы. Ал менден суранганда четтеп бурулуп кетпесем, анда эмне болмок? Аны менен жолугушууну өткөрүп жибермекминби? Жашоомдо мындай жолугушууларды өткөрүп жиберген учурларым болгонуна ишенем, бирок, бул жолу жарым чакырымдан кийин токтоо үчүн ыңгайлуу болгон өзгөчө жерди көрдүм.

Мен токтоорум менен Ыйык Рухтун мага айтканын минтип уктум: «Мен эмне, сага тынымсыз сыйын дебедим беле? (1 Тесалоникалыктарга 5:17ди карагыла).

Мен: «Ооба, Теңир айткансың», – деп жооп бердим.

Ал андан ары минтип айтты: «Сенин оюңча, сыйынуу монологбу же диалогбу?»

Мен: «Бул диалог, Теңир, бул эки тараптуу сүйлөшүү»,- деп жооп бердим.

Анын жообу чагылгандай ылдамдык менен келди: «Демек, мен сага тынымсыз сыйын деген болсом, бул Менин да сени менен дайыма байланышып тургум келет дегенди билдирет».

Ал эми, бул сөздөрдөн кандай эстен тангандай болгонумду айтуунун кереги жок. Мен кандай сонун мүмкүнчүлүк алганымды түшүндүм жана бул мүмкүнчүлүк мен үчүн гана чындык эмес, ал Кудайдын ар бир баласына берилет.

Силер менден: «Сен муну менен чындап эле Кудай тынымсыз сүйлөйт дегенди айткың келеби?» деп сурашыңар мүмкүн. Кудай менин жүрөгүмө бул жөнүндө айткан жок. Ал мени менен тынымсыз байланышта болгууну *каалаганын* айтты. Сөздөр баарлашуунун көптөгөн түрлөрүнүн бири гана. Аялымдын көзүнөн эмнени ойлоп жатканын билем, эч кандай сөз айтуунун кереги жок. Бир көз чаптыруу менен, анын айткандарын баарынан үч барака жазса болот. Бул кандайча мүмкүн? Мен аны менен жыйырма жылдан ашык убакыттан бери жашап келем жана анын өз оюн билдирүү жолдорун жана ыкмасын билем. Силер да биз менен бир бөлмөдө болушуңар мүмкүн, бирок анын көз карашы силерге эч нерсе билдирбейт. Анткени, силер аны мендей билбейсиңер. Чынында, үйлөнүү тоюнан кийинки бир нече

жыл бою мен да анын мага оозеки эмес түрдө жиберген билдирүүсүн түшүнө алчу эмесмин. Эми, жыйырма бир жыл чогуу жашагандан кийин, анын баарлашуу жолдорун түшүнүүгө үйрөндүм.

## Ага жакындоого чакырык

Бул китеп муну *кантип* жасоону үйрөтө турган колдонмо эмес экенин түшүнүү абдан маанилүү. Тескерисинче, бул китепти биздин негизги максатыбызга - Кудайдын жүрөгүнө карай жолду аныктоого жардам бере турган картага же жол көрсөтүүчүгө салыштырууга болот. Эгерде менде ээн аралда көмүлгөн байлыктарды көрсөткөн картасы болсо, анда мен бул аралга барып, катылган байлыкка жетүү үчүн аймакты изилдеп чыкпасам, ал пайдасыз болуп калмак. Аралга келгенде, мага байлыкка жетүү үчүн көп күч-аракет жумшоого туура келет, чытырман жолдорду басып, тик эңиштерди басып, түздүктөрдү басып өтүш керек болот. Мен күч, кубат, акча жана убакыттарды коротмокмун. Карта кенч кайда экенин гана көрсөтө алат. Бул аларды табууга кеткен убакытты кыскартып, мени көп күч-аракетти сарптоодон жана мүмкүн жашыруун тузактардан сактап калмак. Бул китеп ошол картага окшош. Бул сонун жана жагымдуу сапарга - Кудайдын жүрөгүнө болгон саякатка мени менен кошулууга силердин дарекке жөнөтүлгөн чакыруу. Анын беттеринде берилген Кудайдын Сөзү силерди көздөгөн жериңерге жетүүдөн алаксытуу үчүн жасалган чуңкурлардан, тузактардан жана коркунучтардан куткарат. Бул силерди керексиз түйшүктөрдөн жана энергияны ысырап кылуудан куткарат. Ошентип, эгер даяр болсоңор, анда кеттик!

## ТЕМАГА БАЙЛАНЫШТУУ СУРООЛОР:

1. Бул китепти окууга силерге кандай окуя же сезимдер түрткү болду?
2. Кудайдын Өзүнө жакындаш үчүн чакырганын көрсөткөн төмөнкү мисалдарды карап көрөлү:

- Муса күйүп жаткан бадалды көрүп, кубулушту изилдөө үчүн четке бурулду. Ошондон кийин Кудай аны менен сүйлөштү.
- Жаш Шемуел «Сүйлө, Теңир, анткени Сенин кулуң угуп жатат» - деп жооп бергенге чейин үндү төрт жолу укту.
- Шакирттери Ыйсанын суунун үстүнөн басып өтүп баратканын көрүп, кыйкырып жиберишти.

Бул мисалдардын кайсынысы Кудайдын чакыруусу жөнүндөгү оюңузга ылайыктуураак келет? Силер Кудайдын чакырыгына жооп бердиңер беле? Ооба болсо, ага кантип жооп бердиңер?

3. Сыйынуу диалог же эки тараптуу сүйлөшүү болгондуктан, Кудай сизге оозеки жана вербалдык эмес түрдө эмне деди?

2-бөлүм

# КУДАЙДЫН КҮЧТҮҮ КААЛООСУ

Теңир: “Мен сени Өзүмдөн жогору баалайм” дейт.

Ыйык Китепте адамдын жашоосунда зарыл болгон негизги чындыктар камтылган. Бул чындыктар жөнүндө Башталыштан Аян китебине чейин айтылат. “Бул чындыктардын бири - адам менен мамиледе болуу жана аны Өзүмө жакындатуу” дейт. Кудай чындап эле бизге жакындагысы келет жана Ал муну бизден да көбүрөөк каалайт!

Кудай бизди кызганычка чейин сүйөт (Жкп 4:5). «Кызганыч» деген сөз кусалануу, эңсөө, умтулуу дегенди билдирет. Байыркы убактан бери Ага болгон бул каалоо эң күчтүү болгон. Адам атанын күнөөсүнөн кийин Кудай ага айыптоо сөздөрү менен эмес, чакырык менен кайрылган:

«Адам, сен кайдасың? Эмнеге Менден жашырынып жатасың?» Бул чакырууда Кудайдын жүрөгүнүн ыйы угулат. Келгиле, адамзаттын бүткүл тарыхында Анын бизге болгон умтулуусун карайлы.

## Адамдын кыбырасы

Адам атанын кыбырасын Энох деп аташкан. Менимче, Энох бир жолу Адам атага келип, андан Бейиштеги жашоо жөнүндө сураган. Ал тирүү Кудай менен жүрүү эмнени билдирерин билгиси келген. Силер Энохтун чоң атасы Адам менен сүйлөшө алганына таң калышыңар мүмкүн, анткени ал үч жүз алтымыш беш жыл жашаган. Мына сага жооп: тогуз жүз отуз жашка чейин жашасаң, төртүнчү муундагы неберелериң менен сүйлөшө аласың. Энох төрөлгөндө, Адам болгону алты жүз жыйырма эки жашта эле.

Ыйык Китепте Адам ата алты жүз сексен жети жашта экени айтылат, ал кезде Энох алтымыш беште болгон. Бул сандар Башталыш китебинен, Энох үч жүз алтымыш беш жыл гана жашаса да, Кудай менен үч жүз жыл жүргөнү жөнүндөгү окуядан алынган.

> Энох Матушал төрөлгөндөн кийин, үч жүз жыл Кудайдын алдында жүрүп, уул-кыздуу болду. Энохтун бардык күндөрү үч жүз алтымыш беш жыл болду (Башт. 5:22,23).

Ошондуктан, алтымыш беш жашында Адам атанын оозунан батасын алып, азаптуу эскерүүлөрүн уккан Энохтун жашоосу толугу менен өзгөргөн болушу мүмкүн.

Менде эч кандай жазуу жүзүндө далилдер жок болсо да, менин оюмча, Энох атактуу бабасына барып, андан

Эйден багы жөнүндө суроо үчүн жетиштүү кайраттуулукка ээ болушу үчүн, көп жылдар талап кылынган болуш керек, анткени Адам бул тема жөнүндө сүйлөшкүсү келген эмес. Адам атанын бардык урпактары бул каалабастык жөнүндө билишкен жана Энохко да бала кезинен эле Адам менен сүйлөшүүдө бул теманы козгобоо керектиги эскертилген.

Жүйүттөрдүн тарыхый булактарында Адам ата Бейиштен куулгандан кийин кандай депрессияга кабылганы айтылат. Бул сезимдин оордугу дээрлик чыдагыс эле. Кээ бир жазма булактарда Адам ата менен Обо эне караңгы үңкүрдө отургандары, уялгандарынан улам бири-бирин карай албай калышканы айтылат. Адам бардык улуулугун жана сулуулугун жоготту. Кудай менен жүрүү, убадасын угуу бир башка, ал эми, Анын даңкында болуудагы реалдуу чындыкты жоготуу таптакыр башка нерсе. Адам айтып бүткүс жоготуу сезимине дуушар болгон, бирок, Энох өжөрлөнүп, Адам атанын кыйналуусу жөнүндөгү байыркы таржымалды кабыл алып, аны өзүнүн ишеними жана күтүүсү менен аралаштырган. Анан төрөлгөн муундардын адамдары Адам атадан келген жоготуу жөнүндө өздөрүнчө күңкүлдөшсө да, Энох: «Мен Кудай менен жүрөм» деген убаданы кабыл алган.

Мен алардын жолугушуусун элестете алам. Энохтун бүткөн бою титиреп кетти, бирок, анын ынталуулугу коркконун жеңип чыкты. Жеңилүүнүн калтыраган элестери аркылуу ал алдыга умтулуп, андан да чоңураак нерсенин жарыгына үмүттөндү. Ал үчүн Адам атанын окуясы жөн эле жеңилүү таржымалы болгон эмес. Ал Кудайдын адам менен жүрүүгө болгон эң сонун каалоосунун ачылышы болгон. Кызык, Адам Эйден багында жашоонун алыста калган баталары жөнүндө айтып жатып, Энохтун жалындап турганына көз чаптырды бекен?

Адам өзүнүн жан дүйнөсүнүн кыйналганын айтып ыйлап

жиберди: «Энох, мен Аны менен бирге жүрдүм... Анын даңкы менен. Ааламдын Жаратуучусу, сен көргөн нерселердин баарынын Жаратуучусу менин жанымда жүрдү! Ал мени менен Өзүнүн пландарынын терең акылмандыгын бөлүштү, Ал мага Өз колу менен ааламдагы жылдыздарды кантип тизип, орноткондугун айтып берди. Дал ошол колдору менен мени жаратты, анан менин колумдан кармады. Ал ар бир жылдызды атын атап, аларды жыл мезгилинин өзгөрүшүнүн белгиси катары жана навигаторлор үчүн орноткон. Ал мага жерди тартылуу күчү жана электромагниттик толкундар менен кантип тең салмактап, эң сонун климатты жаратканын көрсөттү. Ал мага уруктун сырын айтып, түрүнө жараша кантип жан берерин, жазында жердин түпкүрүндөгү булактардан сууну кантип сиңирип алаарын, буга чейин жердин түбүнө жайгаштырганын айтып берди. Энох, Ал мага бардык айбанаттарга, жалпысынан беш миллиарддан ашык айбанатка ат коюума ишенген! Биз бул ысымдарды чогуу талкууладык, бирок, акыркы чечимди дайыма Ал мага калтырчу!»

Адам канчалык көп сүйлөсө, Энох ошончолук кумарланчу; акыры, бул каалоо аны толугу менен курчап алды. Ал бир кездеги Адамдай болуп, Кудай менен жүрүүгө тийиш! Ал муну бүт жүрөгү менен каалаган!

Энох Адам атада жок нерсени мурастап алган. Адам атанын күлү алар алынган жерге кайтып келди. Башталыш китебинде: «Энох Кудай алдында түз жүрдү. Анан жок болуп кетти, анткени аны Кудай алып кетти» деп жазылган (Башталыш 5:24). Ал өлүмдү көрбөй бул жерди таштап кетти.

Тирүү кезинде Энох улуу пайгамбар болгон. Ал өз убагында пайгамбарчылык кылып, биздин заман үчүн да пайгамбарчылык кылган. Ал акыркы күндөрдө Жыйында

пайда болуп, ырайым менен куткарылгандай иш кылган жана баары кийин соттоло турган алдамчылар жөнүндө айткан (Жүйүт 1-15-аяттарды кара). Ал Кудайдын соту жөнүндө аян алган жана Куткаруучу кыздан төрөлгөнгө чейин миңдеген жылдар мурун, ал Теңирдин экинчи жолу келишин жарыялаган.

Бирок, эмне үчүн Кудай аны үч жүз алтымыш беш жашка чыкканда алды? Балким, улуу пайгамбарчылык кызматы үчүндүр? Жок. Ал «Кудай менен жүргөн» жана эврейлерге жазылган катта айткандай, «Кудайга жаккан» үчүн асманга көтөрүлгөн (Эвр. 11:5).

Мени туура эмес түшүнбөгүлө, Анын Кудай менен жүрүүсү күчтүү жана кудуреттүү кызматка алып келди, бирок, анын Кудайды жакындан таанууга болгон жалындуу каалоосу Кудайга жаккан. Ал Кудайдын жүрөгүндөгү каалоону, адам менен ынак мамиледе болуу каалоосун козгоду, анткени, Теңир бизден ушундай мамиледе болушун каалайт.

## Кудайдын жүрөгү кылымдар бою чакырып келет

Кудайдын жүрөгү дал ушул жөнүндө чакырып келет. Анын бизге умтуулуусуна жооп катары, Аны таанып билгенди каалаган элди тапкысы келет. Энохтон кийин Кудайга таасир эткен дагы бир кыбырасы Нух жаралды. Башталыш китебинде «Нух Кудай менен жүргөн» деп айтылат (Башталыш 6:9). Нух Кудайдын аны менен мамиледе болгусу келгенине жооп берип, Кудайга жакындаган. Ал жакындаганда, Кудай да ага жакындап, келечектеги окуяларды айтып баштаган. Күтүлбөгөн жерден жерге түшкөн сот Кудай Нух менен бөлүшкөн биринчи сыр болгон. Нухтун

Кудай менен болгон жакын мамилеси анын Кудай Аны издегендерге, ишенүүгө батынгандарга жана Кудайга мүмкүн болушунча жакын болууга аракеттенгендерге жооп берет деген ишениминен улам келип чыккан.

Муну биз Ыбрайымдын окуясынан көрөбүз, Кудай аны Өзү менен ынак мамиледе болууга чакырып, «менин алдымда жүр» деген (Башталыш 17:1). Бул чакыруу кайрадан Ыскак менен Жакыпка таратылган. Жакып төрөлө электе эле Кудай: «Мен Жакыпты сүйдүм» деп айткан (Рим. 9:13). Кудай бүгүн биз менен ынак мамилени издегендей эле, аны менен да ынак мамилеге умтулган эле. Жакып өзү Кудайды издебеген кезде да, Ал Жакыпты издеп жүргөн. Жакып бир тууганынан качканда, ага ээ болгусу келген Кудайды тапты. Жакып башын таш жаздыкка коюп уктап жатканда, Кудай ага түшүндө периштелер көтөрүлүп, түшүп турган тепкичтин аянын берет. Ошентип, Кудай менен адамдын ортосундагы асмандык байланыш ачылган.

Төрт жүз жылдык кулчулуктан кийин, Ысрайылдын уулдары, Жакыптын урпактары, аларды кулчулуктан куткарууда Кудайдын чыныгы ниети жөнүндө жаңылып калышты. Алар Кудайдын каалоосу убадаланган жерди мурастоого гана багытталган деп чечишти, анткен менен, кептин баары жерден бир топ алыс болчу. Кудай баарынан да Өз эли менен ынак мамиледе болууну каалады жана бүткүл элге кайрылуусунда Өзүнүн ниетин ачык айтып, муну поэзиянын тили менен билдирген:

> Менин мисирликтерге эмне кылганымды көрдүңөр, Мен силерди бүркүт балапанын канатына көтөргөндөй көтөрүп жүрүп, *Өзүмө алып келдим* (Чыг. 19:4).

Бирок, Анын каалоосу Ысрайыл уулдарынын жүрөгүнөн жооп таба алган жок. Алардын диалогу такыр башка мотивдерди берет: «Сен бизди сүт менен бал аккан жерге жеткирген жоксуң. Жүзүмзар менен эгин талааларын энчибизге берген жоксуң...» – дешти. (Сан. 16:14). Алардын көздөрү *Кимдин* мураскору боло тургандыктарын карагандын ордуна, өздөрүнө мурас ала турган *нерселерге* гана караштЫ. Муса Ыбрайымдын урпактарына Кудайдын каалоосун дайыма түшүндүрүп турган. Мындай пикирлердин бирин ал жазуу түрүндө калтырган:

> Анын ысымы – “Кызганчаак”. Ал – кызганчаак Кудай (Чыг. 34:14).

Кудай муну бүт Ысрайылга: «Мен силерди сүйдүм” деп айтты. Бирок, алар билбестик жана жүрөктөрүнүн катаалдыгы менен Ага: “Сен бизге болгон сүйүүңдү эмне менен көрсөттүң?” – деп жооп беришти (Мал. 1:2). Анын жүрөгү аларга тартылып турганын көрүшпөй, алар Анын аларга кайрылуу аракетин соттой турган каалоо катары түшүнүштү.

Алардын кайра-кайра тил албастыгынан кийин да, Анын каалоосу ошол бойдон калган. Жеремиянын күндөрүндө Ал элге мындай деп кайрылган: «Мен силерге таң заардан баштап айткам, бирок силер уккан жоксуңар, силерди чакыргам, бирок силер жооп берген жоксуңар» (Жеремия 7:13). Ал Мисирден кеткен биринчи күндөн тартып ушул убакка чейин аларга жакындагысы келгенин билдирип келүүдө (Жеремия 7:25ти кара).

Бул окуялардын баарында Анын сүйүүсү өзгөргөн жок, анын үстүнө, азыр Анын бизге болгон эң зор каалоосунун эң

чоң далили Ыйсадан табылган. Муну Ыйса Өзү мындайча түшүндүрөт: «Адам Уулу жоголгонду издеп, куткаруу үчүн келди» (Лука 19:10). Ал куткаруу үчүн гана эмес, биз Анын душманы болгонубузда да бизди издөө үчүн келген!

## Анын ойлору ар бирибиз жөнүндө

Биз кимдир бирөөнү эңсегенибизде, дайыма ал жөнүндө ойлойбуз. Күндүзгү ойлорубуз дайыма бул адамга кайтып келет, ал тургай түнү, уктап жатканда, биз ал жөнүндө ойлоно алабыз. Биз өзүбүздүн сезимдерибизди башка адамдарга айтуудан кармана албайбыз, алар менен бул адамдын жанында кандай гана болгубуз келгенин жана ал жөнүндө канчалык көп ойлонгонубузду бөлүшө алабыз. Кудай да бизге ошондой мамиле кылат. Кудай Дөөткө биз жөнүндөгү ойлору жөнүндө айтып берди. Дөөт ар бирибиз жөнүндө Кудайга келген укмуштуудай ойлорду биз менен бөлүштү:

> Кудайым, Сенин ойлоруң мен үчүн кандай баалуу, алардын саны кандай көп! Мен аларды санай турган болсом, алар кумдан да көп. (Заб. 138:17,18).

Кудайдын биз жөнүндө ойлору жер бетиндеги бардык кумдардан көп экенин түшүнүү адамга дээрлик мүмкүн эмес! Бир саамга элестетсеңер, планетанын бардык булуң-бурчунан, ар бир пляждан, бардык чөлдөрдөн, көлдөрдөн, деңиздерден жана океандардан чогултулган ар бир кум данын элестеткиле. Мен гольф аянтчасындагы кум капкандарды караганымда, ошол кичинекей чуңкурчадагы кумдардын санын элестете да албайм. Бирок, ошентсе да, Кудай жер бетиндеги ар бир кум бүртүкчөсү тууралуу сүйлөп жатат. Алардын саны таптакыр чексиз. Акыркы жыйырма

жыл ичинде мен аялым жөнүндө көптөгөн сонун ойлорду ойлондум, бирок бул ойлордо, атүгүл алардын эң жемиштүү күнүндө да, менин ал жөнүндөгү ойлорум Жер планетасын мындай коёлу, кичинекей сыйымдуулукту да толтура аларынан күмөнүм бар!

## Адам эмнени бааласа, ошого умтулат

Мындай ойлор биз эңсеген жана сүйгөн, жакын мамиледе болууну каалаган адамдарга багытталган! Кудай бизди канчалык сүйөрүн түшүнө баштадыңарбы? Ал үчүн биз канчалык маанилүү экенибизди ойлондуңар беле? Дүкөнгө барганда ар биринин баасы жазылган товарларды карайбыз. Кээ бир товарлардын баасына арзандатуу жарыяланса, башкалары жогору бойдон калууда. Ар бир товардын өз наркына ылайыктуу баасы болот. Бирок, биз акылдуу сатып алуучулар болсок, биз анын наркына туура келген же андан да ашкан продуктуну издейбиз.

Жашоодо ар бир нерсенин өз баасы болот. Сатып алуучунун ага болгон мамилесин аныктаган буюмдун баасы болот. Бир нече жыл мурун аукциондо бир бейсбол тобун сатуу жарыяланган. Бирок, бул кадимки эски топ эмес, өзгөчө бир топ болчу - бейсболчу Марк Макгир бир кезде аны менен өзүнүн он жетинчи голун киргизген. Ошол учурда ал бир сезондо эң көп упай топтоо боюнча өз лигасында рекорд койгон. Топтун баасы эки миллион жети жүз миң доллардан ашты! Менде андай акча болгондо да, мен аны ал топ үчүн бербейт элем. Эмнеге? Анткени, анын мен үчүн эч кандай баасы жок болчу. Анткен менен, ошол мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, топту сатып алган адам тууралуу жазган постту окуганым эсимде. Бирок, азыр бул рекорд жаңыргандан

кийин, мен кимдир бирөө ал топту бейсбол рекордунун сүйүүчүсү төлөгөн баанын бир аз гана бөлүгүнө да кайра сатып алгысы келерине күмөнүм бар. Топтун баасы кескин төмөндөп кетти.

Демек, кеп коом бизге кандай баа берип жатканында эмес. Анын бизге болгон пикири ар түрдүү болушу мүмкүн. Миллиондогон ата-энелер төрөлө элек балдарын өлтүрүп жаткандыктан, адам өмүрү да ар кайсы коомдо, ар кандай бааланат. Баланын жашоосу алардын төрөлүшү ата-энелерге алып келе турган ыңгайсыздыкка арзыбайт. Алар менен болгон мамилеге убакытты, күч-кубатты коротуунун кереги жок деп, аялын, балдарын таштап кеткен күйөөлөр бар. Алар үчүн аялынын же балдарынын жашоосуна караганда өздөрүнүн ыңгайлуулугу жана ырахаты алда канча маанилүү. Өзүнүн денесин саткандар бар. Бул тизмени чексиз улантууга болот. Мына ошонун натыйжасында биз коомубузда терең жараат алган миллиондогон адамдарды кездештиребиз. Кээ бир өзүн кокустук, эч ким сүйбөгөн адам катары сезгендер бар, анткени, алар өзүнүн маанилүүлүгүн башкалардын көз карашы менен баалашат.

## Кудай Атанын көз алдындагы баалуулугубуз

Бирок, Кудайдын көз алдында биздин баалуулугубуз кандай? Мына ушул жагынан биз өзүбүзгө туура баа бере алабыз. Бул ааламдагы баа менен нарктын ченемин адам эмес, Кудай койгон. «...анткени адамдар жогору баалаган нерсе Кудайдын алдында жийиркеничтүү» (Лука 16:15).

Ыйса: «Эгерде адам бүт дүйнөгө ээ болуп, бирок өз жанына зыян келтирсе, андан ага эмне пайда? Адам өз жанын куткарып алуу үчүн кандай кун төлөй алат” деп

айткан (Мт. 16:26). Бул дүйнөнүн бардык байлыктарын бир саамга элестетсеңер. Элестеткиле, көп миллион долларлык мүлктөрдү жана сепилдерди, бардык асыл таштарды жана металлдарды, бардык эң сонун унааларды, яхталарды жана учактарды, бардык жогорку технологиялык электрониканы жана мунун баары болгону, «сулуу» нерселердин дүйнөсүнүн бир нечеси гана. Дүйнөдө чексиз көп казыналар, байлыктар бар жана алардын баарын элестетүү мүмкүн эмес. Жакында эксперттер дүйнө жүзү боюнча дүң продукциянын көлөмү жакында отуз беш бүтүн, триллиондон (10дон 12-деңгээлге) сегиз АКШ долларына жете турганын эсептеп чыгышты. Сандар менен айтканда, мындай көрүнөт: $35, 800, 000, 000, 000. Бул өтө чоң байлык, ага кыймылсыз мүлктүн баасы кирбейт. Бирок, ошого карабастан, Ыйсанын айтымында, эгер адам өз жанын ушул сан жеткис байлыкка алмаштырса, анда ал акылсыз, жаман келишим түзгөн болот!

Биздин чыныгы кадыр-баркыбыз, Кудай бизди ченеп турган баалуулук, дүйнөнүн бардык байлыгынан жогору, ошондуктан Ал бизди ушунчалык жогору баалайт! Бизге: «Кудай бул дүйнөнү абдан сүйгөндүктөн, Өзүнүн жалгыз Уулун берди. Кудай Аны Ага ишенген ар бир адам өлбөй, түбөлүк өмүргө ээ болсун деп берди» деп айтылат (Жакан 3:16). Адам ата бийлигин берип койгондон кийин, биз караңгылыктын төрөсү Люцифердин бийлиги астында болуп калдык (Лука 4:6). Адам атанын тил албастыгы баарыбызга жайылып, биз күнөөнүн кулу болуп, ошону менен бирге Люцифер мырза жана кожоюн катары башкарган падышачылыкка айландык. Ал бизге доомат коюп, бизди кетиргиси келген жок. Түбөлүк караңгылык бизди боштондукка чыгуу үмүтүсүз күтүп турду. Биз үчүн кимдир бирөө кун төлөгүсү келгенде гана боштондукка чыга

алмакпыз, бирок, бизди бошотуунун баасы адам үчүн өтө кымбат болчу.

Анан Кудай Ыйсаны биз үчүн кун катары берди. Бизди эч ким эч качан кун төлөп сатып ала алмак эмес, анткени Кудай: «Адам өз бир тууганын эч куткара албайт, аны куткарып алуу үчүн Кудайга кун төлөй албайт» деген (Заб. 48:8). Бирок, Кудай биздин жаныбызды абдан жогору баалайт, ошондуктан Ал бизди Ыйсанын Өзүнүн өмүрүнүн баасына сатып алды. Пабыл мындай дейт: «Силер кымбат баага сатылып алынгансыңар» (1 Кор. 6:20). Анан дагы ал «Кудайдын мол ырайымынын негизинде Уулунун каны аркылуу кун төлөнүп, күнөөлөрүбүз кечирилди» деп кайталайт (Эф. 1:7).

Биздин ааламда Кудай үчүн Анын Уулу Ыйса Машаяктан кымбат эч нерсе жок. Бирок, Өз Уулун биз үчүн кун катары берүү менен, Куда 1 бизди Өзүнүн эң чоң казынасына тең деп жарыялады.

Анан да, бул жерде таң калыштуу нерсе: эгерде биз Кудайдын алдында бир чакмак эле азыраак баалуу болсок, Атабыз Аны эч качан бермек эмес, анткени Кудай эч качан пайдасыз келишимдерди түзбөйт! Пайдасыз келишим же пайдасыз алмашуу, силер бир топ баалуу нерсени алда канча азыраак баалуу нерсеге бергенде пайда болот. Дал ошондой! Эми силер Ата үчүн канчалык маанилүү экениңерди түшүндүңөрбү? Ыйса бул ойду мындай деп ырастайт: «Алар да Биз сыяктуу бир болушу үчүн, Мага берген даңкыңды аларга бердим. Алардын ортосунда толук биримдик болушу үчүн, Сен Менин ичимде болгондой, Мен алардын ичинде болоюн. Мени Сен жибергендигиңди, *Мени кандай сүйсөң, аларды да ошондой сүйөрүңдү* дүйнө билсин» (Жакан 17:22,23, курсив автордон). Ыйса бизге Атабыз бизди Ыйсаны

кандай сүйсө, ошондой сүйөрүн ачык айтат! Силер мени угуп жатасыңарбы? Эми силер өзүңөрдүн чыныгы мааниңерди түшүндүңөрбү? Көрдүңөрбү, Кудай силер менен болгон жакындыкты канчалык издейт?

## «Ооба, бирок, мага окшогондор көп»

«Ооба, бирок, Кудай бул курмандыкты бүткүл адамзат үчүн жасады, а мен сансыз көп адамдардын ичинен киммин?» — деп мага каршы чыгыштары мүмкүн. Бирок, кептин баары сиз жер бетиндеги жалгыз адам болсоңуз да, Кудай дагы эле сизди эңсеп, ушул укмуштуудай кымбат бааны төлөп куткармак экендигинде. Бул Ыйсанын кызматында айкын көрүнүп турат. Ал бүт күнүн көп адамдарга Кудайдын Падышачылыгынын сырларын үйрөтүү менен өткөрдү. Ал чарчады, бирок кечиктирбей турган бир нерсе бар эле. Ыйык Рухтун жетекчилиги астында Ыйса шакирттерине кайыкка түшүп, Галилея деңизинен өтүүнү буйруйт. Алар деңиздин ортосунда жүргөндө бороон болуп, шакирттердин өмүрү коркунучка дуушар болот. Бирок, Ыйса абдан чарчагандыктан, ойгонбой уктайт. Шакирттери коркуп кетишип, Ыйсаны ойготуп, алардын башына түшкөн коркунуч жөнүндө айтышат. Ыйса аларга катуу толкундарды жана шамалды тынчтандыруу менен жооп берет.

Алар түндүн жакшы бөлүгүн толкуп турган деңизди сүзүп өтүү менен өткөрүшөт. Карама-каршы жээкке өтүп, акыры бир аз эс алууга үмүттөнүшөт. Бирок, алар жээкке чыгууга үлгүрө электе алардын алдынан шайтанга багынган адам чыгат. Ал көрүстөндө жашайт, аны чынжыр менен да кармоо мүмкүн эмес эле. Ал күнү-түнү мүрзөлөрдүн арасында тентип жүрөт, айлана-тегерекке кыйкырык салып, өзүнө курч таштар

менен жаракат келтирет (Марк 5:3-5ти кара).

Эгерде андай адам бүгүн жашаган болсо, аны психиатриялык ооруканага, балким, жалгыз палатага жаткырмак. Ага күчтүү дарыларды берип, өз алдынча калтырышмак. Көптөгөн адамдар аны четке кагылган деп эсептешмек жана ал мыйзам мындай учурларда да зордук-зомбулук менен адамды өлүмгө кыюуга тыюу салгандыктан гана жашай бермек. Ал коом үчүн пайдасыз болуп эсептелмек. Ал элдин алдында эч кандай баалуулукка ээ болмок эмес. Аны менен кандайдыр бир жалпылыкка ээ болууга аз эле адамдар макул болмок.

Ошентсе да, бул жинди адам Ата, Ыйса жана Ыйык Рух үчүн абдан баалуу болгон. Ыйса ага кудуреттүүлүгү менен кызмат кылган. Бул бактысыз адамдын караңгылыктын күчтөрүнөн куткарылышы ушунчалык таасирдүү болгондуктан, ал күндүн акырында (кечинде) кийинген жана кемчиликсиз абалда, акыл-эси менен Ыйсанын бут алдында отурган. Анан таң калыштуусу: Ыйса Ага кызмат кылгандан кийин кайра кайыкка түшүп, «кайра башка жээкке өтүп кеткен» (Марк 5:21). Кудай мага ушул жерди көрсөткөн күндү эч качан унутпайм. Оор күндөн кийин чарчаган Ыйсанын деңизди кечип өтүп, коркунучтуу шамалды башынан өткөрүп, коом эч нерсеге арзыбаган жинди деп эсептеген адамга кызмат кылуу үчүн гана барганы, мени таң калтырды. Анан Ыйса кайра кайыкка түшүп, кайра артка кетти. Мунун баарын бир адам үчүн гана жасады!

Мен муну түшүнгөндөн кийин, эгерде мен Жер бетинде жалгыз адам болсом, Кудай дагы эле менин жанымды издеп, Аны менен мамиледе болушум үчүн, мен үчүн да кымбат кун төлөй турганын түшүндүм. Анын туулган күнү асмандагы периштелер Кудайды эң бийик жерде даңктап ырдаганы таң

калыштуу эмес, ал эми жердеги тынчтык, адамдарга карата жакшы ниет болуп саналат. Бүткүл дүйнөнүн көз алдында биздин жан-дүйнөбүздү багынтуунун драмасы ачылды.

## Ыйса биздин ар бирибизге кандай карайт

Кудайдын мага берген эң чоң ачылыштарынын бири – куткарылгынымдан кийин эле көп өтпөй мага келген нерсе болду. Машина айдап, Аны менен сүйлөшүп баратып, күтүлбөгөн жерден, жок жерден келгенсип, бүт оюмду аңтара бурган сөздөрдү уктум. Анын жүрөгүмө акырын: «Джон, билесиңби, Мен сени Өзүмдөн да жогору баалайм?» — деп айтканын уктум.

Эсимде, муну укканда дароо эле бул жаман ойлор менин оюма шайтан тарабынан келген деп чечтим. Мындай ойлорду менменсинген жана кабыл алынгыс деп айтуу керек деп ойлогом. «Менден алыс кет, шайтан!» деп кыйкырып ие жаздадым. Бирок, жүрөгүмдүн түпкүрүндө бул Кудайдын үнү экенин сездим. Ошентип, мен эң коопсуз чечим кабыл алдым. Мен: «Теңир, мындай сөзгө ишенүү мен үчүн абдан кыйын. Асман менен жердин Жаратуучусу Сен мени Өзүңдөн да маанилүүрөөк адам деп эсептейсиң деп ишенүү, мен үчүн акаарат келтирүү болуп сезилет. Сен мага далил катары Жаңы Келишим боюнча үч күбөлөндүрүү берсең гана, Сенин айтканыңды кабыл алам».

Муну айткандан кийин, Кудай менин жообума ыраазы болгонун сездим жана дароо жүрөгүмдө: «Филипиликтердин экинчи бөлүмүнүн үчүнчү аятында эмне деп айтылат?» — деп уктум.

Бул аятты жакшы билгендиктен, мен аны үн чыгарып айттым: «Эч бир нерсени атаандаштык жана көйрөңдүк менен

кылбагыла, тескерисинче, момундук менен башкаларды өзүңөрдөн жогору санагыла».

Теңир мындай деди: «Силер Ыйык Жазуудан биринчи күбөлөндүрүүнү алдыңар».

Мен каршы болдум: «Бул жерде Пабыл филиппиндик ишенгендерге сүйлөп, аларга бири-бирин өздөрүнөн жогору коюп, урматтоого буйрук берип жатат. Ал Сенин мага болгон мамилең жөнүндө айтпайт».

Мен дароо жоопту уктум: «Уулум, Мен эч качан балдарыма мен Өзүм кылбаган нерсени кыл деп айтпайм!» Анан мага мындай көйгөй көп үй-бүлөдө экенин түшүндүрдү. Ата-энелер балдарынан алар өздөрү көрсөтпөгөн жүрүм-турумдарды күтүшөт. Эгерде Теңир Өз буйругун Өзү аткармайынча, бизден эч качан, эч нерсе талап кылбайт.

Мен бул далилди кабыл алдым, бирок, ал дагы эле мени Теңир мени өзүнөн жогору баалай турганына ынандыра алган жок. Мен: «Теңир, бул Ыйык Жазуунун бир гана үзүндүсү, мага дагы экөө керек», - дедим. Ошентип, мен Теңирге болгон сый-урматтын жоктугун көрсөтпөй, этияттыкты гана көрсөттүм.

Ошондо Теңир мага жүрөгүмдү ооруткан суроо түрүндө жооп берди: «Джон, Айкаш жыгачка кадалган сенби же Менби?»

Мурда билген жана азыр алда канча реалдуу көрүнгөн жаңы түшүнүккө таң калып, мен акырын гана: «Сен, Ыйса» деп жооп бердим.

Ал сөзүн улады: «Сен айкаш жыгачка кадалышың керек болчу, бирок Мен сенин күнөөңдү, сенин өкүмүңдү, ооруларыңды, алсыздыктарыңды, азап-кайгыларыңды жана жакырчылыгыңды көтөрдүм. Мен сени Өзүмдөн да жогору баалаганым үчүн ушундай кылдым».

Анын сөздөрүн угуп, мен калтырап кеттим. Ал муну айткандан кийин бардык шектенүүлөр жок болду. Мен унчукпастан Ал башынан өткөргөн азап-кайгыга татыктуу эмес болчу деп ойлодум. Ал адил жана күнөөсүз болгон. Менин эсиме 1 Петир 2:24 түштү: «Күнөөдөн арылып, адил жашашыбыз үчүн, Ал биздин күнөөлөрүбүздү Өзүнүн денеси менен жыгачка көтөрүп чыкты. Силер Анын жарааты менен айыктыңар».

Эми мен чындап эле Ал мени Өзүнөн да көбүрөөк сыйлаганын билдим. Көзүмө жаш тегеренип, Аны даңктай баштадым. Ал мага үчүнчү аятты берерине мен буга чейин эле бекем ишенип калган элем, анан чындап эле көп өтпөй Ал менин жүрөгүмө: «Римдиктер 12:10 эмне дейт?» деп айтты.

Бул дагы бир тааныш аят болчу, мен аны дагы бир жолу айттым: «Бири-бириңерге *бир туугандык сүйүү менен боорукер* болгула; *бири-бириңерди озунуп урматтагыла*».

Ошондо мен Анын мындай дегенин уктум: «Мен көп бир туугандардын туну эмесминби? (Рим. 8:29). Мен бир туугандарыма урмат менен эскертип, аларды Өзүмдөн жогору коём».

Мен Ыйсанын бизди сүйөрүн көп уктум. Бирок, Ал менин жүрөгүмө ошол сөздөрдү айтканда, мен биринчи жолу чындап эле баарыбыз Ал үчүн канчалык өзгөчө экенибизди түшүндүм. Чынында, Ал Өзүнүн үй-бүлө мүчөлөрүн Өзүнүн кенчи деп атайт. Ал бизге көзүнүн карегиндей кымбат экенибизди айтат. Бир нерсени түшүнүүгө аракет кылалы: Ал биз үчүн кубанат! Ооба, бул чыныгы жана кооз сөздөрдү ук: «Сенин Кудай-Теңириң сени менен: Анын сени куткарганга күчү жетет. Ал сен үчүн абдан кубанат, Өз сүйүүсү менен сага ырайым кылат, сен жөнүндө шаттанып салтанат курат» (Сепания. 3:17).

## Адам ким?

Периштелер кудуреттүү жана ыйык Кудайдын карапайым элге ушунчалык көңүл буруп жатканын көрүп, бизди кызыгуу менен карашат. Биз муну окуй алабыз: «Мен Сенин колуң жасаган асманыңды, Өзүң коюп койгон ай менен жылдыздарыңды карап туруп: «Сен унутпагыдай, адам ким? Өзүң келип тургудай, адам баласы ким?» – деп ойлойм» (Заб. 8:4,5). Бул сөздөрдү Дөөт жазган болсо да, Кудай ага Кудайдын тактысын курчап турган күчтүү периштелердин ойлорун угууга уруксат бергенине ишенем. Ал периштелер Кудай ааламды кандай жаратканын көрүшкөн. Алар Анын айланасында эң чоң таазим жана урмат менен турушат жана бири-бирине «ыйык, ыйык, ыйык» деп гана жар сала алышат, анткени ар бир көз ирмем аларга Анын даңкынын жаңы жүзүн ачып берет, ошондуктан алар Аны түбөлүккө даңктап, мактай алышат. Алар ушунчалык катуу кыйкырышкандыктан, такты бөлмөсүнүн мамылары (кеминде он миллион адам баткан) титиреп кетет. Алар Анын бизге болгон сүйүүсү жана жакшылыкка толгон ойлору сан жеткис экенин жана саны жагынан жер бетиндеги бардык кум бүртүктөрүнөн ашып турганын көрүшөт. Алар буга таң калышууда!

Биз - Анын баа жеткис ээлигибиз, Анын тандалган жана кымбат берметтерибиз, Ал Өзүнө түбөлүк жашагысы келген жыйын чатырын курган тирүү таштарбыз. Бирок, эмне үчүн Кудай бизге ушундай мамиле кылат? Анын укмуштуудай сүйүүсүнө татыктуу болуу үчүн биз эмне кылдык? Эң чоң чындык дал ушул жерде жатат. Биз Анын сүйүүсүнө жана биз менен болуу каалоосуна ээ болуу үчүн, эч нерсе кылган жокпуз. Анткени, биз рухубуз алсыз, караңгылыкта адашып жүргөн күнөөкөрлөр болуп турганда, чынында

Анын душмандары болуп турганыбызда, Ал бизди издей баштады. Ал Өзүнүн сүйүүсү көрө алганды гана бизден көрдү. Бузукулуктун, күнөөнүн жана булганычтын арасында, Ал казынаны көрдү. Көптөр арзыбаган же анча баалуу эмес деп эсептегендерди, Ал кымбат нерсе катары сатып алган. Ал биздин чыныгы абалыбыздан өйдө көтөрүлүп, Анын ырайымы гана көрө алган нерселерди көрдү.

Эми биз Ыйык Жазуунун сөздөрүн тереңирээк түшүнүп кабыл алабыз: «Силер кымбат баага сатылып алындыңар; адамга кул болбогула» (1 Кор. 7:23). Бирок, ушундай сүйүү менен урмат-сыйды башынан өткөргөн адам эмне үчүн бир кезде кул болуп, арзыбаган, эч кандай баага татыбаган абалга кайтып келүүнү каалайт?

Эгер биз Ыйсанын ааламдагы эң көрүнүктүү инсан экенин түшүнсөк жана Ал биз менен бирге болууну каалап жатканын түшүнсөк, анда Ага жакындаш үчүн мындай кереметтүү чакырыкты кантип четке кага алабыз? Андан баш тартууга мындан ары мүмкүн эмес, анткени, мындай трагедиялуу баш тартуу биздин сабатсыздыгыбыздан жана кенебестигибизден гана болушу мүмкүн.

*(Маанилүү эскертүү: Ыйык Жазууда Кудай бизди издеп жүргөнү менен, биз Аны менен мамиле түзүү үчүн Анын чакырыгына жооп беришибиз керек деп айтылат. Эгер сиз Ыйса Машаякты мурда эч качан жеке Теңириңиз жана Куткаруучуңуз деп таанybаган болсоңуз, анда бул абдан маанилүү. Анда дароо эле китептин аягында жайгашкан А тиркемесине кечикпестен өтүп, карасаңыз болот).*

## ТЕМАГА БАЙЛАНЫШТУУ СУРООЛОР:

1. Ысрайыл уулдары төрт жүз жылдык Мисир кулчулугунан бошонгондо, алар Кудайдын аларды куткаруудагы негизги максатын түшүнүшкөн эмес. Теңир аларды «Өзүнө алып келди» деп жар салды, алар болсо, мунун баары убадаланган жердин мурасы жөнүндө гана деп түшүнүшүп, арызданып, наалый башташты. Бул бөлүмдө көрсөткөндөй, алардын жүрөктөрү *Кимге* мураскор боло алаарына эмес, мураска ээ боло турган *нерсеге* гана бурулган. Кудай силерди күнөөнүн кулчулугунан бошотту жана Ал силерди Өзүнө жеткирүүнү каалайт. Канчалык көп арызданып, наалыйсыңар? Силер ошол эле учурда Теңирден мурас катары эмнени же Кимди алууну чаташтырган жоксңарбы?
2. Бул бөлүмдө биз: "Эмне үчүн Теңир тараптан ушунчалык сүйүү менен сый-урматты башынан өткөргөн адам качандыр бир кезде кул болуп, маанисиз жана баага татыбас деген абалына кайтып келүүнү каалайт?" деген суроону бердик. Бул суроого кандай жооп бересиңер?
3. 3. Бул бөлүмдө автордун куткарылуусунан көп өтпөй Кудай менен болгон сүйлөшүүсү айтылат. Автор менен болгон байланышында Кудай адамдарды канчалык жогору баалаарын айткан. Кудайга болгон жогорку баалуулугуңарды жана кадыр-баркыңарды түшүнүү жашооңорду жана ага болгон мамилеңерди кантип өзгөртө алат?

3-бөлүм

# ӨЗ ЧАҢКООҢДУ САКТА

Бизди эмне менен тамактандырса, ошого чаңкап турабыз.

Куткарылбаган адам тирүү Кудайды издей баштаганга чейин, Теңир Өзү аны Өзүнө тартууга тийиш. А.В.Тозер мындай деп жазат: «Күнөөкөр адам Кудай жөнүндө туура ойдо болушу үчүн, анын ичинде жарык берүүчү иш болушу керек» *(The Pursuit of God, p. 11*). Ыйса Өзү: «Мени жиберген Атам чакырбаса, Мага эч ким келе албайт. Мен аны акыркы күнү тирилтем» деген (Жакан 6:44). Ошондуктан, Ыйса Машайак аркылуу Кудай менен мамилеси жок адамдар үчүн арачылык кылуу абдан маанилүү. Кудай «бардык адамдардын куткарылышын жана чындыкты таанып-билүүсүн каалайт» (1 Тим. 2:4) жана ал бул максатка жетүү үчүн, бүткүл тарых бою баарын жасап келет. Анткен

менен, Ал дагы эле Өзүнүн балдарынын да жоголгондорго боору ооруп, бул адамдарды куткаруу өтүнүчү менен Ага жалынышын каалайт. Ошондуктан, Ыйса мындай дейт:

> «Түшүм көп, бирок жумушчулар аз. Ошондуктан түшүмдүн Кожоюнуна жалынгыла, Ал Өз түшүмүн жыйнаганга жумушчуларды жиберсин» (Мт. 9:37, 38).

Ыйса Машаяктын ачылышы аркылуу куткарылгандан бери, бизде дайыма чакыруу бар. Кудай бизге Анын балдары Ага жакындаштары керектигин айтат. Биз бул түбөлүк натыйжалуу чакырууну алуубуз үчүн, Кудай бизге биринчи кадамды жасаган. Күйүп жаткан бадал күйө берет, Ал силерди атыңардан атайт, Ал эми кайыктан чыккан! Эми Ал силердин жообуңарды күтүп жатат!

Жакында бир ишенген адам мени менен минтип бөлүштү: «Джон, мен канчалык көп жашап, Кудайга кызмат кылганым сайын, биздин Ага болгон мамилебиз Андан көз каранды экенин түшүнөм.»

Мен ага: «Жок, бул туура эмес түшүнүү» деп каршы болдум.

Анан ал: Атасы аны тартмайынча, Ага эч ким келбейт деген Ыйсанын сөздөрүн келтирди.

Мен: «Ооба, бирок бул чындык ишенбегендерге гана тиешелүү. Кудай айтат, эми сен Анын баласысың, ошонун негизинде Ал сенден Ага жакындашыңды суранат, ошондо Ал да сага жакындайт. Ал биз бул кадамды каалаган учурда жасай аларыбызды ачык-айкын көрсөтүп турат». Ооба, Ал биз менен жолугушууну каалап, Өзү мындай жолугушуунун демилгечиси болуп калган жагдайлар болот. Бирок, бул биз Теңир менен жолугушуунун демилгечилери боло албайбыз

же болбошубуз керек дегенди билдирбейт. Аны менен мамилебиз бар, ата менен баланын ортосундагы кадимки мамиледегидей эле, бала биринчи болуп атасы менен байланышка чыккан учурлар да болот, жолугушууну атасы демилгелеген учурлар да болот.

## Эмне үчүн бардык адамдар Анын чакыруусуна жооп бербейт?

Таң калыштуу суроо: Эмне үчүн мынчалык көп ишенгендер Кудай менен үстүртөн, тайыз мамиледе болушат? Эмне үчүн алар Аны менен жакыныраак жана аң-сезимдүү мамиледе болушпайт? Аларды эмне кармап турат? Андай адамдарды эмне жалындатып, Анын Өзүнө жакындоого карата болгон чакырыгына жооп кайтарышы мүмкүн? Бул суроонун жообу абдан жөнөкөй: кептин баары биздин суусап, Аны таанып-билүүгө болгон каалообузда жатат. Дөөт мындай деген:

> «Менин жаным күчтүү, тирүү Кудайды каалайт: Кудайдын алдына качан барып турам? Ар күнү мага: «Сенин Кудайың кана?» – дешкенде, көзүмдүн жашы мен үчүн күнү-түнү нан ордуна болгон. Ал жөнүндө эстеп, ички сырымды айтып жатам, анткени мен көп эл менен, майрамдап жаткан топ эл менен бирге Кудайды даңктап, Кудайдын үйүнө кубаныч менен кирчү элем» (Заб. 41:3-5).

Бул китепти окууну улантуудан мурун, бул саптарды акырындык менен кайра окуп, ар бир сөздүн үстүнөн ой жүгүрткүлө. Байкасаңар, Дөөт: «Ал жөнүндө *эстеп*, ички сырымды айтып жатам» деген. Эскерүү деген еврейче *zakar* деген сөз. В. И. Вайн мындай грек сөзү да, анын еврей

синоними сыяктуу эле, бул жөн гана эскерүүлөрдү эмес, дагы көптү билдирет деп айтат. Бул "ойлорду эсинде сактоо" дегенди билдирет. Бул саптарда дал ушул маани камтылган. Дөөт чындыгында мындай дейт: «*Мен Кудай жөнүндө эстеп, ички сырымды айтып жатам*». Дал ушул мамиле бизди Кудайга тойбогон чаңкоого алып барат. Мындай эңсөө бизди кандай гана тоскоолдуктарга кабылбайлы-рухий, интеллектуалдык же физикалык жактан Ага жакындоого түрткү берет. Ошондуктан, Ага болгон суусообузду сактоо жана аны көбөйтүү абдан маанилүү!

## Теңирим, менин чаңкоомду көбөйт

Көпчүлүгү: "Теңир, Сага болгон суусоомду көбөйт!" – деп сыйынышат. Бирок, бул туура эмес сыйынуу. Суусаганыбыздын деңгээлин Кудай эмес, өзүбүз гана аныктайбыз. Америкада бизде эбегейсиз чоң материалдык байлыктар бар, айланабызда көңүл ачууга, ырахаттанууга жана акча табууга көптөгөн мүмкүнчүлүктөр бар. Кудайга болгон чаңкообузду жаратып, сактай ала турган жалгыз жол – бул өз жаныбызды коргоо жана аны эмнеге толтура турганыбызды аң-сезимдүү түрдө тандоо. Накыл сөздөр 27:7де: «Курсагы ток адам балды да тебелейт, ачка кишиге ачуунун баары таттуу», -деп айтылат. Жөнөкөйлөштүрүп айтканда, эгер сизердин жан дүйнөңөр бул дүйнөгө мүнөздүү түйшүктөргө, жыргалчылыкка, байлыкка болгон сүйүүгө же каалоолорго толсо, анда силер ток болуп, Кудай менен болгон мамиленин таттуу бал челектерин тебелей баштайсыңар.

Ыраазычылык күнүн эстегиле. Көпчүлүк америкалыктар бул майрамды белгилөө үчүн, үй-бүлөсү жана достору

менен чогулушат. Көптөр эртең мененки тамакты жешпейт, ошондуктан, майрамдык дасторкон жайылып жатканда аппетит пайда болот. Дасторкон четиндеги майрам башталат. Конокторго ар кандай начинкалар, таттуу картошкалар, жашылчалар, клюква соусу, пирог ж.б. кошулган чоң үндүк берилет. Биз тамакты абдан көп өлчөмдө жейбиз, анткени бул убакта табитти ачууга жетишебиз. Тойдон кийин тамакты көп жегенибиз үчүн онтойбуз. Биз токпуз! Анан бир-эки сааттан кийин дагы бир үй-бүлө мүчөсүнө барабыз. Даамдуу жана канааттандырарлык тамактар кайрадан толугу менен дасторконго коюлат. Бул жолу биз үчүн тамак - бул гурмандардын тамагы, бирок, ырахаттын жана табиттүүлүктүн ордуна, биз аз жерден жийиркенип, тамактан баш тартып кете жаздайбыз. Мурунку тамак дагы эле ток кармап, майрамдык дасторконду карап гана койсок эле болду, анткени, эч нерсе жей албасыбызды түшүнөбүз. Азыркы тамактын биринчи үйдөгүгө караганда даамдуу, таза экенине маани бербей, чындыгында аны жек көрүү менен карайбыз. Накыл сөздөрдөн алынган аятта дал ушул жөнүндө айтылган.

Бул чындыкты толугураак ачып берүү үчүн, мунун баары пропорцияларга байланыштуу экенин моюнга алышыбыз керек. Эгерде жан дүйнөңөргө бул дүйнөнүн каалоолору жүктөлгөн болсо, балким тамак-ашты тепселебейсиңер, бирок, ага карата жеңил мамиле кыласыңар. Эгерде силер ачкалыкты сезбей жатсаңар, анткени, бир нече саат мурун шам-шум этип алган болсоңор, анда азыр майрамдык дасторкондогу даамдуу тамактан баш тартпайсыңар, бирок, бир аз эле жеп же толугу менен андан баш тартасыңар. Кайсы бир шаарга барганда ресторанга чакырышканда, сылык түрдө баш тартам, анткени, мен бир нече саат мурун тамактанганмын, демек, ачка эмесмин. Тамак жейм деген

ой мен Ыраазычылык иш-чарасындагыны кыялданып жазгандай, мага жийиркеничтүү сезилбейт, бирок, мен жөн гана тамактангым келбейт. Бирок, эки-үч күн тамак ичпеген адам ушундай эле чакырууга таптакыр башкача мамиле кылат. Ал адам силер кайдыгер карай турган тамакты, ушундай бир чоң каалоо менен алат. Демек, Анын чакырыгына бул дүйнөнүн нерселерине канчалык каныккандыгыңарга жараша жооп бересиңер.

Көп учурда жыйындагы адамдар Кудайдын иштерине кайдыгер мамиле кылышат. Албетте, алардын көпчүлүгү Анын катышуусун көз жаздымда калтырышат, бирок, ачка адамга салыштырганда, алар алдындагы майрамдык тамакты кадимки жана тааныш нерседей карашат. Эң негизгиси, бир нече саат мурун алар дүйнөлүк дасторкондон «тамак-ашка» тоюп, азыр өздөрүн толугу менен канааттанууда сезишет, мен алардын Ага жакындагысы келгендиктерин угам, бирок, алардын иш-аракеттери сөздөрүнөн да катуураак сүйлөйт. Силер бир нече күн тамак жебеген, ичпеген адамга окшойсуңарбы? Кудайга болгон ынталуулукка ээ болуу үчүн, ачкачылык менен суусоону баштан өткөрүшүбүз керек.

## Кайдыгер жыйын

Эгер Ыйсанын Аян китебиндеги акыркы жыйынга айткан сөздөрүн кылдат изилдеп көрсөңөр, анда укмуштуудай бир чындыкты табасыңар. Биринчиден, Ыйса Азиядагы жети жыйынга кат жөнөтүүнү буйруганын эстен чыгарбагыла, бирок бул билдирүүлөр тарыхта ошол мезгилде болгон жыйындарга гана эмес, баарыбызга арналган, антпесе, алар биздин Ыйык Жазууда жок болмок. Алардын Ыйык Китепте

бар экендиги алардын пайгамбарчылык мааниге ээ экенин же бүгүн да бизге сүйлөп жаткандыгын билдирет.

Пайгамбарчылык кабарлар көбүнчө ар кандай мамилелерде, маанилерде же кырдаалдарда колдонулат. Ар бир жыйынга жөнөтүлгөн кабар бүгүнкү күндө биз үчүн гана маанилүү эмес, балким, Анын келишинин алдында жыйын менен эң бир түздөн-түз байланышы бар болгондуктан да, ал Ыйык Китептин аягында болгон чыгар. Бул кандайдыр бир мааниге ээ, анткени, бул каттын аягында Жакан мындай дейт: «Ошондон кийин мен өйдө карап, асмандын эшиги ачылганын көрдүм. Мен мурун уккан, *сурнайдын* үнүндөй болгон, мага сүйлөгөн үн мындай деди: «Бул жакка чык, Мен сага мындан кийин эмне болушу керек экендигин көрсөтөм» (Аян 4:1). «Сурнай» деген сөзгө көңүл бургула. Биз акыркы күндөрдө Теңир Өзү асмандан "буйрук берилгенде, башкы периштенин жана Кудайдын *сурнайынын* үнү чыкканда, Теңир Өзү асмандан түшүп келет" дегенди билебиз (1 Тес. 4:16,17). Менимче, бул жыйынга кайрылууда биз жашап жаткан мезгилге өзгөчө басым жасалган.

Ыйса кабарда бул жыйын уктап жаткан абалда экенин айткан. Заманбап тил менен айтканда, аларга ынталуулук жана жалындуулук жетишпей жаткан, алар Ыйса үчүн абдан маанилүү болгон нерсеге кайдыгер карашкан. Алар Ага жагуу үчүн жолдорун чанда гана өзгөртүшкөн. Бирок, алар эмне үчүн өзүлөрүн ушундай алып жүрүшкөн? Бул жыйынды Кудайды тааныбаган алдамчы деп айтууга болбостугун унутпагыла, анткени, бул адамдарды Ыйса Өзү тааныйт. Суроонун жообу алардын жашоого болгон мамилесинде камтылган. Ыйса мындай дейт: «Анткени сен: «Мен баймын, байып калдым, эч нерсеге муктаж эмесмин», – деп айтып жатасың (Аян 3:17). Бул сөздөр аларда көрө албастыктын жоктугун көрсөтүп

турат, анткени алар тилекке каршы, Ага эмес, бул дүйнөдөгү нерселерден жан дүйнө тынчтыгын табышты.

## Үстүртөн коюлган диагноз

Кээ бирөөлөр ал жыйындагы көйгөй чоң байлыктан же материалисттик нерселерге көп берилгендиктен келип чыккан деп ойлошу мүмкүн. Бул бери эле дегенде Ыйсанын айткандарын үстүртөн түшүнүү дегендик. Дөөттү карасак, анын сан жеткис байлыгы жана көп сандагы кызматчылары бар экенин көрөбүз. Ал уулу Сулайманга «жүз миң талант алтын, бир миллион талант күмүш даярдап койдум, ал эми темир менен жездерге сан жетпейт, анткени алар эсепсиз көп» (1 Жылн. 22:14). Бирок Кудайга кайрылып, өзү жөнүндө сүйлөп жатып, ал мындай деди: «Теңир, мага кулак сал, мени ук*, анткени мен жардымын жана жакырмын*» (Заб. 85:1).

Өзүн кедей, кайырчы дейт! Анын туура айтканын эми билдик, анткени асмандан илхам келсе, алданып калуу мүмкүн эмес. Анын кампаларында үйүлгөн күмүштөр сакталып турса да, ал өзүн чындап эле кедей жана жакыр адам катары көрчү! Ал Кудайдын Өзүнө муктаж болгон жана бул муктаждык ал Кудайга ачка болгондуктан пайда болгон. Анын ыйын дагы бир жолу уккула: «Жаным кудуреттүү, тирүү Кудайды эңсеп турат...» Ал Кудайдын жообун укканга ушунчалык умтулган! Ал Ага ушунчалык суусаган! Мына, анын ынталуулугу кайдан келип чыгат: «Менин жаным күчтүү, тирүү Кудайды каалайт: Кудайдын алдына качан барып турам? Ар күнү мага: «Сенин Кудайың кана?» – дешкенде, көзүмдүн жашы мен үчүн күнү-түнү нан ордуна болгон» (Заб. 41:3,4).

Алар материалдык дүйнөгө алардын жанынын суусунун

кандырууга жол беришкен. Лаодокия жыйынынын көйгөйү – алар өз жан дүйнөлөрүнүн чаңкоолорун канааттандырууга материалдык дүйнөгө жол берип койгондуктарында. Дөөт эч качан өзүнө буга жол берген эмес. Ал эч качан байлыкка анын ачка жанын тойгузууга жол берген эмес. Кыязы, бул жыйындын мүчөлөрү Дөөттөн алда канча аз байлыкка ээ болгон, бирок алар эмнеге ээ болгон болушса, андан канааттануу тапкан жана бул алардын Кудайдын катышуусуна жана Аны менен болгон байланышка болгон ички кумарларын өчүргөн.

## Толук карама-каршылык

Акыркы жыйырма жылдын ичинде мен ушундай көрүнүштү көп байкадым. Бир күнү Канаданын түндүгүндөгү Кри индейлерине барганым эсимде. Алар Түндүк Америкадагы резервацияда жашаган акыркы түпкүлүктүү америкалык уруу болгон. Чындыгында, сүрөттөлгөн окуялардан болгону жыйырма жыл мурун, бул асыл адамдар багыштарды көчүргөндөн кийин алардын артынан көчүп отурп, вигвамдарда жашашкан. Булар чоң байлыкка ээ болбогон, жөнөкөй адамдар эле. Алар жупуну турак жайларына акыркы он жылдын ичинде гана телевизорлорду орното башташкан.

Чогулушка миңге жакын адам келди. Мен ал жерде бир нече күн болуп, кызыктай бир нерсени байкадым. Жыйырма жаштан ашкан адамдардын дээрлик бардыгы Кудайга укмуштуудай суусап турушкан. Алар Түндүк Америкадагы көптөгөн адамдарга караганда алда канча ынталуу болушкан. Алар Кудайды таанып-билгиси келгенин көрсөтүшкөн. Бирок, жыйырмага чыга элек жаштар кайдыгер болуп, эч кандай руханий ачкачылыкты сезбегендей.

## Кудайга жакындоо

Жыйналыштардын биринде окутуу жана кабар айтуу иши абдан күчтүү майланган эле. Чоң чатырда отурган адамдар айтылгандардын баарын жүрөгүнө жакын кабыл алып жатышты. Бир маалда чатырдын артында жана анын жанында тажагансып, кайдыгер карап турган жаштарды байкадым. Насаат качан кызыксыз экенин билем, бирок, ал кезде андай болгон эмес болчу. Мен өзүм Анын Сөзүн насааттоодо Ыйык Рухтун өзгөчө күчтүү таасирин сездим. Анан күтүлбөгөн жерден эмне болгонун түшүнүүгө үлгүрбөй, Кудайга суусаган элди аралап өтүп, өтмөк менен чуркап, чатырдын четиндеги жаштарды көздөй жөнөдүм. Мен алардан чатырга кирип угууну сурандым. Алар эч нерсени түшүнбөй, мага жиндиби дегендей карап калышты.

Ошондо гана мен алардын футболкаларын жана бейсболкаларын байкадым. Аларда жазылган сөздөр өзгөчө жаркырап, көңүлүмдү бургандай болду. Алар ар кандай кесипкөй бейсбол жана футбол командаларынын атын алып жүрүшкөн. Ыйык Рух мага алардын телекөрсөтүү аркылуу күн сайын айтылып жаткан маалыматка толуп, аны менен уулангандарын көрсөттү. Тилекке каршы, алар өзүлөрүнүн чаңкоолорун эч кандай пайда алып келбеген нерсе менен кандырышты! Анан ошондо мен улуу муундун сыналгысыз чоңойгону эсиме түштү. Бул түшүндүрмө менин жыйырма жашка чейинки жана андан кийинки адамдардын башкача реакциясына таң калганыма жооп болду.

Сураныч, эмне айткым келгенин түшүнүүгө аракет кылгыла. Телевидение биздин өсүүбүзгө жана өнүгүүбүзгө дайыма эле зыян келтире бербейт, анын баары ага кандай мамиле кылганыбызда. Азыр биздин үй-бүлөдө да телевизор бар, бирок үйлөнүү тойдон кийин көп жылдар бою бизде жок болчу. Көптөгөн телекөрсөтүү программалары бизге

чоң ырахат жана тарбия алып келет. Телевизордун жардамы менен дүйнөдө болуп жаткан окуяларды байкай алам. Ошентсе да, телевизор менин муктаждыктарымды жана талаптарымды азыктандырбайт жана канааттандырбайт. Ал менин кумарым болуп калган жок. Мен аны көрөм, бирок, ошол эле маалда Ыйык Рух менен мамиледе болуу менен Кудайга болгон чаңкоомду уланта берем. Ал жаштар өздөрүнүн руханий жакырчылыгына карабай, табитин пайдасыз нерсе менен тойгузууга жол беришкен.

Ошол сапардан көп өтпөй мен Америка Кошмо Штаттарынын түндүк-чыгышына бардым. Менден жума күнү кечинде насаат айтууну сураныштты. Жыйынга бүт жыйын чакырылган жана мени таң калтырганы, катышкан жети жүз кишинин беш жүзгө жакыны өспүрүмдөр экен. Чогулуштан кийин ондогон жаштар мени курчап алышып, руханий темада суроолорду берип жатышты. Убакыт түн жарымына жакындап калган эле. Биз жолугушуудан кийин көпкө чейин Кудайдын темалары жөнүндө сүйлөштүк. Акырында мен: «Бул мага кандай жагат! Баарыңар Кудайга ушунчалык суусапсыңар!» дедим.

Балдар мени эртеси эртең менен кетерге жакын түшкү тамакка чакырышты. Мен алардан баш тарта алган жокмун, алар ресторандын чоң залын ижарага алышыптыр, талкуубуз ошол жерде уланды. Мен таң калдым жана сүйүндүм. Бул аймактагы өспүрүмдөр менен түндүктүн ортосунда чоң айырма бар болчу, ал эми түндүк-чыгыштагы жаш жана бай адамдар материалдык байлыктары алда канча аз болсо да, индиялык теңтуштарына караганда көбүрөөк суусап турушкан.

Түндүк-чыгыштагы жыйындагы улуу муундагылар өспүрүмдөрдүн ынтаасын көрсөткөн эмес. Эмне үчүн алар

мага суроолор менен келишкен жок? Эмне үчүн жолугушууда башка жаш-курак категорияларынын өкүлдөрүнө караганда өспүрүмдөр көп болду? Менимче, чоңдордун жан дүйнөсүнө турмуштун түйшүгү, жыргалчылыгы жүктөлгөн. Алар өздөрүнүн жашоосунда Ыйсаны Теңирибиз деп моюнга алышканы менен, Кудай алардын жашоосунун бир бөлүгү болгону менен, бирок, кумарлануулары болгон эмес. Жыйындагы улуулардын жана жаштардын кайтаруучулары менен жолугушкандан кийин, мен улуулардын кайтаруучусу да, жаштардын кайтаруучусу да жөн гана өз адамдарында өздөрүн кайра көбөйтүп жатышканын түшүндүм. Ошуя китебиндеги бир аят мени түздөн-түз жандандырды: «Элге эмне болсо, ыйык кызмат кылуучуга да ошол болот» (Ошуя 4:9). Эгерде пастордун ышкысы жок болсо, анда эл кайдыгер болот. Кудай көрөгөч жана ынталуу болгон жаш пасторго активдүү таасир эткен жана бүгүн ал башка шаарда натыйжалуу жана күчтүү кызмат кылып жатат.

## Жыйындагы кайдыгерликтин даарысы

Ыйса азиялык жыйындарга жазган катында жыйында кеңири тараган дал ушул кайдыгерлик жөнүндө айткан. Анын сөздөрүн уккула:

> «Мына, Мен эшиктин алдында туруп, эшикти чертип жатам. Ким Менин үнүмдү угуп, эшигин ачса, Мен аныкына кирип, аны менен бирге тамак ичем, ал да Мени менен бирге тамак ичет» (Аян 3: 20).

Кызматчылар бул аятты ишенбегендерге чакыруу катары канчалык көп колдонгону мени таң калтырат, бирок, бул жерде Ыйса таптакыр башка нерсе жөнүндө айтып жатат. Ал Жыйынга

айтып жатат, Ал кумарлануулары жок ишенгендерге кайрылат. Анын: «Ким укса…» деген сөзүнө көңүл бурсаңар. Бизди угууга эмне тоскоол болот? Тойгон жан дүйнө Кудайды укпай калышы мүмкүн. Кудай Мусанын көңүлүн башка эч нерсеге бурбашы үчүн, Мисирдин оюн-зоогунан жана ырахатынан алыс чөлгө жиберди. Алгачкы жолугушууда эле Кудай Мусанын Өзүнө болгон кызыгуусун ойготкон жана Муса кайсы жерде болбосун, ал тургай, Мисирге кайтып келүүгө аргасыз болгондо дагы, андан алаксыган эмес!

Ким Анын үнүн угуп, жанынын эшигин ачса, Ал кирип, ошол адам менен тамактанаарын айткан Ыйса. Ал биздин жаныбызга «өмүр нанын» берет, анткени Ал Өзү - Өмүр Наны. Англисче Ыйык Китептин котормолорунда мындай деп айтылат: «Эгерде менин чакырыгымды угуп, эшикти ачсаңар, Мен кирип келем, анан биз силер менен дос катары тамактанабыз». Мага бул чечмелөө жагат, анткени байыркы күндөрдө башка адам менен тамактануу азыркыга караганда социалдык жакындыктын эң жогорку даражасын билдирген.

Саякаттарымда мен конференциянын лидери же мени чакырган жыйындын пастору менен жок дегенде бир жолу тамактанганды жакшы көрөм, анткени, ушундай мамиледе болгон учурда бири-бирибиз менен жакындан таанышууга мүмкүнчүлүк бар. Түшкү тамакта, башка эч кандай жагдайлардагыдай болбогондой руханий жүктүн өз ара алмашуусу болот. Мына ушундан улам Пабыл өзүн ишенген адам деп эсептеп, бирок, күнөөгө баткан адам менен тамактанууга тыюу салган (1 Кор. 5:11). Биз тамактанганыбызда жүрөгүбүздү ачып, адамга жакындайбыз, эгер андай адам Теңирге ачык баш ийбестик менен жашаса, анда алмашуу руханий жактан жараксыз болуп калат.

## Биз эмне менен тамактансак, ошону эңсейбиз

Чаңкоо - бул биздин Кудай менен ынак мамиледе болобузбу же жокпу, ошону аныктоочу маанилүү шарт. Демек, табитибизди Кудай эмес, биз көзөмөлдөшүбүз керек. Маселе мына мында жатат: биз өзүбүздө кандай суусоолорду жана кандай умтулууларды өрчүткүбүз келет? Эч качан өзгөрбөгөн бир рухий принцип бар.

*Биз жеген нерсебизди эңсейбиз.*

Мен 1979-жылы колледжде окуп жүргөндө жогорудан төрөлгөм. Бир күнү кечинде ашканага бир нерсе жегени кирсем, күтүлбөгөн жерден Теңирдин мага: «Сенин денең – Менин ыйбадатканам, байка, аны сакта!» – дегенин уктум.

Ал кезде мен көбүнчө кургак түрүндөгү тамактарды жечүмүн, мага алар абдан жакчу. Мен жакшы көргөндүктөн эле, зыяндуу болгон тамактарды деле жей берчүмүн. Лимонадды көп ичтим, таттууларды көп жедим, экспресс тамактануучу жайларга бардым, көптүрүлгөн токочторду, ар кандай майлуу тамактарды, камыр тамактарды жедим. Биг-мак, кока-кола жана картошка фри менин идеалдуу тамактарым болчу.

Кудай ушинтип айтканда, мен менин денем, меники сыяктуу эле, Кудайдын Руху жашаган татаал турак жай системасы экенин түшүндүм. Эгерде менин кымбат унаам болсо, аны эч качан арзан бензинге толтурбайт болчумун деген ой келди. Мен аны мүмкүн болушунча узак убакыт бою жакшы иштетип туруу үчүн, эң мыкты күйүүчү майды колдоном. Эң кымбат машинаны да башкасы менен алмаштырса болот дайыма, менде бир гана дене, аны башкасына алмаштыра албайм деп ойлодум. Мен дароо

тамактануу адаттарымды өзгөрттүм. Мен токтоосуз түрдө өзүмдүн тамактанууга болгон кумарлануумду өзгөрттүм.

Организмдин жакшы иштеши үчүн, анын потенциалын өнүктүрүү жана узак жашоого эмне керек экенин билүү үчүн атайын адабияттарды окуп, суроолорду бере баштадым. Мунун баары бир күндө эле болгон жок, бирок, бир нече жылдан кийин менин бардык жеп-ичүү адаттарым түп-тамырынан бери өзгөрдү.

Бул сонун болду, бирок, мунун мен шектенбеген дагы бир пайдасы бар эле. Мен жаңыдан пайдалуу тамактарды жеп баштаганда анын даамын жактырчу эмесмин, бирок, баары бир жегем, анткени мен үчүн пайдалуу болгон. Бирок, убакыттын өтүшү менен табитим да өзгөрдү. Эгер мурда мага балык кошулган жашылча салатын жана Макдоналдстан чоң бутербуротту тандоону сунушташса, мен бир мүнөткө да тартынбай туруп, балык кошулган салаттан баш тартып, бутербуротту алып кетмекмин. Бирок, бүгүн ошол эле сунушка жооп кылып, зыяндуу кургак тамактан баш тартып, пайдалуу тамактарды алам. Чынында, тез-тез саякаттап жүргөндө мага шам-шум этип эле ала турган тамактарды сунушташса, көп учурда түшкү тамаксыз кеткен күндөрүм сейрек эмес эле болот. Мурун абдан ырахаттанып жүргөн нерсени жегенге уруксат бергенден көрө, ачка калганым жакшы. Менде ал тамакты жегенге эч кандай табитим же каалоом жок. Мен аны азыр такыр жактырбайм!

Ушул эле принцип биздин жаныбызга да тиешелүү. Биздин жаныбыз аларды жегенди каалайт. Эгерде биз дайыма спорт менен алектенсек, спорттук телеканалды ачабыз. Эгерде, дайыма кино көрүп, Голливуддун ушактарынан ырахат алсак, анда кино көрүп, журналдарды сатып алып, табитибизди кандырган темаларда сүйлөшөбүз. Эгерде биз тынымсыз

бизнес дүйнөсүндө жана учурдагы окуяларда айланып турсак, биз ошол жакка умтулабыз. Үйүбүздөн, унаабыздан, кийим-кечебизден жана башкалардан канааттануу таба турган болсок, анда биз сатып алууларды, жаңы машинаны же оңдоолорду талкуулоодо чоң ырахатка ээ болобуз жана рухий сүйлөшүүлөр бизге кызыксыз болуп көрүнөт. Бизге Библияны окуу кыйынга туруп калат жана сыйынууга да араңдан гана кошулабыз. Бирок, эгерде биз Кудай Сөзүнүн диетасына көнүп алсак, анда Кудай менен пикир алышууга жана рухий темадагы маектерге убакыт бөлөбүз жана мунун баары оңой жана табигый түрдө болот. Биз Кудайды эңсеп, Аны менен жакын мамиледе болууну каалайбыз.

## Туура эмес чектер

Бул зыяндуу адаттар экстремалдык формада болушу мүмкүн. Биз физикалык денеде жашайбыз. Мезгил-мезгили менен биз эс алууга жана ден-соолукка пайдалуу көңүл ачууга муктажбыз. Мен Ыйык Китептин мектебинде окуп жүргөндө бир убакта иштешим жана окушум керек болчу. Бир күнү кечинде чогуу жашаган досум мени достор менен футбол ойноого чакырды. Мен бул сунуштан баш тарттым, анткени, Ыйык Жазууну изилдөө керек болчу. Ал кетээри менен мен Ыйык Китепти алып окуп, сыйына баштадым, бирок, мага жабык эшиктин алдында тургандай сезилди. Мен Кудайды уккан жокмун. Мен окуган сөздөрдүн эч кандай мааниси жок болчу. Менин досумдун кеткенине бир саат болгон эле, анан мен минтип кыйкырдым: «Тенирим, эмнеге мен үчүн Ыйык Китепти окуу же Сенин үнүңдү угуу мынчалык кыйын? Эмне болду? Балким, мен Сага жакпаган иш кылдымбы же күнөө кылдымбы?”

Жооп катары: «Барып футбол ойно» дегенди уктум.

Мен таң калып, анан сурадым: «Эмне? Футбол ойно? Бирок, футбол мага рухий жактан өсүүгө жардам бербейт жана мени Сага жакындата албайт! Кантип мага ушундай сөз айта аласың?»

Теңир мени күтүлбөгөн жерден менин көз алдымда жанданган аятка алып барды: «...китепти көп жаза берсе, аягы болбойт, *көп окуса, дене чарчайт*» (Нас. 12:12). Кудай минтип айтты: «Уулум, сен физикалык денеде жашайсың (мээ анын бир бөлүгү) жана ал ар кандай эс алууга муктаж. Эгер денеңди тыныгууга жол бербесең, анда Мени угуу жөндөмүңө жана өсүүңө бөгөт болот». Анан Ал мага элге кызмат кылгандан кийин шакирттерине: «Өзүңөрчө бөлүнүп, ээн жерге баргыла да, бир аз эс алып алгыла», деп чакырганын көрсөттү (Марк 6:31).

Мен футбол ойногону бардым. Ошол күндөн кийин, мен изилдей баштаганда, Ыйык Жазуу мага ачылды жана мен Кудайдын Сөзү аркылуу Ыйык Рух менен баарлашканымда, Кудайдын жашоосу менин жашоомо агып жатканын дагы бир жолу сездим.

## Өтө эле бошобостук

Бүгүнкү күндө көптөгөн адамдар ар кандай иштерге өтө көп убакыт бөлүп, жанынын жана денесинин муктаждыктарына көңүл бурбай, жаңылыштык кетиришет. Биздин бош эмес жашоо образыбыз – бизди Кудайга болгон суусоодон алыстаткан ууру. Көптөгөн чын ыкластуу ишенгендер бул тузакка түшүп, Кудай менен болгон байланышты Ыйсанын жолдоочуларынын бош эмес жашоо образына алмаштырышты. Буга кызматчынын бардык убактысын алган эмгеги да кирет.

Келгиле, бул жагдайды тактоого жардам берүү үчүн жөнөкөй суроо берели. Эмне үчүн биз денебизди азыктандырабыз? Силер муну денеңерди күч жана энергия менен камсыз кылуу үчүн жасап жатасыңар деп жооп бересиңер деп ишенем. Тамактанбай, жегенден баш тартып туруп, олуттуу жүктөрдү аткарууну өзүнө алууга болобу? Эгерде эксперимент үчүн биз бир нече күн тамактанууну токтотуп, бирок кошумча уйкусуз жана эс албастан көп саат бою иштей эле берсек, анда бизге эмне болот? Бул жөнүндө бир аз ойлонуп көргүлө. Күчүбүз жоктуктан бир күнү жыгылып калабыз.

Бирок, биз рухий денеге ушундай этиятсыздык менен мамиле кылабыз. Ал эми, рухий чөйрөдө мүмкүн жана физикалык жактан мүмкүн эместей көрүнгөнүнүн бир себеби бар. Бир-эки жолу тамактанбай аракет кылсак, ашказаныбыз наразы боло баштайт. Убакыттын өтүшү менен даттануулар күчөп, оору күчөйт. Биздин бүт денебиз тамак сурап кыйкырат. Бирок, рух ачкалыгын ошол эле күч менен кыйкырбайт. Тескерисинче. Ичибиздеги адамыбыздын үнү акырыныраактан, акырыныраак болот. Себеби, биз аны укпагандыгыбыздан. Рухубуз алсырап, дене күчтөнүп, ага үстөмдүк кыла баштайт.

Көпкө чейин тамактанбасак, табитибиз жоголот. Беш күндөн ашык тамак жебесеңер, физикалык ачкачылык адамды кыйнабай калат. Тамак-аш өзүнүн жагымдуулугун жоготот, анан бир кесим этти да каалабай каласыңар. Аппетит жоголду, ички резервдериңиз түгөнүп, жай өлүү процесси башталса, анда кайрадан аппетит пайда болбойт.

Эгерде мен бир нерсеге Теңир менен болгон мамиледен мени алаксытууга жол берсем, менде да ушундай боло баштаганын байкадым. Адегенде Ыйык Жазууга болгон кызыгуум басаңдап, анан сыйынууга болгон каалоом

алсырайт. Мен эгерде кээ-кээде гана сыйынсам же Ыйык Китепти кээ-кээде гана окусам, бүт жан дүйнөмдү каптаган жашоо агымын сезбейм. Анан да, Ыйык Китеп мен Кудайдын Сөзү менен үзгүлтүксүз тамактанган учурдагыдай болуп, мени менен сүйлөшпөйт.

Мурда табитим жоголгуча физикалык тамак-ашсыз жүргөн кездерим болгон, аны калыбына келтирүүнүн бирден-бир жолу бир нерсе жегенге өзүмдү мажбурлоо эле. Рухий табитке да ушуну эле айтууга болот. Жалкоолугума өкүнөм, анан Ыйык Китепти ачам, анан Кудайдын үнүн угууну чыдамсыздык менен күтөм. Мен Анын жообун укмайынча окуй берем. Адатта, бул бир аз убакытты талап кылат. Сабыр кылып күтсөм, Ал ишенимдүү. Жоголгон мамилени калыбына келтирүүнүн дагы бир жолу - бир-эки күн обочолонуу, анда мен бүт убактымды толугу менен канганча окууга жана сыйынууга арнайм.

## Силердин рухий термометр

Бул баарыбыз сакташыбыз керек болгон тартип. Ишенимден баш тартуу эркектин бөтөн аял менен достошуусунан, ичкиликке же порнографияга берилип кетүүсүнөн башталбайт. Бул аялды кароосуз калтыруудан же балдарына кам көрүүнү каалабоодон башталбайт. Жок, чындыктан четтөө Ыйык Жазууга жана Кудайдын иштерине кайдыгер мамиле кылуудан башталат. Бул Кудайдын нерселери эмес, башка нерсе бизде ырахат жана толкунданууну пайда кылганда болот.

Кудайга болгон чаңкоо – бул силердин руханий термометриңер. Ар бир адам үчүн кадимки көрүнүштү элестетсеңер. Адам ооруганда биринчи эмне болот? Ал

табитин жоготот. Эгерде адамдын дене табы көтөрүлсө, ал эч нерсе жегиси келбейт. Өлүмгө учураган дарт менен ооруган адамдарды карагылачы. Алар арыктап, тамырларына азыктандыруучу эритмелерин киргизүүгө туура келет. Бейтаптардын табити начар же такыр эле жок. «Анын табити жакшы» деген сөздү уккандырсыз. Рухий нерселер жөнүндө да ушуну эле айтууга болот, анткени рухий жакшы абалдын белгиси - Кудайдын Сөзүнө умтулуу. Рухий оорунун белгиси - Кудайдын нерселерине болгон табиттин жоголушу.

Мен Кудай жана Анын иши жөнүндө эмес, өздөрүнүн курулуш программаларын, жаңы унааларды, спорттук командаларды ж.б. талкуулоого көбүрөөк кызыкдар болгон кызматчыларды да жолуктурдум. Анан алар менен жүрөгүңдө Теңир жана Анын аяндары жөнүндө сүйлөшө баштаганыңда, алар сен аларга дүкөнгө баруу жөнүндө айтып жаткандай мамиле жасашат. Алар жаңы эле курган жаңы үйү жөнүндө сүйлөшкөндө жалындашат. Мен ар кандай курактагы мындай адамдарды көрдүм, алар колдорун сунуп, аларга сүйүктүү Болгонго көңүл бурбастан, айлана-тегерегин карап, башка адамдар менен сүйлөшүп, же насаатынын конспектисин карап турушат. Бирок бул татаалыраак маселе.

Мындай жыйындарда мен Кудайдын жок экенин байкадым. Мен адамдарды тообо кылууга чакырып, аларга Кудайга жакындоону сунуштасам, бизге Ыйык Рух түшүп жана адамдар буга таң калышат. Алар Андан кайсы жерден алыстаганын эстей башташат же бул биздин кызматтын өзгөчө белеги деп эсептеп, бул көйгөйг кол шилтеп коюшат. Кээ бирлери чогулуштарда мындай нерселер болуп жатканына каршы болушат. Аларда кандайдыр бир каалоо бар болсо, анда Кудайдын катышуусу аларда Кудайга болгон эски чаңкоону кайрадан козгойт.

Ышайа минтип айтат: «түтөп жаткан чырактын билигин өчүрүп салбайт»,-дейт (Ышайа 42:3). Бул туюнтма чырактын майы дээрлик түгөнүп, жалын өчүп, түтүндүү бүлбүлдөөгө айланганда, лампанын фитилынын өчүп баратканын билдирет. Бул каймана тил менен бизге алсыз, кичинекей, назик, аялуу жана маанисиз нерсе айтылат. Теңир күйүп жаткан көмүрдү өчүрбөйт, тескерисинче, аларды жаңы жалын менен тирилтет. Эсиңердеде болсун, биз чокко айланып калсак да, Ал бизди тынымсыз ээрчип келет. Ага жардам берип жана көңүл бурсак, кандай жакшы болот, анткени Ал адамга Өзүн таңуулабайт.

Мен бул көрүнүштү көп көрчүмүн. Мен Теңир көп адамдарда дээрлик өчкөн оттун жаңы жалынын күйгүзүп жатканын көп көргөм. Мага жыйындарда жана конференцияларда алардын оту кайра жанмайынча жана Кудайды издөөгө болгон каалоосу жанданмайынча, адамдар өздөрү канчалык алыска кулап түшкөнүн түшүнүшкөн жок деп айтышат. Алар жүрөктөрүн сактабай жана жүрөктүн соо экендигинин белгиси болгон табитти жоготуп коюушканын түшүнүштү.

## Баарынан да, сактай тургандардан жүрөгүңдү сакта

Бизге: «Баарынан да, сактай тургандардан жүрөгүңдү сакта», — деген кеңеш берилет (Накыл сөздөр 4:23). Мынчалык корголгон, сакталган жана кайтарылган маанилүү эч нерсе жок! Качан ушуну ойлогондо, эң баалуу деп эсептеген нерсени эл кантип сактап жүргөнүн эстейм. Биз баарыбыз текчелердеги сынбас айнектин артындагы асыл таштарды көргөнбүз. Витриналар басымдын жана

температуранын ар кандай өзгөрүүсүнө сезгич түрдө жооп берүүчү сигнал менен корголгон жана кооптуу учурда кичинекей инфракызыл нур сигнализацияны иштетиши мүмкүн, андан кийин эшиктер автоматтык түрдө жабылат. Витрина лазердик нурлар менен корголгон, алардын кесилишинде куралдуу күзөтчүлөр дароо жардамга келишет. Бул зер буюмдарын күзөтчүлөр күнү-түнү үзгүлтүксүз кайтарышат. Мындай баалуулуктарды коргоого жана сактоого он миңдеген доллар сарпталат.

Кудай жер бетиндеги эң кымбат байлык – бул биздин жүрөгүбүз экенин айтат. А бирок, ишенгендер жүрөктөрүн пайдасыз гана эмес, чындыгында олуттуу зыян келтирүүчү нерселер менен толтурушат. Кээде биз ачыктан-ачык бузукулук же ыплас сөздөр башталмайынча, бардыгын катары менен карай беребиз, окуй беребиз. Биз Ыйык Рухтун душманы болгон бул дүйнөнүн рухун байкабайбыз. Айтмакчы, бул маселеде дүйнөнүн адамдары өздөрүн акылдуураак алып жүрүшөт, анткени алар өзгөчө баалуу деп эсептеген нерселерди кылдаттык менен коргоп жатышпайбы. Ишенгендер болсо, рухий муктаждыктарыбызды чындап канааттандыра ала турган жана чындап суусунубузду кандыра ала Турганга болгон суусообузду уурдап кете турган кумарлардан жана каалоолордон жүрөктөрүн сактап калууга кам көрүшпөй, жашоодо бейкапар гана жүрүшөт.

Теңир «суусагандын суусунун кандырды, ачка болгонду жакшылыкка тойгузду» (Заб. 107:9). Ал бизди канааттандырууну каалайт, бирок биз башка нерселерге толгон болсок, Анын жакшылыгы бизге жагымдуу болбойт. Келгиле, жүрөгүбүздү ачка кармайлы жана Анын чакырыгын жеңил ойлуулук менен кабыл албайлы. Анткени, биз Ага жакындай баштаганда, Ал убада кылгандай, бизге да жакындайт!

## ТЕМАГА БАЙЛАНЫШТУУ СУРООЛОР:

1. Накыл сөздөрдө (27:7) мындай деп жазылган: «Курсагы ток адам балды да тебелейт, ачка кишиге ачуунун баары таттуу». Ушул аяттын үстүнөн ой жүгүртүп, айткылачы, кайсы иштер жана каалоолор силерге эң жагымдуу көрүнөт? Алар кантип силердин Кудай менен болгон мамилеңердин таттуу балына болгон кумарыңарды басаңдата алат?
2. Бул бөлүмдө автор эки башка жыйындагы жыйырма жаштан ашкан жана жашы жете элек адамдар тууралуу өз байкоолору менен бөлүшүп, алардын Кудайга болгон ынтаалуу же кайдыгер мамилесин белгилейт. Жыйыныңардагы жашоону байкап көргүлө жана руханий үй-бүлөңөрдүн табитин кантип мүнөздөй ала турганыңарды айтып бергиле - адамдар ыраазыбы, алар Кудайга суусайбы же Кудайдын иштерине кайдыгерби?
3. Накыл сөздөр 4:23төгү: «Баарынан да, сактай тургандардан жүрөгүңдү сакта» деген эскертүүгө ылайык, бүгүн жүрөгүңөрдү коргоо үчүн кандай кадамдарды жасай аласыңар? Силер алмаштырылышы керек же толугу менен жок кылынышы керек болгон «ден соолукка зыяндуу» рухий тамакты жеп жаткан жоксуңарбы?

4-бөлүм

# АНЫН БОЛУШУНА КАРАТА КЫЗГАНЧААКТЫК

Биз Ал тарабынан айтылган сөздү
Анын алдында гана угабыз.

Акыркы жыйырма жылдын ичинде мен Антарктикадан башка бардык континенттерди кыдырып, жыйындарда жана конференцияларда Кудайдын Сөзүнүн окууларын айтып чыктым. Мен толук убакытымды эл аралык кызматка арнаганга чейин жети жыл бою эки жыйында кызматчы болуп кызмат кылуу сыймыгына ээ болдум. Бул убакыттын ичинде мен жыйындагы эки негизги топту так аныктадым, алардын ортосундагы ажырым Теңирдин келе турган күнү жакындаган сайын кеңейип бараткандай сезилген.

Биринчи топ – Кудайды издегендер, Андан алар үчүн эмне кыла аларын издеп, ошону алууга аракеттенгендер. Ал эми экинчиси, Анын ким экендиги үчүн Аны издеген адамдар.

## Ысрайылдын жашыруун мотивациясы

Бул карама-каршылык Муса менен Ысрайыл уулдарынын мисалынан көрүнүп турат. Келгиле, бул абдан маанилүү маселени тереңирээк карап көрөлү. Ысрайыл чын жүрөктөн эзүүдөн кутулууну каалашкан жана Кудайды өздөрүнүн Куткаруучусу катары таанып Ага жалынышкан. Ыбрайымдын бул урпактарын Андан каалаган нерселерин алуу үчүн Кудайды издеген адамдардын тобуна салыштырсак болот. Жыйында дагы адамга бул дүйнө таңулаган кулчулуктун кишендерин жактырбаган адамдар бар. Ошентсе да, түшүнүп тургандыктары менен, алар ошол кулчулукта кала берип жатышат. Ыбрайымдын бул урпактарын Кудайдан каалаган нерсесин алуу үчүн издеген адамдардын тобуна салыштырууга болот. Жайындын ичинде бул дүйнө адамга таңуулаган кулчулуктун түйүндөрүн жактырбаган адамдар да бар. Бирок, өзүлөрү түшүнбөй кулчулукта кала беришет. Алар Ыйсаны Теңирибиз катары таанып, моюнга алышат жана Андан куткарылууну жана кам көрүүнү эңсеп турушат. Бирок, Ысрайыл уулдары менен болгон сыяктуу эле, алардын жүрөктөрүнүн абалын алардын каалоолору, иш-аракеттери, сөздөрү жана убаракерчилиги менен бааласа болот.

Жүздөгөн жылдар бою ысрайылдыктар Кудайдан кулчулуктан куткаруусун суранып ыйлап келишкен. Ошондо Кудай Мусага көрүнүп, мунун убагы келгенин айтты. Ал Мусага Анын сөзүн аткарууну айтты. Фараондун алдына келердин алдында Муса Ысрайылдын аксакалдары менен жолугуп, аларга Кудайдын аларды куткарам деген убадасын эскерткен. Жакшы кабарды укканда «...эл ишенди. Алар Теңирдин Ысрайыл уулдарына келгенин, алардын тарткан азабын көргөнүн угушканда, тизе бүгүп таазим этишти» (Чыг. 4:31).

Алардын жолугушуусунда кандай толкундануу болгонун элестеткиле! Өмүр бою жетекчилер Кудайдын жакындап келе жаткан куткарылышы жөнүндө угушкан. Сүт менен бал аккан эркиндиктин мекенине үмүт убадасы атадан, чоң атадан, муундан муунга өтүп келген. Эл башчыларынын үмүттөрү акталбай, кантип жашап жана өлгөндөрүн көрүштү. Лидерлердин бул мууну да ушундай эле көйгөйгө туш болгон – алар убаданын аткарылышын көрүшөбү же алар да эркиндикти күтпөстөн өлүшү керекпи? Эми алар Мисирдин мурдагы төрөсү, Кудайдын колу анын бийлигин ырастап, башкарган, жакшы үйрөтүлгөн жолбашчынын алдында турушту. Эми аларды фараон катары башкарышы керек болгон адам аларды боштондукка чыгаруучу болду. Мындай кереметти бир гана Кудай жарата алат! Алардын жүрөктөрү урматоого жана таң калууга толду! Жооп катары алар Кудайды даңктап, Ага шүгүр кылуучу жүрөктөр менен гана табынышмак.

Муса фараонго жолугуу үчүн алардын алдынан кетет. Бирок Кудайдын куткаруучу сөзү Мисир падышасына эч кандай таасир калтырган эмес. Ал Мусаны жана Ыбрайымдын урпактарын шылдыңдап, аларга дээрлик мүмкүн эмес болгон ого бетер көбүрөөк жумуш берип, ишти ого бетер оорлотот. Анан ушул жерден баары тез өзгөрө баштайт. Ошол эле жетекчилер Мусага атырылышып, бардык кыйынчылыктары үчүн аны күнөөлөшөт. Алар сыйынууну унутуп калышты, Мусага карата жүрөктөрү ушунчалык катуу болуп, ага асман сотун чакырышты (Чыг. 5:21кара).

Бирок, убакыттын өтүшү менен Кудай Өзүнүн ырайымы менен аларды куткарып, бул окуяны жышаандар жана кереметтер менен коштойт. Качан фараон акыры буйрук бергенде, алардын лидерге болгон мамилесинде жаңы

өзгөрүү болот. Алар кубанып, Мисирден чоң даңк жана бата менен кетишет. Алар Мисирден чыгып, Кудайдын жакшылыктарынан жана ишенимдүүлүгүнөн ырахат алып, бийлеп жаткандагы эркиндиктин атмосферасын жана кубанычын элестетсеңер. Алар азыр эркин эле эмес, айтып жеткис бай дагы эле, анткени аларга алтын, күмүш мол агым менен келип, Пасах козусун жегенден кийин алар ден соолук жана күчкө толушкан эле. Мурунку кулдар Кудайга шүгүр кылып гана тим болбостон, алардын Мусага болгон урматсыйы жана кадырлоосу мурда болуп көрбөгөндөй жогору болгон.

Алар Мисирден чыкканда, Кудайдын жетекчилиги астында Муса элди Кызыл деңиздин жээгине алып барган. Бирок, алар артын карап, фараон аларды кууп келе жатканын көрүштү. Анан кайрадан дагы элдин кырдаалга мамилеси өзгөрүүдө. Алар катуу нааразы болуп, Мусага: «Сен бизди чөлдө өлтүргөнү алып келдиң беле? Мисирде бизге көрүстөн жокпу? Бизди Мисирден алып чыгып, кыларың ушул беле? Биз сага Мисирде жүргөндө эле: “Бизди жайыбызга кой, мисирликтерге иштей берели”, – деп айткан жок белек? Чөлдө өлгөнчө, мисирликтерге кул болгонубуз *жакшы эмес беле*?» – дешти. (Чыг. 14:11,12). Мисирде абал оорлогондо, алар Мусадан аларды жайына калтырууну суранышкан, эми алар өздөрүнүн башчысына кайрадан нааразы болуп, кайрадан арызданышты. Алар Муса менен Арунга наалып жатабыз деп ойлошкон, бирок Муса аларга: «Силердин наалыгандарыңар бизге эмес, Теңирге каршы» деди (Чыг. 16:8). Алардын өз каалоолорун канааттандыруу каалоосу Кудайдын эркин аткаруу зарылдыгын жеңип чыккан. Алардын сөзүнө көңүл бурсаңар – *биз үчүн кулчулукта болгон жакшы*. Аларда Кудайдын жүрөгүн билүүгө болгон

жигердүү каалоо болгон эмес, бирок, алар үчүн кымбат болгон нерселерге болгон сүйүү күчтүү болгон.

Бирок, Кудай аларга кайрадан Өз ырайымын көрсөтүп, Кызыл деңизди экиге бөлүп, аларды кургак жерде алып өттү. Андан кийин, деңиз сууларынын күчтүү агымы менен Кудай жер жүзүндөгү эң күчтүү армияны жана аны төрт жүз жылдан ашык убакыт бою кыйнап келген Ысрайылдын ырайымсыз эзүүчүлөрүн жок кылды. Эми алардын кубанычы толуп кетти! Алар Теңирдин алдында шаттанып, бийлешти. Биз буларды окуйбуз: «Аруундун карындашы, пайгамбар аял Мириям колуна дап алды. Бүт аялдар дап кагып, шаттанып, анын артынан чыгышты» (Чыг. 15:20). Сегиз жүз миңден бир миллионго чейинки аялдар бийлеп, дап чертип жатканын элестете аласыңарбы? Мына ушул табынуу кызматы эле! Алар мындай кубанычты эч качан баштан өткөргөн эмес. Бирок, бул кубаныч көпкө созулбай, үч күндөн кийин гана суу түгөнгөндө бүтүп калды. Анан дагы алар катуу наалый башташты, кайра Кудай аларга зарыл болгон нерселердин баарын берди.

Арадан бир нече күн өттү, эми тамак-аш маселеси жаралууда. Элдер боздоп ыйлай башташты: «Ысрайыл уулдары аларга: «Биз Мисир жеринде нанды тоё жеп, этке толгон казандын жанында отурганда эле, Теңирдин колунан өлүп калсак эмне! Силер бизди чөлгө ачкадан өлтүргөнү алып келген турбайсыңарбы», – деп наалышты» (Чыг. 16:3).

Алар кандай жүрүм-турум моделин карманышканын түшүндүңөрбү? Кудай каалаганын кылганда алар бактылуу жана ыраазы болушкан, бирок Кудай алардын каалоолорун аткарууну токтотоор замат өздөрүн абдан бактысыз сезишти. Оор шарттардагы жүрүм-туруму жана сөздөрү алардын ички мотивациясына чыккынчылык кылып, ушуну менен өздөрүн

толук көрсөтүштү. Алар өздөрүнүн каалоолорун Анын жүрөгүнөн же Анын катышуусунан жогору коюшкан.

## Мусанын жашыруун мотивациясы

Бул айлампа кайра-кайра кайталанып, Кудай мунун баарына тойгондой болду. Ал Мусага мындай деди:

> «Теңир Мусага мындай деди: «Сен бул жерден Мисир жеринен алып чыккан элиң менен кошо Мен Ыбрайымга, Ыскакка жана Жакыпка “Сенин тукумуңа берем” деп убада кылган жерге жөнө. Алдыңа периштемди жиберип, ал жерден канаандыктарды, аморлуктарды, хеттиктерди, периздиктерди, хибиликтерди, жебустуктарды кууп чыгам. Ал силерди сүт менен бал аккан жерге алып барат. Силерди жолдо кырып салбашым үчүн, Өзүм силер менен барбайм, анткени силер тоң моюн элсиңер» (Чыг. 33:1-3).

Кудай Мусага элди алар көптөн бери кыялданган убадаланган жерге алып келерин, атүгүл алар убада кылынган жерди басып алышы үчүн, душмандарды кууп чыгуу үчүн алардан мурун Өз периштесин жибererин айтты. Бирок, Анын Өзү (Анын катышуусу) алар менен бирге болбойт!

Бул тууралуу Кудайдын Мусага айтканы жакшы болду, эгер бул сунуш Ысрайыл уулдарына айтылганда, алар муну кубануу менен кабыл алып, той уюштуруп, буюмдарын жыйнап, жолго чыгышмак! Эмне үчүн мен мындай деп ойлойм? Өзүңөр ойлоп көргүлө, эгерде алар чөлдө жүргөндө ыңгайлуулуктун жоктугун жактырбагандыктан, Мисирге периштесиз же Кудайсыз кайтып келүүнү каалашкан болсо,

анда ишенем, алар, убадаланган жерге периште менен, бирок Кудайсыз бара алышмак. Эми Мусанын Кудайдын сунушуна берген жообун угалы:

> «Эгерде биз менен Сен Өзүң барбасаң, анда бизди бул жерден чыгарба» (Чыг. 33:15).

Биз өзүбүзгө «бул жерден» деген эмнени билдиреρин эскертишибиз керек. Бул ээн талаа, кыйынчылыктын, азаптын жери болчу. Бул караңгы жана өкнүчтүү жер болчу. Молчулук болгон жок, бир гана негизги муктаждыктар канааттандырылды, бирок ал да көп учурда табияттан тышкаркы жол менен болгон. Бакчалар, табигый суу сактагычтар болгон эмес, ал жерде коопсуздук да болгон эмес. Ал жакта үйлөр, дарыялар, жүзүмзарлар, талаалар, жемиш бактары жок болчу. Соода-сатык жасоого, эс алууга, көңүл ачууга мүмкүн эмес болчу. Чексиз жана суусуз жерлер. Ал жерде эч кандай кооз эч нерсе жок болчу, бирок, Муса: «Мен Сенин катышуусуңсуз молчулук менен кооз жерге баргандан көрө, бул кайгылуу жана үмүтсүз жерде Сенин алдыңда калганды артык көрөм!» – деп айткан.

Анын жүрөгү эмне деп ыйлап жатты? Кудайдын катышуусу жөнүндө! Ал убада кылган баталардан да мурда, Теңирдин Өзүн каалаган. Ал Жаратканды Кудай ага бере турган бардык байлыктардан жогору баалап, Кудай менен ынак болууну эңсеп турган. Бул жагынан Муса Ысрайыл уулдарынан айырмаланган. Алар Кудайды издешкен, анткени алар Ал бере турган нерсени каалашкан. Ал эми, Муса Кудайды издеген, анткени ал Ага жакындагысы келген! Мына ушул сапат менен бүгүнкү күндө бардык ишенгендерди экиге бөлүүгө болот. Бул бөлүнүү конфессиялардын жана деноминациялардын чегинен чыгып кетет. Кудайды өзүнүн

коргоосу, ырыскысы жана мансап үчүн эмес, башка нерсе үчүн издесе болорун билбеген адамдар да бар. Алар Аны кандай болсо, ошондой эле биле аларын жана Ага жакындай аларын билишпейт. Бул ыкма ыңгайлуу никеден эмнеси менен айырмаланат? План боюнча турмушка чыккан аял адам менен тагдырын анын сапаттары үчүн эмес, анын бере турган нерселери үчүн кошот. Мындай кырдаалда экөө тең утулуп калышат, анткени, мотивация туура эмес болгон учурда жакындык пайда болбойт.

## Сыйлык

Мен дүйнөдөгү эң кооз жерлерди көрдүм, кымбат үйлөр менен үлүш жерлерди көрдүм, бирок алар мени эч кандай кызыктырып тарта албайт, анткени аларда Кудайдын катышуусу жок. Мен ошондой эле, дүйнөүн үчүнчү өлкөлөрүндө, түрмөлөрдө, алачыктар, жакырлардын жана муктаждардын үйлөрү сыяктуу жаман жерлерге бардым, бирок алар Кудайдын катышуусуна толгон жерлер эле. Чынын айтсам, мен байлыкка толгон, бирок Кудайдын катышуусу жок хан сарайларга караганда, Кудайдын Руху бар оор чөйрөдө жашаганды артык көрөм. Мен студенттик Улуттук спорт Ассоциациясында, жаштар оюндарынын программасынын алкагынада, Жаштар Дэвисинин кубогуна теннис ойноо жагынан катышып жана штатымда биринчи болуу сыймыгына ээ болдум. Мен окуу боюнча илимий сыйлыктарды алып, социалдык статуска ээ болдум, кесиптештеримдин, башкаруучуларыдын жана жетекчилердин урмат-сыйына ээ болдум. Мен сулуу, популярдуу кыздар менен жолугуп жүрдүм. Мунун баары көп адамдар кыялданып эле калбастан, бүт жүрөгү менен умтулган нерселерге тиешелүү. Чындыгында, булардын

баарынын даңкы жана ырахаты Кудайдын алдында өткөргөн жарым мүнөттүн да баасына турбайт. Аларды салыштыруу да мүмкүн эмес! Ыйык Жазмада Муса жөнүндө эмне деп айтылганын уккула:

> “Муса эр жеткенде, ишеними аркылуу фараондун кызынын баласы деп аталуудан баш тарткан. Ал күнөөнүн убактылуу жыргалчылыгынан Кудайдын эли менен кошо азап чегүүнү артык көргөн. Машайак үчүн кордук көрүүнү ал Мисирдин байлыгынан артык байлык эсептеген, себеби келечектеги сыйлыкты караган. Ал падышанын каарынан коркпостон, ишеним менен Мисир жеринен кетип калган. Анткени ал көрүнбөгөн Кудайды көрүп тургансып, бекем эле” (Эвр. 11:24-27).

Байкасаңар, ал кыйынчылыктарга дуушар болууну тандаган. Ал Ысрайыл уулдарынан айырмаланган жакшы абалды ээлеген. Алардын тандоосу жок болчу. Ошого карабастан, алар кулчулуктан кутулганы менен, тынымсыз арызданып, наалый беришкен, ал болсо дүйнөдөгү эң бир суктанарлык абалынан ажыраса да, өкүнгөн эмес. Ал өз каалоосу менен бул дүйнөдө ээ болгон бардык жакшылыктарды калтырды, ал адам жете турган эң бийик кызмат ордун калтырды. Эмнеге? Ал башка бир сыйлык алууга умтулган. Ал убада кылынган жерди эмес, Анын катышуусунун убадасын каалады. Күйүп жаткан бадалдагы бир жолку гана жолугушуудан кийин, ал бир гана нерсени каалады - ар дайым жана бардык нерседе Кудайды таанып-билүүнү.

Мен конференцияларда жана жыйындарда миңдеген адамдарга насаат айттым. Миллиондогон адамдарга телеберүүлөр жана китептер аркылуу кызмат кылдым. Кудай

бизге көп сандаган жолдор менен батасын берди. Бирок, мен тандоо керек болсо, Анын алдында калуу үчүн, бардык ийгиликтерди таштап коюудан тартынбайт элем.

Аны эч нерсе менен салыштырууга болбойт. Анын жакындыгын сезүү жана Анын менин жүрөгүмө буга чейин белгисиз болгон нерселерге шыбырап жаткан үнү – бул көп адамдар үчүн популярдуу насааттарды айтканга же миллиондогон нуска китептерди чыгарганга караганда да алда канча укмуштуудай нерсе.

Ийгиликтен канааттануу табаарына ишенип, ийгиликтин артынан чуркаган кызматчыларды көрүп жүрөгүм эзилет. Алардын максаты - башка адамдардын көз алдында таанылууга жетишүү. Кызматта ийгиликке жетүү үчүн аракет кылган жана ал аркылуу көрүнүктүү жана таанымал болгусу келген адамдар үмүтсүздүккө түшүп, кээде караңгылыктын күчтөрүнүн тузагына түшүп калганын да көрдүм. Алар эбегейсиз чоң кызматтарды куруп, мунун канчалык бекер экенин түшүнүүгө, алар жараткан нерселердин баары өздөрүнүн адеп-ахлаксыз иштери же кумарлары менен аяктаганын түшүнүүгө да үлгүрүшкөн жок.

Мен башкалардай ийгиликке да жетпеген, бирок, ошол эле трагедиялуу нотага түшүп калган адамдарды андан да көп көрдүм. Алар үмүтсүздүккө түшүштү, анткени алардын жыйындарында эч качан эки жүздөн, же беш жүздөн, миңден же беш миңден, башкача айтканда, аларда болгон сандан көп адам болгон эмес. Алардын китептери эч качан сатууну көздөгөн санда сатылган эмес, алар сөз сүйлөгүсү келген «чоң» конференцияларга эч качан чакырылган эмес. Алар канааттанууну табуу мүмкүн болбогон жерден издешти. Мындай кызматчылардын ийгиликке умтулуусу, адамдар статуска жетүү жана ийгиликтин туу чокусуна чыгууга

умтулган соода дүйнөсүндөгү кырдаалдан эч айырмаланбайт. Мындай ишенгендер өзүлөрүнүн эмне үчүн жаратылганын унутуп коюшат.

Тескерисинче, мен чоң кызматтары бар адамдарды жолуктурдум, алар чоң ийгиликтерге жетишкен, бирок алардын жүрөктөрү Кудайды ого бетер эңсеп турган. Алар Кудайга жагуу үчүн, колунда болгондун бардыгын кубаныч менен берип, башка кызматка барып же дагы башка иштерди жасоону каалаашарын айтышты. Көбүнчө, алар азыр ээлеп турган кызматка умтулушкан эмес. Аларды бул жерге Кудай Өзү койду дешет жана алар бир гана нерсени каалашат – Ага жагууну. Мен алар менен баарлашып жатып, алардын жүрөгү Кудайга зар какшап жатканын көрдүм. Аларды эң чоң ийгиликке жетишкен, бирок ошентсе да, ал өзүн кедей жана жакыр адам деп атаган Дөөткө салыштырса болот.

Салыштырмалуу чакан кызматтарда жүргөн, өзүлөрүнүн эмнеге чакырылгандыгын билгендиктен тынчтыкта жана баталарда жашаган адамдарды да жолуктурдум. Алардын кызматынын натыйжалары жыйналыштарындагы адамдардын саны же ийгиликтин сырткы белгилери менен эмес, Кудайды жакындан билүү жана Анын алдында ачык жүрүү менен өлчөнөт. Ар бир адам ушинтип жашаш керек. Биз баарыбыз Кудай үчүн жаратылганбыз жана эч кимибиз Аны таанып-билбей туруп, Анын катышуусунан тышкары жашап туруп чыныгы ырахатты ала албайбыз. Мына ушул жерде чыныгы тынчтык жана канааттануу бар.

## Кудайдын катышуусунун эки аспекти

Бул жерде биз Ыйык Жазууда Кудайдын катышуусу эмнени билдирерин аныкташыбыз керек. Биринчиден, бул

Анын *бардык жерде болушу.* Дөөт так ушул жөнүндө айтып жатат: «Сенин Рухуңдан кайда барам жана Сенин алдыңдан кайда качам?» (Заб. 138:7). Кудайдын бардык жерде бар болушу Анын бардык жерде бир убакта бар экенин билдирет. Андан ары Дөөт мындай дейт: «Асманга чыксам да, Сен ошол жердесиң; өлгөндөр жаткан жайга түшсөм да, Сен ошол жердесиң. Эгерде мен: «Мүмкүн, мени караңгылык жашырып калар, менин тегерегимдеги жарык караңгы болуп калар», – десем да, караңгылык мени Сенден жашыра албайт, түн да күндөй жарык: жарык кандай болсо, караңгы да ошондой» (Заб. 139:8,11,12). Кудайдын бизди эч качан таштабайм деген убадасы эске түшөт (Эвр. 13:5 кара). Биз Анын катышуусун сезбесек да, бул Анын дайыма бар экенин жокко чыгарбайт. Биз жөн гана муну сезбейбиз.

Кудайдын катышуусунун экинчи аспектиси Анын *айкын катышуусуна* таандык. *Айкын* катышуу деген, көзгө көрүнбөгөн, угулбаган, билинбеген нерселердин көрүнүүчү, угулчу жана белгилүү болуп өзгөрүшүн билдирет. Муса Теңирдин айкын катышуусун көрүүнү абдан каалаган. Ошентип, Теңир биздин рухубузга гана эмес, Өзүн ушинтип айкын ачып берет. Мындай учурларда акылыбыз жана сезимдерибиз да Анын катышуусун түшүнө башташат. Мына ошондо биздин акылыбыз Анын билимин кабыл алат. Катышуунун бул жагы Ыйса тарабынан төмөнкү аятта айтылган:

> **«**Ким Менин осуяттарымды билсе жана аткарса, ал Мени сүйөт. Ал эми Мени сүйгөн адамды Атам сүйөт. Аны Мен да сүйөм жана ага Өзүмдү ачып берем» (Жакан 14:21).

Забурчу бул тууралуу төмөндөгүлөрдү айтуу менен

мындай дейт: «Сурнай үнүн тааныган эл бактылуу! Алар Сенин жүзүңдүн жарыгы астында жүрүшөт, Теңирим» (Заб. 89:16). Петир Элүүнчү күн майрамында Кудайга суусагандарды мындай деп чакырган: «Ошондуктан күнөөлөрүңөрдүн кечирилиши үчүн, тобо кылгыла, Кудайга кайрылгыла. Ошондо силерге *Теңирден* кубанычтуу мезгилдер келет» (Элч. 3: 19, 20, курсив автордон).

Кудай Өзүнүн катышуусун ар кандай жолдор менен көрсөтө алат. Ыйык Жазууда кээ бирөөлөр Аны көрүштү, башкалары Аны көрбөй эле үнүн угушту, үчүнчүлөрү Анын жакындыгын сезишти жана Анын ачылышы аркылуу алар мурда ээ болбогон билимди дароо алышты. Бир нерсе айкын – Ал келгенде, Аны так билесиңер, Аны бүт жүрөгүңөр менен сезесиңер жана Анын бул жерде экенин билесиңер.

## Теңирдин Өзүнбү же Анын көрүнүшүн издөөбү?

Мен адамдардын Анын катышуусун абдан каалап, ошонун негизинде адашып жатканын да көрдүм. Алар Теңирдин инсандыгына караганда, Кудайдын көрүнүштөрүн көбүрөөк издешет. Кудай Илиястын жанынан өтүп жана Анын катышуусу эң чоң жышаандарды көрсөткөн. Башында катуу жана күчтүү шамал сокту, бирок Теңир шамалда эмес. Анан жер титирөө башталды, бирок Ыйык Жазууда Теңир жер титирөөдө эмес деп ачык-айкын айтылат. Жер титирөөдөн кийин өрт чыкты, бирок Теңир оттун ичинде да болгон эмес. Өрттөн кийин жумшак шамал согуп, ошондо гана Илияс Кудайдын алдында экенин түшүндү.

Мен адамдардын көрүнүштөр аркылуу Кудайдын Өзүн табам деп ойлоп, Кудайдын көрүнүштөрүн издегенин көрдүм. Бирок, алар мындай абалдын натыйжасында Анын ачык ка-

тышуусун сезиш үчүн, Теңирди жүрөктөрү менен издешпейт. Көбүнчө, Кудай шыктанткан жана ашкерелеген насааттан кийин, мен адамдарды Кудайга жолугуу үчүн алдыга чыгууга чакырам. Кээ бир адамдардын сыйынуусу башка адамдардын көңүлүн буруп же алаксытып, жолугушуунун атмосферасын бузган учурлар болот. Кээ бирөөлөр күлүшөт, башкалары титиреп же жаңсап, кандайдыр бир кыймыл-аракетти жасай башташат. Мындай жүрүм-турумдун себеби, алар бир кезде Кудайды издешкен жана Анын катышуусу аларды күлдүргөн, титиреткен же ыйлаткан, ошондуктан азыр да Кудай Өзүнүн катышуусун ошого окшош көрүнүштөр менен көрсөтөт деген үмүт менен, өзүлөрү билбей эле ушундай кылышат, бирок андай болбойт. Көбүнчө мен андай адамдарды сооротуп, алардан мындай кылбасын, жөн гана тынчтанып, жүрөктөрүн Ыйсанын Өзүн издөөгө буруусун суранам. Эгерде ушундайда кандайдыр бир көрүнүштөр болсо, сонун! Бирок, биз Аны эч кандай көрүнүштөрдөн издебешибиз керек. Биз Теңирдин Өзүн издешибиз керек!

Мен Азияда болуп өткөн бир жолугушууну эстейм, анда көптөр тобо кылууга болгон чакырыктарды кабыл алышкан. Жыйындын алды жагында бардыгын батыра турган орун жетишсиз болчу. Чакырууга катышкандардын көбү жооп беришти, ошондуктан мен алардан турган жерлеринде эле Аны издөөнү сурандым. Сыйынуудан кийин мен аларды ошол жерден эле Теңирге кайрылууга чакырдым. Кудайдын катышуусу эң таң калыштуу түрдө бүт жыйналышты каптады. Теңирдин жыйынга кантип падышачылык кылып, Өзүн ошол жердегилерге кантип ачып жатканын көрүү кубанычтуу болду. Мен муну көп жолу баштан өткөрдүм, бирок мен үчүн бул эч качан көнүмүш адат болуп калган эмес. Мындай учурларда силер Аны жаныңарда турган адамдарга караганда көбүрөөк

сезесиңер. Жыйында Анын катышуусу өкүм сүргөндө, кимдир-бирөө катуу күлүп калды, мен дароо капа болдум. Анан ал абалыма дароо түшүндүрмө алдым – Теңир бизге келгенден да тезирээк кетип калды, ал эми адамдар Ал биздин арабызда калгандай болуп күлүп, үндөрүн көтөрө беришти.

Мен аларды токтотуп, алардын өлкөсүнө белгилүү евангелист келгенде, бир нече ай мурун Анын алдында болгон окуяны жөн эле кайталап жатышканын түшүнүп, жемеледим. Евангелисттин кызматы абдан күчтүү көрүнүш менен коштолду, аны көптөр «ыйык күлкү» деп аташат. Мен ишенем, Кудай адамдарга кубанычтуу күлкү менен барган учурлар болот. Чындыгында, мен бул көрүнүштөрдү өз башыман өткөрдүм жана биздин жолугушууларыбызда да көрдүм. Индонезияга барганда Ыйык Рух бүткүл жыйынды кубанычка бөлөп, эки саат бою котормочу менен бирге залдын ушунчалык катуу күлкүсүн байкадык, адамдар тим эле жерге тоголонуп калышты. Баары беш аялдын ыйлаганынан башталган, бирок кийин бул ый жугуштуу күлкүгө айланып, бүт аудиторияга тараган. Алар буга чейин мындай нерсени башынан өткөргөн эмес. Алар чындап эле Кудайды издешкен!

Бирок, бул жолу баары башкача болду. Элдин көңүлү Теңирдин Өзүнө эмес, Кудайдын катышуусунун сырткы көрүнүштөрүнө бурулган. Алар эгерде адамдар күлүшпөсө, демек, Кудайдын катышуусу жок деп түшүнүшкөн окшойт. Мен көп эле жолу Кудайдын катышуусунда болгом жана Анын бар экендигин анык эле сезгем, бирок ошол эле учурда сыртынан Анын бар экендигини белгилери байкалган эмес. Анын алдында мен өзүмдү кармай албай ыйлай баштаган учурларым болгон, бирок бул менин Кудайды издеп, Анын алдына кирүүмдүн натыйжасы экенин түшүнгөм.

Силерге түшүнүктүү болуш үчүн мен бир мисал келтирейин. Элестетсеңер, шымыңарды кийгенден кийин, колуңарды чөнтөгүңөргө салып, ичинен жүз долларлык купюраны таап алдыңар. Мен шымымды кийип, акча табам деп ойлобой туруп эле, кокустан таап алдым. Мен жөн эле кийине турган болдум, кийинип жатканда бул сюрпризди таптым. Биз көрүнүштөрдү издебейбиз, бирок биз Теңирдин инсандыгын издеп жатабыз жана Анын катышуусу менен келгендин баары күтүлбөгөн нерселер жана күтүлбөгөн белектер.

Мен жыйналышка сөгүш бергенден кийин, алардын Анын алдына кирүү каалоосун түшүнгөнүмдү түшүндүрдүм, бирок алар өзүлөрүнүн мурунку тажрыйбасын Кудайдын Өзү менен алмаштырбоо керектигин эскерттим. Бул эскертүүдөн кийин, Кудайдын катышуусу кайрадан залга кайтып келип, бизде ыйык сый-урматты пайда кылды. Бул жолу көптөр ыйлап жатышты, күлгөн жок, эң негизгиси, Теңирди издегендер Анын өзүлөрүнө тийгенин сезишти жана алар ыйласа да, ыйлабаса да, Анын кереметтүү катышуусунда болушту.

## Көрүнүштөр тойгузбайт

Эсиңердеби, Ысрайыл уулдары маннага эч качан тоюшкан эмес. Кудай алар башка нерсеге — Анын катышуусуна абдан муктаж экенин көрсөтүү үчүн, аларга чөлдө манна берди. Муса мындай деди:

> “Кудай-Теңириң сени чөлдө алып жүргөндөгү бүт жолуңду эсиңден чыгарба. Анын осуяттарын сактарыңды же сактабарыңды, жүрөгүңдө эмне бар экенин билиш үчүн, сени сынаш үчүн, сени жоошутуу үчүн алып жүргөнүнө кырк жыл болду. Ал сага адам нан менен гана эмес, Теңирдин оозунан чыккан сөз

> менен жашарын көрсөтүш үчүн, сени жоошутту, ачкачылык менен алсыратты жана сен билбеген, сенин ата-бабаларың билбеген манна менен азыктантты” (Мыйз. 8:2,3, курсив автордон).

Келгиле, *чыккан* деген сөздү жакшылап карап көрөлү. Муса сөздөр Анын оозунан *чыккан* деп айткан эмес. Ал бул процесс уланып жатканын жана ал өткөн менен бүтүп калбаганын билдирген. Эгерде силер Анын алдында болсоңор, анда айтылган Сөздү угууга болот! Илияс кокусунан, жөн эле өтүп бара жатып, Кудайдын алдына келип калган жок. Жооп берерден мурун, ага келген Кудайды күткөн. Азияда адамдар биринчи кезекте Кудайдын өткөн убакта пайда болгон учурунда байкаган тышкы көрүнүштөргө көңүл бурушкан. Бирок, натыйжада Кудай чогулушту таштап чыгып кетти. Ал жаңы нерсени жаратуу үчүн кеткен, ал эми бул адамдар Ансыз калып, Аны бир кезде болгон жерден табууга аракет кылышкан.

Манна Ысрайыл уулдарын эч качан канааттандыра алган эмес. Анын сыңарындай, эч бир тышкы көрүнүш биздин эң күчтүү эңсөөбүздү эч качан канааттандыра албайт, анткени тышкы көрүнүштөр түпкү максат боло албайт. Эгерде биз аларды издөөнү уланта берсек, анда биз канааттануу алып келбеген нерселерден алыстап, Аны менен кайрадан ынак мамилени издей баштабасак, уламдан-улам чоң көңүл калуулардын жолуна түшүп калабыз.

## Интеллектин деңгээлиндеги мамилелерге канааттануу

Кудайды издөөнүн дагы бир кейиштүү натыйжасы, ишенгендер Теңирдин Өзүн даңазалоонун ордуна, Анын

катышуусунун сырткы көрүнүштөрүн даңазалашы мүмкүн. Көптөгөн адамдардын мындай мамилеси аларды Кудайдын чыныгы катышуусунан алыстатат. Кудайды издегендердин дисгармониясынан жана адаттан тыш жүрүм-турумунан көңүлдөрү калып, алар өздөрү сак болуп, акыл деңгээлинде Теңир менен болгон мамилеге ыраазы болушат.

Бул трагедиялуу кырдаал, анткени биз көбүрөөк нерсе үчүн жаралганбыз. А.В.Тозер акыркы күндөрдө ишеним аркылуу актоо доктринасын мындай деп жазган:

> ... көптөгөн адамдар ушундай кылуу менен, Кудайды таанып-билүүгө тоскоол болгондой кылып чечмелеп жатышат. Бүткүл диний процесс формалдуу жана руханий эмес иш-аракетке айланган... Адам «куткарылат», бирок Кудайга суусабайт. Чынында, аны атайылап канааттануу сезимине үндөп, аз нерсеге ыраазы болууга үйрөтөт (*The Pursuit of God,* 12, 13-беттер).

Кудай менен болгон акыл деңгээлиндеги мамилени формалдуу жана рухий эмес деп атоого болот. Биз Аны менен теориялык жактан эмес, чындап эле бирге болуу үчүн жаратылганбыз. Аны менен болгон мамилебиздин толуктугун сезмейинче, биз эч качан ыраазы болбойбуз. Ыйса бизди Кудайдын алдынан бөлүп турган көшөгөнү алып салуу үчүн өлгөн. Ошондуктан да, забурчу мындай дейт:

> «Турак жайларың кандай сонун, Себайот Теңир! Теңирдин короосун көксөп, жаным аябай алсырады. Менин жүрөгүм да, денем да тирүү Кудайды даңктап ырдап жатат. Кудуреттүү Теңирим, Падышам, Кудайым, Сенин курмандык чалынуучу жайыңдын жанынан

> чымчык да өзүнө жай табат, чабалекей да балапандарын басып чыгарганга уя табат. Сенин үйүңдө жашагандар (бактылуу, ийгиликтүү жана таң калаарлык) алар Сени тынбай мактап турушат" (Заб. 83:1-5).

Забурдун автору куш менен карлыгач Андан баш паана табаарын айтат, бирок, ал өзүн үйсүз деп эсептейт, анткени анын жан дүйнөсү Теңирдин короосун эңсеп жатканын айтат. Ал үчүн эң сүйүктүү турак жай – Кудайдын алдындагы жай экенин айтат. Анын сөздөрүнө көңүл бургула: «Сенин үйүңдө жашагандар бактылуу [бактылуу, жолдуу, суктанарлык)». Кудайды сүйгөндөрдүн максаты ушундай! Алар Анын ачык катышуусун эңсеп келишет. Биз Ага канчалык жакындасак, бул эңсөө ошончолук күчөйт жана Анын катышуусунун бизге тийгизген таасири ошончолук чоң натыйжа берет.

## ТЕМАГА БАЙЛАНЫШТУУ СУРООЛОР:

1. Бул бөлүмдүн башында мындай деп жазылган: «Ушул убакта мен жыйындан эки негизги топту таптым... Биринчи топ – Кудайды издегендер, Андан алар үчүн эмне кыла аларын издеп, ошону алууга аракеттенгендер. Ал эми экинчиси, Анын ким экендиги үчүн Аны издеген адамдар». Өзүңөр менен чынчыл болгула жана кайсы топко таандык экениңерди айткыла.
2. Мисирден бошотулгандан кийин, ысрайылдыктар ошол эле күнү Кудайды даңктап, ырыскы бергени үчүн ыраазычылык билдиришкен жана эртеси күнү алар наалый башташкан, анткени алар каалагандарына жетпей калышкан. «Чөлдө кыдырган сапарыңарга» көз чаптыр-

саңар, ысрайылдыктарга болгон жүрүм-турумуңардан кандай окшоштуктарды көрө аласыңар?

3. Балким, силер бул китепти азыр «чөлдү аралап» басып жүрүп окуп жаткандырсыңар. Анда Илиястын шамал, жер титирөө жана өрт сыяктуу нерселер менен күрөшүү тажрыйбасынан эмнени үйрөндүңөр?

5 – бөлүм

# КӨШӨГӨНҮН АРТЫНДА

Кудайдын катышуусу бизди жер жүзүндөгү бардык элдерден даңктуу кылат.

Кудайдын катышуусу ар дайым Анын ким экендигинин көбүрөөк ачылыштарын алып келет жана ар бир жолуккан сайын биз кайра кайталангыс жана түбөлүк өзгөрүп турабыз. Биз Ыйык Китепти окуп жатып, Кудайдын жолдору менен жашаган адамдар Ага жакындагысы келгенин жана Анын алдында жашашканын көрөбүз.

## Айырмалоо фактору

Мурунку бөлүмдө биз Кудай Муса аркылуу ысрайылдыктарга жолду Ансыз улантууну буйруганын көрдүк. Теңир элге берген убадаларын аткарууну көздөгөн,

бирок муну менен элди Өзүнүн катышуусунан ажыраткан. Буга жооп кылып, Муса дароо: «Муса Теңирге: «Эгерде биз менен Сен Өзүң барбасаң, анда бизди бул жерден чыгарба», - деп айткан (Чыг. 33:15). Муса бизге биринчилерден болуп Кудайга болгон жакындыктын бардык башка убадалардан ашып түшөрүн жана алар Анын катышуусусуз аткарылса, өздөрүнүн жагымдуулугун жоготорун көрсөткөн. Муса периштелердин коштоосунан баш тартканын кантип түшүндүргөнүнө кулак салгыла:

> «Эгерде биз менен Сен Өзүң барбасаң, анда бизди бул жерден чыгарба. Мен да, Сенин элиң да Сенин алдыңда ырайым тапканыбызды кантип билебиз? Сенин биз менен барганыңдан эмеспи? *Ошондо мен да, Сенин элиң да жер жүзүндөгү бардык элдерден атактуу болобуз*», – деди (Чыг. 33:15,16, курсив автордон).

Бул жоопто күчтүү чындык бар. Кудайдын катышуусу бизди Өзүнүн даңкы үчүн жер жүзүндөгү бардык элдерден айырмалап турат. Бул биз машайакчылыкты тутунганыбыз жана Ыйык Китептеги жыйындарга барганыбыз үчүн эмес. Башкалар менен чогуу бир жолу күнөөкөрдүн сыйынуусу менен сыйынганыбыз, курмандык чалынуучу жайга кел деген чакырыкка жооп бергенибиз үчүн гана эмес. Биз Анын катышуусу менен айырмаланып турабыз жана бул бизди ыйык (Ал үчүн айырмаланганыбыз) кылат. Мунун баарын жер бетинде жашагандардын көз алдында ачык жана айкын кылып турган Анын катышуусу.

Бирок, эмне үчүн мынчалык көп адамдар Кудай менен болгон мамилеге акыл деңгээлинде гана ыраазы болушат? Эмне үчүн биз Машаяктын катышуусу жок машайакчылыкка

макул болобуз? Кантип биз Кудайга жакын болбой эле, ыраазы болууга үйрөнүп калдык? Эмне үчүн биз адамдарда кызганычты, Кудайга жакындоону жана Анын алдында болуу каалоосун ойготпогон машайакчылыкты үйрөтөбүз? Буга жооп кылып, А. В.Тозер мындай деп жазат:

> “Кудай биздин Анын алдында туруктуу болушубузду жана бүт өмүрүбүздү Анын ичинде өткөрүшүбүздү каалайт. Биз өзүбүздүн мисалыбыз менен Анын катышуусуна ынанышыбыз керек. Бул жөн гана кармана турган доктрина эмес, бул адамдын жердеги ар бир мүнөтүндө ырахат ала турган жашоосу (*The Pursuit of God,* 34-бет).

Көптөр ал тургай, Аны менен өз ара байланыштын чындыгына кирүү үчүн бир көз ирмем да аракет кылбастан туруп эле, Кудайга таандык экенин түшүнүү менен канааттанышат. Өзүнүн куткарылышына болгон ишеним адамдарда ушунчалык терең тамыр жайгандыктан, ушул чектен чыгууну каалагандар аз. Алар сыйынышат, анан бир күнү өлүп, Ага барышат. Бирок, Машайак менен болгон байланыштын реалдуулугу жок жана Кудайдын биз менен жүрүүнү каалаган күчтүү ачылышы да жоголгон. Бул бир жолку же алыскы тажрыйба эмес, бирок биз менен дайыма жана үзгүлтүксүз мамиледе болуу үчүн Анын чыныгы жана чын жүрөктөн болгон каалоосу. Келгиле, өз көзүбүз менен көрүү үчүн Ыйык Жазууга кайрылалы.

## Анын бар болушун ким башынан өткөргөн?

Биз Ыйык Китептин бүтүндөй текстинен Анын айкын катышуусунун мисалдарын көрөбүз. Эйден багында

Адам ата менен Обо эне алардын тил албастыгы «Кудай-Теңирдин алдынан жашынганга» алып барганга чейин Кудай менен жүрүшкөн (Башталыш 3:8). Дал ушул учурда адам өзүн Кудайдын алдында болуудан ажыратты. Алардын уулу Кабыл, жүрөгүнүн катаалдыгынан улам, Кудайдын катышуусунан ого бетер алыстаган.

Бирок ошентсе да, Кудай багынган эмес, дагы эле сүйгөн адамы менен ынак мамиледе болууну каалаган. Акыр-аягында, Энох менен Нух сыяктуу адамдар Анын жүрөгүнүн каалоосуна жооп беришти жана, өз кезегинде, Кудайга жакындашууну талыкпас каалоолору менен тез эле козгошту. Натыйжада, алар Адам ата Эйден багынан кеткенден кийин убактан бери Кудайга башкаларга караганда жакыныраак болушкан.

Ыбрайым өзүнүн жашоосунда Кудайдын ачык-айкын катышуусун көп сезген. Ушундай жолугушуулардын бири Кудай ага Содом менен Амордун келечектеги тагдырын талкуулоо үчүн келгенде болгон. Шаарларды соттогондон кийин, биз буларды окуйбуз: «Ыбрайым эртең менен эрте туруп, мурун Теңирдин алдында турган жерине жөнөдү» (Башталыш 19:27). Бул Ыбрайымдын Кудай алдында Анын катышуусунда болгон көптөгөн учурлардын бири гана. Карыганда Ыбрайым кулуна кайрылып: «...мага: “Бул жерди сенин тукумуңа берем”, – деп убада кылган асман Кудай-Теңири сенин алдыңа Өз периштесин жиберет, ошондо сен ал жерден уулума аял алып келесиң» (Башт. 24:7).

Биз ошондой эле, Шемуел «чоңойгондугу жана Теңир аны менен болгон; Анын бир дагы сөзү аткарылбай калган эмес» деп окуйбуз (1 Шемуел 3:19). Эмне үчүн Анын бир дагы сөзү аткарылбай калган эмес? Бул суроого төмөнкү аяттан жооп табабыз: «Теңир Аннага батасын берди. Анын боюна бүтүп,

дагы үч уул, эки кыз төрөдү. Өспүрүм Шемуел болсо Теңир алдында чоңоюп жатты» (1 Шемуел 2:21). Бул жерде дагы бир жолу Кудайдын түздөн-түз байланыш аркылуу ачылганын көрөбүз. Эгерде биз Аны жакындан таанысак, Анын айтканын айтабыз, ошондо биздин бардык сөздөрүбүз орундалат.

Байыркы Келишимде, Мусадан кийин, баарынан көбүрөөк Кудайды сүйгөн жана Анын алдында болгон Дөөт: «Сенин алдыңда Өз кулуң Дөөттүн тукуму бекем болсун» деген (2 Шем. 7:26). Мусага окшоп, ал аны Кудайдын катышуусунан ажырата турган ийгиликти каалаган эмес. Бир аз убакыт өткөндөн кийин, ал ойноштуктун жана киши өлтүрүүнүн өтө оор күнөөсүн жасаганда, ал жалындуу өкүнүү үнүн чыгарды: «Менден жүзүңдү бурба, менден Өзүңдүн Ыйык Рухуңду алба» (Заб. 50:13). Ал Кудайдын катышуусусуз анын бүт жашоосу бош жана маанисиз болуп каларын билген! Ал бул сөздөрдү жазган: «Сен мага өмүр жолун көрсөтөсүң. Сенин алдыңда – толук кубаныч, оң колуңда – түбөлүк жыргал» (Заб. 15:11).

Психологдор беш жыл сакталган мамилелер адамдын инсандыгын калыптандырат дешет. Мен буга толук кошулам, анткени Ыйык Жазууда: «Алданбагыла, акылсыз адамдар менен достошкон адам бузулат» (1 Кор. 15:33). Ал эми, башка жерде: «Акылдуу адамдар менен мамилелешкен адам акылдуу болот» (Накыл 13:20). Дөөт жөнүндө эмне айтууга болот? Ал ээн талаада жалгыз жүргөндө, «Анын жанына кысымга алынгандар, карызга баткандар, кайгыга чөккөндөр чогулушту, аларга ал башчы болду. Анын жанында төрт жүзгө жакын адам бар эле» (1 Шем. 22:2). Мына ушул адамдар менен ал өмүрүнүн он жылдан ашуунун өткөрдү. Эзилген, нааразы болгон жана жан дүйнөсү кайгырган, жада калса карыздары бар! Алар кыжырданган, ачууланган

жана кыязы, орой жана сезимсиз адамдар болгон. Бирок, алар Дөөттүн мүнөзүн өзгөртө алганбы? Жок! Эмнеге? Анткени, Дөөт Кудайдын алдында көп убакыт өткөргөн жана ошонун аркасында ал өзүнүн падышалык адеп-ахлагын жана принциптерин сактап калган, натыйжада ал бардык муундардын эң улуу лидери болгон!

Ыйык Китептеги менин сүйүктүү үзүндүлөрүмдүн бири Дөөттүн Кудайдын кереметтүү чакырыгына кандай жооп кайтарганы жөнүндө. Дөөт мындай деди:

> «Жүрөгүм Сенин атыңдан: «Менин жүзүмдү издегиле», - деп жатат. Ошондуктан Сенин жүзүңдү издейм, Теңир» (Заб. 26:8).

Анын жашоосу ушундай болгон. Ал Теңир менен ушунчалык көп убакыт өткөргөндүктөн, бул аркылуу ал наразы болгон төрт жүз кишиге эле эмес, бүтүндөй бир элге таасир эте алган. Ал акылмандыктын, билимдин жана түшүнүктүн Булагы менен убактысын өткөргөндүктөн, адамдарга таасир этүүнү билген. Ошентсе да, Дөөт Кудайдын катышуусун мунун баарын алуу үчүн издеген эмес. Ал Кудай үчүн ынталуу болгон, анткени ал Анын жүрөгүн билүүгө умтулган. Ал Аны дүйнөдөгү баарынан артык сүйчү жана бул сүйүүнүн себеби, Аны менен көп убакыт өткөргөндүгүндө болгон.

Оо, Дөөттүн уулу Сулайман атасынын бул жалындуу каалоосун мураска алса кана! Ал Ысрайылдын Кудайын эки жолу көргөн жана өзүнө чейинки жана андан кийинки баарынан акылдуу болгон. Бирок, ал Кудайдын алдында болуунун маанилүүлүгүн эч качан түшүнгөн эмес. Өмүрүнүн акырында бүт жылдарын текке кетирип, Насаатчы деген

кайгылуу китеп жазган. Ал акылмандыкка, сан жеткис байлыкка жана дүйнөдөгү эң сулуу аялдарга, ошондой эле ошол, кездеги дүйнөгө жана ааламга тараган атак-даңкка жана таасирге ээ болсо да, ал: «Убаракерчиликтин убаракерчилиги – баары убаракерчилик!» деп гана айта алган. Эгердеанда атасы Дөөттүн жүрөгүндөй жүрөк болсо, Ысрайылдын тарыхы башкача өнүкмөк.

Чынында, ар кандай адамдар Кудайдын катышуусун издөөнүн маанилүүлүгүн билишсе, библиялык тарыхтын көбү башкача болмок. Тилекке каршы, өтө аз адамдар Анын катышуусунун белгилүү бир даражасын баштан өткөрүштү, бирок алар даам татуу бактысына ээ болгондугун түшүнө алышкан жок. Алар Кудайдын катышуусунун чексиз терең жана үзгүлтүксүз канааттануунун булагы экенин, аны дайыма Кудайды издөө менен гана ала аларын билишкен эмес. Андай адамдардын бири Дөөт падышанын алыскы тууганы, Узия падыша болгон. Өмүрүнүн алгачкы жылдарында ал Кудайды издеп, натыйжада чоң ийгиликтерге жетишти, бирок кийин ийгилигинин булагын жана түпкү себебин унутуп койгон. Ал текебердик менен Теңирди издебей калды, натыйжада ал пес оорулуудай обочолонуп өлдү (2 Жылн. 26 кара).

## Эң улуу трагедия

Биз Байыркы Келишимди окуй берсек болот, бирок эң чоң трагедия андан да мурун, Дөөт падыша төрөлгөндөн да көп жылдар мурун, анын ата-бабалары, Ыбрайымдын урпактары Мисирден кеткенде болгон. Бул китептин мурунку бөлүмдөрүндө биз Кудай ысрайылдыктарды өзүнө тартуу үчүн, аларды кулчулуктан алып салгысы келгенин билдик. Ал Өзүнүн катышуусун аларга билдирүү үчүн, аларды Өзүнө

жакындаткысы келген. Бирок, Кудайдын бул каалоосуна алардын реакциясы мындай болгон: «Эл *алыста* турду. Муса болсо Кудай турган караңгы булутка *кирди* (Чыг. 20:21курсив автордон). Кандай гана трагедия! Кудай аларга Өзүн ачып берди, алар болсо алыста турушат. Бир гана Мусадагы Кудайга болгон ынталуулук аны алдыга умтулууга жана Ага жакындоого түрткү берген. Элдин мындай реакциясынын натыйжасында Кудай Өзүнүн алдында эл өкүлү катары турган ыйык кызматчыларды жараткан. Кудай адамдардын арасында, парданын артына жашынып турушу үчүн, ыйык чатыр жасоону буйруган. Кудайдын көрсөтмөлөрү боюнча так аткарылган жыйын чатырынын курулушу аяктагандан көп өтпөй кандай болгонун биз окуп көрөлү:

> “Ошондо жыйын чатырын булут каптап, жыйын чатыры Теңирдин *даңкына толду*. Муса жыйын чатырына кире алган жок, анткени чатырды булут каптап, Теңирдин даңкына толуп турган эле” (Чыг. 40:34,35, курсив автордон).

## Анын болушунун ар түрдүү деңгээлдери

Ушул жерден мен бир аз чегинип, Кудайдын катышуусунун ар кандай даражаларын талкуулагым келет. Мурунку аятта айтылган даңкка көңүл бургула, бул Анын катышуусун билдирет. Ыйык чатыр курулганда, анда Кудайдын катышуусу ушунчалык даңктуу болгондуктан, дос катары Кудай менен бетме-бет сүйлөшкөн Муса ага кире алган эмес. Анын сулуулугунун эң жогорку даражасын, кереметтүү жана ошол эле учурда коркунучтуу катышуусун элестете аласыңарбы?

Көп жылдар өткөндөн кийин, Теңирдин жыйын

чатырындагы катышуусуна көңүл бурулбай калган деп айтууга болот. Бул башкы ыйык кызмат кылуучу жана сот, ошондой эле Арундун алыскы тукуму болгон Эйлинин убагында болгон. Анын үстүнө, ыйык чатырга оңой эле кирбестен, Мусанын кире албаган жерге жакын жерде чоң күнөөлөр жасалган. Биз: «Ал күндөрү Теңир сөзү сейрек болду, көрүнүштөр да көп болгон жок» дегенди окуйбуз (1 Шемуел 3:1). Бирок, эмне үчүн Теңирдин Сөзү ошол күндөрү сейрек болгон? Анан дагы, Кудайдын аяндарын же ачылыштарын, Анын Сөзүн, Анын катышуусунда гана табууга болот. Анын катышуусу жок жерде аяндар болбойт, ал эми, Анын катышуусунун аз гана бөлүгү болгон жерде Анын ачылыштары сейрек болот. Бирок, анын катышуусу күчтүү жана кубаттуу көрүнгөн жерде, аяндар да күчтүү жана кубаттуу болот! Ошол эле бөлүмдө бир аз арыраак, 1 Шемуел китебинин автору бизге: «Кудайдын чырагы [Анын катышуусу] [Кудайдын толук жоктугу] али өчө элек» деп айтат. Бирок, бул трагедия кийинчерээк, Эйлинин кызматынын аягында, Кудайдын келишим сандыгын пелиштиликтер алып кеткенден кийин болгон. Өмүрүнүн акыркы сааттарында Эйли «Израилден даңк кетти» дегенди билдирген *ихавод* деген сөздү уккан.

Эйлинин убагында ысрайылдыктардын күнөөсү үстөмдүк кылгандыктан, Кудайдын катышуусу дээрлик байкалган эмес. Бирок, Ысрайылдын тарыхында Анын катышуусу Анын даңкын көрсөтпөгөн учурлар болгон, анткени эл Аны жаңы курулган жыйын чатырында көрүшкөн, ал жерде Анын катышуусу реалдуу жана айкын болгон, ал эми аяндар күчтүү жана берешен болгон. Ал эми, Кудайдын катышуусунун даражасы төмөн болгондо, Ал Өзүнүн улуулугун көрсөтпөөнү туура көрүп, адамдарга тымызын түрдө жакындайт.

Муну Жакыптын мисалынан көрүүгө болот. Ал Кудай

менен күрөшүп, Аны бетме-бет көрдү, бирок, кыязы, Анын даңкынын көрүнүшү болгон жок. Ошого карабастан, Жакып толугу менен өзгөргөн жана Кудай менен болгон жолугушуунун натыйжасында, ал Анын ачылышында өскөн (Башт. 32:24-30 кара). Жашыя Кудайды көрдү, бирок анын Теңирдин кошуунунун башчысы менен сүйлөшүп жатканын түшүнгөн жок. Ал эми, Муса Кудайга кайрылып, Аны бетме-бет көргүсү келген, ага Кудай мындай деп жооп берген: «Сага Менин жүзүмдү көрүүгө болбойт, анткени Менин жүзүмдү көргөн адам тирүү калбайт» (Чыг. 33:20). Биз Мусанын Кудайды Анын бардык даңкы менен көргүсү келгенин көрөбүз, бирок ал анте алган жок. Бирок, Жашыя жана башкалар Теңирдин жүзүн көрүп, тирүү калышты. Неге? Анткени, алар Теңирди Анын бардык даңкы менен көргөн эмес.

## Анын жүзүнүн жаркырашы

Биринчиден, келгиле, Теңирдин даңкы эмне экенин кыскача талкуулайлы. Кээ бирөөлөр бул туман, булут же башка ушул сыяктуу көрүнүш деп ойлошот. Натыйжада, «Оо, биздин акыркы жолугушуубузга Теңирдин даңкы түштү» деген сыяктуу сөздөрдү угушу мүмкүн. Бирок, Кудайдын түшүнүктөрүнө карата мындай мамиле «Мааниси жок сөздөрү менен Кудайдын чечимин караңгылаган бул ким» деген жоопко ылайык (Аюб 38:2).

Биринчиден, Кудайдын даңкы бул булут эмес. Силер: «Анда эмне үчүн Ыйык Жазууда Кудайдын даңкы дээрлик айтылган сайын, ал булутту да билдирет?» — деп сурашыңар мүмкүн. Мунун себеби мындай: Кудай булуттун ичинде жашынып жатат. Ал абдан эле көздү уялтат, ошондуктан Анын жүзүн булут жашырып турат, антпесе, Анын тегерегиндеги бардык

денелер заматта талкаланып, жок болуп кетмек. Эсиңерде болсун, Кудай Мусага Анын жүзүн көрүп эч ким тирүү кала албайт деп айткан. Ушуга байланыштуу суроо туулат: Ышайа, Жезекиел жана элчи Жакан кантип Теңирдин даңкын көрүп, тирүү калышты, анан бул тууралуу бизге айтып беришти? Жооп жөнөкөй: алар денеден тышкары, рухта болушкан. Өлүүчү дене ыйык Теңирдин алдында Анын бардык даңкы менен боло албайт. Ал жалмап салуучу от, Анын ичинде караңгылык жок (Эвр. 12:29; 1 Жакан 1:5 кара). Пабыл Ыйса жөнүндө мындай деп жазган:

> [Ал] падышалардын баталуу жана жалгыз кудуреттүү Падышасы жана теңирлердин Теңири, өлбөстүккө ээ болгон, эч ким көрбөгөн жана көрө албаган, жетпес жарыкта жашаган жалгыз (1 Тим. 6:15,16).

Ыйса эч ким көрбөгөн жана көрө да албаган адам чыдагыс көз уялткан жаркыраган жарыкта. Забурчу Теңирдин жарыкты чапандай киерин айтат (Заб. 103:2 кара). Пабыл да бул жөнүндө ишенимдүүлүк менен жазган, анткени ал Дамаскка бара жаткан жолдо Кудайдын даңк менен катышуусунун сөз жеткис жарыгын кандайдыр бир деңгээлде сезген. Ал Агриппа падышага бул тууралуу мындай деп айтты:

> “Чак түштө асмандан бир жарык түшүп, менин жана жанымдагылардын айланасын жаркыратты. Ал жарык күндүн жарыгынан да жарык эле” (Элчилер 26:13).

Пабыл Ыйсанын жүзүн көргөн эмес, ал Андан келген жарыкты гана көргөн. Бул жарык Жакынкы Чыгыштагы адам чыдагыс жаркыраган күндөн ашып түшкөн! Пабыл

Кудайдын даңкынын алдында болгон. Бул эртең менен да, кечинде да эмес, түшкү жаркыраган күн эле. Мен Флорида штатынын “күнөстүү” штатында он эки жыл жашадым жана эч качан күндөн коргоочу көз айнек тагынган эмесмин. Бирок, бир нече жыл мурун мен Лиза менен Жакынкы Чыгышка баргам, ал жерден көз айнек тагууга *туура келген*! Ошол кургак жана чөл климатында күн алда канча жарык болуп, экватордун жакындыгы анын адам чыдагыс нурун бир топ жогорулаткан. Эртең менен жана кечке маал күндүн нуру бир чыдаса боло турган эле, бирок саат он бирден тушкү экиге чейин күн чыдагыс жарык болчу. Бирок, Пабыл Ыйсанын жарыгы Жакынкы Чыгыштын түшкү күнүнөн да жаркыраганын ырастайт! Бир саамга ойлонуп көрсөңөр, акыркы жолу качан күндү тике карооого аракет кылганыңарды эстесеңер? Булуттун артына катылбаса аны кароо абдан кыйын. Теңирдин даңкы болсо, жаркыраган чак түштөн көп эсе ашып турат.

Ошондо Жоел менен Ышайа эмне үчүн акыркы күндөрдө, Теңирдин даңкы ачылганда, күн караңгылайт деп ырасташканы айкын болот. «Мына, ... Теңирдин ырайымсыз күнү келе жатат. Асмандагы жылдыздар, топ жылдыздар өз жарыгын бербей калат, күн чыгары менен өчөт, ай өз жарыгын чачпай калат» (Ышайа 13:9,10).

Силерге дагы бир нерсени тактап берейин. Түнкү ачык асманда эмнени көрөбүз? Жылдыздар! Алар асманга чачырап кеткен. Бирок, эртең менен күн чыкканда эмне болот? Жылдыздар кайда барат? Алар качып, күн батканга чейин горизонттун артына жашынып, анан тез эле өз жайларына кайтып келишеби? Биз андай эмес экенин билебиз да. Бирок, баары бир эмне болуп жатат? Болгону, жылдыздардын даңкы бир деңгээлде, ал эми күндүн даңкы алардын даңкынан көп эселеп ашып түшкөндүктөн, күн

көрүнгөндө алардын даңкы күнгө салыштырмалуу кубарып кетет. Алар ордунда эле турушат, бирок аларды көрүү мүмкүн болбой калат. Ошол сыяктуу эле, Ыйса Өзүнүн даңкы менен кайтып келгенде, Ал күндөн да өлчөөсүз жарык болот жана Ал андан ашып түшөт. Күн ордунда калат, бирок биз Аны көрө албайбыз. Мына ушундай! Пабылдын эмне үчүн Ыйсаны Өзүнүн даңкы менен «эч ким көргөн эмес, көрө да албайт» деп айтканын эми түшүндүңөрбү?

Теңирдин даңкы бардык жарыктан жогору турат. Ал кемчиликсиз жана отту жалмап салуучу жарык. Мына ошондуктан, Анын Экинчи Келишинде «... адамдар Теңирдин коркунучунан, *Анын улуу даңкынан* качып, аска-зоолордун жаракаларына, жердин түпкүрүнө киришет» (Ышайа 2:19 курсив автордон). Жакан болсо, бул тууралуу мындай деп жазган:

> “Жер үстүндөгү падышалар да, башчылар да, байлар да, миң башылар да, күчтүүлөр да, кулдар да, эркин адамдар да үңкүрлөргө жана капчыгайларга жашынып, тоолорго жана аскаларга: «Үстүбүзгө кулап, бизди тактыда Отургандын *жүзүнөн* жана Козунун каарынан жашыра көргүлө” (Аян 6:15,16 курсив автордон).

## Кудайдын даңкы эмнени билдирет?

Келгиле, төмөнкү суроого жооп берели: Кудайдын даңкы эмнени билдирет? Жооп алуу үчүн, биз Мусанын Кудай менен болгон мамилесине кайрылабыз. Муса Кудайдын катышуусун гана сурабастан, Анын даңкын көрүүнү да суранган.

> Муса: «Мага *Сенин даңкыңды* көрсөт» деген (Чыг. 33:18 курсив автордон).

Даңк деген эврей сөзү - *kabowd*. Стронг өзүнүн «Библия сөздүгүндө» бул сөз «бир нерсенин салмагы, бирок каймана жана оң мааниде гана» дегенди түшүндүрөрүн айткан. Бул сөздүн аныктамасында да «ашыктык жана улуулук, молчулук жана намыс» бар. Муса Кудайдан ага Өзүнүн бардык даңкын көрсөтүүсүн суранган. Кудайдын жообун кунт коюп окугула:

> Мен Өзүмдүн бардык даңкымды сенин алдыңа коём [Англис Библиясында - Мен сенин алдыңа бардык *жакшылыктарымды* коём] жана сенин алдыңда Жахабанын ысмын жарыялайм (Чыг. 33:19, курсив автордон).

Муса ага даңк көрсөтүүнү суранган, Кудай ага жакшылык көрсөтүүнү убада кылган. Жакшылык деген эврейдин – *tuwb* деген сөзү. Бул «сөздүн кеңири маанисинде жакшы» дегенди билдирет. Башкача айтканда, эч нерсе жашырылбайт, жакшылыктын баары көзгө көрүнүп турат.

Анан Кудай: «Жахабанын ысмын сенин алдыңда жарыялайм», - деди. Жердеги падыша залга киргенге чейин, жарчы анын атын жарыялайт. Падышанын салтанаттуу түрдө тактыдагы бөлмөгө чыгышы жана анын падышалык ысымын жарыялоосу сурнайдын үнү менен коштолот. Ошентип, падышанын улуулугу ачылып, падышанын ким экени ошол жердегилердин баарына айкын болот. Анын укмуштуудай көрүнүшү адамдарды урматтоо сезимине толтурат. Бирок, ошол эле монарх өзүнүн шаарынын көчөлөрүндө кадимки кийимчен, коштоочцлары жок, сейилдеп жүрсө эмне болот? Чынында эле, падыша короодогу ачык-айкын жана көрүнүп

турган нерселердин баары көчөдө жоголот, бир дагы өтүп бараткан адам падышаны тааныбайт. Анын катышуусу мындан ары демиңизди токтотпойт, анын атак-даңкы тактыда отургандагыдай адамдарга таасир этпейт. Чынында, Кудай Мусанын алдында Өзүнүн ысмын жарыялоону чечип, мындай деп айткан: «Жахабанын ысмын сенин алдыңда жарыялайм жана Өзүмдүн улуулугум менен сенин алдыңдан өтөм».

Жаңы Келишимде Теңирдин даңкы бизге Ыйса Машайак аркылуу ачылып жатканы айтылат (2 Корунттуктарга 4:6 кара). Теңирдин алдында болгон көптөгөн адамдар Анын жүзүн жана Анын Өзүн көргөнүн күбөлөндүрүштү. Ооба, албетте, бирок мен силерге айтып коёюн, Аны Анын даңкынын толуктугунда эч ким көргөн эмес.

Кидир-бирөө Ыйса тирилгенден кийин Анын жүзүн шакирттердин көргөнү жөнүндө суроо бериши мүмкүн. Ооба, туура, бирок ошондо да бул Анын даңкынын толук көрүнүшү болгон эмес. Мен мурда айткандай, Байыркы Келишимде сүрөттөлгөн адамдар Теңирдин алдында болгон, бирок Анын даңкынын көрүнүшүндө эмес. Теңир Ыбрайымга Мамренин эмен токоюнда көрүнгөн, бирок даңк менен эмес (Башт. 18:1, 2 карагыла). Теңир Жакып менен күрөшкөн, Жашыя болсо (Жашыя 5:13-15-аяттарды кара) Аны тааныган да жок. Ушул сыяктуу башка учурлар да болгон.

Жашыя Жерихонго кол салуу алдында Теңир менен жолукканда, Теңир ага Жоокер катары көрүнгөн. Жашыя Аны таанызбай: «Сен бизденсиңби же душманыбыздансыңбы?» — деп сурады. Ошондо Теңир ага Өзүн Теңирдин кошуунунун башчысы катары *ачып*, Жашыяга бут кийимин чечүүнү буйруду, анткени ал турган жер ыйык болчу! Жакып түнү бою Теңир менен күрөшүп, таң атканда мындай деп кыйкырды:

«Мага атыңды айт» (Башт. 32:29). Кадимки кийимчен шаарды кыдырып, көпчүлүк тааныбай калган падыша жөнүндөгү мисалга кайрылалы. Жакып менен Жашыя мына ушундай формада Теңирди көрүшкөн, бирок алар кантсе да, Андан улуу ачылыштарды алышкан.

Ошол эле нерсе Тирилүүдөн кийинки мезгилге да тиешелүү. Магдалалык Мариям Ыйса менен сүйлөшкөн биринчи адам болгон жана ал Аны багбан деп ойлогон (Жакан 20:15,16). Шакирттери Ыйса менен деңиз жээгинде балык жешти (Жакан 21:9,10 карагыла) жана адегенде Аны да, Анын үнүн да таанышкан жок. Ал аларга абдан тааныш нерсени кылганда гана, алар Аны таанып калышты. Тирилгенден кийин, Ал ошондой эле, эки шакирти менен бирге жүрдү, алар өлүмүнө чейин эле боло турган нерсени угушкан, бирок Аны таанybай калышты, анткени «алардын көздөрү жабылып калган» (Лука 24:16 ны карагыла). Алар да Аны жүзүнөн, келбетинен, үнүнөн тааныган жок. Алардын баары Анын жүзүн көрүп, Анын алдында болушкан, бирок Анын даңкы толугу менен ачылган эмес. Ошондон кийин алардын бардыгы Анын катышуусунан аян алышты.

Ал эми, элчи Жакан Патмос аралында жүргөндө Теңирди рух менен көргөн. Бирок, бул таптакыр башкача жолугушуу болду, аны деңиз жээгиндеги эртең мененки тамактануудагы жолугушуу менен салыштырууга болбойт эле, анткени бул жолу Жакан Ыйсаны өзүнүн бардык даңкы менен көрдү. Ал Ыйсаны мындайча сүрөттөйт: «...Анын жүзү болсо жаркырап тийип турган күндөй эле. Мен Аны көргөндө, Анын бут алдына өлүк сыяктуу жыгылдым... » (Аян 1:16,17). Теңирдин даңктуу катышуусу ушунчалык күчтүү болгондуктан, Жакан өлүктөй болуп жыгылды.

Кудайды Кудай кылган Теңирдин даңкы. Анын бардык

сапаттары – күчү, бийлиги, акылмандыгы – түз маанисинде өлчөөсүз салмакка жана улуулукка ээ. Ал эч нерседен баш тартпайт жана эч нерсе жашырбайт! Даңктын бул катышуусун Анын аркасын гана көргөн Мусага окшоп, же Дамаскка бара жаткан жолдогу Пабылга окшоп Кудай жарым-жартылай гана көрүнүп турганда көрүүгө болот. Пабыл эч нерсе көргөн да, уккан да эмес, болгону үндү жана көздү карайлаткан жарыкты гана көргөн.

## Анын боло турган орду

Ыбрайымдын урпактарына кайрылалы. Кудай Өзүнүн даңкын Синай тоосунда биринчи жолу ачып бергенде, эл үрөйү учуп артка чегинип, минтип кыйкырышты: «Кудай-Теңирибиз бизге *Өзүнүн даңкы* менен улуулугун көрсөттү. Биз от ичинен Анын үнүн уктук... Биз, эмне, өлүшүбүз керекпи? Эми бул коркунучтуу от бизди жалмап салат. Эгерде Кудай-Теңирибиздин үнүн дагы бир жолу уксак, өлүп калабыз» (Мыйз. 5:24,25, курсив автордон). Алар Анын даңктуу катышуусуна туруштук бере алышкан жок, анткени алардын абийирлери өз каалоосу жана өжөрлүгү менен булганган.

Ошондо ысрайылдыктар ыйык чатыр куруп, Кудай анын ички бөлүгүнө жайгашты, ал ыйыктардын ыйыгы деп аталды. Башкы ыйык кызмат кылуучу гана бул ички бөлүккө жылына бир жолу кирчү. Ал жерге сырткы короо аркылуу келди. Ал жерде адегенде Кудай менен элдешүү үчүн жана башкы ыйык кызмат кылуучунун өзүнүн жана бүт элдин күнөөлөрүн жууш үчүн, жезден жасалган курмандык чалынуучу жайда курмандык чалчу. Курмандык чалынгандан кийин башкы ыйык кызмат кылуучу курмандык чалынуучу жайдын жанында жайгашкан жез идишке жуунган. Ошондон кийин

гана ал көшөгө аркылуу ыйык жайга кирген. Табигый жарык жок болчу. Ыйык жай биздин Жарыгыбыз деп эсептелген Ыйсанын символу болгон алтын чыракпаянын жарыгы менен жарыктандырылган (Жакан 9:5). Ал жакта Ыйсаны өмүр наны катары символдоштурган нандар да болгон (Жакан 6:48). Бул жердеги үчүнчү нерсе дайыма сыйынуу жана табынуучу жашоону символдоштурган жыпар жыттуу зат түтөтүүчү курмандык чалынуучу жай болгон.

Бирок, ошол жерде да башкы ыйык кызмат кылуучу дароо эле Кудайдын алдына кирген эмес. Ал жерде ыйык жайды ыйыктардын ыйыктарынан бөлүп турган дагы бир көшөгө бар эле. Ал жерде, мээримдүүлүк тактысынын үстүндө, Кудайдын ачык жана чыныгы катышуусу бар болчу. Ыйса Өзүнүн рухун Кудайга тапшырганда, бул көшөгө айрылып кеткен: «Ыйбадаткананын көшөгөсү жогорудан ылдыйга чейин экиге бөлүнгөн» (Матай 27:51). Көңүл бурсаңар, ал ылдыйдан өйдөгө эмес, өйдөдөн ылдыйга карай жыртылган. Ал ыйбадатканадан чыкканы үчүн көшөгөнү адам эмес, Кудай айрып салган! Ал Өзү үчүн жаңы турак жайды, жаңы орунду даярдады, бул Ал дайыма кыялданган - Анын кайра төрөлгөн балдарынын жүрөгү. Бирок, ал качан болгон? Элүү үч күндөн кийин, Элүүнчү күн майрамында, Кудай Өзү үчүн көптөн бери эңсеп жүргөн жайына отурукташкан. Биз буларды окуйбуз:

> Бир маалда асмандан катуу шамалдай үн чыгып, алар турган үйдү бүт каптады. Аларга оттой болуп, экиге бөлүнгөн тилдер көрүндү жана алардын ар бирине бирден берилди. Ошондо алардын баары Ыйык Рухка толуп, Рух аларга айткандай, башка тилдерде сүйлөй башташты (Элчилер 2:2-4).

Муса аны куруп бүтмөйүнчө, Кудайдын катышуусу ыйык

чатырда көрүнгөн эмес жана ошол сыяктуу эле, Теңир Өзүнүн жаңы турак-жайына Ыйса: *«Аткарылды!»* деп, “Анан башын ийип, рухун бергенден кийин гана көчүп барган (Жакан 19:30). Бул жаңы турак-жай түбөлүк Козунун каны менен даярдалган.

> Ошентип, бир туугандар, ыйык жайга Ыйса Машайактын каны аркылуу, жаңы жана тирүү жол менен кирүүгө укугубуз бар, бул жолду Ал бизге көшөгө аркылуу, башкача айтканда, Өзүнүн денеси аркылуу ачты. ...ошондуктан жүрөгүбүздү булганган абийирден кан чачуу менен тазалап, денебизди таза сууга жууп, Кудайга таза жүрөк жана бекем ишеним менен *жакындайлы*. Өзүбүз жарыялаган үмүттү бекем сактайлы, анткени убада берген Кудай ишенимдүү (Эвр. 10:19-23, курсив автордон).

Бизде «ыйык жайда» жашаганга жакындоо, башкача айтканда, жакындоо үчүн кайраттуулук бар. Эми бул ыйык жай ыйык чатырда же ыйбадатканада эмес, биздин денебизде! Ооба, Кудай Ыйса Машайактын курмандыгы аркылуу Ага арналган адамдардын жүрөгүндө жашайт. Көбүнчө, биз Аны чакырганда, биз такты бөлмөсүн алыста, балким, миллиондогон чакырым алыстыкта элестетебиз. Бирок жок, Ал биздин жүрөгүбүздө жашайт! Биз ичибизге караганды үйрөнө элекпиз, дагы эле сыртка карайбыз! Жаңы Келишим Жазуусу бизге: «Асманга ким бара алат?» - дебегиле деп ачык айтат (Рим. 10:6).

Ооба, албетте, үчүнчү асманда Кудайдын такты бөлмөсү бар. Бирок, Ал Өз эли менен ынак мамиледе болууну ушунчалык каалайт, ошондуктан Байыркы Келишимде Ал жерде Өзүнүн катышуусу ачык болгон жыйын чатырын

курган. Ал эми, азыр Ыйсага жанын бергендердин жана Андан аны Ыйык Рух менен толтурууну сурангандардын жүрөгүндө Өзү үчүн дагы бир турак жайды жаратты. Ал Өзү үчүн сүйүү объектисине эң жакын жерди тандап-жараткан. Жүрөгүбүздө жашаган Кудайга жакындаган сайын, биз Жерден миллиондогон чакырым алыстыкта жайгашкан такты бөлмөсүнө киребиз. Бул кантип болушу мүмкүн? Кудайдын Рухунда эч кандай аралыктар жок. Анын алдында болуу Анын тактысынын бөлмөсүндө Ыйса жана Атасы менен бирге болуу дегенди билдирет, анткени Ал Машайактын жана Кудайдын Руху! (Рим. 8:9 карагыла).

Эврейлерге жазган Каттын автору: «Өзүбүз жарыялаган үмүттү бекем карманалы, анткени убада берген Кудай ишенимдүү»,-деп айтканына көңүл бурсаңар (Эвр. 10:23). Автор дагы бир нерсени айтат:

> [Үмүт] биздин жаныбыз үчүн кеменин оор кайырмак темириндей бекем жана ишенимдүү болгон ал үмүт көшөгөнүн *артына* (Анын *катышуусу болгон* жерге) өтө алат (Эвр. 6:19, курсив автордон).

Айрылган көшөгө эми бул дүйнөдөгү ар бир момунга жаңы жана тирүү жол менен Кудайдын алдына келүүгө мүмкүнчүлүк берет. Азыр биздин денебиз көшөгө болуп калды. Эгерде биз денебиздин сырткы короосунан өтүп, аны айкаш жыгачка кадап же четке кага алсак (Гал. 5:4-ти карагыла), анда биз Аны менен үзгүлтүксүз мамиледе боло турган жүрөгүбүздүн «эң ыйык жерине» киребиз. Анын катышуусу туруктуу чындыкка айланат. Эгерде биз Ага таза жана чын жүрөктөн кайрылсак, Ал бизге Өзүнүн катышуусун ачып берерин убада кылган! Ал эч качан адамдардын чектелген же тар чөйрөсүн, же бул ырайымдын ишке ашуусу

үчүн чектелген убакытты билдирген эмес. Ысрайылдыктар Ага ишенимдүү болуп турганда, Анын жыйын чатырында болушу дайыма болгон, ошондой эле, Анын катышуусу биздин жүрөгүбүздүн ыйык чатырынын ичинде дайыма болот.

Жакыптын сөзүнө назар салсаңар: «Кудайга жакындагыла, ошондо Ал илерге жакындайт» деген сөздөрүн уккула. Кандай үмүт, кандай бекем ишеним! Кудай Өзү менен убада жана ант берет, анткени «Баш паанек тапкан жана алдыбыздагы үмүттү карманган биз Кудайдын калп айтууга мүмкүн болбогон өзгөргүс эки эки нерсеси – убадасы жана анты менен сооронушубуз үчүн ошондой кылды» (Эвр. 6:18). Бирок, бул эмне деген үмүт? Биз Ага жакындасак, Ал бизге жакындайт! Ал муну катуу убада кылган!

Бирок, эмне үчүн көп адамдар Анын ачык катышуусунан ырахат алышпайт? А. В. Тозер айткандай:

> Ыйсанын денеси көшөгөнү айрып салган болсо жана Кудай тараптан бизге Анын алдына кирүүгө тоскоол боло турган эч нерсе калбаса, анда эмне үчүн биз кечиктирип жатабыз? Эмне үчүн биз бүт күнүбүздү ыйыктардын ыйыктарынын сыртында өткөрүүгө ыраазы болуп, Кудайды көрүү үчүн ага эч качан кирбейбиз? Биз Күйөөнүн: «Мага жүзүңдү көрсөт, мага үнүңдү угуз! Анткени, үнүң таттуу, жүзүң жагымдуу»,— деген сөздөрүн угабыз (Ыр 2:14). Биз бул чакырык бизге айтылганын сезебиз, бирок, биз жакын барбайбыз жана жылдар өткөн сайын карып, ыйык чатырдын сырткы короосунда болуудан тажадык. Бирок, бизге эмне тоскоолдук кылып жатат? (*The Pursuit of God,* 41-бет).

Суроо ошол эле бойдон калууда: бизге эмне тоскоол болуп жатат? Эмне үчүн биз сокурдугубуздан улам жолубуздагы маанилүү белгилерди өткөрүп жиберип, баарын өзүбүз жасаганга аракет кылабыз? Эмне үчүн Анын убадасы менен кепилденген, ушунча көп адамдар, Ал бузбай турган ушунчалык жаркыраган үмүтү турганда, наараазы болуп, зеригип жатышат? Төмөндө биз Кудай ар бир ишенүүчүгө жеткиликтүү кылып койгон бул кереметтүү мамилелерди орнотууга эмне тоскоол болуп жатканын көрөбүз.

## ТЕМАГА БАЙЛАНЫШТУУ СУРООЛОР:

1. Бул бөлүмдүн башында биз мындай суроолорду бердик: «Эмне үчүн мынчалык көп адамдар Кудай менен болгон мамилеге акыл деңгээлинде гана канааттанышат? Эмне үчүн биз Машаяктын катышуусу жок машайакчылыкка макул болобуз? Биз Кудайга жакын болбой эле, канааттанууну кантип үйрөндүк?» Бул суроолорго кандай жооп берет элеңер?
2. Психологдордун пикири боюнча, беш жылдын ичинде адамдар менен болгон мамилебиз биздин инсандык сапатыбызды өзгөртүшү мүмкүн экендиги жөнүндө сүйлөштүк. Ошондой эле, Ыйык Жазуунун бул көз караштары ырастаарын айттык: «Алданбагыла, акылсыз адамдар менен достошкон адам бузулат» (1 Кор. 15:33), ошондой эле: «... ал эми адил адамдар жакшылык көрүшөт» (Накыл 13:21). Жашооңордо Ыйык Жазууда айтылган сөздөрдүн биринин же экөөнүн тең чындыгын тастыктай турган учурлар болду беле? Өзүңөрдүн тажрыйбаңардын негизинде алар тууралуу айтып берсеңр.

6-бөлүм

# КУДАЙДЫН ДОСТОРУ

Ал аларга ынак достук сунуш кылган, бирок, өзүлөрүнүн тандоосунун натыйжасында, алар Аны кабыл ала алышкан эмес.

Бул бөлүмдөрдү жазып жатканда жүрөгүмдө Анын катышуусуна болгон кусалык жалындап турат. Бул темада сөз кылуу менин ичиме от жагып, бизди абдан жакшы Көргөндү издөөгө болгон каалоомду арттырат. Бардык мезгилдердин жана элдердин эң бир романтикалык сүйүүсүндө Ал ар бир адамды тынымсыз издейт. Бирок, Анын Өзү айткандай, биздин издөөбүзгө эң татыктуу, Ал анчалык оңой "олжо" эмес. Ал улуу жана ыйык Падыша, ошондуктан, Ага эң чоң урмат-сый менен мамиле кылуу керек. Ошондуктан, табигый түрдө, «ыйык коркуу» темасына токтолбой туруп, Ага жакындоо жөнүндө сөз кылуу мүмкүн эмес.

## Жолдордун бөлүнүшү

Бул кесилиште «достук издеген» менен «чындыкты издегендин» жолу көп учурда экиге бөлүнүп кетет. "Достук издегендер" ар бир деноминацияда, ар бир коомдо кездешет. Алар адам менен ынак мамиледе болууну каалаган жана ага бата берүүнү каалаган Кудай жөнүндө айтышат, бирок, бул толугу менен туура кабар эмес, анткени мындай адамдар Анын ыйыктыгын унутуп коюшат. Көбүнчө бул жакшы ниеттен келип чыгат, анткени, кээ бир адамдар диний чөйрөдө ашыкча мыйзамдуулукка күбө болушкан же ушундайлардан улам жапа чегишкен, башкалары жөн гана кимдир бирөөнүн аларды сүйүшүн жана алар үчүн кам көрүшүн каалашат. Ошондуктан, тилекке каршы, алар эч кандай кара ниети жок, толук эмес билдирүүлөрдү үгүттөшөт, натыйжада андан да оор кесепеттерге алып келет.

Мыйзамдуулуктун чеңгелинен кутулуп, бир гана Кудайды сүйүүнү жана түшүнүүнү үгүттөгөн, биздин бузукулугубузду унутуп, жердеги нерселердин бардыгын карманган адамдар түз эле карама-каршы реакцияга жетишет. Алар адамдарды Анын Сөзүн алар өздөрү угушу үчүн Анын алдына келүүгө чакырышпайт. Эгерде алар ага чакырышса, анда алар Ага ыйык сүйүү жана коркуу жолунан башка жол жок экендигин көрүшмөк. Мындай насааттар бизге өздөрү умтулуп жаткан максатка жетүү каалоосун канааттандырган «жеңил Теңирди» сунуштайт. Кудайдан коркуу сезимин четке кагып, чындыгында адамдарды Анын алдына кирүү мүмкүнчүлүгүнөн толугу менен ажыратышат.

## Улуу урматта

Мына Анын алдында болуу жөнүндөгү түбөлүктүү жана өзгөрбөс чындык. Бул Ыйык Жазууда мындай деп айтылат:

> “Кудай ыйыктардын улуу жыйынында коркунучтуу, Ал Өзүнүн тегерегиндегилердин бардыгына коркунучтуу” (Заб. 88:8).

Келгиле, бул аяттын экинчи бөлүгүн дагы бир жолу окуйлу: «Ал Өзүнүн тегерегиндегилердин бардыгына коркунучтуу». Бул түбөлүктүү чындык. Силер эч качан Кудайды урматтабаган жерде Өзүнүн катышуусун билдирерин таба албайсыңар. Адамдар Ага эң чоң урмат-сыйды жана кадырлоону көрсөтпөгөн, Ага тиешелүүнү бербеген жерге Ал келбейт. Адамдардын жакшы ырдаганы, жакшынакай табынганы, жакшы насаат айтканы, жакшы окута алганы мааниге ээ эмес. Сыйынуулар библиялык чындыктарга толугу менен шайкеш келгени маанилүү эмес, эгер Кудайдан коркуу болбосо, Ал жолугушууга келбейт жана Өзүн ачып бербейт. Эйли менен анын уулдарынын жагдайында дал ушундай болгон.

Көп жылдык кызматымда мен чоң аудиториялар сансыз элге толуп турганын көрдүм жана жыйналыштарда Кудайдын катышуусун көрүү мүмкүн эмес болчу. Мунун себеби мындай: эл арасында, кээде койчулар арасында да Теңирден ыйык коркуу жетишсиз болгон. Ошол эле учурда даңктоо жана сыйынуу топтору, таланттуу музыканттар жана ырчылар мыкты болушу мүмкүн, адамдардын үстүнөн туулар желбиреп, күйөрмандар залда бийлей алышат. Кызмат жогорку технология жана басма сөз өкүлдөрүнүн катышуусу менен инновациялык боло алат. Кызмат чыгармачыл жана кызыктуу болушу мүмкүн, ал эми жолугушууга келген адамдарды бул үчүн кызыктуу темаларды колдонуп, юмор менен тосуп алса болот, бирок жолугушууда бир нерсе жетишпейт.

Жыйналышта Кудайдын катышуусу болбойт. Чогулгандардын көбү бул жыйын канчалык бекер болгонун түшүнбөй калганы абдан өкүнүчтүү. Ушул жерден айта кетейин, Жакшы Кабарды жеткирүүнүн чыгармачыл жана жаңыча ыкмалары жакшы жана эч кандай жол менен Кудайдын ачык-айкын катышуусуна тоскоол болбойт. Мен эң бир заманбап жолугушууларга катышып, ал жердеги Кудайдын катышуусунун күчү менен кудуретинен ырахат алгам. Кудайдын катышуусунун жогорку технологияны колдонууга же анын жоктугуна каршы эч нерсеси жок, бирок, ал жүрөктүн абалын чагылдырат.

Мындай учурларда, Кудайдын жетекчилиги астында, мен адамдарга баш ийүү жана Теңирден коркуу жөнүндө айта баштайм жана ар бир жолу тообого чакырганымда көптөгөн адамдар, анын ичинде жетекчилер да чакырыкка жооп берип жатканын көрөм. Анан дээрлик ар дайым, жада калса, сыйынууга чейин, Кудайдын катышуусунун көрүнүшүн көрүп, адамдар ыйлай башташат. Эмне үчүн мындай болуп жатат? Анткени, Кудай Аны сүйгөн, урматтаган жана корккон адамдарды Өзүнө тартат. Ошондуктан, Жакып:

> «Кудайга жакындагыла, ошондо Ал силерге жакындайт. Күнөөкөрлөр, колуңарды тазалагыла. Эки ойлуулар, жүрөгүңөрдү тазалагыла!» (Жакып 4:8).

Бир караганда, Жакып биз жогорудан төрөлбөгөн күнөөкөрлөр деп атаган ишенбеген адамдарга кайрылып жаткандай сезилиши мүмкүн. Ошого карабастан, бул катында Жакып өзүнүн угуучуларын он беш жолу «бир туугандар» деп атаган. Ал жогорудан төрөлгөн адамдарга кайрылууда.

Андыктан келгиле, *күнөөкөр* деген сөздү карап көрөлү.

Гректин *hamartolos* деген сөзү. Вайн бул сөздү түзмө-түз «бутага жете албаган» дегенди билдирет деп аныктайт. Кудайга ишенбеген адамдарды ушинтип атаган абдан туура, бирок, аны машайакчыларга карата да колдонсо болот. Бул контекстте өз ойлорунда максатка жете албаган ишенгендерге да тиешелүү жана бул өз кезегинде кайталанган туура эмес иш-аракеттерге же жүрүм-турумга алып келет. Ошондо Жакып: «Жүрөгүңөрдү оңдогула, эки ойлуу адамдар» дейт. Бул чакырык менен ал ишенген адамдын максатка жетпегендигинин негизги себебин көрсөтөт.

Кудайдан коркуу ишенген адамдын жүрөгүндө пайда болуп, анын сырткы кыймыл-аракетинде жана иштеринде байкалаарын түшүнүү абдан маанилүү. Бир жолу Кудай Өз эли жөнүндө мындай деген:

> «Бул эл *Мага оозу менен жакындайт*, Мени тили менен урматтайт, бирок жүрөгү Менден алыс. Үйрөнүп алган адамдык эрежелерин алар Менден коркуу деп эсептешет (Ышайа 29:13, курсив автордон).

Кудайга жакындоо ар дайым Кудайды баарынан көбүрөөк сүйгөн жана Кудайдан баарынан көбүрөөк корккон жүрөктө төрөлөт. Булар сырткы көрүнүштөр эмес, адамдын жүрөгүнүн ниети. Ошондуктан, Кудайдан коркуу сезимин аныктоодо, баарынан мурда, жүрөктүн мамилесин айтуу керек. Демек, Кудайдан коркуу – бул Кудайга болгон урмат-сый, урмат жана эң бийик урмат. Биз Анын алдында терең таазим этебиз. Бул демек, Анын алдында титиреп, Анын буйруктарын да, каалоолорун да урматтоо дегенди билдирет. Бирок, бул башталышы гана.

## Кудайды сыйлабай туруп, жакындоо

Кээде бир нерсени түшүнүү үчүн, ал эмне эмес экендигин билүү пайдалуу. Арундун эки уулунун жашоосу коркпостон туруп Кудайга жакындоонун эң сонун үлгүсү. Жыйын чатыры бүтө электе эле Теңир Мусага мындай деп буйруган: «Ысрайыл уулдарынын ичинен Мага ыйык кызмат кылышы үчүн, бир тууганың Арунду жаныңа ал. Арунду жана анын уулдары: Надапты, Абыйутту, Элазарды жана Итамарды ал» (Чыг. 28:1).

Кудайдын бул адамдары бөлүнүп алынып, Теңирге кызмат кылууга жана Кудайдын эли үчүн турууга үйрөтүлгөн. Алар Анын алдына барууга укугу бар болчу. Алардын милдеттери жана чек аралары Кудайдын Муса аркылуу аларга берген өзгөчө осуяттары менен так аныкталган. Окуп-үйрөнүп бүткөндөн кийин, алар Кудайга кызмат кылууга арналышкан жана Кудайдын катышуусу жыйын чатырын толтурган, андан кийин алардын кызматы башталган.

Бирок, Кудайдын бул эки адамынын өмүрү жыйын чатырында Кудайдын даңкы көрүнгөндөн көп өтпөй эле кыскарган.

> Арундун уулдары Надап менен Абыйут, ар бири өз жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү идиштерин алып, ичине от салып, ичине жыпар зат салып, Теңирдин алдына Ал аларга буйрук кылбаган, *жат* отту алып келишти (Леб. 10:1, курсив автордон).

Көңүл бургула, Надап менен Абыйут Теңирдин алдына *бөтөн, жат* (ыйык эмес) отту алып келишти. Вебстер сөздүгүндө *бөтөн* (ыйык эмес) деген сөз төмөнкүчө түшүндүрүлөт: «Ыйык нерселерди сыйлабоо же жек көрүү;

урмат-сыйдын жоктугу». Бул Кудай ыйык деп атаган нерсеге урматсыздык же сыйлабастык менен мамиле кылууну билдирет. Кудайдын бул эки кишиси Теңирге сыйынуу үчүн бөлүнгөн жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү идиштерди алып, аларды өздөрү тандап алган от менен жыпарзатка толтурушту. Алар Теңир тарабынан белгиленген тартуусун алышкан жок. Алар ыйык нерсеге кайдыгер мамиле кылышкан жана бул баш ийбестикке алып келген.

Алар Кудайдын ыйык нерселерине катардагы жана арзыбаган нерсе катары мамиле кылып, кабыл алынгыс жыпарзатты түтөтүү менен Кудайдын алдына жакындашты. Андан кийин эмне болгонун карагыла:

> “Ошондо Теңирден от түшүп, аларды өрттөп жиберди. Алар Теңирдин алдында өлүштү” (Леб. 10:2).

Бул эки адам алардын урмат-сыйсыздыгы үчүн дароо Кудайдын сотуна кабылып жана токтоосуз өлүмгө туш болгон. Мындай урмат-сыйсыздык көрсөтүү Кудайдын көз алдында болгон жана алар ыйык кызмат кылуучулар болсо да, алардан да Кудайга эң жогорку урмат көрсөтүү талап кылынган. Алар ыйык Кудайга жакындап, Ал ыйык жана коркунучтуу Кудай эместей, күнөө кылышты! Алар Анын алдында өзүлөрүн абдан эле эркин сезишти! Аларга өкүм чыгарылгандан кийин Мусанын дароо айткан сөздөрүн уккула жана *«Мага жакындагандар»* деген сөзгө көңүл бургула:

> «Анан Муса Арунга: «Теңир: “*Мен Өзүмө жакындагандардын* арасында Өзүмдүн ыйыктыгымды көрсөтөм, бардык элдин алдында даңкталам”, – деп айткан», – деди. Арун унчуккан жок (Леб. 10:3, курсив автордон).

Бул билдирүү ааламдык осуят катары түбөлүктүүлүк мүнөзүнө ээ. Кудай эч ким Ага жеңил ойлуулук менен, тиешелүү урмат-сый жана коркуу болбой туруп, жакындай албайт деп айткан. Баары Аны ыйык тутуп, Анын катышуусун терең урматташы керек. Теңир Өзүнүн алдында урмат-сый көрсөтпөгөнгө чыдабай турганын ачык айткан, бирок, Надап менен Абыйут эскертүүгө кулак салышкан эмес. Бүгүнкү күндө бул мааниде эч нерсе өзгөргөн жок, Кудай дагы эле ыйык Кудай. Ал өзүнө тиешелүү урмат-сыйды көрсөтпөстөн, Анын алдына кирүүсүнө уруксат берет деп айтууга болбойт!

Үй-бүлөлүк байланыштар үчүн, эч кандай өзгөчөлүктөр болушу мүмкүн эмес. Башкача айтканда, эки ыйык кызмат кылуучулар, Мусанын туугандары жана Аруиндун уулдары эле. Бирок, алардын эч кимиси Кудайдын сотунун мыйзамдуулугуна шек келтирген эмес, анткени, бир гана Кудай адил жана адилеттүү. Андан сырткары, Муса Арунга жана анын калган эки уулуна өзүлөрү да өлүп калбаш үчүн, өлгөндөрдү жоктоп ыйлабашы да керектигин эскерткен. Болбосо, бул ого бетер Теңирди маскаралоо болмок, ошондуктан, Надап менен Абыйуттун сөөгү конуштан чыгарылып, ошол жерге коюлду.

Бул эки киши Кудайдын так берилген буйруктарына жеңил ойлуулук менен мамиле кылышкан. Алар Ага татыктуу урмат-сый көрсөтпөй, Анын алдына коркпой келишти жана жүрөктөрүнүн абалына жараша тил албастык көрсөтүштү. Көрүнүп тургандай, күнөөнүн тамырын Теңирдин алдында коркунучтун жоктугунан издесе болот.

## Кудайдан коркуу Анын алдындагы үрөй учуудан айырмаланат

Кудай ысрайылдыктарга Синай тоосунда көрүнгөндө, алар Анын алдында тура алышкан эмес. Мунун себеби, аларда Теңирден коркуу сезими жок болгон. Анын алдынан чегинип жатышканда, Муса аларга:

> «Коркпогула, Кудай силерди сыноо үчүн, Андан коркушуңар үчүн, күнөөгө батпашыңар үчүн келди»,
> - деди (Чыг. 20:20).

Муса «коркпогула» деп буйруган, анткени, Кудай «аларда Анын алдындагы коркуу болуш үчүн» адамдарды сыноо үчүн келген. Бир караганда, айтылгандын баары карама-каршылык сыяктуу сезилет, бирок ал андай эмес. Муса Теңирден коркуу менен Анын алдындагы үрөй учурарлык сезимди айырмалаган. Алардын ортосундагы айырма абдан чоң. Кудайдын алдында үрөйү учкан же корккон адамдын жашыра турган бир нерсеси бар. Ал Кудайга жакындагысы келбейт, анткени, Анын катышуусунун жаркыраган жарыгы анын жашыргысы келгенин ачып салат. Пабыл мындай дейт: “Анткени ашкереленген нерсенин баары жарык аркылуу ашкереленет, ачыкка чыккан нерсенин баары – жарык” (Эф. 5:13).

Кудай биздин үрөйүбүздүн учушун каалабайт, бирок, Андан коркушубузду талап кылат. Пабыл мындай деп жазган: Анткени Кудай бизге коркунучту эмес, күчтү, сүйүүнү жана өзүн өзү башкара билүүнү берүүчү Рухту берген (2 Тим. 1:7) жана Жакан да аны кайталайт: «Сүйүүдө коркунуч жок. Тескерисинче, жеткилең сүйүү коркунучту жок кылат, корккон адам кыйналат. Корккон адамдын ичиндеги сүйүү жеткилең эмес» (1 Жакан 4:18). Кудайдан үрөйү учкан адамдарда

Кудайдан коркуу эмес, коркуу руху болот, анткени, Жаңы Келишимдин каттарын жазгандар «коркуу жана титирөө менен куткарылышыбызды» айтышат (Флп. 2:12). Пабыл дагы бизге: «...Кудайга ыраазычылык билдирели, коркуу жана урмат көрсөтүү менен, Ага жаккандай кызмат кылалы. Анткени биздин Кудайыбыз – жалмап салуучу от» дейт (Эвр. 12:28,29). Петир муну ого бетер ачык айтат: «Себеби Ыйык Жазууда: «Ыйык болгула, анткени Мен ыйыкмын», – деп жазылган. Ар бир адамды ишине жараша бет карамалык кылбастан, соттоочу Кудайды Ата деп жатсаңар, анда келгин катары жашап жаткан убактыңарды коркунуч менен өткөргүлө» (1 Пет. 1:16,17). Бул саптарды окуп жатып, Кудайдан коркуу Жаңы Келишимдеги машайакчылыктын ажырагыс бөлүгү экенин түшүнбөй коюу мүмкүн эмес.

Мусанын Кудайдын бар экендиги жөнүндө адамдарга эмне деп айтканына көңүл бурсаңар: «Күнөө кылбашыңар үчүн, силердин көз алдыңарда Кудайдан коркуу болсун». Анткени, Кудайды сүйүү эмес, Кудайдан коркуу бизди күнөөдөн сактай алат. Пабыл бизге «коркуу жана титирөө менен өз куткарылышыбызды» ишке ашырарыбызды айткан. Ал куткарылуу сүйүү жана боорукердик аркылуу ишке ашат деп айтпайт. Башка катында Кудайдын арабызда түбөлүккө катышуусу жөнүндөгү убадасын эске салып, ал мындай дейт: «...денебизди жана рухубузду булгаган ар кандай ыпыластыктан арылалы, Кудайдан коркуу менен, ыйыктыкка умтулалы» (2 Корунттуктарга 7:1). Байкасаңар, ал муну Кудайдын сүйүүсү менен кылыш керек деп айтпайт.

Алдамчылык менен абакта отурган кызматчыга барганым эсимден кетпейт. Мен андан: «Кантип Машаяктын сүйүүсүнөн алыстап кеттиң?» – деп сурадым.

Ал мени карап туруп, анан ишенимдүү түрдө: “Мен алы-

стап кеткен жокмун", - деди.

Мен такыр таң калып: «Ал эми, алдамчылык менен ойноштук жөнүндө эмне айтууга болот?» — деп каршы болдум. Ал мындай деди: «Джон, ушул убакыттын ичинде мен Кудайды сүйдүм. Негизгиси, мен Андан корккон эмесмин». Анан ал менин өмүр бою эсимде калган бир нерсени айтты: «Джон, миллиондогон америкалык машайакчылар мага окшош. Алар Ыйсаны өздөрүнүн Куткаруучусу деп аташат жана Аны сүйүшөт, бирок алар Андан жогорку Теңири жана Өкүмдары катары коркушпайт».

Ошол маалда ичимде бир жарык күйдү. Мен өзүбүздүн элестетүүбүздө жана түшүнүгүбүздө жараткан Ыйсанын образын сүйө аларыбызды түшүндүм, бирок, ал чыныгы Ыйса эмес. Анткени, Ыйык Жазууда Теңирден коркуу - Кудайды жакындан таануу үчүн акылмандыктын башталышы (Накыл. 17; 2:5). Мен бул киши Ыйсанын бурмаланган образын жакшы көрөрүн түшүндүм.

## Алар Менден корксун үчүн

Муса бизди Кудайдан коркуу күнөөдөн сактаганын, ал эми күнөө бизди Кудай менен болгон мамиледен ажыратарын ачык айткан. Теңир Өзү менен келишим түзгөн элге мындай деди: «Бирок силердин мыйзамсыздыгыңар силерди Кудайыңардан бөлүп салды. Ал силерди укпаш үчүн, силердин күнөөңөр Анын жүзүн силерден буруп жатат» (Ыш. 59:2). Байкасаңар, Ал биздин күнөөлөрүбүз бизди Андан бөлдү, бизден Аны эмес деп айткан Ал. Кудай муну айтканда, Ал бутпарастар жөнүндө эмес, Өз эли жөнүндө айтып жатат. Кудай менен болгон ынак мамиледен биз өзүбүзчө бөлүнүп чыгабыз жана мунун себеби - Андан ыйык коркуунун жоктугу.

Кудайдын алдында үрөйү учкан адамдан айырмаланып, Андан *корккон* адамдын жашыра турган эч нерсеси жок. Ал өзүнүн жашоосу Теңирдин алдында ачык китептей экенин билет. Кудайдын каалоолорун баарынан жогору коёт. Кудайдын эрки ага досторунан, үй-бүлөсүнөн, жадагалса өзүнүн напсисинин каалоолорунан да салмактуу. Андай адам Кудайга моюн сунуудан артык эч нерсе жок экенин түшүнөт. Ал өзүнөн баш тартып, айкаш жыгачын көтөрүп, Ыйсаны ээрчийт. Ал Кудай үчүн жашайт.

Бул Мусанын жашоосунун мүнөздөмөсү. Ал Кудайдан коркчу. Ысрайыл корккон жок. Ысрайылдыктар өздөрүнүн каалоолорун, муктаждыктарын жана ыңгайлуулуктарын жогору баалап, аларды Кудайдын каалаганынан жогору коюшкан. Алар дайыма ишенебиз деп айтышса да, Ага ишенишчү эмес. Алар андай дегендиктери менен, дайыма Андан шектенип жатышты. Алар Анын Сөзүн, Анын каалоолорун жана буйруктарын баалашкан эмес жана аларды баарынан жогору коюшкан эмес, анткени алар Кудайдан коркушкан эмес. Алар Кудайды эч качан чындап сүйүшкөн эмес. Эмнеге? Анткени, алар Анын чыныгы аянын эч качан баштан өткөрүшкөн эмес. Ошон үчүн алар Анын алдынан алыстап кетишкен. Алардын Анын катышуусунун жарыгынан жашыра турган бир нерсеси бар болчу. Бул жарык аларды бардык маселелерди чечүүгө жана акыры кимге кызмат кылаарын тандоого мажбурлай турган убакыт келерин билишкен.

Ысрайыл эли Кудайдын катышуусу байкалган Синай тоосунан чегингенде, Муса, тескерисинче, ал жакка жакындаган. Ал Теңирге кулчулуктан ушунчалык кереметтүү түрдө бошотуп, өзүнө алып келген адамдар Ага жакындагысы келбей турганын айтышы керек болчу. Муса ушул учурдан

коркту, бирок Кудай бардыгын билип, Мусаны Өзүнүн жообу менен таң калтырды:

> “Мен бул элдин сага айткан сөздөрүн уктум, алардын айткандарынын баары жакшы” (Мыйз. 5:28).

Бул сөздөрдү укканда Мусанын кандай таң калганын элестетип турам! Ал адамдар айткан сөздөрдүн баарын Кудайдын билгенине таң калган жок (Кудай баарын билерин көп учурда унутуп калганыбыз таң калыштуу эмеспи), ал үчүн эң таң калыштуусу, Кудайдын ою боюнча ысрайылдыктардын өз сөздөрүндө туура болгондугу болду. Ошондо Муса, алар эмне үчүн Кудайга жакындай албай жатканын сурады. Кудайдын Мусага эл эмне үчүн ага жакындай албасын түшүндүргөнүнөн кейиштүү нерсени угууга болот эле:

> “Бирок алардын жүрөгү ушундай болсо кана! Менден коркуп, өмүрлөрү өткөнчө Менин осуяттарымды аткарышса, аларга да, алардын балдарына да түбөлүккө жакшы болор эле” (Мыйз. 5:29).

Бул жооп менен Кудай эки нерсени ачыктады. Биринчиден, эгерде адамда ыйык коркунуч жетишсиз болсо, анда Кудайга жакындаш таптакыр мүмкүн эмес. Экинчиден, мындай коркуунун бар экендигинин далили – Анын буйруктарын аткаруу жана баш ийүү болот. Ысрайылдыктар сүйлөгөндү билишкен, бирок алардын жүрөгүндө Кудайдан коркуу болгон эмес. Бардыгы, ар дайым жүрөктөн башталып, адамдын жүрүм-турумунда көрүнөт! Андан кийин Теңир Байыркы Келишимдеги эң бир трагедиялуу сөздөрдүн бирин айткан. Ал Муса аркылуу Өз элине мындай кабарды жеткирген:

> “Аларга барып: «Өз чатырларыңарга кайткыла», – деп айт (Мыйз. 5:30).

Кудайдын жүрөгү жараланган болсо керек, элге кайтканда Мусанын да жан дүйнөсүндө оордук болсо керек. Бул оордукту мен да көкүрөгүмдө сезип турам. Кудай аларды Мисирден бир гана себеп менен - Өзүнө жакындатыш үчүн - алып чыккан, бирок, алар эч нерсени түшүнүшкөн эмес (Чыг. 19:4). Бул улуу куткарылуу Анын кудайлык максаты болгон. Бирок, Анын аянын алуу үчүн элде эң чоң мүмкүнчүлүк пайда болгондо, алар артка чегиништи. Алар Андан коркпогондуктан, Анын алдына кирүүнү каалашкан жок. Алар чатырларына кайтып келип, Анын үнүн укпай, Анын катышуусусуз калышты. Ал аларга ынак мамилени сунуштады, бирок, алар муну каалашкан жок.

## Кудай менен достук

Башка жагынан алып караганда, элди чатырларга кайтаргандан кийин, Кудайдын Мусага айткан сөздөрүн уккула:

> “Сен болсо бул жерде Мени менен кал, Мен сага мыйзамдар менен көрсөтмөлөрдү айтам, сен ошол мыйзамдар менен көрсөтмөлөрдү аларга үйрөтүшүң керек” (Мыйз. 5: 31).

Ушундай! «Мени менен кал, Мен сага... айтам» Кандай гана кубаныч экендигин элестетсеңер! Кандай гана теңдешсиз сыймык! Муса калып, Кудайдын жүрөгүн угууга чакырылган! Бүткүл ааламда мындан жакшы эч нерсе болушу мүмкүн эмес! Сүйүүсү, даанышмандыгы, илими жана

кудурети чексиз Болгондун алдында болууга чакырылуу. Бүткүл асман сыйынган жана бардык жаратуулар Ага умтулгандын жанында туруу. Муса мына ушундай чакыруу алды!

Муса Кудайдан коркчу, ошондуктан Аны менен жакын мамиледе болгонуна кубана алган. Буга биз забурчунун сөздөрүнөн далил табабыз: «Ал Өзүнүн жолдорун Мусага, Өзүнүн иштерин Ысрайыл уулдарына көрсөттү» (Заб. 102:7). Муса көп учурда Кудайдын эмне кыларын алдын ала, бул окуялар болгонго чейин эле билген, анткени, ал Ысрайыл эли жакындай албаган жерде калгандыктан, Кудай Муса менен жүрөгүндөгү ойлорун бөлүшчү.

Ысрайылдыктар Кудайды алардын сыйынууларына берген жообу аркылуу таанып-билген. Алар Анын ниеттерин, каалоолорун, пландарын жана Анын жүрөгүнүн башка тереңдиктерин билишкен эмес. Алар Анын эмне кылып жатканын көрүштү, бирок, Анын эмне үчүн кылып жатканын эч качан түшүнө алышкан жок. Муса Аны жашыруун жерден уккан сөздөрүнөн тааныды. Бул жерде Ыйык Китептеги менин сүйүктүү аяттарымдын бири:

> “Теңирдин жашыруун сыры – Кудайдан коркcондорго, Ал Өзүнүн келишимин ошолорго жарыялайт” (Заб. 24:14).

Аяттын маанисин өзгөртпөстөн: «Кудайдын жүрөгүнүн сырлары Андан корккондор үчүн жана Ал аларга Өзүнүн келишиминин жолдорун ачып берет» деп айта алабыз. Ар бирибиздин сырларыбыз бар (алардын баары эле жаман эмес), бирок, биз аны бардык билген адамдарыбыз менен бөлүшпөйбүз, анткен менен, биз тыгыз байланышта

болгон жана биз ишенген жакын досторубузга аны ишенип айта алабыз. Мунун жүйөлүү себеби бар: алар биздин жүрөгүбүздүн асыл таштарын эч качан бизге зыян келтириш үчүн колдонушпайт же алар билип алган сырлардан пайдаланышпайт. Алар биздин сырыбызды сактай турганын билебиз. Алар биздин ишенимибизди туура эмес чечмелеп же сырыбызды өз кызыкчылыгы үчүн колдонбой турганын билебиз. Алар биздин жүрөгүбүздү билишет жана биз үчүн бардык жакшылыктарды каалашат.

Кудай да ошондой эле. Ал абдан эле өзүлөрүнүн жыргалчылыгы жана ырахаты менен алек болгон адамдар менен Өзүнүн сырларын бөлүшпөйт. Ал сырларын Аныкындай жүрөгү бар жана Ал үчүн жанын бергендер менен бөлүшөт - аларды Ал Өзүнүн достору деп атайт. Библиянын англисче котормолорунун биринде забурдун бул аяты мындай деп айтылат: «Теңирдин достугу - Андан корккондор менен, Ал аларга Өз келишиминин сырларын ачып берет» (Заб. 24:14).

## Ыбрайым – Кудайдын досу

Байыркы Келишимде Кудайдын досу деп аталган бир адам болгон. Ал кишинин аты Ыбрайым. Эмне үчүн ал Кудайдын досу болуп калган? Жоопту ал башынан өткөргөн эң чоң сыноодон табууга болот. Ал Кудайдын убадасынын аткарылышын жыйырма беш жыл күтүшү керек болчу. Ошондон кийин анын төрөбөгөн аялы Саара экөө уулдуу болушкан. Кудай ага бул уулду аялы экөө төрөт курагынан өткөндөн кийин көп жылдардан кийин берди. Уулунун атын Ыскак коюшту, бул *күлкү* дегенди билдирет. Бул бала алардын үйүнө алар элестете да албаган кубаныч тартуулады.

Кудай бул үй-бүлөнү кылдаттык менен карап

тургандыктан, Ыбрайым менен уулунун ортосунда күчтүү жана назик сүйүү пайда болгон. Сыноо мезгили келип, Кудай Ыбрайымдан: «Ошондо Кудай мындай деди: «*Жакшы көргөн* жалгыз уулуң Ыскакты алып, Мориа жергесине бар. Мен сага ал жердеги тоолордун бирин айтам, ошол жерде аны бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыкка чал» (Башт. 22:2, курсив автордон).

Ыбрайымдын бул буйрукту укканда кандай шок болгонун элестете аласыңарбы? Бул убаданын уулу эле, анын төрөлүшүн жыйырма беш жылдан бери чыдамсыздык менен күткөн бала эле. Ысмайылды эбак эле үйдөн кууп чыгышкан, бул - Ыбрайымдын эч нерсеси жок калганын билдирет. Бирок, эмне үчүн муну азыр, сүйүүнүн байланыштары өзгөчө бекем болгондо жасоо керек? Кудай эмне үчүн мынчалык көп күттү? Эмне үчүн Ыскак ымыркай кезинде уулун курмандыкка алып келүүнү сураган эмес? Көптөгөн библиялык окумуштуулар Ыскак бул убакта отуз үч жашта болгон деп эсептешет.

Ошол түндү элестете аласыңарбы? Ыбрайымдын көкүрөгүндө азаптуу күрөш жүрүп жатса керек. Кудай андан кантип муну сурайт? Баары пландалгандай болду. Бир күнү Ыскак үйлөнөт, анын урпактарынан Кудай Ыбрайымга убада кылган элдер менен падышалар чыгат. Кудай Ыбрайымдан уулунун өмүрүн кантип сурамак эле, анан да ушунча эрте? Ошол түнү Ыбрайымдын жан дүйнөсүндө болгон суроолорду угуп жатасыңарбыбы? *Анда эмне үчүн Ал мага Ыскакты берди? Кийин кайра алайын деп эле мага бердиби? Ал Ыскакты мендей жакшы көрөбү? Эмне үчүн уулумдун ордуна менин жанымды алгысы келген жок?*

Бирок, бул суроолордун жана ачуу ойлордун баарынан Ыбрайымда бир нерсе үстөмдүк кылган: Теңирден

коркуу. Кудай айтты жана ал баш ийди. Биз муну окуйбуз: «Ыбрайым *эртең менен эрте* туруп, эшегин токуп, өзү менен кошо малай балдарынан экөөнү жана уулу Ыскакты алып, жолго чыкты. Бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык үчүн отун жарып алып, Кудай айткан жерге барды» (Башт. 22:3, курсив автордон). *Эртең менен эрте* деген сөздөргө көңүл бурсаңар. Кээ бирөөлөрдөн: «Кудай мени менен акыркы айларда иштеп жатат, бирок мен азырынча даяр эмесмин» дегенин уксаңар керек. Мындай адамдар жөн гана Теңирден коркуу сезиминин жоктугун көрсөтүшөт.

Кудайдан коркуу – Анын Сөзүнөн коркуу. Бул анын себептерин, маанисин жана пайдасын көрбөсөк да Ага баш ийебиз дегенди билдирет. Бул эч нерсени түшүнбөсөк да, Ага баш ийебиз дегенди билдирет. Бул ал тургай, бизге баш ийүү оору алып келген учурда да болот. Биз, Жакшы Кабардын жарчылары катары, Машаяктын Денесине жаман кызмат көрсөттүк. Биз көп учурда баш ийүү жөнүндө качан анын пайдасы айкын болгондо гана сүйлөшөбүз. Биз мисалы минтип айтабыз, «Эгер сен берсең, анда Кудай берет...» же «Эгер сен сыйынсаң, анда Кудай...» же «Эгер моюн сунсаң, анда...» Бул, иш жүзүндө, анын ордуна бир нерсе алуу үчүн, Машайакка келүүгө болору жөнүндөгү кабар. Мен Кудай батасын берет деп ишенемби? Шексиз! Бирок, биз Кудайга бата алуу үчүн гана кызмат кылбашыбыз керек! Биз Ага Кудай Кудай болгондуктан гана кызмат кылышыбыз керек, Андан бир нерсе алуу үчүн эмес.

Ыбрайым дароо баш ийип, үч күн бою Кудай ага көрсөткөн тоого жөнөдү. Эмне үчүн Кудай жакыныраак тоону тандаган эмес? Эмне үчүн үч күндө барууга туура келди? Менин оюмча, Кудай Ыбрайымга анын буйругун карап чыгууга, атүгүл артка кайтууга убакыт берди. Кудайдын

үнүн укканда дароо кыймылга келүү башка, ал эми баарын аягына чейин жеткирүү такыр башка. Ыбрайым үч күндөн кийин, Кудайдан эч нерсе укпай калган кезде тоого чыгып, жашоосундагы эң кымбат нерсесин курмандыкка чалгысы келген жерди карап жатканда, эмнени ойлогондугун элестетсеңер.

Ошого карабастан, Ыбрайым тоонун чокусуна чыгып, курмандык чалынуучу жай куруп, Ыскакты байлап жана ага бычак көтөрөт. Анан күтүлбөгөн жерден Теңирдин периштеси Ыбрайымга мындай деди:

> «Балаңа кол көтөрбө, ага эч нерсе кылба, *анткени* Мен *эми* сенин Кудайдан коркоруңду, Мен үчүн жалгыз уулуңду да аябаганыңды билдим» (Башт. 22:12, курсив автордон).

Ыбрайымдын Андан коркуп жатканын Кудай кайдан билген? Ал муну Ыбрайым Кудайдын иш-аракеттери жөнүндө эч нерсе түшүнбөсө да, баш ийүүгө даяр экендигинен улам түшүнгөн. Ал эч кандай мааниси жоктой сезилгенде да баш ийди. Кудай Ыбрайымдын Теңирдин каалоолорун баарынан жогору койгонун көрдү. Ошондо Кудай «бул Мен Өзүмдү ачып бере ала турган жана жүрөгүмдү бөлүшө ала турган адам» деп түшүнгөн.

## Кудайдын ачылган жүздөрү

Ошондон кийин Ыбрайым башын көтөрүп караса, бадалдын арасына чырмалышкан кочкорду көрдү. Ошондо анын жүрөгүнөн «Жахаба-ире» («Теңир караштырат» дегенди билдирет) деген кыйкырык чыкты. Ал Кудайды Жахаба-ире деп тааныган биринчи адам болгон. Ыбрайымдын урмат-

сыйына жана баш ийүүсүнө жооп кылып, Кудай ага Өзүнүн кулк-мүнөзүнүн мурда эч ким билбеген жүзүн ачып берди.

Силер мени китептердин автору Джон Бивер катары билесиңер. Силердин кээ бириңер мени спикер Джон Бивер катары билесиңер. Бирок, бир аял бар, анын аты Лиза, ал мени күйөө катары билет. Бул менин абдан жакын досум жана жубайым, мен аны менен андан башка эч ким билбеген сырларды бөлүшөм. Уулдарыбыз бар, алар мени ата катары билишет. Биздин мамилебиз спецификалык, ал аталар менен балдарга гана таандык. Биздин жашообузда да аталар, аялдар, уулдар, достор ж.б. бар. Кудайдын мүнөзүнүн да көп жактары же жүздөрү бар.

Кудай Ыбрайым менен ага чейин эч ким билбеген нерселерди бөлүштү. Ал тургай, Теңир Ыбрайым менен пландарын бөлүшүп, ага өз оюн айтууга уруксат берген. Алар айрым маселелерди чогуу талкуулашты. Андай талкуулардын бири Содом менен Аморго тиешелүү. Кудай минтип айтты: «Мен кыла турган ишимди Ыбрайымдан жашырмак белем!» (Башт. 18:17). Теңир Ыбрайымга бул жагдайды талкуулоо үчүн келип, досунун пикирин баалап, аны уккан. Содомдон он гана адил адам табылса, өзүнүн кайгылуу тагдырынан кутулмак. Бирок, анда ошол сан да болгон эмес!

## Кудайдын пландарына карата сезимсиздик

Ыбрайымдын жээни, Ыйык Китепте адил деп аталган Лоттун (2 Пет. 2:7 карагыла) агасынан ушунчалык айырмаланганы таң калыштуу. Лот дене кумарын угуп жашаган адам болгон жана Кудайдан коркчу эмес. Анын таржымалы Ыбрайымдын таржымалынан айырмаланат. Ал өз сапарын Ыбрайым менен баштаган, бирок, дене рух менен бирге жашай башта-

ган сайын, сөзсүз түрдө чыр-чатактар болот. Ыбрайым дүйнөнүн нерселерине караганда Кудайдыкына көбүрөөк кызыккан, ошондуктан ал Лотту биринчилерден болуп өзүнө жер тандап алууга чакырган

Ыбрайым Лоттон кийин калган нерселерге ыраазы болууга даяр болгон, бирок, ал өзү үчүн тандап алган жер акыры сүт менен бал аккан түшүмдүү аймакка айланган.

Биз: «Лот көз чаптырып, Иордандын бүт тегерек-четин көрдү», - деп окуйбуз (Башталыш 13:10).

Ошол күндөрү Иорданиянын аймагы эң керектүү жана түшүмдүү жер болгон. Лот көз чаптырганда дагы эмнени көрдү? Ал Содом жана Амор шаарлары ыпластыкка толо экенин билген. Кыязы, бул жерди карап, ал алардын бузуку тасирин башынан өткөрбөстөн туруп, шаарлардын байлыгын кантип пайдаланууну аныктоого аракет кылгандыр. Ал шаардын өзүндө жашабай, Содом түздүгүнө чатыр тигип алууну чечти. Ушундай жол менен ал ыпластыктын очогунан алыс болуп, ошол эле учурда бул аймактын байлыгы менен берекесинен ырахат алмак. Биз: «Ыбрам Канаан жеринде жашап калды, ал эми Лот тегерек-четтеги шаарларда жашап, өз чатырларын Содомго чейин тикти» деп окуйбуз (Башталыш 13:12). Канчалык жамандыктан алыс болууга аракет кылба, бирок, Кудайдан коркпосоң, күнөө акыры сени өзүнө тартат. Лот менен мындай болгон: ал Содом түздүгүндө чатырлардан баштаган, бирок алты бөлүмдөн кийин анын үйү Содом шаарында болгон деп окуй алабыз (Башт. 19:2 кара).

Содом бай жана гүлдөгөн шаар болгон. Анын жашоочулары алардын шаары жер бетинен жок боло турган учурга саналуу гана сааттар калганын билишкен эмес. Бул бизди таң калтырбашы керек. Бирок, бизди тынчсыздандыра турган нерсе, Лоттун да муну билбегени болушу керек. Кудай

аны эскертүү үчүн периштелерди, мээримдүүлүк элчилерин жиберди. Кудайдан корккон жана Анын ички ойлору менен пландарын жашоодо ишке аша электе эле билген Ыбрайымдан айырмаланып, Лот Содомдо анын жанында жашаган күнөөкөрлөрдөй сезимсиз болгон. Ыбрайым Кудайдын досу болгон, анткени, ал Андан корккон!

## Чыныгы Ыйса

Ыбрайым менен Лоттун жашоосун Теңирден коркуунун жарыгында карап чыгууда, биз бул түшүнүктүн аныктамасын карайбыз. Теңирден коркуу өз ичине Кудай сүйгөндү сүйүүнү жана Ал жек көргөндү жек көрүүнү камтыйт. Ал үчүн маанилүү болгон нерселердин баары биз үчүн да маанилүү болуп калат, ал эми Ал үчүн маанилүү болбогон нерсе, биз үчүн да маанилүү болбой калат. Анын артыкчылыктары жана каалоолору биздики болуп калат. Теңирден коркуу Кудайдын эркине жана Анын бардык каалоолоруна чечкиндүү баш ийүүдөн көрүнөт.

Ыйык Жазууга ылайык, эгер биз Кудайдан корксок, Ал бизге жакындай баштайт. Биз Ага жакындаган сайын, Ага болгон сүйүүбүздүн күчү өсөт. Биз Ал жөнүндөгү билимди гана эмес, Өзүн бизге ачып берген тирүү Кудайды сүйөбүз. Теңирден терең жана туруктуу коркпой туруп, биз Кудай жөнүндөгү чыныгы билим менен мактана албаган сүйүүбүздү моюнга алабыз. Биз Ал жөнүндө билебиз, бирок, Аны билбейбиз. Бул учурда биздин сезимдерибиз Ыйсанын образына, биздин элестетүүбүздө калыптанган образга багытталган, анткени, биз Атанын оң жагында отурган чыныгы Ыйсаны билбейбиз.

Бул абалды күйөрмандардын Голливуд кино жылдыздары-

на же атактуу спортчуларга болгон сүйүүсүнө салыштырууга болот. Алар интервью жана гезит макалалары аркылуу маалымат каражаттары тарабынан түзүлгөн образдарды жакшы көрүшөт. Бул атактуу адамдардын ысымдары америкалыктардын үйлөрүндө көп угулат. Күйөрмандардын кумирлери тууралуу жакын достордой сүйлөшкөндөрүн уктум. Атактуулардын жеке жашоосундагы окуяларды өз үй-бүлөсүнүн мүчөлөрүндөй жүрөккө жакын кабыл алганын көрдүм. Бирок, эгерде алар чындыгында жолугуп калса, бул популярдуу инсандар жасалма жол менен жаралган образдан такыр башкача экенин көрүшмөк. Күйөрмандар менен атактуулардын ортосундагы мамиле бир тараптуу көчө сыяктуу. Эгерде алар турмушта жолугуп калышса, жалпы кызыкчылыктарды араң табышмак, сүйлөшө турган эч нерсеси жок болмок, анткени, бул адамдар бири-бирин таанышбайт.

Ошол эле тенденцияларды жыйындардан да көрдүм. Көптөр Теңир жөнүндө Ага абдан жакын адамдардай сүйлөшөт, бирок, алардын ой жүгүртүүсүн уксаң, алар билбеген Бирөө жөнүндө айтып жатышканы айкын болот, анткени, алар Аны эмес, Ал жөнүндө гана билишет. Алар Ал жөнүндө угушту, бирок, Анын үнүн угушкан жок. Алар Анын иштерин көрүштү, бирок, Анын жолдорун билишпейт, Анын айтканын билишет, бирок, Анын эмне деп жатканын билишпейт.

Мындай өзгөчө окуя өткөн жылы менде болгон. Үй-бүлөм менен Гавайиде эс алып жүргөнбүз. Саат айырмасынан улам эрте ойгондум. Бир күнү эртең менен жээкте сыйынып жатсам, жаныма бир киши келип, мени менен сүйлөшүп калды. Ал аралды абдан жактырарын айтып жана бул теманы толкунданууу менен талкуулады. Дээрлик дароо эле, ал мага

«бул аралдагы кыздар сонун - абдан достукту сүйгөн жана мамилеге жакшы» деп билдирди. Андан ары ал жакында эле катышкан кечеси жөнүндө айтып, башка денелик темаларга да токтолду. Анын бардык сүйлөшүүлөрү өтө адепсиз жана үстүртөн болгон.

Анан менин эмне кыларымды сурады. Ал менин ыйык кызмат кылуучу экенимди укканда толкунданып, Теңир жөнүндө айта баштады. Ал өзүнүн жыйыны, байкерлер үчүн уюштурган евангелисттик долбоорго катышканын, анан анын пастору жөнүндө айта баштады. Ал мага Ыйсага кантип келгенин айтып берди, атүгүл мага жанында болгон китепчесин да берди. Анан ал аялы менен балдары дагы эле мейманканада уктап жатканын айтты (ушул сөздөр менен ал аралдын достукту сүйгөн кыздары жөнүндө айтканда анын толкунданганын дароо эстедим). Жүрөгүм сыздап кетти, анткени, бул адамдын Теңирди билип турганы анык эле. Биро,к анын жашоосу бүт тескерисинче күбөлөндүрүп турду. Ошондуктан, Ыйса биз ишенгендерди сөзүнөн же кызматы аркылуу эмес, жемиштеринен, башкача айтканда, жашоо образынан билебиз деп айтат (Мт. 7:20-23).

Бул көп мисалдардын бири. Мен ишенем, силер мындан да айкыныраак мисалдарга туш болгондурсуңар. Мындай учурларда Машаякка ишенерин айткан адамдар кино жылдыздарынын күйөрмандары сыяктуу болушат. Бул адамдар үчүн мен жаман болуп кыйналам. Булар куткарылууну каалаган, бирок, дүнүйөдөгү нерселерди сүйгөн, ырахаттануу каалоолорун, пландарын жана ниеттерин Кудайдын пландарынан жогору койгон адамдар.

Бирок, чынында эле куткарылган адамдар да бар, бирок, алар Лот сыяктуу, дене кызыкчылыгында жашагандар. Алар

дүйнө иштерине тартылып кетишкендер. Алар Кудайга кызмат кылууну каалашат, бирок, табиттери аларды бул дүйнөнүн кулуна айланткан. Алар өздөрүнүн эголорунун айкаш жыгачта өлүшүнө жол бербейт жана жашоосунда Машаяктын тазалоо ишине каршылык көрсөтүшөт. Алар Анын эркин издешпейт жана Кудайдын Падышачылыгын кеңейтишпейт. Алар куткарылышкан, бирок, аларга Кудай менен жакындык жетишпейт. Алар дагы эле өздөрүнүн денесинин пардасы менен чектелген сырткы короодо жашашат, анткени, бул алардын жаңы жана тирүү жолго баруусуна жол бербейт. Алар Анын алдында турушат жана ошол эле учурда Андан алыс.

Сырткы короодо жашаган адамдар Кудай аларды эмне үчүн бул дүйнөнүн ээзүүсүнөн куткарганын түшүнүшкөн жок. Алар Кудайды таанып-билүү үчүн эң жогорку адамдык чакырыкты өткөрүп жиберишкен. Алар Кудайдын сүйүүсү, берекеси, коргоосу, ырыскысы жана молчулугу тууралуу насааттарды жакшы көрүшөт. Мунун баары чындык, бирок, алар өздөрүнүн жүрөктөрүнүн абалына тиешелүү болгон маселелерди уккусу келбейт. Алар өздөрүн эч качан чындап канааттандырбай турган нерсени тандап алышып, жүрөгүндөгү тирүү суунун булагынын жанынан кыя өтүшөт.

Кудай биз менен жакын мамиледе болууну каалай турганын, Ал ыйык экенин жана Аны эч кимдин шылдыңдашына жол бербестигин түшүнүшүбүз керек. Ал бизди Өзүнө тартуу үчүн өтө кымбат бааны төлөдү, анан кантип биз дүйнө менен дос бойдон кала алабыз? Бизди Кудайга жакындоого чакырардын алдында Жакып: «Бул дүйнө менен дос болууну каалаган адам Кудайдын душманы болуп калат»-деп эскерткен (Жакып 4:4). Дүйнө менен

достук издесек, Кудайга душман болобуз дейт. Эсиңерде болсун, ал ишенгендерге сүйлөп жатат. Пабыл ошондой эле, абдан конкреттүү жана ачык-айкын фразаларды колдонот: «Анткени Кудайдын бардык адамдарды куткара турган ырайымы айкын болду. Бул ырайым бизди кудайсыздык менен бул дүйнөнүн кумарларын четке кагууга, азыркы мезгилде адеп-ахлактуулук менен, адилеттүү жана такыбаа жашоого үйрөтүп жатат» (Тит 2:11,12). Ошондуктан да, Пабыл бизди «коркуу жана титирөө менен куткарылууга» чакырат.

## Ыйсанын достору

Биз Аны кабыл алсак, Анын досу болобуз деген насааттарды көп угабыз. Кудай эч кимди жеңил жана ойлонбой эле, Өзүнүн досу деп атай албасын эми түшүнөсүңөр го деп үмүттөнөм. Күндөрдүн биринде мен сыйынып жатканымда, Ал мени чакырды да, минтип айтты: «Менин элимден сура, алар Мага алардай ишенимдүү болушумду каалаайбы?» Ыйса жерге ар бир адам эле «Жогорудан кайрадан төрөлгөндөрдүн» клубуна кошулушу үчүн келген эмес. Ал Өзүн сүйгөндөй сүйгөн адамдар менен достукка умтулат жана ушундай жол менен гана биз Анын достугуна ээ боло алабыз. Бул чындыкты Ал Өзү ырастады:

> “Эгерде силер Менин айткан сөздөрүмдү аткарсаңар, Менин досторумсуңар” (Жакан 15:14).

Достукка байланыштуу Ыйсанын айрым шарттары бар. Ал: «Эгер менин Машаяк экениме ишенсеңер, силер Менин досторумсуңар» деп айткан жок. Ал, биз көрүп тургандай, мындай дейт: «Эгерде Мен силерге буйруганымды аткарсаңар, силер Менин досторумсуңар». Биз бул бөлүмдө

Анын буйруганын аткаруунун күчү жана жөндөмдүүлүгү Теңирден коркуу экенин айтып өттүк.

Ыйса муну Жүйүт Искариот чыккынчылык кылуу үчүн кеткенден кийин айткан. Кийинки аятты окусак, Ыйса он бир шакиртине кайрылып: «Мен мындан ары силерди кулдар дебейм» (Жакан 15:15) деп айтканын көрөбүз. «Эми дебейм» дегени, аларга малай катары караган учур болгон, эми алар өз ара мамиленин жаңы деңгээлине өткөнүн билдирет. Бул сөздөн кийин Ал мындай дейт:

> Анткени кул өз кожоюнунун эмне кылып жатканын билбейт. Мен силерди досторум дедим, анткени силерге Атамдан уккандарымдын баарын айтып бердим” (Жакан 15:15).

Байкагыла, Теңирдин достору Анын эмне кылып жатканын билишет. Алар Анын жолдорун билишет! Эмне үчүн алар өз ара мамилесинин башында эмес, дос деп азыр аталды? Чындыгында, алар өздөрүнүн ишенимдүүлүгүн жана тил алчаактыгын иш менен далилдешти, анткени алар Аны ээрчип, оор сыноолордон жана текшерүүдөн өтүшкөн, кереметтердин, жышаандардын жана жасалган бардык жакшылыктардын кубанычын бирге башташкан. Алардын берилгендиги алардын баш ийүүсү менен далилденген.

Ыйсанын сөздөрү Анын ысмын чакыргандардын баарына жайылтылат: «Эгер силерге буйруганымды аткарсаңар, силер Менин досторумсуңар». Байкасаңар, Ал достук Ага баш ийгендерге берилет деп ачык айткан. Забурда Кудайдан корккондор үчүн камдап койгон эң чоң ырайым жана баталар жөнүндө айтылган көптөгөн аяттар бар.

Эмне үчүн Кудай ар бир адамды Өзүнүн досу деп

атабайт? Мен бул бизди коркунучтуу тааныштыктан коргойт деп ойлойм. Аруңдун уулдарын жана алар өлгөндөн кийин Кудайдын Арунга эскертүүсүн эстегиле: «*Мага жакындагандар менен* Мен бүт элдин алдында ыйыкталам жана даңкталам».

Жаңы Келишимде да бир киши менен анын аялы ыйык Кудайдын алдына тоготпогондой мамиле менен киргени сүрөттөлөт. Алар дароо, Анын алдында өлүштү (Элчилер 5:1-11 кара). Ишенгендер Кудайды урматтабоо канчалык олуттуу экенин түшүнүшкөндө, «Бүт жыйынды чоң коркунуч каптады». Анан дагы: «Мен Мага жакындагандар аркылуу ыйыкталам, бүт элдин алдында даңкталам» дейт.

Өткөн жылы мен укмуштуудай сырды ачтым. Сыйынуу учурунда мен сөздөн кармана баштадым жана жөн гана Атамдын улуулугу жана кереметтүү даңкы жөнүндө ойлоно баштадым. Ыйса Машаяк мени Өзү үчүн жеңип алган даңктуу жана укмуштуудай жеңиш жөнүндө ойлодум. Мен Анын даңктуу Руху жөнүндө жана Ал мени Өзү менен чогуу болуу үчүн кантип тандап алганы жөнүндө ойлондум. Мунун баары кандай түшүнүксүз жана таң калыштуу!

Ушундай ой жүгүрткөн учурда мен Теңирдин ар тараптан мени курчап калышы үчүн сөз айтуунун кереги жок экенин түшүндүм.

Анын алдына кирүү ушунчалык оңой болгонуна таң калып, мен бул тууралуу Ыйык Рухтан сурадым. Ал менин жүрөгүмө мындай деди: «Уулум, Ыйса шакирттерине сыйынууну үйрөткөндө эмне кылууну айтты эле?» Мен Теңирибиздин сыйынуусун келтирдим: «Асмандагы Атабыз! Сенин ысымың ыйыкталсын». Мен таң калып, кубанганымдан: «Мына, мына!» деп кыйкырып жибердим. Биз баарынан мурда жана башынан эле Аны ыйыкташыбыз керек, башкача айтканда,

Аны ыйык катары урматообуз керек: «Сенин ысымың ыйыкталсын»! Биз Ага ыйыктыгын урматтоо аркылуу Анын алдына киришибиз керек! Канча жылдан бери бул сыйынуу менен сыйынып жүрүп Ыйса бизге эмне деп айткысы келгенин түшүнбөптүрмүн!

## Өмүрдүн байлыгына карата ачкыч

Теңирден коркуу – бул Кудай менен болгон жакындыктын ачкычы жана бүт жашоонун негизи. Ышайа бизге мындай дейт:

> Жогоруда жашаган Теңир улуу. Ал Сионду адилеттикке жана акыйкаттыкка толтурат. Ошондо сенин коопсуз күндөрүң келет, куткарылуу, акылмандык жана билим мол болот. Кудайдан коркуу сенин байлыгың болот (Ышайа 33:5,6).

Теңирден коркуу куткаруунун, акылмандыктын жана билимдин казынасын ачат. Эмнеге? Анткени, бул Кудайга жакындыктын негизи жана ошонун негизинде Анын казыналары ачылат. Кудайдын сүйүүсү менен бирге, ал жашоонун негизин тартуулайт. Эгерде бизде Кудайдын коркунучу болобосо, биз Кудайды чындап сүйө албайбыз жана Аны менен жакын мамиледе болуудан кубана албайбыз.

## ТЕМАГА БАЙЛАНЫШТУУ СУРООЛОР:

1. Кудайдан коркууга карама-каршылык болгон Анын алдында үрөй учуу деген эмнени билдирерин өз сөзүңөр менен кантип түшүндүрөт элеңер?
2. Бул бөлүмдө Кудайдын досу Ыбрайым менен анын адил деп аталган жээни Лот салыштырылат. Лот ыймансыз Содом жана Амор шаарларынын айланасындагы өзүнө жаккан аймактарды изилдеп атканда, алардын бузуку таасиринен алыс болом деп үмүттөнгөн жана бул шаарлардын байлыгын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн ойлогон.

Силерде да ушундай ойлор болгонбу? Кудайдан коркуу мындай зыяндуу ой жүгүртүүдөн кантип сактайт?

3. Жазуучунун Гавайи пляжында бир адам менен жолуккан учуруна токтолсок, силерде мындай жолугушуулар болгон беле?

Ошол убакта өзүңөрдү кандай алып жүрдүңөр эле?

Андай жолугушуулар китептеги эпизоддой өзгөчө болгонбу, же андай эмес беле, же балким, силер өзүңөр жээктеги тиги кишидей болуп, сүйлөгөн сөзүңөр, кылган ишиңер менен жүрөгүңөрдүн ошол учурдагы абалын билдиргендирсиңер? Силер бул жагдайлардан кандай сабак алдыңар же жаңыдан үйрөнө баштадыңарбы?

4. Забур 24:14түн негизинде («Теңирдин жашыруун сыры – Кудайдан корккондорго, Ал Өзүнүн келишимин ошолорго жарыялайт») автор, Кудайдын адам менен достук маселесине өтө кылдат мамиле кыларын көрсөтөт, анткени, Ал тааныш болуу коркунучунан бизди коргогусу келет. «Тааныш болуу коркунучу» эмнеде?

7-бөлүм

# ЧЫНЫГЫ ЖАКЫНДЫККА ЭМНЕ ТОСКООЛДУК БОЛОТ?

Алданган адамдар чындыгында алар билбеген бир Кудай жөнүндөгү билим менен өздөрүн сооротушат.

Теңирден коркуу – бул биздин Кудай менен болгон жакындыгыбыздын негизи. Бул чындык Накыл сөздөр китебинин башынан эле айкын көрүнүп турат. Биз окуйбуз: «Акылмандыктын башталышы – Теңирден коркуу». (Накыл сөздөр 1:7). Кандай акылмандык? Накыл сөздүн автору муну мындайча түшүндүрөт:

> Эгерде менин сөздөрүмдү кабыл алсаң, менин акыл-насааттарымды сактасаң, кулагыңды акылмандыкка төшөсөң, жүрөгүңдү ой жүгүртүүгө бурсаң, билимди чакырсаң, акылга кайрылсаң, аны күмүш менен кенчти издегендей издесең, Теңирден коркуу деген

> эмне экенин түшүнөсүң, *Кудай жөнүндөгү билимге жетесиң* (Накыл сөздөр 2:1-5, курсив автордон).

Библиялык терминдерде *билим* деген сөз «аны менен болгон мамилени билдирген адам жөнүндө маалымат» деп түшүндүрүлөт. Вайндын сөздүгүндө *билим* деген сөз «Аны (Кудай) менен практикалык жана жакын таанышууну» билдирет. Сөздүктө андан ары билим деген сөздү «Кудайды таануу менен Андан коркуунун ортосундагы талашсыз параллелди» билдирет деп айтылат.

Мурунку тексттен силер Теңирден коркуу Анын осуяттарын бийик урматтоодо көрүнүп турганын түшүндүңөр. Анын осуяттарын урматтоо, кандай гана жагдай болбосун, Ага баш ийүүгө даярдуулук менен Анын Сөзүнө кунт коюп угууну билдирет. Кудайдан ыйык коркуу сезими жок адамдар Кудай менен тыгыз мамиледе болууга үмүттөнө алышпайт, анткени Жакып мындай адамдар «өзүн-өзү алдайт»-дейт (Жакып 1:22). Андай адамдар Анын эркин билишет, бирок, аны аткарышпайт. Алдануу коркунучтуу нерсе, анткени алданган адамдар аларда баары жакшы деп ойлошот, бирок, чындыгында андай эмес. Алданган адамдар чындыгында билбеген Кудай жөнүндөгү билим менен өздөрүн сооротушат.

## Теңирдин бурмаланган сүрөтү

Теңирден коркпосок, биз Кудайды таанybайбыз. Андай учурда жан дүйнөбүздө же элесибизде бурмаланган образ пайда болот. Биз Аны менен сүйлөшүп, Аны урматтап, Ага оозубуз менен сыйынсак да, жүрөгүбүз Андан алыс, жашообуз болсо, Анын каалоолоруна туура келбейт. Муну Израилдин мисалынан көрүүгө болот.

Мурунку бөлүмдөрдө айткандай, Муса өз элин Кудайга алып барыш үчүн Синай тоосуна алып барган, бирок «Эл алыста турду. Муса болсо Кудай турган караңгы булутка кирди» (Чыг. 20:21). Кандай гана өкүнүчтүү, алар Кудай менен болгон бул кереметтүү жана таң калыштуу жолугушууга чечкиндүү боло алышкан эмес. Мунун натыйжасында эмне болгонун ким билет? Алар Анын сөздөрүн Өзүнөн угууга мүмкүнчүлүгү болгон! Бирок, биз айткандай, алар Анын алдына кирүүнү каалашкан эмес, алардын жүрөгүндө Кудайдан коркуу сезими болгон эмес, ошондуктан Анын осуяттарын аткарышкан эмес (Мыйзам 5:29 карагыла).

Көңүлү калган Кудай, Өзү менен элдин ортосуна ортомчу дайындады. Ал Мусага: «*Сен жана* Арун *сени менен* келсин»,— деди (Чыг. 19:24, курсив автордон). Кудай Муса менен Арунду арачы катары өзүнө чакырган. Алар Кудайдын сөзүн угуп, элге жеткирүүсү керек эле жана өз кезегинде элдин жообун да Кудайга жеткирүү керек болчу. Мунун баары Кудайдын адамдар менен болгон алгачкы ынак мамилесинен түп-тамырынан бери айырмаланат.

Биз Чыгуу китебин окууну улантып, Муса кайрадан тоого чыгып, Арун станга кайтып келгенин көрөбүз. Ал тоого чыга баштагандай болду эле, бирок эмнегедир станга келип калды. Эмнеге? Анткени, ал Кудайдын алдында эмес, адамдардын алдында өзүн бир топ эркин сезчү. Ага Теңирден коркуу сезими жетишсиз болчу. Арун Кудайга караганда адамдардан көбүрөөк корккондуктан, ал адамдарга кызмат кылууну артык көргөн. Ал адамдарга алар сурагандарын берди, болгондо да абдан тез берди.

Муса тоодо дээрлик кырк күн болду жана биз муну окуйбуз:

> «Ысрайыл эли Мусанын көптөн бери тоодон түшпөй жатканын көрүп, чогулуп келип, Арунга мындай дешти: «Бизди Мисир жеринен алып чыккан Мусага эмне болгонун билбейбиз, ошондуктан сен бизге бизди баштап жүрө турган кудай жасап бер» (Чыг. 32:1).

Арундун лидерлик жөндөмү болгон жана бул жөндөм айрым сапаттарга ээ болчу, мисалы, адамдарды өзүнө магниттей тарта алган. Бул жөндөмдүн аркасында адам кандай болгон күндө да, адамдарды өзүнө тартат жана таланттуу жетекчи Кудай менен биргеби же жокпу, маанилүү эмес. Бул миңдеген адамдардан турган жыйынга ээ боло аларды, бирок жыйналыштарда Кудайдын катышуусу жок экенин жана ал жерде Анын каалоолору бурмаланган түрдө берилгендигин түшүндүрөт. Кудайдан коркпогон жетекчи көп учурда Кудайдын эмес, элдин каалоосун аткаруу үчүн Кудай берген таланттарды колдонот.

Эл Арундан: «Тур да, биздин алдыбызда жүрүүчү кудай жасап бер, анткени бул киши менен, Муса менен... эмне болгонун билбейбиз», - деп сурай башташты. Байкасаңар, алар: «Анткени Кудай менен... эмне болгонун билбейбиз» дешкен эмес. Алар Кудайды таанышкан жок, Мусаны гана четке кагышты.

## Кудайбы же кудайларбы?

Ыйык Китептин түп нуска текстин изилдөөдө мен ар дайым котормо түп нускага канчалык жакын экенин билүүгө аракет кылам. Англисче котормочулар көбүнчө кудайлар деген сөздү колдонушат. Бирок, elohiym деген эврей сөзү - бул «кудайлар». Байыркы Келишимде бул сөз 2606 жолу кездешет, анын ичинен 2350 жолу (90 пайыздан ашыгы) биз кызмат кылып жаткан

Кудуреттүү Кудайды билдирет. Башталыш китебинин биринчи бөлүмүндө эле бул сөз отуз эки жолу кездешет жана бардык учурларда Теңирди билдирет. Мисалы, Ыйык Китептин биринчи аяты мындай деп айтылат: «Башында Кудай [*элохим*] асман менен жерди жараткан» (Башталыш 1:1). Бул жерде *элохим* «Кудай» деп которулат. Болжол менен Байыркы Келишимде бул сөз жалган кудайды белгилөө үчүн эки жүз элүү жолу колдонулат. Ошондуктан, жазылганды туура түшүнүү үчүн ар дайым контекстке кармануу керек.

> “Арун аларга: «Аялыңардын, уул-кыздарыңардын кулактарындагы алтын сыргаларды чыгарып, мага алып келгиле», – деди. (Чыг. 32:2). Адамдар дал ушундай кылышты. «Алардын колунан сыргаларды алып, алтындан музоо куюп, аны кескич менен иштеп чыкты» (Чыг. 32:4). Ал музоону алтындан куюп бергенде, бүт эл: «Мына сенин кудайың, Ысрайыл! Сени Мисир жеринен алып чыккан кудайың ушул!» - дешти. (Чыг. 32:4).

Бул жерде колдонулган эврейче *кудай* деген сөз да *элохим*. Эл: «Оо, Ысрайыл, сени Мисир жеринен алып чыккан бул сенин *кудайың*!» – дешти. Эмне болгонун көрүп жатасыңарбы? Келгиле, эл эмне деп жатканын жакшыраак түшүнүү үчүн окуйлу.

> Арун муну көрүп, алтындан куюлган музоонун алдына курмандык чалынуучу жай жасап: «Эртең *Теңирге* арналган майрам болот», – деп жарыялады (Чыг. 32:5, курсив автордон).

Бул аяттагы *Теңир* деген эврей сөзү - *Jehovah* или

*Yahweh*. *Жахаба* — Байыркы Келишимдеги эң ыйык сөз. Бул жалгыз жана чыныгы Кудайдын ысымы. Бул ысым Байыркы Келишимде эч качан жалган кудайга карата колдонулган эмес. Бул сөз ушунчалык ыйык болгондуктан, эврей жазмачылары аны толук жазышкан эмес. Алар сөздөн бардык үнсүздөрдү чыгарып салышкан жана үндүүлөрдү гана жазышкан: YHWY. Жүйүт китепчилери аны айтылбаган төрт тамгадан турган ыйык Тетраграмматон деп эсептешкен. Бул ыйык ысымды үн чыгарып айтууга болбойт болчу жана Ысрайылда ал ар кандай акарат кылуудан корголгон.

Ошентип, Арун менен Ысрайыл уулдары оюп жасалган музоону көрсөтүп: «Мына, сени Мисир жеринен алып чыккан Жахабаң!» – дешти. Алар: «Мына, Ысрайыл, сени Мисир жеринен алып чыккан Баалың!» – дешкен жок. Ошондой эле, алар Мисир кулчулугунан куткарылууну башка жалган кудайга байланыштырышкан эмес. Алар музоону жөн эле Теңиринин атынан аташкан.

## Табынуудан кийин өзүнүн кумарларына макул боло берүү

Алар Кудайды ачык эле четке кагышкан жок, бирок, Анын даңкын өздөрү жараткан музоонун деңгээлине түшүрүштү. Алар чыныгы Кудай жөнүндөгү билимдеринде алданып калышкан. Алар Теңирди өздөрүнүн куткаруучусу жана коргоочусу катары таанып, Анын айыктыруучу күчүн танган эмес, жөн гана Анын чыныгы бейнесин ойлоп табылган образ менен алмаштырышкан. Андан ары эмне болгонун карап көрөлү:

> Алар эртеси эртең менен эрте туруп, бүтүндөй өрттөлүүчү курмандык менен тынчтык курмандыгын

> чалышты. Анан эл ичип-жегени отурду, көңүл ачканы турду (Чыг. 32:6).

Байкасаңар, алар бул музоого курмандык алып келишкен. Бирок, эмне үчүн курмандык чалыныш керек? Бул алар кызмат кылууга убада кылган Жахабага урмат көрсөтүү үчүн жасалууда. Курмандык чалып, табынышкндан кийин ойноп, напси табитин тойгуза башташты. Англисче Библиянын бир вариантында алар «ичкилик кечесин өткөрүшкөн» деп айтылат.

Бүгүн ушундай нерсе болушу мүмкүнбү? Бүгүнкү күндө Анын куткаруучу ырайымы менен дүйнөлүк көйгөйлөрдөн куткарылып, Ыйсанын ысымын чакырып, анын элестетүүсүн бурмалаган жана Андан эч кандай коркпогон адамдар барбы? Алар Кудайдын кайрадан төрөлгөн баласы сыяктуу сезимге кубанышат, Аны өздөрүнүн Теңири катары моюнга алышат, жыйынга барышат, куткарылуу жана эркиндик жөнүндө ырларды ырдашат, насааттарды угуп, ондук беришет, бирок жыйындан чыгып кетип, келишим түзүп жатканда калп айтышат, ошол эле учурда бизнесине Кудайдын батасы берилген деп айтышат. Мүмкүн, алар «бул чындык, муну баары билет» деп актанып, өздөрүнүн пасторлорун жана башка адамдарды ушакташат. Алар ойноштук жана башка уятсыз иштерди кылышат, андан кийин бардыгын, куткарылышканына карабастан, дагы деле денеде жашап, белгилүү бир муктаждыктарды канааттандырууга муктаж экендиги менен акташат. Бул тизмени чексиз улантууга болот.

Алар Ыйсаны таанышабы? Алардан сурасаң, силерге жалындуу жана күйүп-бышуу менен: “Ооба!”- деп жооп беришет. Алар алданып атышабы? Алар азыр Асманда

Улуу Улуктун оң жагында Отурганды моюнга алышабы же өздөрүнүн кыялдары менен жараткан жана алар сураганын бергенге баш иийишеби? Бирок, андан да маанилүүсү: бул портреттен биз өзүбүздү көрүп жаткан жокпузбу?

Адамдар Теңирден коркуу сезими жок болгондо, алар Ага жалынып-жалбарышат, бирок алар дайыма өздөрүнүн денелик кызыкчылыктары менен алаксышат, биз билгендей, дене Кудайдын эркине баш ийбегендиктен, Кудай менен касташып турганын көрөбүз (Рим. 8:5-7 карагыла). Мындай адамдар Анын атын айтышканы менен, Анын каалоолоруна баш ийишпейт, Аны тааныйм дешет жана Ал алардын жүрүм-турумун жактыраарына чын жүрөктөн ишенишет. Алардын тил албастыгы Теңирден коркуунун жоктугунан, бардык тил албастыктын тамырынан келип чыгат. Маселе, алар «Ыйсаны билебиз» деп алданып атышкандыкта.

## Эч нерсе жашыруун эмес

Бул трагедияны Ыйык Китептин көп жерлеринен көрүүгө болот. Ал Адам атанын уулу Кабылдан, Адам ата кулагандан көп өтпөй эле башталган. Кабылдын ата-энеси бакчада күнөө кылганда, өздөрүнүн билимсиздигинен улам жылаңач жерлерин жердин мөмөлөрү болгон, эч нерсеге жарабаган анжир жалбырактары менен жаап коюшкан. Кудай аларга Өзүнүн каалоосу боюнча жаныбарларды курмандыкка чалуу керектигин көрсөттү. Аларга малдын терисинен кийим тикти, менимче, ал малдар кой болгон. Ошондуктан, Кабылды сабатсыз деп айтууга болбойт. Ал ата-энесинен Кудайдын жердин жемишинен эмес, курмандык катары жаныбарларды алууну каалаарын билген. Ошентсе да, Ыйык Китептен: «Арадан убакыт өттү, Кабыл жер жемиштеринен

*Теңирге* тартуу алып келди» (Башт. 4:3, курсив автордон) деп окуйбуз. Көрүнүп тургандай, анын Кудайга кызмат кылууга аракет кылганы анык, анткени Ыйык Китепте ал өзүнүн белегин жалган кудайга алып келгени айтылбайт. Ал Кудайга эмгегинин үзүрүн тартуулоо үчүн тырышчаактык менен иштеген, бирок, бул ачыктан-ачык тил албастык болгон.

Бирок, бул баш ийбестиктин тамыры эмнеде? Ал баягы эле - Теңирден коркуунун жоктугу. Бул Кудайдын Кабылга берген суроосунан көрүнүп турат, анткени Кудай Кабылдан анын өлтүрүлгөн бир тууганынын кайда экенин сураган. Кабыл: «Билбейм. Мен бир тууганымдын кароолчусумунбу?» деп жооп берет (Башт. 4:9). Көрүнүп тургандай, ысрайылдыктар жана алар куйган музоо сыяктуу эле, Теңирден коркуунун жоктугу Кабылды Кудайдын бейнесин кемсинтүүгө жана Ага кызмат кылуунун жолдорун өзгөртүүгө алып келген. Кабыл, өзүн алдап, ал тургай, Кудай жөнөкөй адам сыяктуу, Кудайдан бир нерсени жашыра алам деп ишенет. Кудайдын бейнеси Кабылдын көз алдында адамдын деңгээлине чейин түшүрүлгөн. Пабыл акыркы күндөрдө бул тенденцияны көбүрөөк байкай турганыбызды абдан олуттуу эскертет: «Анткени алар Кудайды таанып билип туруп, Аны Кудай катары даңкташкан жок... Өлбөс Кудайдын даңкын жок боло турган адамдын... бейнелерине алмаштырышты Бирок алар Кудайды таанып-билип, Аны Кудай катары даңкташпадыбы...» (Римдиктерге 1:21-23). Кабылга окшоп, Кудайдан коркуунун жоктугу мындай адамдарды өзүн-өзү алдап, алардын бузуку жолдорун Кудай көрбөйт деп ишенүүгө алып барат.

Кабылдын берген жообуна караганда, ал Кудайдан эч нерсени жашыруу мүмкүн эмес экенин унуткан. Кудай адам эмес, баарын көрүп турат, билет. Биз Кудайдан коркууну унутканыбызда, рухий акылыбыз да жоголот, анткени, эң

атактуу күнөөкөр Кудай анын козголоңун жана каршылыгын көрүп турганын билет. Кудайды таанып-билип, бирок Теңирден коркпогон адамдар: «Теңир көрбөйт» (Жез. 9:9) деп жалган үмүт менен өздөрүн сооротушат, же көрүп турса да балким, Ал баарын түшүнөт жана кечире дешет. Ал тургай, кээ бир жыйын башчылары да четте калышпайт. Кудай мындай дейт: «Адам уулу, Ысрайылдын аксакалдары караңгы жерде, ар бири өзүнүн сүрөт тартылган бөлмөсүндө эмне кылып жатышканын көрүп турасыңбы? Анткени алар: “Теңир бизди көрбөйт, Теңир бул жерди таштап кетти”, – дешет» (Жез. 8:12).

Кантип эле биз Ыйсанын Кудайдан коркуу жөнүндөгү катуу буйругун унутуп калдык? Анткени Ал: «Ачыкка чыкпай турган жашыруун эч нерсе жок, билинбей турган жашыруун эч нерсе жок», - деп айткан (Лука 12:2). Бирок, биз Кудайдан коркуу сезимин жоготкондо, Кудайды өз деңгээлибизге түшүрүп, Андан бир нерсени жашыра аларыбызга түшүнбөй туруп эле ишенебиз. Андай адамдардан Улуу Жаратkандын бардык жерде бар экендиги жана баарын көрүп тургандыгы жөнүндө суралса, алар Кудайдын бул сыпаттары менен бекем жана ишенимдүү түрдө макул болушат. Бирок, алар тереңдикте Анын улуулугун түшүнбөй калышты, анткени аларда бул түшүнүк болгондо, Андан эч нерсени жашырышмак эмес. Алар такыбаа адамдардан көп нерсени жашырып, көп учурда ийгиликке жетишет, бирок «Теңирдин көзү бардык жерде, ал жакшыларды да, жамандарды да көрүп турат» дегенди унутуп коюшат (Накыл 15:3).

## Өзүнүн жок эле тил алчаактыгына ишенүү

Биздин таржымал муну менен эле бүтпөйт. Андан тышкары, өзүн-өзү алдоо адамды баш ийүү менен жашап жатат деп өзүн ишендирүүгө түртөт, бирок, чындыгында

андай эмес. Мисал катары Дөөттүн урпактарынын бири Узия аттуу падышанын жашоосун келтирсек болот. Ал он алтыга чыкканда атасы Аматсия каза болуп, анын ордуна Узия Жүйүт падышасы болуп калат. Жаш жигит он алты жашында падыша болгондон кийин, эгер акылы жетсе, Кудайды издей баштайт, Узия ушундай кылган. Натыйжада, ал гүлдөп баштаган. Көп жылдар бою ал өз падышачылыгындагы молчулукка жана ийгиликке кубанды. Андан кийин биз: «Ошентип, анын атагы алыска кетти, анткени ал укмуштуудай коргонуп, күч-кубаттуу падыша болуп калды» деп окуйбуз (2 Жылнаама 26:15).

Бирок, Узия күчтөнгөндө, жүрөгү текеберленип, текеберликке толуп кетти. Текебердик менен Кудайдан коркуу бири-бирине карама-каршы келет. Адамдын жүрөгүндө ыйык коркунуч жок болгондо, ал сыймыктанууну жаратат. Андан кийин эмне болгонун кунт коюп окугула:

> Бирок, күч-кубаттуу болуп калганда, анын жүрөгү менменсинип кетти, ошол анын өлүмүнө себеп болду. Ал өз Кудай-Теңиринин алдында кылмышкер болуп калды. Анткени, ал жыпар жыттуу зат түтөтүлүүчү жайда жыпар жыттуу зат түтөтүү үчүн, Теңирдин ыйбадатканасына кирди. Ошондо башкы ыйык кызмат кылуучу Азария менен Теңирдин сексен адил ыйык кызмат кылуучусу анын артынан киришти. Алар падыша Узияга каршы болуп, мындай дешти: «Теңирге жыпар жыттуу зат түтөтө турган сен эмессиң, Узия, бул иш – жыпар жыттуу зат түтөтүүгө арналган ыйык кызмат кылуучулардын, Арундун уулдарынын иши. Ыйык жайдан чыгып кет, сен мыйзамда жок ишти кылдың, бул иш үчүн Кудай-Теңирден сага урмат көрсөтүлбөйт». Ошондо колуна жыпар жыттуу зат түтөтө турган чөйчөктү кармап турган Узиянын ачуусу

> келди. Ал ыйык кызмат кылуучуларга ачууланган кезде, Теңирдин үйүндөгү жыпар жыттуу зат түтөтүлө турган жайда, ыйык кызмат кылуучулардын көз алдында анын чекесине так түштү, аны пес оорусу каптады (2 Жылнаама 26:16-19).

Ушуга байланыштуу төмөнкүдөй суроону беришибиз керек болот: Узиянын жүрөгү текебердик менен көтөрүлгөндө, ал рухий жактан өскөнбү же түшкөнбү? Бул суроону угуучуларга бергенде, угуучулардын көбү ал рухий жактан төмөндөп кетти деп жооп беришет. Бирок, бул такыр туура эмес, анткени Узия Кудайга *табынуу* үчүн ыйбадатканага барган. Чынында, ал өзүнүн иш-аракеттеринде көбүрөөк рухий (же көбүрөөк динчил) болуп калды. Көбүнчө мындай учурларда өзгөчө ынталуу рухий жүрүм-турум менен текебердик бири-бирине жуурулушуп, бири-бирин жаап турганын көрөсүңөр. Текебердик адамдардын динчил экенин моюнга алышына тоскоол болот, ал эми динчилдик текеберликти руханияттын жалган пардасы менен жаап турат. Экөө тең Кудайдан коркпогондуктун жана Анын алдындагы чыныгы момундуктун жоктугунун белгиси.

Байкасаңар, Узияны ашкерелешкенде, ал чындыкты угуудан ачууланган. Чындык үчүн соттолгондо Кабыл менен да ушундай болгон. Ыйык Жазууда мындай деп айтылат: «Ошондо Кабылдын аябай ачуусу келип, өңү кумсарып кетти» (Башт. 4:5). Кабыл Кудайга ачууланды! Теңирден ыйык коркпогондуктан тил албастыкта жашаган адамдарды чындык менен ашкерелесең, алар сөзсүз ачууланат. Эмнеге? Анткени, алар чындыгында өздөрүн туура деп ойлошот. Бирок, алар алданып калышты, алданып калуу бул – адашып турган кезиңде өзүңдү туура деп ойлоо.

Эмесе, Узия өзүн туура эмес деп ойлосо, эмне үчүн ыйык кызмат кылуучуларга ачууланат? Ал ыйбадатканага сыйынуу үчүн келген, бирок, Арундун уулдарына окшоп, Кудайдын мыйзамдарын урматтоону унутуп, Анын көз алдында Анын бейнесин басынткан. Өзүнүн баш ийбестигинде ал өзүнүн иш-аракеттерин Кудайдын мыйзамдарына толугу менен шайкеш келтирген эмес. Ал Кудайга жакындагысы келип жаткандай сезилген, бирок чындыгында ал Кимге табынгысы келген болсо, Андан алыстап бараткан.

Эми эмне үчүн биздин жыйындарыбызда Кудай менен ынак экенин айткан адамдар көп, бирок, алардын жашоосу Кудайдын эркине толугу менен ылайык келбегени түшүнүктүү болуп калды. Биз азыр талкуулап жаткан принциптерди түшүнбөстөн, мындай адамдардын Анын Сөзүндөгү чындыкка карама-каршы келген Кудайдын аяндары жөнүндөгү күбөлөндүрүүлөрүн угуу менен адам таптакыр таң калууга туш болушу мүмкүн. Алар кантип сыйынуудан кийин Кудай аларга урмат көрсөтүүнү буйруган ыйык кызмат кылуучуларын сынга алышат? Эгер силер аларга Ыйык Жазууда бул жөнүндө эмне деп айтылганын эскертүүгө батынсаңар, алар силерге ачууланышат. Алар силерди жаңылып жатасыңар, рухий жактан жетишпейсиңер деп ойлошот, бирок, чындыгында Анын жолдорунан алар адашкан.

Кызматчы катары мен Кудайдан келген аяндарды мени менен бөлүшкөн адамдар менен көп жолу сүйлөштүм. Мындай ачылыштар менин жан дүйнөмдү тынчсыздандырды. Алар бул аяндарды Кудайдан алганына ишенишкенине карабастан, мен Ыйык Жазуудан үзүндү келтирүүгө даяр болгон сөздөрдү угуудан кескин баш тартышты. Алар мага эле эмес, аларга жардам берүүгө

аракет кылгандардын баарына ушундай мамиле кылышты. Өзүлөрүнүн тууралыгын ырастоо үчүн, алар Ыйык Китептен контексттен ажыратылган башка үзүндүлөрдү келтиришти жана алардын ачылыштарын талкуулоону каалашкан жок. Ошондон кийин алар менден качууга аракет кылышты, аларга жардам берүүгө аракет кылгандардын бардыгынан обочолонушту, анткени алардын көз алдында биз рухий болбой калдык. Убакыттын өтүшү менен алар өздөрү тандаган жолдун натыйжасы Кудайдын каалоосуна туура келбегенин жана күткөндөрүн ала албаганын өздөрү да көрүштү. Алар Ыйсаны эмес, өздөрүнүн фантазиясынын үнүн уккандыктан шектене башташат. Алар кантип эле Кудайга жакындоого аракеттенүү менен, акырында көңүл калууга гана алып келген өзүн-өзү алдоого туш болушкан?

## Бутпарастын жүрөгү менен Кудайга жакындоо

Мындай өзүн-өзү алдоодон сактануунун жолу бар, бул дагы эле Кудайдан коркуу менен гана. Биз Кудайдан коркконубузда, Анын бекемдөөчү же оңдоочу сөздөрүн угууга даяр болгон бош жүрөк менен Ага келебиз. Биз өзүбүздүн түшүнүгүбүзгө же өзүмчүлдүк каалоолорубузга таянбайбыз, бирок, Анын эркин аткарууну абдан каалайбыз.

Теңирге Анын бизге мурунтан эле ачып берген эркине туура келбеген күчтүү каалоолоруң менен гана жакындоону эң бир келесоолук жана эң бир коркунучтуу нерсе деп атоого болот. Бул адамды өзүн-өзү алдоонун кийинки баскычына алып барат. Өзүн-өзү алдагандыктын бул деңгээли Кудай бизге чындап берет же биз Андан сурагандын баарын кабыл алууга мүмкүндүк берет дегенден турат:

> “Ошондо мага Теңирден сөз болду: «Адам уулу! Бул адамдар өз жүрөгүнө жасалма кудайлардын кирүүсүнө жол беришти, өздөрүнүн алдына өздөрүнүн күнөөсүнүн азгырыгын коюп алышты: Мен аларга жооп бере аламбы?” (Жезекиел 14:2,3).

Теңир кайгыга батты, анткени Анын эли Ага мындан ары кандай жылуу керектигине жол көрсөтүүнү, Андан кеңеш же акылмандык алуу өтүнүчү менен келишкен, бирок, алардын жүрөктөрүндө буркандар катылган эле. Эл Теңирдин алдында жүрөгү таза эмес экенин түшүндүбү, же чындык алардын көздөрүнөн жашырылдыбы, белгисиз. Буркандарга ишенүү алардын мүдүрүлүшүнө жана бузукулукка азгырылышына себеп болгон. *Ыпластык* деген эврей сөзү – бул *awon*, Кудайдын эркин аң-сезимдүү же аң-сезимсиз түрдө бузууну билдирет.

Байкасаңар, Кудай алардын короосуна, бөлмөлөрүнө жана үйлөрүндө буркандарды орнотууну айткан эмес. Бурканга табынуу алардын жүрөгүндө тамыр жайган. Эсиңерде болсун, бурканга табынуу адамдын жалган кудайдын атын чакырышы менен эле чектелбейт. Жогоруда айтылгандай, бурканга табынуу – бул адамдын жүрөгүндө Кудайдын бурмаланган образын калыптандыруу жана чыныгы Кудайды ал бизге каалаган нерсенин баарын бериши керек деп ойлоп, табылган буркандын деңгээлине түшүрүү. Бурканга табынуучулуктун тамырын биз кумардан табабыз. Жаңы Келишимде мындай делет:

> «Ошондуктан дене кумарларын: ойноштукту, ыпыластыкты, кумардануучулукту, *жаман каалоолорду жана бутка табынуучулук болуп эсептелген дүнүйөкордукту жок кылгыла*” (Кол. 3:5, курсив автордон).

Эфестиктер 5:5те Пабыл дагы бир жолу бурканга табынуучу ач көз адам жөнүндө айткан. Албетте, бурканга табынуу *кумарлануу* дегенди түшүндүрөт, андыктан *кумар* түшүнүгүнүн аныктамасын табалы. Вебстер муну «белгилүү бир нерселерди алууга жана ээлик кылууга болгон катуу каалоо» деп түшүндүрөт. Мен сыйынып жатып Теңирден бул сөзгө аныктама берүүсүн сурандым. Ал мага мындай деп жооп берди: «Кумар – бул ээ болуу каалоосу».

Бул аныктама бир гана акча алуу каалоосу менен чектелбейт. Буга мал-мүлк, коомдогу абал, сооронуч, башка адамдардын жактыруусуна ээ болуу, ырахат алуу, бийлик, жыныстык бузукулук ж.б. кирет. Кумар – бул бизде болгон нерсеге нааразы болгонубузда түшкөн абалыбыз. Кудайдын бизге берген нерселерине тынчтык же бейпилдик жетишпегендиктен, биз барган сайын көбүрөөктү каалайбыз. Акылыбыз жетип же жетпей туруп, биз Анын жашообузга карата ойлоруна жана пландарына каршы чыгабыз. Ошол себептен бизге: «Дүнүйөкор болбогула, колуңарда болгонуна ыраазы болгула. Анткени, Кудай Өзү: «Сени калтырбайм жана таштабайм»,– деп айткан» (Эвр. 13:5). Качан биз толук ишенсек: «Сен мага өмүр жолун көрсөтөсүң. Сенин алдыңда – толук кубаныч, оң колуңда – түбөлүк жыргал» деген (Заб. 15:11), ошондо биз Анын катышуусунан тышкары же жашообузга карата Анын пландарысыз канааттанууну издебейбиз.

Кумар нааразылыктын жана тынчсыздануунун ортосунда жашайт жана жеңил-желпи каалоолор менен азыктанат. Мисирден чыккан Ысрайыл уулдары жөнүндө так ушундай деп айтууга болот. Кудай аларга Өз эркин ачып бергенине карабастан, алар дайыма алар үчүн эң жакшы деп ойлогон нерсени каалашкан. Аларды убадаланган жерде жашоого

даярдаш үчүн, Кудайдын аларды жетектегиси келгенин жактырышкан эмес. Алар жашоо шартына, суунун, тамак-аштын жетишсиздигине даттанышкан. Аларга ыйык коркунуч жетишпегендиктен, жүрөктөрү кумарланууга даяр топурак болуп калган. Качан Кудай аларга Өзүн ачып бергенде, алар ырахатка болгон жашыруун каалоолору жөнүндөгү чындыкты Кудайдын Өзүнүн каалоолорунан жогору койгондуктарын жашырууга ашыгышты.

Теңир Муса менен жалгыз калганда, эл Кудайды өздөрүнүн кумарлуу каалоолорун аткарып бере ала турган кейпинде жасап алышкан. Аларда баардыгы «алтындын» айланасында болгонун белгилей кетүү кызык. Акчага болгон сүйүүлөрү ушунчалык ачык болгондуктан, алар Анын эркиндеги такыбаалыктан канааттанууну таппай калышты. Алар калың туманда өзүн-өзү алоо менен аракеттеништи.

Айтмакчы, кумарлануу бутпарастыктын башка түрлөрүнүн да тамыры болуп саналат. Бардык адамдар Кудайга табынуу каалоосу менен жаратылган. Анткен менен, алардын көбү чыныгы Жаратуучуга баш ийүүнү каалашпайт. Ошентип, алар жалган кудайларга барышат. Бирок, жалган кудайлар кайдан чыгат? Алар адам тарабынан жаратылган. Адам өзүнө каалаганын берген жалган кудайга сыйынат. Ал эми, бул жердеги маселенин түпкү тамыры кайрадан эле - кумар.

Буркандар тигил же бул, кандай формада болбосун, алар адамды канааттандыруучу булакка айланат. Алар Кудайга тиешелүү болгон жерди ээлешет. Буркан - бакыттын, сооронучтун, бейпилдиктин, ырыскынын жана башкалардын булагы болуп кызмат кылат. Кудай: «Өзүңөргө буркан жасабагыла», - дейт (Леб. 26:1). Биз өзүбүздүн кумирлерибизди жаратабыз. Буркан - бул биздин жашообузда Кудайдан жогору койгон нерселердин баары.

Бул - биз Теңирден көбүрөөк сүйгөн, ишенген, кулак салган же каалаган нерсе. Кумир – бул биз өз күчүбүздү тапкан, же тескерисинче, күчүбүздү берген нерсе. Ишенген адамдын жүрөгү наааразылыкка толгондо жана өз өмүрү үчүн Кудайдын каалоосунан тышкары канааттанууну издегенде, бурканга табынууга азгырылып кетет. Анан дагы эле мунун натыйжасында кумар пайда болот.

## Кумарга ылайык келген жооп

Кудайдын Жезекиел аркылуу айткан сөздөрүнө кайрылып, биз Кудайдын Өз элинин Ага жүрөгүндө буркандары менен жардам сурап келгенине кайгырып жатканын көрөбүз. Кудай алардын өзүмчүл каалоолорун канааттандырышын каалашат, бирок, Анын эркин билүүгө умтулушпайт. Бул жагдай ата-эненин акылман кеңешине кулак салгысы келбей, идеяларына жана пландарына кийлигишүүгө ата-энесинин аракет кылбасын гана каалаган өспүрүмдөр туш болгон кырдаалдан анча деле айырмаланбайт. Алар ата-энелердин акылмандыгы жана тажрыйбасы бар экенин жана аларга эң жакшыны гана каалашарын түшүнүшпөйт.

Кудай Жезекиелге сергек жана тынчсыздандырган жооп берген. Эң ачык-айкын түрдө, Ал пайгамбарга: «Эгерде Ысрайылдан ким өз жүрөгүнө жасалма кудайлардын кирүүсүнө жол берсе... анда Мен, Теңир, ага жасалма кудайларынын көптүгүнө жараша жооп берем» - деп айткан. (Жезекиел 14:4). Ыйык Китептин Америкалык жаңы стандарттык версиясында бул аят мындайча айтылат: «Мен, Теңир, анын жүрөгүндөгү көптөгөн буркандарга жараша жооп берем». Башкача айтканда, Кудайдын жообу төмөнкүдөй мааниде: «Мен, Теңирмин, анын кумарлуу каалоосуна жараша жооп берем».

## Кудайдын адашкан адамы

Бул өзгөчө Биламдын окуясында ачык көрүнүп турат. Ал жалган кудайдын эмес, биз кызмат кылган чыныгы Теңирдин улуу пайгамбары болгон. Анын пайгамбарлык кызматы ушунчалык күчтүү болгондуктан, бардык падышалар ал жөнүндө уккан. Алардын бири Маап менен Мидиан падышасы Балак эле.

Мааптын жана Мидиан элинин үрөйү учту, анткени Ысрайыл жаңы эле дүйнөдөгү эң күчтүү элдердин бирин, атап айтканда, Мисирге каршы согушта жеңип чыккан. Ысрайыл уулдары Маап түздүгүндө чатырларын тигишти. Мааптыктар: «Эгер ысрайылдыктар Мисирден ушунчалык тездик менен кутулушса, анда Маап үчүн эч кандай үмүт калбады» дешти. Коркуу тез эле бүт өлкөгө жайылып, падыша сарайына жетти.

Падышада план пайда болду. Ал улуу пайгамбар Билам бата бергендин бардыгына бата болорун, ал каргагандын бардыгына каргыш болорун түшүнгөн. Ал Биламга ак сөөк адамдарды жиберип, падышанын жанында туруп, Мааптын бийиктигинен Ысрайылды каргаш үчүн, элчилер менен кайтып келишин өтүндү. Билам бул сунушка кызыгып калды.

Ошондо Билам аларга мындай деди: «Ушул жерге түнөп калгыла. Теңир мага кандай десе, силерге ошондой жооп берем» (Сан. 22:8). Анын жообун бүгүнкү күндөгү көптөгөн ишенгендердин сөздөрү менен салыштырса болот: «Мага бул маселе боюнча сыйынып, Теңир мага эмне деп жооп берерин угайын».

Теңир Биламга көрүнүп: «Сендеги булар эмне болгон адамдар?» - деп сурады. Башкача айтканда, «Эмне үчүн бул жөнүндө сыйынышың керек? Бул адамдар Мени менен келишим түзүшкөн жок, анан алар сенден Мен келишим түзгөн

элиме каргыш айтышыңды сурап жатышат! Эмне үчүн мага суроо берип жатасың?»

Ошол эле чындыкты бүгүн силер менен биз дагы билишибиз керек. Биз сыйынбашыбыз керек болгон нерселер бар! Биз Кудайга мындай суроолорду бере электе эле Анын жообун билишибиз керек. Өспүрүм балдарымдын жаныма келип, мен көптөн бери тыюу салып келген нерсени сураганы мага жакпайт. Мен өзүмдүн ичимден алар күткөн чечкиндүү жоопту кайталап, «Эмне үчүн сурашат?» деп ичимден наалыдым. Алар суранышат, анткени алар үчүн менин сөзүм мыйзам же жашоонун бул тармагындагы чектөө.

Биламга кайтып келсек, мен ага сунушталган сыйлык жана анын Маап менен Мидия элинин арасында ээлеген орду чындап эле азгырыктуу болгонун билем. Кантип эле акчага, атак-даңкка умтулуу Биламдын көзүн сокур кылып, ага сергек ой жүгүртүүгө жол бербей калсын?

Мээримдүү Кудай: «Ооба, Билам, сен эч нерсени түшүнбөгөнүң үчүн же түшүнгүң келбегени үчүн, Мен сага Өз эркимди ачык көрсөтөм», – деп ойлосо керек. Анан Ал: «Булар менен барба, бул элди каргаба, анткени бул эл – бата алган эл», - деди (12-аят). Эми сага түшүнүктүүбү? Мен Кудай сүйлөп жатканда, Анын сөздөрү ар дайым ачык, түшүнүктүү жана эки анжы болбостугун көп убакыт мурун эле түшүнгөм. Бул, биз бир нерселерди бүдөмүк кылып, татаалдаштырганга жакынбыз.

Билам тил алып, эртеси күнү эртең менен конокторду: «Өз жериңерге кете бергиле, анткени Теңир менин силер менен баруумду *каалаган жок*» (13-аят, курсив автордон) деп, аларды узатып жиберди. Ал баш ийсе да, анын үнүнөн, өзгөчө «Кудай каалабайт» деген сөздөрүнөн бир аз өкүнүч угулуп турду. Төмөнкү көрүнүштү элестетсеңер: жаман атка

ээ болгон, бирок, сулуу жана ийгиликтүү жигит өспүрүм кызды дискотекага чакырат. Кыз анын көңүл бурганына кошоматтанып, атасынан аны коё беришин суранат. Сүйүү жана милдет сезиминен улам атасы сылыктык менен, бирок, анын өтүнүчүн чечкиндүү түрдө четке кагат. Ал капаланып, жигитке: «Мен бара албайм, ата-энем мени коё бербей жатат» дейт. Чынында, ал: «Ата-энем жок дешип жатат, бирок мен колумдан келсе «ооба» дейт элем» дейт. Кыз ата-энеси макулдук бербегендиктен гана барбайт. Баргысы келет, бирок ата-энесинин тыюусу анын кумарлуу каалоосун канааттандырууга жол бербейт. Тилекке каршы, эгер ал ата-энесинин жүрөгүндөгү абалын түшүнбөсө, эртеби-кечпи бул жигит менен бирге жүрүүгө мүмкүнчүлүк табат жана мунун баары ийгиликсиз аяктамак.

Билам акчага карата туура эмес мамиледе болгон. Ал кумардын курчоосунда калган. Кызматы жогору, мүлкү чоң болушун каалаган. Ал баш ийди, бирок каалабай туруп. Кудайдын сөзү ал үчүн кубаныч эмес, чектөө болгон, анткени, ал чындап каалаган нерсесин ала алган эмес.

## Өз кумарларына азгырылуу

Мааптын жана Мидиандын аксакалдары падышага кайтып келип: «Билам биз менен барууга макул болгон жок», - дешти. Бирок, бул падышаны токтоткон жок. Ал дароо ого бетер тектүү жана абройлуу адамдарды андан да бай белектерди убада кылып жиберди.

Балак эмнеге мындай кылды? Менимче, аны шайтандын күчтөрү ушуга түрттү. Эмне үчүн мен антип айтып жатам? Мунун маанисин Ыйык Китеп минтип түшүндүрөт: «ар ким өзүнүн *кумарына* берилип, алданып *азгырылат*» (Жакып 1:14,

курсив автордон). Эки учурга көңүл бургула. Биринчиден, *жеке кумарынын* сөздөрү. Бизди курчап алган, Кудайдын эркине каршы келген ар кандай күчтүү каалоо – бул кумар демек, бурканга табынуу. Экинчиден, *азгырылуу* деген сөз. Душмандын артыкчылыгы – ал *азгыргандык.* Көңүл бурсаңар, каалабаган нерсеге азгырылып кетүү мүмкүн эмес. Эгер силер жыйынга келген ишенгендерге күчтүү таасир эте турган наша сунуш кылсаңар, анда дээрлик бардыгы бул сунуштан кескин түрдө баш тартуудан бир секундага да тартынышпайт. Эмнеге? Аларда аны алууга кымындай да каалоо болбойт. Каалабаган нерсеге азгырыла албайсың. Бирок, силер айкаш жыгачка жөнөтпөгөн каалоолоруңарга дагы эле азгырыласыңар. Биз өзүбүз каалаган нерсеге азгырылабыз, же башкача айтканда, биз *абдан каалаган* нерсеге азгырылабыз.

Душман бул пайгамбардын акчаны, сый-урматты жакшы көрөрүн билген ошондуктан, каардуу падышаны башка адамдарды бай белектер менен жөнөтүүгө үндөгөн. Жаңы өкүлдөр Биламга эмне кааласа, ошону тартуу кылууга укуктуу болушкан. Алар Биламга падышанын: «Сен эмне десең, ошону кылам», - деген сөзүн жеткиришкен. Мына сага сунуш! Кошунаңда жок болгон нерсени алуу бир нерсе, ал эми падышадан каалаганыңды сурап алуу сунушун алуу башка нерсе, айрыкча ,сенин алсыздыгың падышанын күчү таасир эте ала турган чөйрөдө болсо. Бирок, Билам эмне деп жооп бергенин уккула:

> “Балактын кулдарына Билам мындай деп жооп берди: «Балак мага алтын-күмүшкө толгон үйүн берсе да, Кудай-Теңиримдин буйругун аттап, чоң да, кичине да иш *кыла албайм*” (Сандар 22:18, курсив автордон).

Биламдын тил алчаактыгы көптөргө жакса керек. Биз

дагы бир жолу кылдаттык менен тандалган сөздөрдү угабыз, анткени ал «мен кыла албайм» деди. Дагы да, анын чыныгы каалоолорун аткаруу жолунда Теңирдин эрки түрүндөгү тоскоолдук бар. Билам бүгүнкү күндө жыйынга барып жүргөн адамдардын көбү билген нерсени билген. *Атайылап Кудайдын эркин бузуп, андан ары бата ала берүү мүмкүн эмес.* Ал ошондой эле, азыркы ишенгендердин жарымы билгенин да билген: Кудайдын эркин билип туруп бузгандарды жаза күтөт. Бирок, кээде ушундай бир маалымат адамды кыйынчылыкка алып барууга жетиштүү болот, анткени, каалаган нерсеңе Кудайдын каалоосу менен жете албай, анан ошол эле нерсени алуу үчүн, Анын каалоосуна ылайык келгендей, айла-амалдарды издей баштайсың. Мисал катары, келгиле, Биламдын окуясын карап көрөлү:

> **«**Ошентсе да, мында түнөп калгыла. Теңир мага дагы эмне дээр экен, ошону билейин» (Сандар 22:19).

Силер муну угуп жатасыңарбы? «Теңир мага дагы эмне дейт?» Балким, ал бай белектер Кудайдын оюн өзгөртөт деп ойлогондур? Же ал Теңирдин биринчи тыюу салышы Анын Билам үчүн мындан да баалуу белектерди күтүүсү менен байланыштуу деп ойлодубу?

Эмне үчүн ал бул адамдар үчүн кайрадан сыйынышы керек эле? Көрдүңөрбү, ал дагы эле каалаган нерсесин алуунун жолун издеп жатат. Анын жалындуу каалоосу акыл-эстүү ой жүгүртүү жөндөмүнө көлөкө түшүрөт. Эми анын ата-энесине жалынып-жалбарып, ийгиликтүү жигит менен сейилдөөнү суранып жаткан кыздан айырмасы жок. Билам өжөр жана баш ийбес, ал Кудайдын эркин кубаныч менен аткаргысы келбейт, анткени, Теңирдин каалоосу анын кумарлуу жүрөгүнүн каалоолоруна карама-каршы келет.

Же балким, бурканга табынуучунун жүрөгүбү? Ыйык Жазуу менин оңдоомду ырастайт: «Анткени моюн сунбастык сыйкырчылыктай эле...күнөө.» (1 Шем. 15:23). Кудай Биламга эмне деп жооп бергенин уккула:

> “Кудай түн ичинде Биламга келип, мындай деди: «Бул кишилер сени чакырып келсе, ордуңан туруп, булар менен жөнө, бирок Мен айтканды гана кыл» (Сан. 22:20).

Чабармандар Биламга келишти, анткени, алар аны бирге барат деп үмүттөнүшкөн. Ошентип, негизинен Кудай мындай дейт: «Бул адамдар сени чакырганда бар, бирок Мен сага айтканымды гана аткар». Балким, биз болуп жаткан окуяларга баа берүү менен жаңылып жаткандырбыз? Байкасаңар, анда: «Түн ичинде Биламга шайтан келип, ага: «Тур, алар менен бара бер», – деп айткен эмес. Ошондой эле: «Түн ичинде Биламга жалганчы жин келип, мындай деди...» деп да айтылбаган. Мен, албетте, тамашалап жатам, бирок Кудай азыр Биламдын кетишине уруксат берип жатканын эске алсак, Анын чындап эле ага камдап койгон көп сандагы акчасы бар деп божомолдоого болот.

## Каалаганды алуу

Ошентип, Билам Кудайдан барууга уруксат алды. Мурунку күнү Теңир буйруганын аткаруу үчүн, эртеси эртең менен эрте турду. Анан эмне болгонун карап көрөлү:

> “Билам эртеси эртең менен туруп, эшегин токуп, Маап төрөлөрү менен жөнөдү. *Анын кеткенине Кудай каардanды*” (Сан. 22:21,22, курсивдер автордон).

Кандайча? Эми Кудай Биламдын мурунку түнү Анын берген буйругун аткарып жатканына ачууланып жатат! Кудай эмнени буйруганын ар дайым Өзү билип турганын билебиз, бирок, болуп жаткан нерселерди кантип түшүндүрүүгө болот? Суроонун жообун Анын Жезекиелге айткан сөздөрүнөн табабыз. Эсиңердеби, Кудай Өз элинин көптөгөн буркандары боло турган болсо, анда аларга чыныгы жоопту бере албастыгын айткан?

Жыйындагы көптөгөн адамдар муну түшүнүшпөйт жана билишпейт. Эгерде биз чындап эле бир нерсени кааласак жана Кудайдын эркинен бизге түшүнүктүү болгон нерселерге көз арта берсек, анда акыр-аягында Теңир аны бизге берери толук ыктымал. Бирок, бул үчүн кийинчерээк бизге Анын соту келерин билишибиз керек!

Бул чындыкка таң калышыңар мүмкүн. Бирок, Ысрайылды эстегиле, элдин падышага ээ болгусу келгенин эстегиле. Шемуел бул өтүнүч менен Теңирге барганда, Кудай ага падышаны берүүнү каалабасын көрсөткөн. Ал Шемуелге падышанын элден алардын эң жакшы уул-кыздарын, эң жакшы жерлерин, жүзүмзарларын тартып аларын, ошондой эле аларга салык салаарын түшүндүрдү.

Шемуел Кудайдын эркин элге жарыялады, анан реакциянын кандай болгонун карасаңар: «Бирок, эл *Шемуелдин* үнүн угууга макул болгон жок». Белгилей кетчү нерсе, алар Теңирдин үнүн угууга макул болгон жок деп айтылбайт. Кайра дагы, Мусага окшоп, алар Шемуелдин бийлигин моюнга алуудан баш тартышты, *алар өздөрүнүн кыялындагы Теңирдин элесине көңүл бурушту,* анткени, алар каалаган нерсесин алууну абдан каалашкан. Кийинчерээк Кудай Шемуелди сооротуп: «Алар сени четке каккан жок, бирок Мени четке кагышты» (1 Шемуел 8 карагыла) деген.

Акыр-аягында Кудай аларга падышаларды берген. Ал атүгүл алар үчүн биринчи падыша Шабулду Өзү тандап берген. Кудай алдын ала айткандай, падышалар элден эң жакшы жерлерди, уул-кыздарын тартып алып, эл салык төлөөгө аргасыз болгон. Анан убакыттын өтүшү менен падышалар ысрайылдыктарды Бабылга туткунга алып кетишкен. Кудай аларга эңсегендерин берди! Чөлдөгү Ысрайылды эстегиле. Алар качандыр биз кезде адамдар жебеген эң сонун тамакты, асмандан келген маннаны жешти. Илияс бул маннадан эки гана токоч жеди, алар ага кырк күн жана кырк түн жетиштүү болду! Бул манна канчалык пайдалуу болгонун элестетиңиз! Бирок, Ысрайыл бул тамактан тажап, эттин жетишсиздигине наараzы боло баштады. Алар Теңирден эт сурашкан, анан биз «Ал алардын өтүнүчүн орундатты» деп окуйбуз (Заб. 105:15). Алар дагы каалаган нерсесин алышты. Алардын бардык муктаждыктарын керемет жолу менен камсыз кылды:

> Асмандан чыгыш шамалын козгоду, Өз күчү менен түштүк шамалын жиберди. Аларга этти топурактай жаадырды, канаттууларды деңиз кумундай жаадырды. Аларды кошуундарынын арасына, үйлөрүнүн жанына жаадырды. Асманда чыгыш шамалын козгоду (Заб. 77:26-28).

Алар сурашты, Теңир аларга сураганын кереметтүү түрдө берди. Ал шамалды көтөрүп, деңизден бөдөнөлөрдү алып келди, алар үч миллион адамга жетерлик эле! Укмуш керемет, анткени бөдөнөлөр чөлдө жашабайт! Бул таң калыштуу эле эмес, ысрайылдыктарда бөдөнөлөргө аңчылык кылуу үчүн мылтыктары да, иттери да жок болгон. Таң калыштуу керемет! Бирок, андан кийин эмне болгонун карагылачы:

> Алар жеп, аябай тоюшту. *Аларга каалаганын берди.* Бирок алардын каалоосу кана электе эле, алар тамактарын жута электе эле, аларга каршы Кудайдын каары келип, алардын бараандууларын өлтүрдү, Ысрайылдын жигиттерин сулатты (Заб. 77:29-31, курсив автордон).

Кудай керемет жолу менен алардын каалоосун ишке ашырды, бирок алар бөдөнө жеп бүтө электе, Ал аларга Өзүнүн сотун төгүп салды. Ал аларга жүрөктөрүндөгү кумарларга ылайык жооп берди.

Ойлонуп көргүлө: бир жигит кызды сүйүп жүрөт. Ата-энеси чоочулап: «Уулум, сенин мамилең бизге жакпай жатат. Аны менен сүйлөшкөндү токтот», - дешет. Жаш пастор ата-энелердин тынчсыздануусун тастыктайт: «Мен сенин ата-энең менен макулмун. Мен бул жөнүндө сыйынып жатканымда, рухумда чоң тынчсыздануу пайда болду. Чын эле бул кыз менен жолугушууну токтотушуң керек". Бирок, жигит каршы болуп: «Мен көпкө чейин сыйындым, Кудай ага үйлөнсөм болорун айтты», - дейт. Алар үйлөнүштү, анан эмне үчүн алардын үй-бүлөсүндө көйгөйлөрдүн аягы жок экенине таң калчу болушту.

Бул жөнүндө ойлонуп көрөлү: бир эркек аялына жумушта жаңы кызмат үчүн сыйынып жатканын айтат. Келинчеги аны менен ой бөлүшөт: «Бул кызмат мага жакпайт. Бул жумушка ээ болсоң, убактыңдын көбүн жолдо өткөрүүгө туура келет. Сен жыйынга үзгүлтүксүз бара албай каласың, Кудай биздин пасторубуздун жүрөгүнө салган бардык аяндарды сагынасың, Кудайга сыйынуу мүмкүнчүлүгүн айтпаганда да...» Пастор да ага ошол эле нерсени айтат, бирок күйөөсү чечкиндүү болуп, кызматка көтөрүлгөнгө чейин сыйынууну улантат. Бир

жылдан кийин ал иш сапарында жүрүп, мейманкананын бөлмөсүндө башка аял менен кандайча бир керебетке жатып калганына таң калат.

Бул тизме улана берет. Биз Кудайдын эркине каршы бир нерсени кааласак, Кудай аны бизге берип коё аларын түшүнүшүбүз керек. Ал биздин жүрөгүбүздө отурган буркан боюнча жооп берет. Акыр-аягы, биздин жүрөгүбүздүн тактысын кайрадан Ал ээлеши үчүн, бизди акылыбызга келтирүү үчүн, ушундай кылат.

> ...Мен, Теңир, ага жасалма кудайларынын көптүгүнө жараша жооп берем. Ысрайыл өзүнүн жасалма кудайларынан улам Мен үчүн жат болуп калганын өз жүрөгүндө түшүнсүн (Жезекиел 14:4,5).

Англисче Ыйык Китептин башка вариантында бул үзүндү төмөнкүчө айтылат: «Мен муну Ысрайыл элинин жүрөгүн Өзүм үчүн кайрадан багынтуу үчүн кылам». Теңир ынталуу түрдө бизди Өзүнүн жүрөгүнө тартууну каалайт. Эсиңерде болсун, Ал бизди издеп жатат, Ал бизди Өзүнө жакындаткысы келет. Ал эч кимдин жок болушун каалабаса да, Өзүн эч качан барктабай коюуга жол бербейт. Анын жүрөгү өзүн толугу менен Кудайга тапшыргандар үчүн ачык. Дал ушул себептен жүрөктөрү кумардын кучагында калгандарды Өзүнө кайтарууну көздөйт, анткени, кумарлануу – бул бурканга табынуу.

Адашкан уул атасынан мурастын өзүнө тиешелүү үлүшүн сураганда, ал аны менен чоочун же жолоочудай эмес, уулдай, үй-бүлө мүчөсүндөй сүйлөшөт. Уулун өзүмчүл максаттар азгырганы ачык эле көрүнүп турат. Баласынын акчаны туура сарптай албасын билсе да, атасы андан баш тарткан эмес. Ал ага чоң суммадагы акча берет жана атасы

алдын ала айткандай, уулу кийин аябай кыйналат. Эсине келгенде атасына кайтууну чечкени да жакшы болду. Бул жолугушууда ал атасынын жүрөгүн эч качан болуп көрбөгөндөй түшүндү.

Кудай Теңирдин алдындагы ыйык коркуунун жоктугунан адашып кеткен ар бир баласын Ал Өзүнө тартууга үмүттөнөт. Тилекке каршы, Биламга окшоп, кээ бирөөлөр эч качан элдешүүгө жана Теңирдин жүрөгүн таанууга келишпейт. Эгер Биламдын таржымалынын калган бөлүгүн окусаңар, ал каалаган нерсесинин артынан өжөрлөнө түшүүнү уланта берген, анан анын жазасы катары ага кылыч түшкөн.

Бул салыштыруу бизди Жаңы Келишимге алып барат, анда ыйык коркунучтун жоктугунан жапа чеккен адамдар Ысрайылдын уулдары, Кабыл жана Билам менен салыштырылат (биз бул бөлүмдө бул каармандарды талкууладык).

> Бул эскертүүнү окугула: "Теңирдин Өз элин Мисир жеринен алып чыккандан кийин, ишенбегендерин жок кылып салганын" эскертким келет (Жүйүт 5).

Андан ары Жүйүт Кудайдын ырайымын булгап, жашоодо кумарланууну, жамандыкты жана баш ийбестикти көрсөтүп, артка чегинген Жаңы Келишимдеги ишенгендерди экиге бөлөт:

> Алардын башына каран түн түшөт, анткени, алар Кабылдын жолун жолдоп, Биламга окшоп, өч алуунун алдамчылыгына берилип кетишкен, Корак сыяктуу өжөрлүк менен өлүшөт. Сүйүү тойлоруңарда ушундай азгырыктар болот; алар силер менен бирге тойлоп, коркпостон семирип жатышат (Жүйүт 11:12).

Көңүл бургула, биздин сүйүү тойлорубузда азгырыктар болот экен жана бул эскертүү биздин жыйындагы кызматтарыбызга да колдонулушу мүмкүн. Биз Ыйса Өзүнүн колуктусу үчүн (Анын эң негизги сүйүүсү) кайтып келерин унутпашыбыз керек, Ал Өзүн дүйнөнүн кумарларынан кемтиксиз сактаган. Бирок, Жүйүт ишенгендерге алардын айрымдары «силер менен бирге тойлоп, коркпостон семирип жатышат» дейт. Алар бата алууну каалашат, алар Кудайга жакындагылары келет, бирок, Теңирден коркушпайт. Алар өздөрүн алдап, Кудайдын жүрөгүнө ыйык коркуу жана сүйүү менен кайрылышпаса, өзүн-өзү алдоо күчөйт.

## Эскертүү жана үйрөтүү

Мен муну бир аз башкача айтайын. Эврейлерге жазган Катта автор: «Биз болсо жок болуу үчүн артка кетенчиктегендерден эмеспиз» деген (Эвр. 10:39). Силер азыр бул китепти окуп жатканыңарга жана жүрөгүңөрдү сынап көрүүгө даяр экениңерге ишенем, анткени силер жөн гана ойлор жана сөздөр менен гана Теңирдин алдында жүрүүнү эмес, бүт жүрөгүңөр менен Ага иш менен жана чындык менен жагууну каалайсыңар. Ошондуктан, бизге:

> «Ошентип, менин сүйүктүүлөрүм, араңарда болгонумда гана эмес, айрыкча, азыр араңарда жок болгонумда да, дайыма тил алчаак болгонуңардай эле, куткарылууңарды *коркуу жана титирөө менен* жүзөгө ашыргыла. Анткени Кудай силердеги тилекти да, аракетти да Өзүнүн жакшы ниети боюнча жаратат (Флп. 2:12,13, курсив автордон).

Ыйык коркунучта жүргөн адамдар, Анын катышуусун сезишсе да, сезбесе да, дайыма Кудайга баш ийишет. Кудай аларды таштап койгондой сезишсе да, чечкиндүү болушат, бирок, Ал эч качан таштабайт! Теңир Кудайдан коркуп жүргөндөргө жакындайт жана аларга каалоо үчүн гана эмес, Анын эркин аткаруу үчүн күч берет. Ал бизге куткарылууну сүйүү жана кубаныч менен гана эмес, коркуу жана титирөө менен да ишке ашырууну буйруйт. Анан дагы, Теңирден коркуу абдан маанилүү жагдай, ал биздин жүрөгүбүздө шексиз баш ийүүнү пайда кылат жана бизди туура иш-аракеттерге түртөт.

Бул бөлүмдө жазылгандардын баары сергек жана этият болууга чакырат. Бирок, Пабыл: “Ар бир адамга акыл айтып, ар бир адамды акылмандык менен үйрөтүп, ар бир адамды Машайак аркылуу Кудай алдына жеткилең кылып алып келүү үчүн, Машайак жөнүндө жар салып жатабыз” дейт (Кол. 1:28). Бир караганда, насаат жагымсыз жана каалабагандай сезилиши мүмкүн, бирок, акыры ал жанды сактап, пайдалуу натыйжаларды алып келет. Мага жагымдуу жана кубанычтуу сөздөрдү укканды жакшы көрөм, бирок, Кыямат күнү көптөр кызматчыларга карап: “Эмне үчүн мага бул тууралуу эскерткен жоксуңар?” деп кыйкырышат деп элестетем. Ал эми, насаатчылар элди сооротуп, тынчтандырып сүйлөгөндү артык көрүшсө, алар элдин канына боёлгон колдоруна карап титирешет.

Бир жолу мен муну жыйын кызматында айттым, ошондон кийин мага ачуулуу пастор келди. Ал: «Кантип сен кимдир-бирөөнүн каны колубузда болуп калат деп айтасың? Бул Эски Келишимдеги болбогон нерсе, биз ырайым менен жашайбыз», - деди. Мен Ыйык Китебимди ачып, ага Пабылдын сөздөрүн көрсөттүм:

> “Ошондуктан бүгүн силерге айтып коёюн: мен эч кимиңердин каныңар үчүн жооп бербейм. Анткени мен силерге Кудайдын эркин толугу менен айткам. Ошондуктан өзүңөргө жана Ыйык Рух тарабынан тапшырылган бүтүндөй үйүргө сак болгула. Теңирдин жана Кудайдын Өз канын төгүп сатып алган Жыйынын кайтаргыла” (Элчилер 20:26-28).

Пастордун Пабылдын эскертүүсүн окуганда башынан өткөргөн шок абалын эч качан унутпайм. Ал көп жылдар бою кызматта жүрүп, бул сөздөрдү көп жолу окуган, бирок, ошол күнү аларды башка көз менен көрдү. Ал токтоолук менен кечирим сурады, биз ар дайым жакшы жагын, же тескерисинче, терс жактарын гана баса белгилегенге аракет кылып, насаатта тар ой жүгүртүүнүн тузагына түшүп калбоонун маанилүүлүгү жөнүндө дагы бир нече мүнөт сүйлөштүк. Бизге «эскертүү жана үйрөтүү» үчүн тең салмактуулук керек.

Биз Ыйса эскерткендей, көптөр, атүгүл тандалгандар да алданып кала турган убакта жашап жатабыз. Ал калп менен алдамчылык бардык жерде жайылып кеткенин айтты. Жыгылып калбаш үчүн, турган жерибизде өтө этият болушубуз керек. Кудайга таза жүрөк менен, Кудайдан коркуу сезими менен, жеңил-желпи болбой жакындашыбыз керек, ошондо алданып калуу кыйын болот. Мээримдүү Атабыз жаныбызда турат, Ал бизге жашоо жана такыбаалык үчүн зарыл болгон нерселердин баарын берди. Биз Анын эркине баш ийип жашашыбыз үчүн, Ал бизге Теңир Ыйса Машайак аркылуу ырайым берди жана Андан ыйык коркуу аркылуу гана Аны менен жакын мамиледе боло алабыз.

## ТЕМАГА БАЙЛАНЫШТУУ СУРООЛОР:

1. Силер “Теңирден коркпогондо... биздин жан дүйнөбүздө же фантазиябызда бурмаланган образ пайда болот” деген сөздү окудуңар. Машайакчылыкта басып өткөн жолго көз чаптырып, айтсаңар, жашоодо силердин аң-сезимиңерде Кудайдын бурмаланган элеси калыптанган учурлар болду беле? Ошондой болгон болсо, анда эмне бурмаланган?

2. Бөлүмдө качан биз Кудайдын эркине каршы бир нерсени кааласак, Кудай анда биздин каалообузду берип коё алат деп айтылат. Сыйынган жашооңорго чынчылдык менен карап, айткылачы, силер Кудайга дайыма өзүмчүл ал тургай, кумарлуу деп атоого боло турган каалоо менен келген учурларыңар болобу? Жашооңордо каалаган нерсеңерге жетип, бирок, андан кийин өкүнүп калган учурларыңар болду беле? Биринчи бөлүмдүн аягындагы биринчи суроодо силер эмне үчүн бул китепти окууну тандадыңар деп сурашкан.

Эми бул китептен эмнени үйрөнгөнүңөрдүн баарын карап чыккандан кийин, силер алган сабактар абдан пайдалуу деп айта аласыңарбы? Силердин кыялыңарда тартылган Кудайдын бейнесинде кандай өзгөрүүлөрдү көрө баштадыңар ошондой эле, иш жүзүндө жана чындыкта Аны жактыруу силер үчүн эмнени билдирет?

8-бөлүм

# ЧЫНЫГЫ ТАБЫНУУ

«Динчил рух өз эркин аткаруу үчүн, Менин Сөзүмдү колдонот.»

Теңирден коркпогондор алданышат. Ал эми, Ага ыйык коркуу менен жакындагандар, Аны менен ынак жана тыгыз мамиледе болушат. Мындай мамиленин тышкы көрүнүшү Кудайдын бардык каалоолоруна шексиз баш ийүү болот. Баш ийип гана тим болбостон, жүрөгүбүз да Анын эркин аткарууну каалоого толгон болот. Биз муну Анын алдында басып өткөндөрдүн жашоосунан дайыма көрүп турабыз.

Энох Кудайга жагууга жетишкен. Биз Жыйындын алгачкы Аталарынын бири болгон, бир нерсени маанисин терең түшүнгөн сейрек жөндөмдүүлүккө ээ болгон Клименттин жазгандарынан үзүндүлөрдү алабыз. 1-кылымда жашаган

римдик Климент элчи Пабыл менен Петирдин бир тууганы болгон. Ал мындай деп жазган: «Мисалы, Энохту алалы, ал *Кудайга жаккандыгы* жөнүндө күбөлөндүрүүнү алган, ошондуктан ал өлүмдү көрбөй туруп, асманга которулган». Ошентип, Кудай үчүн Энохтогу негизги нерсе, ал Ага жага алган.

Ыйык Китепте Кудай менен жүргөн кийинки адам Нух болгон. Башталыш китебинде анын жашоосу мындайча сүрөттөлөт:

> Нухтун жашоосу мындай эле: Нух өз замандаштарынын ичинен адил, кемчиликсиз адам болгон. *Нух Кудайдын алдында түз жүргөн* [*Кудайдын эркин аткарган*] (Башт. 6:9, курсив автордон).

Энохтун жашоосундагыдай эле, Нухтун жашоосунун негизги өзгөчөлүгү - анын дайыма Кудайдын эркин аткаруусу болгон. Башкача айтканда, ал Кудайдын каалоолоруна баш ийген. Бул экөө тең өзүмчүлдүк үчүн гана баш ийген Биламга таптакыр карама-каршы келген адамдар эле. Билам баш ийбесе, бата алуу мүмкүн эмес экенин түшүнгөн, анан акыры ачыктан-ачык тил албастыгы үчүн жазаланган. Билам Кудайдын сөзүн бурмалаган, анткени ал Кудайга баш ийүүдө өз кызыкчылыгын көздөгөн. Ал Кудайдын эркин аткарууну каалагандыктан баш ийүүнү каалаган эмес. Кудайдын эрки анын каалоосу гана эмес, айныгыс жана өзгөрүлгүс мыйзам.

Дөөт - такыр башкача. Ыйык Жазууда анын жашоосу жөнүндө мындай деп айтылат:

> «Кудай аны четке кагып, аларга Дөөттү падыша кылып койду. Ал жөнүндө Кудай Өзү мындай деп айткан: “Мен Өзүмдүн жүрөгүмө жаккан адамды таптым, ал –

> Жышай уулу Дөөт. Ал Менин бүт каалоомду аткарат» (Элч. 13:22).

Кудайдан коркуу – бул Кудайдан коркуу сезимин гана сезбестен, Анын эркин аткарганыбызда. Биз Анын бардык каалоолорун, өзүбүздүн жеке каалоолорубуздай аткарууга аракет кылабыз. Биз Анын жүрөгүндөгү каалоолорду өзүбүздүн каалообуз катары кабыл алабыз. Бул - чыныгы баш ийүү.

## Динчил рух

Теңирге табынып жаткан маалда, Ал менин жүрөгүмө назик гана сүйлөп: «Джон, сен динчил рух деген эмне экенин билесиңби?» - деп айтканын эч качан унутпайм.

Эми билдим, Кудай бизге суроо бергенде бизден маалымат алгысы келбейт, бирок биз бир нерсени билбегенибизди билдирет, же бизде болгон аяндарды кеңейтүүнү каалайт. Мен буга чейин эле динчил адамдын жүрүм-туруму кандай болору жөнүндө жазып, айткан элем, бирок Анын суроосуна мен мындай деп жооп бердим: «Теңирим, мен муну так билбейм. Динчил рух деген өзү эмне?”

Ошондо Ал менин жүрөгүмө мындай деди: «Динчил рух Менин Сөзүмдү өз эркин аткаруу үчүн колдонот». Анын сөздөрү менин жүрөгүмдүн түпкүрүнө чейин жетти жана менде жооп ала турган көптөгөн суроолор пайда болду.

Биламдын дал ушундай бурмаланган түшүгүгүн айыптоого болот. Ал Кудайга баш ийүүнү каалаган, бирок өзүнүн жеке кызыкчылыгынан улам Кудайдын жүрөгүндөгү каалоолорун аткара алган эмес. Ошол себептен Теңирдин периштеси ага: «Бараткан жолуң Менин алдымда *туура эмес*» деп айткан (Сандар 22:32, курсив автордон). Биламдын жолу адил эмес,

бузуку болгон. Башкача айтканда, Билам Кудайдын Сөзүнүн маанисин бузуп же бурмалап, аны өз кызыкчылыгы үчүн колдонууга аракет кылган.

## Чыныгы табынуу

Эгер силер Ыбрайымдын, Мусанын, Жашыянын, Дөөттүн, Эстердин, Даниелдин жана Теңир менен тыгыз кызматташкан Ыйык Жазуунун башка каармандарынын жашоосун изилдеп көрсөңөр, анда жалпы бир нерсени табасыңар. Алардын Кудайга болгон жакындыгынын негизги максаты - Анын каалоолоруна чын жүрөктөн баш ийүү болгон. Кудай Байыркы Келишим боюнча мамиледе болгон ар бир адамга мындай деп чакырык таштаган:

> “Анткени Мен силердин ата-бабаларыңарды Мисир жеринен алып чыккан күндөн бүгүнкү күнгө чейин, дайыма эскертип келгем. Аларга таң заардан «*Менин үнүмдү уккула!*» – деп эскертип келгем (Жер. 11:7, курсив автордон).

Теңир Өз эли Ага баш ийбей, жүрөктөрүнүн каалоолоруна ээрчип жатканына кайгырат. Алар Анын жүрөгүн таанып-билишкен эмес, тескерисинче, Анын бардык сөздөрү алар үчүн тар алкак жана чектөө болуп калды. Ушуга ылайык, алар өз ниеттерин ишке ашыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү издеп, уруксат берилген нерселерден өз чегине көңүл бурушту, буга Кудай белгилүү убакытка чейин чыдап келген, бирок ошол эле себептен алар Аны менен жакын мамиледе боло алышкан жок. Аны менен жакын жана ынак мамиледе болуу үчүн, толук баш ийүү өтө зарыл. Жаңы Келишимде Ыйса бизге мындай дейт:

> Чыныгы табынуучулар Атага рух менен, чындык боюнча табына турган убакыт келет, ал тургай, келип да калды. Анткени Ата да Өзүнө ошондой табынуучуларды *издейт*. Кудай – Рух. Ага табынуучулар да рух менен, чындык боюнча табынуулары керек (Жакан 4:23,24, курсив автордон).

Бул бир аз саптарда эле ушунчалык көп нерсе айтылган! Биринчиден, Атанын, Өзү үчүн ушундай табынуучуларды *издеп* жатканына көңүл бургула. Эстеп көрүңүзчү, мурунку бөлүмдө, Анын бизге жакындап, биз менен пикир алышууну канчалык каалары жөнүндө сүйлөшкөнбүз. Дагы да муну бизге Ыйса Өзү айтат.

Экинчиден, Кудай Өзүнө рухта жана чындыкта табына тургандарды издеп жатат. Келгиле, табынуу эмне экени жөнүндө сүйлөшөлү. Мен Ыйык Китепти окуп жатканда, күтүлбөгөн жерден Ыйык Рух жүрөгүмдөн: «Сыйынуу — жай ыр эмес!» — деп сүйлөгөн күндү эч качан унутпайм. Менин көңүлүм дароо эле ушул ойго бурулду.

Көптөр табынууну жай, салтанаттуу ыр деп эсептешет. Жакшы Кабардык кызматтын адаттагы тартибин эстесеңер. Биз жыйынга келип, Кудайды даңазалап, ыраазычылык айта баштайбыз, андан кийин ыйбадат кылабыз, андан кийин насаат айтуу, кулактандыруулар, курма алдын ала программалар басылып чыгарылат жана биз, евангелист машайакчылар, кызматыбызды жөн эле эс тутумдан аткарабыз, бирок биз Рухтагы эркиндигибиз же Анын жетекчилиги менен мактанабыз. Ал эми, табынууга келсек, мактоо менен табынуунун айырмасын билбегендер үчүн мактоо - тез ыр, табынуу - жай ыр. Ыр китептерден арылып, алардын ордуна чоң экрандуу проекторлор орнотулганы абдан күлкүлүү. Ошондуктан, *табынуу* дегенде көпчүлүк ишенгендер эң оболу дисктерде,

клиптерде, же кызматтын өзүндөгү жай ырларды элестетишет.

Теңир мага муну айтканда, мен дароо: «Теңир, мен табынуу деген эмне экенин билбейм. Мага анын эмне экенин так айтып берчи» дедим.

Ошондо Ал: «Бул - жашоо», - деп бекем айтты.

Анан Ал мага мисал келтирди. Ал: «Уулум, төмөнкүнү элестетип көр. Эртең менен ойгонуп, Лиза сенден балдарды мектепке жөнөтүүгө жардам берүүңдү суранат, сен убактың жок дейсиң. Эртең менен бир аздан кийин ал дагы жардамга муктаж, бирок сенде кайрадан убакыт жок. Анан ал сенден эртең мененки тамакты даярдоого жардам берүүңдү суранат, бирок сен дагы бош эмессиң. Түштөн кийин ал балдарды мектептен алып келесиңби деп сурайт жана эртең мененкидей эле жооп алат. Анан дагы ал кечки тамакты даярдоодо жана үйдү жыйноодо жардам сурайт жана дагы сенин абдан бош эмес экениңди угат", - деди.

Анан Ал сөзүн улады: «Кечинде, балдар уктагандан кийин, сен ага кандайдыр бир каалоо менен жакындайсың, тактап айтканда, андан мээрим каалайсың. Сен ага назик сөздөр менен жакындап, мындай дейсиң: «Кымбатым, мен сени абдан сүйөм».

Ошондо Теңир менден: «Ал сенин сүйүүң жана жакындык каалооң жөнүндө айткан сөздөрүңө кандай жооп берет?»

Мен: «Ал, кыязы, «Жаным, укта, бейпил түн» дейт» деп айттым.

Ошондо Теңир мындай деди: «Туура айтасың, бирок эмне үчүн ал сага мынчалык сыйлабастык менен жооп берди?»

Мен: «Анткени, жакындык мамиле эртең менен башталып, кечинде туу чокусуна жетет», - деп жооп бердим.

Теңирдин мага айткандарына токтолуп, аялыма ушундай мамиле кылсам, анда аялыма болгон сүйүүм иш менен да, чындык менен да бекемделбей, сөз жүзүндө гана каларын түшүндүм. Аялы менен ушундай мамиле жасаган күйөө өзүн өзү алдайт.

Ошондо Теңир мага мындай деди: “Уулум, Менин көп балдарым бар, жума бою алардын көңүлүн издедим. Бирок, алар Мени таптакыр этибарга алышпайт”. Мен аларды өздөрүнө жакын жашаган кошунасына кызмат кылуу үчүн чакырсам, бирок алар Мени угушпайт же Менин жетекчилигиме баш ийишпейт, анткени аларда жагымдуу жана кызыктуу иш-чаралар пландалган. Алардан жыйынга, коомчулукка, үй-бүлө мүчөлөрүнө ж.б. акча берүүсүн же кызмат кылууну сурансам, алар Мени угушпайт. Анан алар жыйналышка келип, Менден бир нерсени, тактап айтканда, *бата алууну* каалашат. Алар Мага назик сүйүү ырларын ырдашат жана аны табынуу деп аташат. Бул табынуу эмес, бул жөн гана жай ырлар!»

Мен бул ачылышка таң калдым. Менин табынуу түшүнүгүм туура эмес экенин түшүндүм. Кийинчерээк мен буга чейин көңүл бурбаган бир укмуштуудай нерсени байкадым. Окурман, сизге суроо берейин: *табынуу* деген сөз Ыйык Китептин кайсы жеринде биринчи жолу кездешет? Бул абдан маанилүү суроо, анткени автор өзүнүн китебинде көпчүлүккө белгисиз болгон, жаңы түшүнүктү киргизген сайын аны үч нерсенин бири менен коштоп жүрөт. Ал же жаңы терминге аныктама берет, же түшүнүктүн маанисин түшүндүрүү үчүн мисал келтирет, же жаңы сөздү анын маанисин ачык көрсөтүп тургандай кылып колдонот. Табынуу деген сөздү биринчи жолу Башталыш китебинде кезиктиребиз:

> Анан Ыбрайым малай балдарына: «Силер бул жерде эшек менен калгыла. Ал эми уулум экөөбүз тигил жакка барып *табынып*, анан силерге кайтып келебиз», – деди (Башт. 22:5, курсив автордон).

Ыбрайым Ыскак менен жай ырларды ырдоо үчүн тоого чыккан эмес. Ал жерге өмүрүндөгү эң кымбат нерсени өлтүрүү үчүн барган, анткени Кудай андан суранган! Демек, өзүңөр көрүп тургандай, табынуу – бул баш ийүүдөгү жашоо. Мындай аныктама Кудайдын Өз элине эмне үчүн ушунчалык жалындуу сүйлөгөнүн түшүндүрөт, алар ырларды ырдашат:

> Ырларыңдын үнүн Менден алыс кыл, анткени Мен сенин арфаларыңдын үнүн укпайм Менден ырларыңдын ызы-чуусун алып сал, анткени мен сенин арфаңдын үнүн укпайм. Акыйкаттык суудай, чындык тынбай аккан дарыядай агып турсун! (Амос 5:23,24).

Заманбап жана кооз музыкалар аткарылган көптөгөн кызматтарга катыштым, бирок ал жерде Теңирдин бар экенин сезген жокмун. Мындай учурларда мен адегенде өз жүрөгүмдү кылдаттык менен текшерип, Ыйык Рухтан: «Мен бирөөнү таарынтып же күнөө кылып албадымбы?» - деп сурайм. Көбүнчө жүрөгүмдүн түпкүрүндө менде баары жайында экенине ишенем жана тынчтыкты сезем, анан адамдардын өзүлөрү Кудай менен болгон жакындыкка тоскоолдук кылып жатканын түшүнөм. Анан мен Кудайдан коркуу жана баш ийүүнү ишенимдүү түрдө айта баштайм. Мен күбө боло алам: мындай атмосферада дээрлик ар бир жолу адамдардын жарымына жакыны насааттын аягындагы тообо чакырыгына жооп беришет.

Анан ошол эле жыйындагы кийинки жолугушууга ошол эле мактоо ырлары менен, ошол эле улуу сыйынуу командасы менен келем жана дээрлик ар бир жолу Кудайдын катышуусу эң сонун түрдө көрүнөт. Эмнеге? Анткени, чыныгы табынуу тил алчаактыкта жашоо болуп саналат жана бул жашоодон Кудайдын жүрөгүн кубанткан жана Ага Амос китебинен алынган үзүндүдө айтылган реакцияны туудурбаган мактоо ырлары келип чыгат. Менин аялым менен болгон мамилелеримдегидей эле принциптер биздин Кудай менен болгон мамилелерибизе да колдонулат, мен ага күн бою көңүл бурбай койгондун ордуна, сүйүүнүн далилдерин көрсөткөндөн кийин эркелөө үчүн келемин.

## Чындыктагы табынуу

Ыйса Атасынын Ага рухта жана чындыкта табына тургандарды издеп жатканын айтат. Кийинки бөлүмдөрдө биз Кудайга рух менен табынуу жөнүндө кеңири сөз кылабыз. Бирок, азыр чындыкта *табынуу* жөнүндө сөз кылалы. *Чындык* деген - *aletheia* деген грек сөзү. Вайн бул сөзгө төмөнкүдөй аныктама берет: «Көрүнүүчү жана көрүнгөндүн негизинде жаткан чындык. Маселенин ачылган жана чыныгы маңызы".

Мага бул аныктама жагат, анткени ал Ыйсанын бизге айтканын майда-чүйдөсүнө чейин түшүндүрөт. Ошентип, Ыйса чыныгы сыйынуу адамдын эң негизинде жаткандыгын, тактап айтканда, жүрөгүндө экенин ырастайт. Дагы да түшүнүктүүрөөк болушу үчүн, мен адамдардын баарлашуусунун үч деңгээли жөнүндө сөз кылам.

Байланыштын биринчи жана эң төмөнкү деңгээли – бул вербалдык байланыш. Ыйса муну эки уулун жүзүмзарга жу-

мушка барууну суранган атанын мисалы менен түшүндүргөн (Мт. 21:28-31). Бир уулу: «Мен барам, мырза», — деп жооп берди, бирок өзү барган жок. Дагы бирөө: «Каалабайм» деди, бирок тообо кылгандан кийин барды. Ыйса өзүнүн алгач баш тартканына карабастан, жумушка кеткенин атасынын эркин аткарды деп, түшүндүрдү. Ошентип, иш-аракет менен ырастоо, сөздүк формага салыштырмалуу баарлашуунун эң жогорку формасы болуп саналат.

Жакып да бул үзүндүдө төмөнкү деңгээлдеги оозеки баарлашууну мисал келтирет: «Эгерде бир туугандарыңардын киер кийими, ичер тамагы жок болсо, араңардан бирөө аларга: «Тынчтык менен баргыла. Жылуу кийингиле, курсагыңарды тойгузгула», – десе, бирок алардын денесине керектүүнү бербесе, андан эмне пайда» (Жакып 2:15,16). Элчи Жакан бул чындыкты ырастап, мындай деп айткан: «Колунда бар болгонуна карабастан, бир тууганынын муктаждыгын көрүп туруп жардам бербеген адамда кантип Кудайдын сүйүүсү болсун?” (1 Жакан 3:17).

Бул чындыкты көптөгөн жагдайлардан көрүүгө болот. Мисалы, эркек аялына аны сүйөөрүн айтат, бирок аны менен эч качан убакыт өткөрбөйт. Же мисалы, аял күйөөсүнө сүйөм деп айтып, бирок анын кеңешин эч качан укпайт жана кредиттик картаны колдонууну токтотпой, үй-бүлөлүк бюджетти түгөтөт. Менин оюмча, силерге ушуга окшош жагдайлар тааныш жана бул тизмени чексиз улантууга болот. Жакан өзүнүн катында бул теманы талкуулоону улантат:

> “Балдарым, сөзүбүз же тилибиз менен эмес, ишибиз менен, чын жүрөгүбүз менен сүйөлү” (1 Жакан 3:18).

Биз сөзсүз түрдө адамдарга сүйүү сөздөрүн айтышыбыз

керек, бирок сүйүү сөздөрүбүздү ырастап, аларды иш менен жана чындык менен сүйө баштабасак, бул ачык эле эки жүздүүлүк болмок. Байкасаңар, элчи «иш жана чындык менен» деп айткан. Мына ушулар байланыштын эки жогорку деңгээли. Кыймыл, же иш-аракет, сөздон кийинки экинчи даражадагы байланыш болуп саналат. Анткен менен, бул баарлашуунун эң жогорку деңгээли эмес, бул жерде оңой эле чаташып калууга болот, анткени иш-аракеттер чындыкка карама-каршы келип калышы мүмкүн. Маселен, Пабыл мындай дейт: «Эгерде мен мал-мүлкүмдүн баарын таратып берсем, денемди отко таштоого даяр болсом, бирок менде сүйүү жок болсо, мунун баары пайдасыз» (1 Кор. 13:3). Ал сүйүүнүн эң бийик көрүнүшү сыяктуу көрүнгөн иштерди сүрөттөйт, бирок жүрөктө Кудайдын сүйүүсү болбостон туруп, мындай даңазалуу көрүнгөн иштерди жасоого болот экендиги ал эскертет.

Бул баарлашуунун эң жогорку деңгээлине алып барат жана ал биздин *жүрөгүбүздө* ишке ашат. Мына ушул адамдын негизги деңгээли. Жакан менен Ыйса *чындык* жөнүндө айтып жатканда, дал ушул деңгээлди айтып жатышат. Жүрөктөгү ойлор жана ниеттер биздин табынуубуздун мотивиндеги чындыкты ачып берет, бирок аларды Кудайдын Сөзүнүн жардамы менен гана айырмалоого болот.

Бизге баарынан да сактачудан, жүрөгүбүзду сактоо буйрулган, анткени, андан өмүр булактары чыгат. Эгерде бул принциптерге кайдыгер мамиле кылсак, биз бат эле алданып калабыз. Өзүнө-өзү берилген, Кудайдын Сөзү жана Анын Руху жетектебеген жүрөк – оңой эле алданып кала турган жүрөк.

Кудай Өз элине мындай дейт: «Эгерде тилимди алууну *каалап,* Мени уксаңар, анда жердин ырыскысынан жейсиңер» (Ышайа 1:19, курсив автордон). Көңүл бурсаңар,

Кудай биз жөн эле баш ийишибиз керек деп айтпайт, бирок биринчи каалап, анан баш ийишибиз керек дейт. Баш ийүүнү каалоо же ага даяр болуу, биздин жүрөгүбүздүн мамилесин мүнөздөйт. Мен уулумдан бир нерсе талап кыла алам, ал дароо эле баш ийип, бир топ тил алчаак көрүнгөнү менен жүрөгүндө наалып, нааразы болушу мүмкүн. Чындык мында жатат: ал чынында баш ийбейт, болгону баш ийип жаткандай түр көрсөтөт. Жакан бизге Кудайды жана жакыныбызды иш жүзүндө да, чындыкта да сүйүшүбүз керектигин жана бул жүрөктүн деңгээли экендигин айтат:

> «Чындыктан экенибизди ушундан билип алабыз, бизди жүрөгүбүз айыптаса да, жүрөгүбүздү Кудай алдында тынчтандырабыз (1 Жакан 3:19).

Кудай мени менен ушул темада сүйлөшкөн учурду эч качан унутпайм. Мен буга чейин да эч качан наалыбоого, күңкүлдөбөөгө көп аракет кылдым. Мен биздин наалыганыбызга Кудай таарынганын түшүндүм, анткени, наалыганыбыз жана наразычылыгыбыз менен биз Ага: «Сенин кылганың мага жаккан жок, мен Сенин ордуңда болсом, баарын башкача кылмакмын», - деп айтып жаткандай сезилет. Ушундай жол менен биз Теңирден коркуунун жоктугун билдиребиз жана Кудай муну жек көрөт. Чындыгында, Ысрайыл уулдары ушундай мамиленин айынан убада кылынган жерге кире албай калышты. Ошентип, бир аз убакытка чейин мен эч нерсеге нааразы болгон жокмун жана бул чындыкка абдан сыймыктандым. Бирок, бир күнү эртең менен мен ойгонгондо Ыйык Рухтун катуу сүйлөп жатканын уктум: «Мен сенин жүрөгүңдөгү наразычылыкты угуп жатам!» Мен кармалдым. Мен текебердигимде канчалык алданганымды түшүнүп, шок болдум. Менин

Кудайга болгон табынуум туура эмес болчу жана жүрөгүмдөгү кемчиликтерди ачуу үчүн, Анын түзөтүүчү Сөзүнүн жарыгы керек болчу. Мен дароо өкүнүп, тобо кылдым. Ошондон бери Теңир мени бул маселеде оңдой электигине кубанып жатам. Анын мээрими үчүн Кудайга даңк болсун!

Вайндын сөздүгүнөн *чындыктын* аныктамасын дагы бир жолу карагыла. Анда чындык көрүнгөн же сырткы нерсенин негизинде жаткан чындыкты билдирет деп айтылат. Бул маселенин чыныгы маңызынын бир көрүнүшү. Биз чындыктан оңой эле четтеп кетебиз! Мен бир мисал келтирейин. Биз Теңирге сыйынып, даңктап ырдай алабыз, бирок, жүрөктөн бир да сөз чыкпайт. Биз ырдаган сайын ачка экенибизди, кечээги балдардын мушташканын, кызматтан кийин кандай сонун нерселерди пландаштырганыбызды жана башкаларды эстейбиз. Биз сыйынып: «Теңир, мен Сага абдан ыраазымын» дей алабыз. Ошол эле учурда, биз өзүбүз кабылган оор кырдаалга көп күн бою нааразы болуп жүрүшүбүз мүмкүн. Биз Кудайга чындап эле ыраазыбызбы, же бардык нерсени биз туура жана ылайык дегендей тартипке келтирбегени үчүн, жүрөгүбүздүн түпкүрүндө Аны күнөөлөп жатабызбы? Бул тизме улана берет.

Кудайга чындап табынуу Ага баш ийүү гана эмес, Анын айткандарынан ырахат алуу дегенди билдирет. Табынуу – мындай учурларда айтылууга тийиш болгон нерсени эмес, чындап жүрөгүңдө эмне бар экенин айтуу дегенди билдирет. Кудай менен эки жүздүү болбош керек. Мага Дөөттүн мындай дегени жагат:

> “Адамдар! Ар убакта Кудайдан үмүттөнгүлө. *Жүрөгүңөрдөгүнү Анын алдына төккүлө*, анткени Кудай биздин баш калкалар жайыбыз” (Заб. 61:9).

Мен Кудай менен толук ачык болгонумда, Ал мага жакын болорун байкадым. Андан бир нерсени жашырсам, Ал менин жолума тоскоол болуп, анан мен сыйынууда андан ары бара албай калам. Мен Аны менен байланышым үзүлүп бараткандыктан, өзүм менен чындап күрөшүшүм керек болот. Ал эч кандай шылтоосуз, жүрөгүнүн тазалыгы менен Ага жакындоого даяр адамдарды издейт. Мен жыйналыштагы адамдарды карап, алардын: «Ырахмат, Ыйса... аллелуя, Кудайга даңк» дегенин укканда, ойлонуп калам. Кызык, деп ойлойм, алар профессионал машайакчылык тилди өздөштүрүүгө машыгып жаткандай, бул сөздөрдү жөн эле кайталап жатышабы же бул сезимдер, ойлор алардын жүрөгүнүн түпкүрүнөн чыгып жатабы? Мындай учурларды күйөөсүнүн аялына анын көңүлүн оорутпай, аны тынчтандыруу үчүн гана сүйүүсүн айтып коюусу менен салыштырууга болот. Бул кишинин ага болгон сүйүүсүн катуу сезим менен, чын жүрөктөн айтканы такыр башка.

Чыныгы табынуунун жашоосунан даңктын агымдары агып турат, ал негизинен баш ийүү болуп саналат. Машаяктын Денесинде даңктоо жана сыйынуу ырларын ырдоого өзгөчө таланттуу адамдар бар. Булар заманбап забурчулар. Алардын кээ бирлери чыныгы табынуу менен жашашса, кээ бирлери сезимдер жана дүнүйөлүк жашоодо жашашат. Бирок, ыймансыздык менен өздөрүн булгагандар деле талантынын аркасында укмуштуудай күчтүү сезимдерде ырдай алышат. Ошентсе да, алар аткаруу учурунда Теңирдин ыйык катышуусуна жетишпейт, ал эми таза аткаруучулардын мактоосу жана ыраазычылыктары Кудайдын даңктуу катышуусу менен коштолуп, алар Ага жана Анын элине бүт жүрөгү менен кызмат кылышат.

## Ыйсанын Өзүн ачып берүүгө убадасы

Кудайга чындык менен табынуу деген, демек Ага таза жүрөк менен табынуу. Бул сөздүн тереӊ маанисинде Андан коркуу жана урматтоо дегенди билдирет. Забурчу:

> «Сурнай үнүн тааныган эл бактылуу! Алар Сенин жүзүӊдүн жарыгы астында жүрүшөт, Теӊирим” (Заб. 89:16) деп айткан.

Кудай табынуучу жашоого Анын чакырыгын угууга даяр адамдарды издеп жатат. Баш ийгендер Анын алдында жүрүшөт. Алар Аны жакындан билишет, анткени, Ал бул адамдарга Өзүн ачып берет. Ыйса муну мындай деп айткан:

> “Бир аз убакыттан кийин бул дүйнө Мени көрбөй калат, ал эми силер Мени көрөсүӊөр. Мен жашап жаткандыктан, силер да жашайсыӊар. Мен Атамдын ичинде экендигимди, силер Менин ичимде экендигиӊерди, Мен силердин ичиӊерде экендигимди ошол күнү түшүнөсүӊөр. Ким Менин осуяттарымды билсе жана аткарса, ал Мени сүйөт. Ал эми Мени сүйгөн адамды Атам сүйөт. Аны Мен да сүйөм *жана ага Өзүмдү ачып берем*» (Жакан 14:19-21, курсив автордон).

Анын осуяттарына ээ болгон жана аларды аткарган адамдар Ага чындык менен табынышат. Алар Аны көрүшөт деп убада кылган. Эсиӊерде болсун, *көрүнүү* көрүнбөгөндүн чөйрөсүн көрүнгөнгө, белгисизден белгилүүгө жана түшүнүксүз нерседен – белгилүү, түшүнүктүү нерсеге чыгуу дегенди билдирет. Ыйык Китептин кеӊири вариантында бул үзүндү төмөнкүчө айтылат:

> Дагы бир аздан кийин дүйнө Мени көрбөйт бирок, силер Мени көрөсүңөр... Ким Менин осуяттарымды аткарса, ал Мени [чын эле] сүйөт. Ким Мени [чындап] сүйсө, аны Атам да сүйөт, Мен да аны сүйөм жана ага Өзүмдү көрсөтөм [Мен өзүмдү ачып берем, ачык кылам]. [*Мен ага абдан көрүнүп, ага реалдуу болом*] (Жакан 14:19, 21, курсив автордон).

Ага чындыкта табынган адамдар гана Аны *чындап* билишет. Ал аларга Өзүн ачып берет жана алар Анын сүйүктүү досторуна айланышат. Бул элчилерди таң калтыргандыктан, алардын бири мындай деп жазган:

> Ошондо Жүйүт (Искариот эмес) Ыйсадан: «Теңир, эмне үчүн Сен Өзүңдү дүйнөгө эмес, бизге тааныткың келип жатат?» – деп сурады. Ыйса ага мындай деп жооп берди: «Ким Мени сүйсө, ал *Менин сөзүмдү аткарат (жана Менин окутуума баш иет);* Ошондо аны Атам сүйөт, Биз ага келип, анын ичинен орун алабыз (турак, өзгөчө турак-жай). Мени сүйбөгөн адам (чылап) Менин сөздөрүмдү аткарбайт (жана Менин окутуума баш ийбейт)" (Жакан 14:22-24, курсив автордон).

Ошентип, көрүп тургандай, баары кайрадан эле баш ийүүгө кайтып келет. Кудай менин жүрөгүмдө эмне дегенин эстегиле: "Табынуу – Анын каалоолоруна баш ийүү менен жашоо". Биз Аны сөздүн чыныгы маанисинде сүйсөк, анда Ал бизге конок катары эмес, бизде түбөлүк жашоо үчүн туруктуу жашоочу катары келет. Ал бизге Өзүн ушинтип көрсөтөт же ачып берет. Ыйык Рухка ээ болгондор көп, бирок алар өз Теңиринин Сөзүн чын жүрөктөн аткарышпайт.

Булар абдан оңой алданган адамдар. Ошондуктан, алардын таланттарынын көрүнүшүндө, мисалы, насаат айтууда, ырдоодо, сыйынууда же башка кызматтын түрлөрүнөн кандайдыр бир деңгээлде Кудайдын бар экенин көрүүгө болот. Бул жагынан алар Биламдан эч айырмаланбайт, ал абдан талanttуу пайгамбар болгон жана Кудайдын белеги ага иштеген сайын Теңирдин катышуусун белгилүү бир деңгээлде сезген, бирок, ал Кудайдын жүрөгүнөн бир топ алыс болгон.

Бул адамдардын азгырылгандыгы – кызматында Кудайдын бар болушун, алардын жалпы жашоолоруна ыраазы болгонунун белгиси катары кабыл алышы жана Анын катышуусун Ага жакындыктын далили катары жаңылыш түшүнүүлөрү. Түшүндүрүү үчүн мындай бир мисал келтирсе болот. Кайрымдуу адам өзүнө жардам берүү үчүн башка адамды жалдай алат. Кызматкер күн сайын жумуш берүүчүнүн алдында болгондуктан, аны жакшы билем деп туура эмес ойлошу мүмкүн. Силер ойлогондой, бул божомол түп-тамырынан бери туура эмес. Ыйса Анын атын атагандардын көбү кийин олуттуу көйгөйгө туш болорун айткан:

> “Үй ээси туруп, эшикти бекиткенден кийин, силер сыртта туруп алып, эшикти каккылай баштайсыңар да: “Теңир! Теңир, эшикти ач”, – деп айтасыңар. Бирок Ал *(Теңир)* силерге: “Силердин ким экениңерди, кайдан экениңерди *(жакындан)* билбейм”, – деп жооп берет. Ошондо силер: “Биз *Сени менен эле чогуу* тамактанып жүрчүбүз, Сен биздин көчөлөрүбүздө окутчусуң”, – деп айта баштайсыңар. Бирок Ал: “Силердин кайдан экениңерди билбейм. Эй, адилетсиздик кылуучулар, баарыңар Менин жанымдан кеткиле”, – деп айтат” (Лука 13:25-27, курсив автордон).

Эгер муну Матайдын параллелдүү баяны менен бирге окусак (Мт. 7:21—23-аяттарды карагыла), ушул эле суроолорду Ыйсанын атынан кереметтерди жасаган адамдар беришкенин көрөсүңөр. Алар жөндөмдүүлүктөргө ээ болушкан, бирок, алардын белектери менен коштолгон Теңирдин катышуусун Анын жактыруусунун же жакындыгынын белгисине барабар деп эсептешкен. Көрдүңөрбү, Аны таанып-билгендерине ишенген бул адамдардын канчалык таң калганын, анын үстүнө, аларды Анын алдына киргизбей коюшкан. Анын дайыма катышуусу менен кызматты коштогон катышуусунун ортосунда чоң айырма бар экенин түшүнүү абдан маанилүү.

Жогорудагы аятта Ыйсанын Жүйүттүн (Искариоттун эмес) суроосуна берген жообу эсиңердеби? Бул жооп Теңир Өзүнө чындап табынган адамдарда жашай турганын көрсөтөт. Бул өзгөчө таң калыштуу аят, анткени, анда жайгаша турган жер жөнүндө сөз болуп жатат. Мага *турак-жай, жашаган жер, жайгашкан жер* деген сөздөр жагат. Бул сөздөр Байыркы Келишим менен Жаңы Келишимдин ыйыктарынын ортосундагы чоң айырмачылыкты жаратат. Байыркы Келишимдеги ыйыктардын Кудай үчүн турак-жай болуу артыкчылыгы болгон эмес. Кудайдын жашаган жери ыйык чатырдагы, кийинчерээк ийбадаткананын ыйык жери болгон. Бирок, бул жерде да параллелди түзүүгө болот. Эйлинин күндөрүндө Кудайдын катышуусу сейрек кездешчү, андан да көбүрөөк ошол күндөрдө адамдардын өз башынча болгон жүрүм-турумунан улам Кудай жыйын чатырында болгон эмес. Бирок, Анын эли Ага чын жүрөктөн баш ийип турган убакта, Анын катышуусу күчтүү жана айкын болгон.

Ушундай эле көрүнүш бүгүн да болуп жатат. Ага рух менен жана чындык менен табынган, Ага таза жана ынталуу жүрөк менен баш ийген момундар өз жашоосунда дайыма Анын ка-

тышуусун сезишет. Андай адамдарга Кудай Өзүн ачып берет. Оо, анда бизди кандай сонун баарлашуу күтүп турат! Ушундай укмуштуу байлыктар бизге сунушталып жатканда, ишенгендер кантип тил албас жана бул дүйнөгө сабырдуу мамиледе боло алышат!

Ал бизге бизди Өзүнүн жайгашкан жери, өзгөчө жер кылууну убада кылган жана ошону менен Өзүн бизге ачып берүүнү, же Өзүнүн чыныгы кулк-мүнөзүн ачып берүүнү убада кылган. Ойлонуп көргүлөчү, мындай убада бизге эмнени айтат жана ал келечекке гана эмес, биздин азыркы жашообузга, бул жерде жана азыркы мезгил үчүн да арналган! Мен бул аяттарды абдан жакшы көрөм, анткени, аларда биздин даңктуу Падышабыз «Өзүн ачууну» же Өзүн мага жана жеке силерге көрсөтүүнү каалайт. Кийинки бөлүмдөрдө Анын муну кантип жасаганын көрөбүз. Бирок, адегенде, кийинки бөлүмдө, биз дагы бир, абдан маанилүү жана зарыл болгон жакшылыкты изилдейбиз, Ал кимде жайгашууну каалаcа, ошолорду издейт.

## ТЕМАГА БАЙЛАНЫШТУУ СУРООЛОР:

1. Энох, Нух, Ыбрайым, Муса, Дөөт, Эстер, Даниел жана башкалар сыяктуу Ыйык Жазуунун каармандарынын жашоосун изилдеп жатып, силер бир жалпы нерсени табасыңар – бул өзүлөрүнүн жеке каалоолорунан жогору турган Кудайдын каалоолоруна чын жүрөктөн баш ийүү. Эгер силер бүгүндөн баштап ушундай баш ийүүнү көрсөтө баштасаңар, жашооңордо эмне болмок?
2. Бул бөлүмдөгү “мактоо – ылдам ыр, табынуу – жай ыр” деген тамашалуу сөзгө ой жүгүртүп жатып, ошол пикирге кошуласыңарбы? Теңир табынуу жөнүндө авторго

«бул - жашоо» деп аныктама берген. Бул принциптерди иш жүзүндө ишке ашыруу силердин жашооңордо кандай өзгөрүүлөрдү алып келет?

3. Ыйсанын Лука 13:25-27 жана Матай 7:21-23-аяттарындагы сөздөрү жөнүндө ой жүгүртүп, Теңирдин бизде түбөлүк болушу менен Анын кызмат менен коштолгон катышуусунун ортосундагы айырманы кантип түшүндүрөт элеңер?


# MessengerX

***Күнүмдүк шакирттик үчүн сиздин колдонмоңуз***

## Таптакыр бекер!

Мобилдик түзмөгүңүзгө жөн гана жүктөп алып, колдонууну баштаңыз! Же сайттагы веб-версиясын колдонуңуз:

**MessengerX.com**





## 120+ тилдер жана бул да чек эмес

- 120 дан ашык тилдеги материалдарды карап чыгыңыз жана жүктөп алыңыз.
- Материалдарды досторуңуз менен бөлүшүңүз же изилдөө тобун баштаңыз.
- Жаңы материалдар дайыма кошулуп турат.

## Көрүңүз. Окуңуз. Угуңуз.

Кеңири каражаттардын китепканасын изилдеңиз: курстарды, электрондук китептерди, аудиокитептерди, кыска метраждуу фильмдерди жана башка көптөгөн нерселерди көрүп, окуп жана уга аласыз.



## Өтө маанилүү багыттардагы өсүш

Үй-бүлө, жакшы мамилелер, жашоодогу максат, порнографиядан эркин болуу, ишенимди бекемдөө, Кудайдын үнүн угуу, бизнес лидери жана башка ушул сыяктуу темаларды изилдеп көрүңүз!

## Сиздин өсүшүңүзгө карай жол


**MessengerX** тин максаты жашоодогу кийинки кадамды жасоого жардам берүүгө багытталган. Биз ошол жолдо калууңузга жардам берүүчү шакирттик жолду жана күчтүү куралдарды иштеп чыктык.



## Сизге жага турган дагы да көбүрөөк мыкты функциялар бар!

- Бул материалдарды бөлүшүүгө жана ал тургай, изилдөө топторун баштоого жардам бере турган жөнөкөй жана жеңил куралдар.
- Сиздин сүйүктүү смарт сыналгыңыздан көрүү үчүн Chromecast жана AirPlay.
- Бардык түзмөктөрүңүздөгү жетишкендиктериңизди сактаңыз. Өзүңүзгө жаккан материалдарга тез жетүү үчүн, аларды китепканаңызга сактап коюңуз.
- Офлайн режиминде көрүү үчүн түзмөктөрүңүзгө материалдарды жүктөп алыңыз.
- Сиз издеп жаткан нерсенин так өзүн табуу үчүн акылдуу издөө жана чыпка.
- Аудио китептердин, аудио Библиялардын ырааттуу бөлүмдөрүн жана атүгүл мактоо ырларын өз тилиңизде автоматтык түрдө ойнотуңуз!

# **MessengerX** -1-2-3 сыяктуу оңой!




**1** **MessengerX** тиркемесин Apple Store жана Google Playден жүктөп алыңыз

**2** Аккаунт ачып туруп, тиркемени өз тилиңизде колдонуңуз

**3** Өзүңүзгө жаккан каражаттарды карап, окуп, көрүп, угуп, жүктөп алыңыз да жана башкалар менен бөлүшүңүз

## Шакирт болгула, шакирт даярдагыла

**MessengerX** тин бир бөлүгү катары, сиз которулган каражаттарды дүйнө жүзүндөгү адамдарга жеткирүүгө жардам бересиз.

***Анткени ар бир адам билүүгө татыктуу!***

**MessengerX.com**

Бул жерден жүктөп алууга болот
App Store

Бул жерден алууга болот
Google Play

</> Бардык браузерлерде жеткиликтүү.

9-бөлүм

# КУДАЙ КИМДЕР МЕНЕН БОЛОТ?

Падышачылыктын күчү жана бийлиги менен жабдылган эгиздер, бул *Теңирден Коркуу* жана *Момундук.*

Бул бөлүмдө биз Аны менен болгон мамилебизди абдан каалаган Кудайга жакындоо үчүн зарыл болгон дагы бир маанилүү элементти изилдейбиз. Негизги аятыбыз бизди «Кудайга жакындагыла, ошондо Ал силерге жакындайт» деп чакырат. Бирок, келгиле, бул таң калыштуу чакыруунун алдында жана андан кийин эмне айтылганын карап көрөлү:

> «Кудай текеберлерге каршы турат, ал эми *момундарга* ырайым кылат... Кудайга жакындагыла, ошондо Ал силерге жакындайт... Теңирдин алдында *моюн сунгула*, ошондо Ал силерди көтөрөт. (Жакып 4:6-10, курсив автордон).

Кудайдын момундукка чакыруусу эки чакырыктын ортосуна жайгаштырылган жана бул үчүн жетиштүү негиз бар, анткени Кудай мындай дейт:

> “Анткени Улуу, Даңкталган, Түбөлүк Жашоочу, Ысымы Ыйык мындай деп жатат: «Мен *бийик* асмандын үстүндө жана ыйык жайда жашайм, ошондой эле моюн сунгандардын рухун тирилтиш үчүн, кайгыргандардын жүрөгүн тирилтиш үчүн, кайгыргандар менен, руху менен моюн сунгандар менен бирге жашайм (Ыш 57:15, курсив автордон).

Жакыптын айтымында, эгер биз Теңирдин алдында моюн сунсак, анда Ал бизди көтөрөт. Кайда көтөрөт? Кудай Ышайа пайгамбар аркылуу жооп берет - *асмандын бийиктигине жана ыйык жайга!* Кудай аз гана убакытка зыярат кылып тим болбостон, Өзүнө туруктуу жай кыла турган адамдарды издеп жатат. Жакып бизди Кудай менен болгон кыска гана жолугушууга чакырбайт, бизди дайыма Анын алдында болууга жана жашоого чакырат, бирок, Ышайа айткандай, бул момундар үчүн гана мүмкүн.

## Момундук жөнүндөгү мурдагы туура эмес түшүнүк

Машаяктын Денесиндеги көптөр момундукту же анын күчүн түшүнүшпөйт. Алар момундук алсыздыкты, жоопкерчиликсиздикти билдирет деп эсептешет жана момундук көбүнчө динчилдик катары түшүндүрүлөт. Бирок, чыныгы момундук жаңылыштык менен, көп учурда текебердик катары кабыл алынат! Дөөт атасынын өтүнүчү боюнча согушка бара жаткан бир туугандарына барганын эстесеңер. Ал арасында

бир туугандары да болгон жоокерлердин тобуна келди. Ал алардын өзүн кызыктай алып жүргөнүн байкаган, анткени, алар дөө Голиаттан коркуп, аскалардын артына жашынып алышкан эле. Ал мунун кырк күнгө созулганын билди. Ошондо Дөөт чечкиндүү үн менен: «Тирүү Кудайдын аскерин маскаралагыдай, сүннөткө отургузулбаган бул пелиштилик ким экен?» – деди (1 Шемуел 17:26).

> Бул суроо Дөөттүн улуу агасы Элиаптын ачуусун келтирген. Сыягы: «Иним жөн эле тентек бала эмес, менменсинген бала да» деп ойлоду окшойт. Ошондуктан Элиап Дөөткө катуу жооп берди: «Сенин *текебер экениңди да*, жүрөгүңдүн жаман экенин да билем» (1 Шем. 17:28).

Күтө турсаңар, бирок, алардын кимиси менменсинген? Мындан болгону бир бап мурун Шемуел пайгамбар Жышайдын үйүнө кийинки падышаны майлоо үчүн келгенин, бирок, ал Жышайдын тун уулун четке кагууга аргасыз болгонун окуганбыз. Чындыгында Жышай да, Шемуел да бул ролго Элиап ылайыктуу деп ойлошкон, анткени, ал Жышайдын уулдарынын ичинен эң узун, эң күчтүү жана эң сулуусу болгон. Бирок, Кудай: «Аны Мен четке кактым», - деп чечкиндүү айткан (1 Шем.16:7). Кудайдын адамды четке кагышынын бир гана себеби бар, ал – текебердик. Элиап Дөөттү айыптаган текебердик менен толгон, ал эми, Кудай Дөөт жөнүндө айтып жатып, Өзүнүн жүрөгүнө ылайыктуу адамды тапканын айткан (Элчилер 13:22). Дөөт эч кандай алсыз, жооп бере албаган болгон эмес.

Согуш талаасында жүргөн Дөөт бир тууганынын кемсинткен сөздөрүнө көңүл бурбай, чоң ишеним менен алпты көздөй жөнөдү, анын башсыз калышын эскертти. Дөөт

душмандын кошуунуна чуркап барып, Голийатты өлтүрүп, башын кесип алды.

Биз чындап эле момундук эмне экенин түшүнбөй жатканыбызды далилдеп берейин. Ыйык Китептин алгачкы беш китебинин бири болгон Сандар китеби Бешкитеп деп аталган китептердин тобуна кирет. Бул китептен биз буларды окуйбуз:

> "Муса жер үстүндөгү бардык адамдардын ичинен эң момун адам болгон" (Сан. 12:3).

Мына сага билдирүү! Эгерде биз өзүбүзгө чынчыл болсок, анда биз жөнүндө ушундай сөз болушун абдан каалай турганыбызды моюнга алабыз, бирок, өзүбүз жөнүндө өзүбүз муну айтууга батынбайбыз. Эмнеге? Мындай бааны өзүнө өзү текебер адам гана бере алат. Бирок, Сандар китебин ким жазган? Жооп - Муса. Ушундай!

Өзүн момунмун деген адамды, жада калса, жер жүзүндөгү эң жоош адам болсо да, биз аны эч качан момун дебейбиз! Кызматчынын жыйналышта туруп алып, «баарыңардан мен эң жоошмун» деп айтканын элестетсеңер болот. Аны шылдыңдап, еретик деп аташмак, бирок, Ыйсанын айтканын карагыла:

> "Чарчап-чаалыккандар жана түйшүк тарткандар, баарыңар Мага келгиле... *Менден үйрөнгүлө,* анткени *Мен жоошмун* жана *момунмун*. Ошондо жаныңарга тынчтык табасыңар" (Мт. 11: 28,29, курсив автордон).

Демек, момун адам өзү жөнүндө эч качан жакшы сөз айтпайт жана эч нерсеге жарабаган курттай жашайт деп ишенгендиктен, момундуктун түпкү маанисин түшүнгөн жокпуз. Бирок, мунун баары чындыктан өтө алыс.

## Момундуктун аныктамасы

Момундуктун үч жагы бар. Биринчиден, бул биздин Теңирге баш ийүүбүз. Экинчиден, бул биздин Ага болгон толук ишенимибиз. Үчүнчүдөн, бул биздин өзүбүзгө болгон мамилебиз. Келгиле, бул аспектилердин ар бирине кыскача токтололу.

Биринчиден, биздин баш ийүү. Жакып момундук жөнүндө жазгандан кийин, ал ишенгендерди: «Ошондуктан Кудайга моюн сунгула», - деп үндөгөн (Жакып 4:7). Бул сапат баш ийүү жана момундук менен тыгыз байланышта. Теңир дайыма Өз элине убадаларды берет жана Өзүнүн пландары менен бөлүшөт. «Анткени Өзүмдүн силер жөнүндө ойлогон оюмду Өзүм гана билем, – дейт Теңир, – ал ой – силерге келечек, үмүт бериш үчүн, жаман ой эмес, жакшы ой» (Жер. 29:11). Бул ниеттер Анын бизге болгон эркин билдирет жана алдыбыздагы жолдун пайгамбарчылык көрүнүшүн тартуулайт. Биз чын жүрөктөн бул ниеттердин аткарылышын каалайбыз, анткени, Ал Өзүнүн ниетин биздин жүрөгүбүзгө салат (Заб. 37:4). Жүрөгүбүздө Ал бизди кайда алып барары тууралуу түшүнүк бар, ал эми фантазиябыз кайда барышыбыз керектигинин логикалык схемасын түзөт. Ошентсе да, көп учурда Кудай бизди логикага түздөн-түз карама-каршы келген багытка жетелейт. Чыныгы момундук Кудайдын акылмандыгын жана буйруктарын биздин акылыбыздан жогору деп билет жана биз түшүнбөсөк да, Ага баш ийүүнү тандайбыз. Накыл сөздөр 3:5те: «Бүт жүрөгүң менен Теңирден үмүттөн, өз акылыңа таянба» деп айтылат.

Ыбрайым Кудайдын Ыскак жөнүндөгү убадасынын аткарылышын көп жылдар бою күткөн жана Ыскак төрөлгөндөн кийин, ал көптөгөн элдердин атасы болууну

кыялданган. Бирок, бир күнү кечинде Кудай Ыбрайымга Ыскакты өлтүрүш үчүн үч күндүк жолго барууну буйругандыктан, баары өзгөрдү! Бул буйруктун мааниси жок болчу. Ыбрайым Кудайга шексиз баш ийүү үчүн кандай гана күрөшкө дуушар болгонун элестете аласыңарбы? Бул азаптуу чечим болгон жана Кудайдын мурунку убадасынын негизинде анын мааниси жок болчу. Бирок, Ыбрайым өзүнүн момундугунан улам Теңирдин буйругун толук эмес түшүнгөнүнө карабастан, баш ийүүнү чечкен.

Кудайдын Ыйык Китебинде Ал мурда көрсөткөн нерселерге карама-каршы көрүнгөн жагдайларды буйрук кылган же ошондойго жол берген дагы көптөгөн мисалдар бар, бирок, тил алчаактыгыбыз менен биз мурда бизге берилген убадалардын аткарылышына жетебиз, бул биздин түшүнүгүбүздөн өйдө турат.

## Биздин Кудайга болгон толук таянычыбыз

Экинчиден, момундукка Кудайга толук жана шексиз көз карандылык катары аныктама берсе болот. Дөөт текебер көрүнгөн, бирок, ал Кудай берген өзүнүн жөндөмүн түшүнгөн. Анын сөзүндө: «Арстан менен аюудан куткарган Теңир мени бул пелиштиликтин колунан да куткарат» деп айтылат» (1 Шем. 17:37). Анын бир туугандары өздөрүнүн жөндөмдүүлүктөрүнө гана ишенишкендиктен, өздөрүн Дөөткө салыштырганда, улуураак жана күчтүүрөөк сезишкен. Бирок, Дөөттүн күчү анын Теңирге болгон ишениминде жана Ага баш ийүүсүндө болгон.

Ушундай эле сапаттарды Калеп менен Жашыядан көрөбүз. Алар убадаланган жерди чалгындоо үчүн ысрайылдыктар тарабынан тандалган он эки башчынын экөө болгон. Кырк

күндөн кийин алар кайтып келип, чалгындоо иштеринин жыйынтыктары жөнүндө Муса менен элге кабарлашты. Он башчы мындай дешти: «Сен бизди жиберген жерге барып келдик, чын эле, ал жер сүт менен бал аккан жер экен, ал жердин жемиштери мына. Бирок ал жерде жашаган эл күчтүү экен, шаарлары да өтө чоң, чеп менен курчалган экен. Биз ал жерден Анактын тукумун да көрдүк» (Сан. 13:28,29).

Ушундай сөздөрдү уккандан кийин эл чуу көтөрүштү. Бирок, Калеп Мусанын алдында турган элди тынчтандырып: «Жүргүлө, ал жерди ээлеп алалы, анткени биз ал жерди оңой эле басып ала алабыз», – деди (31-аят).

«Аны менен барып келгендер болсо: «Жок, биз ал жердин элдерине каршы бара албайбыз, анткени алар бизден алда канча күчтүү экен», – дешти» (32-аят).

Андан ары Ыйык Жазууда: «Ошондо бүт жамаат: «Буларды таш бараңга алыш керек!» – деп кыйкырды» — деп айтылат (Сан. 14:10).

Бүт элдин жана башка жетекчилердин көз алдында Калеп менен Жашыя өзүнө ишенген жана текебер адамдар эле. Ысрайылдыктар жерди басып ала албайт деп ырастаган жетекчилер реалист болгон. Алар кырдаалга баа берип, алар - мурдагы кулдар үчүн, күчтүү жана бекемделген шаарларды жана аймактарды басып алуу таптакыр мүмкүн эмес экенин түшүнүштү. Анткени, алар өзүлөрүнүн аялдарын жана балдарын коргошкон (Сандар 14:3 карагыла). Бул жетекчилер кичи пейил, кары-картаңдарды жана алсыздарды камтыган бүткүл элге кам көрүшкөн. Калеп менен Жашыя ошол эле учурда өзүмчүл жана текебер көрүнүштү, анткени алар алсыз адамдардын жыргалчылыгы жөнүндө ойлонгусу келген жок.

Ооба, бирок, алар ишенимдүүлүктү кайдан алганын карасаңар: “Теңирге каршы чыкпагыла, ал жердин элинен

коркпогула, биз ал элди жеңип алабыз, анткени алардын коргоочусу жок. Ал эми биз менен Теңир бара жатат, ошондуктан алардан коркпогула» (Сан. 14:9). Жашыя менен Калеп өздөрүнүн жөндөмүнө эмес, толугу менен Кудайдын күчүнө таянышкан. Алар бул жерге кирип, Кудайдын эрки менен ага ээлик кылышы керектигин билишкен. Алар чындап эле текебер мактанчаак, ошол эле учурда башка лидерлер реалист болуп көрүнгөн. Бирок, момундарды текеберден бөлгөн Кудай.

Момундук же Кудайдын ырайымына толук таянуу Пабылдын да жашоосун мүнөздөйт. Ал өзү жөнүндө мындай дейт:

> “Биз өзүбүз бир нерсе жөнүндө ойлонууга жөндөмдүү эмеспиз, биздин жөндөмдүүлүгүбүз Кудайдан” (2 Кор. 3:5).

Анан дагы:

> “Бирок Ал мага мындай деди: «Менин сага болгон ырайымым жетиштүү. Анткени Менин күчүм алсыздыкта жеткилең болот». Ошондуктан Машайактын күчү менден орун алат деп, өзүмдүн алсыздыгым менен артыгыраак мактанам” (2 Кор. 12:9,10).

Пабылдын жашоосундагы прогресс ушундай болгон: ал канчалык көп жашаса, Кудайдын ырайымына ошончолук көбүрөөк көз каранды болуп, өзүнүн күч-кубатына, талантына жана жөндөмүнө ошончолук азыраак таянган. Ал Машайакка канчалык көп баш ийсе, Машайакты даңктоого болгон чечкиндүүлүгү боюнча ошончолук кайраттуу жана күчтүү болгон.

## Биз өзүбүздү кандай көрөбүз

Бул бизди момундуктун үчүнчү аспектине алып барат, тагыраак айтканда, биз өзүбүздү кандай көрсөк ошондойго. Ишенимди кабыл алгандан кийин, Пабыл Ыйсага жолукканга чейин ээ болгон бардык жетишкендиктеринен жана коомдогу позицияларынан баш тартып, мунун баарын таштанды деп атаган. Көпчүлүк учурда, анын Машайакты тааныганга чейинки мурунку жашоосун чынында эле таштанды деп айтууга болот.

Бирок, биз Машайакка кайрылгандан кийин жетишкендиктерибиз жөнүндө эмне айта алабыз? Көбүнчө бул таптакыр башка окуя. Бул эрдиктер жөнүндө айтып жатып, Пабыл: «Бир туугандар, мен өзүмдү жеттим деп ойлобойм. Болгону, арттагыны унутуп, [*кайрылгандан кийин Кудай ал аркылуу эмне кылганын*] алдыга умтулам» (Флп. 3:13, курсив автордон).

Пабыл кайрылгандан бир нече жыл өткөндөн кийин, элчи болуп дайындалган (Элчилер 13:1-4 кара). Ал көптөгөн рухий ачылыштарды жана акылмандыктарды алды, бул ага кайрадан чоң ийгиликтерге жетишүүгө мүмкүнчүлүк берди. Ал Азия жана Чыгыш Европа боюнча жыйындарды негиздеген. Биз анын 56 жашында Корунттагы жаңы түзүлгөн жыйынга жазган катынан момундуктун далилин көрөбүз. Анын он жыл жашоосу калган жана Ыйсанын кызматында тажрыйбалуу ардагер болгон. Бирок, ал мындай дейт:

> Мен элчилердин эң кичинесимин, атүгүл, элчи деп аталууга да татыксызмын. Анткени мен Теңирдин Жыйынын куугунтуктачумун (1 Кор.15:9).

Бул сөздөрдөн момундукту угуп жатасыңарбы? Бул

жалган момундук эмес экенин баса белгилегим келет. Жасалма момундук момун көрүнүү үчүн, туура сөздөрдү кантип колдонууну билет, бирок, анын акылында жана жүрөгүндө жөнөкөйлүк жок. Бул жалган жана эки жүздүү позиция. Бирок, Ыйык Китепти Ыйык Рухтун жетеги менен жазып жатканда, калп айта албайсыңар! Ошондуктан, эгер Пабыл өзүн чындыгында ошондой көрбөгөн болсо, мындай билдирүү жасай алмак эмес. Ошондуктан, эгерде Пабыл өзүн элчилердин эң кичинеси деп айтса, анда ал өзүнүн чыныгы момундугу менен чындап эле ушундай деп ойлогон.

Бирок, төмөнкү сүйлөмдү карап көрөлү: «Бирок мен баарынан көп кызмат кылдым» (1 Кор. 15:10). Кимге караганда көбүрөөк? Башка элчилерден да көбүрөөк! Токтосоңор! Кантип эле Пабыл өзү менен мактанып жатат? Азыр таптакыр башка адам сүйлөп жаткандай. Кантип ал өзүн элчилердин эң кичинеси деп атап, анан дароо эле ушул жерде ал: «баарынан көп кызмат кылдым» деп мактанат? Адегенде анын сөздөрү менменсингенсип, мурунку айткандарын жокко чыгаргандай сезилет, бирок, андай эмес. Андан кийин Пабылдын толук көз карандылыгы жөнүндөгү сөздөрү айтылат:

> “Мен эмес, Кудайдын мендеги ырайымы кызмат кылды (1 Кор. 15:10).

Ал бардык кылган иштери бир гана Кудайдын ырайымы менен болгонун айтат. Ал бардык жетишкендиктеринен өзүн ажырата алган. Анын ийгилиги ал аркылуу агып өткөн Кудайдын кудуретинин аркасында гана мүмкүн экенин толук түшүнгөн.

Анткен менен, Пабылдын өзүн «элчилердин эң кичинеси» деген аныктамасын кабыл алуу кыйын. Өз убагында,

ошондой эле, кийинки жыйындардын тарыхында ал эң улуу элчилердин бири катары эсептелген. Бирок, Пабылдын Эфестеги ишенгендерге жети жылдан кийин, 63 жашында, кетээрине үч-төрт жыл калганда эмне дегенин карагыла. Корунттуктарга жазган каттан берки жети жылдын ичинде ал мурунку жашоосуна караганда да көбүрөөк иш жасаган. Бул жерде ал өзү жөнүндө мындай деп жазат:

> “*Ыйыктардын эң кичинеси болгон* мага берилген ырайым бул: Кудайдын ырайымы менен Машайактын изилденгис байлыгын бутпарас элдерге жар салуу (Эф. 3:8, курсив автордон).

Жети жыл мурун өзүн “элчилердин эң кичүүсү” деп атаса, азыр өзүн бардык ыйыктардын эң кичүүсү деп атап ого бетер басынтат! Бул эмне? Эгер кимдир бирөө мактанууга татыктуу болсо, анда ал, албетте Пабыл. Анан да эсиңерде болсун, Ыйык Китепти жазууда калп айтууга, саясий жактан туура диний стилди тандоого мүмкүн эмес. Ал чындап эле өзүн ошондой көрүнүштө көрдү!

Бул өсүү улана берди, анткени, биз муну анын өлүмүнүн алдында Тиметейге жазган катында ырастайбыз:

> Машайак Ыйса бул дүйнөгө күнөөкөрлөрдү куткаруу үчүн келди» деген сөз туура жана бардык жагынан кабыл алынууга татыктуу. Мен ошол күнөөкөрлөрдүн биринчисимин (1 Тим. 1:15.)

Эми ал өзүн элчилердин, атүгүл ыйыктардын эң кичинеси деп атаган жок. Ал өзүн күнөөкөрлөрдүн биринчиси катары көрүп жатат. Ал күнөөкөрлөрдүн биринчиси болгом деп айтпай, бул сүйлөмдө азыркы чакты колдонгонуна көңул

бурсаңар. Бирок, ким Машайактын ичинде болсо, ал – жаңы адам. Мурункунун баары өтүп кетти, азыр баары жаңы болду-деген аян дал ушу адамга берилген (2 Кор. 5:17). Ал жөн гана Куткаруучунун ал үчүн кылган иштерин эч качан унуткан эмес.

Пабыл канчалык көп кызмат кылса, момундугу өскөн сайын өзүн ошончолук азыраак татыксыз сезди. Балким, Кудайдын ырайымы анын жашына жараша көбөйүп жаткандыр? Анткени, Жакып Кудай «момундарга ырайым кылат» дейт (Жакып 4:6). Же, балким, ушундан улам Кудай Өзүнүн жолдорун Пабылга ушунчалык ачык көрсөткөндүктөн, элчи Петир да буга таң калгандыр? Кудай Ышайа пайгамбар аркылуу момундарга анда-санда гана зыярат кылбастан, дайыма алар менен бирге экенин айтат. Биз дайыма Аны менен жашаганда, бири-бирибизге абдан жакын болобуз.

## Эгиз күчтөр

Эми Падышачылыктын эгиз күчтөрүнүн темасына өтөбүз. Бул *Теңирден Коркуу* жана *Момундук.* Эсиңерде болсун, биз мурунку бөлүмдөрдө Теңирден коркуу Кудайды жакындан таануунун башталышы экенин билгенбиз, бирок момундук үчүн да ушуну айтууга болот. Забурчу мындай дейт:

> [Кудай] *момундарды* өзүнүн жолдору менен үйрөтөт (Заб. 24:9, курсив автордон).

Кудай жоошторго, башкача айтканда, момундарга Өз жолдорун көрсөтөт. Бир аз ылдыйдан биз буларды окуйбуз:

> *Теңирден корккон* адам ким? Ал ага *жолду* көрсөтөт (Заб. 24:12, курсив автордон).

Негизи, Теңирден корккон адамдар чындап момун болушат, ал эми чыныгы момун адамдар Кудайдан чындап коркушат. Эсиңерде болсун, Муса Теңирдин жолдорун билген, ал эми, ысрайылдыктар Кудайды сыйынууларга берген жооптору аркылуу, башкача айтканда, иштери аркылуу гана билишкен. Муса Теңирден корккон жана абдан момун болгон. Бул түшүнүктөрдүн ортосундагы байланышты көрүп жатасыңарбы? Ысрайылга Теңирден коркуу (Мыйзам 5:29) жана момундук жетишкен эмес (биз муну Жашыя менен Калептин окуясынан көрдүк).

Забурчу Кудайдан коркууну момундук менен дээрлик ажырагыс түйүндө байланыштырат. Биз муну Ыйык Жазуудан дайыма көрөбүз. Мына ушундай мисалдардын бири: “

> Теңирден коркуу акылдуу кылат, моюн сунуудан кийин даңк келет” (Накыл 15:33, курсив автордон).

Караңгылыктын чөйрөсү да эгиз күчкө ээ. Алар *Теңирден Коркуунун* жана *Момундуктун* так карама-каршылыгы. Бул *Наалуу* жана *Текебердик.* Биз Накыл сөздөрдөн бул түгөйлөр бири-бирине карама-каршы келгенин көрөбүз.

> “*Моюн сунуудан кийин, Теңирден коркуу*, байлык, атак-даңк жана өмүр келет. Тикенек менен тузак *бузукунун (жана өз башынчанын)* жолунда, ким жанын сактагысы келсе, алардан оолак болсун” (Накыл 22:4,5, курсив автордон).

Теңирден коркуу жана момундук кайра эле бири-бири менен байланышта жана текебердик менен наразычылыкка каршы экенин көрүп турасыңар. Ыйса өзүн бардык адамдарга же периштелерге караганда көбүрөөк

басынткан. Ошондуктан, Кудай Аны жогорулатып, Ага бардык ысымдардан жогору ысым берди (Флп. 2:8,9). Башка жакшылыктардын арасында Ал Теңирден коркуу менен кубанычка ээ болгон, ошондуктан Ага жана Анда Ыйык Рухтун катышуусу чексиз болгон (Ыш. 11:2,3; Жакан 3:34 карагыла).

Ал эми, майланган керуп болгон, бирок кийин баарына белгилүү болгон шайтан болгон Люцифер текебердик менен өзүн бийик көтөрүп, өзүнө чейинки же андан кийин башкаларга караганда козголоңчу болуп калган. Ошондуктан, ал «тозокко, тозоктун түпкүрүнө ыргытылган» (Жез. 28:14-17; Ыш. 14:12-15).

Эсиңерде болсун, Ыйык Жазууда Кудайдын турак-жайы асманда, ал эми, жин-шайтандык күчтөрдүн жашаган жери эң төмөнкү чөйрөдө деп дайыма айтылат. Ыйык Жазуунун бардык жеринде текебердик жана наалуу тозок менен, ал эми момундук жана Теңирден коркуу бийиктик менен байланышкан жерлерди таба алабыз. Бийиктикке чыгуу – демек, бул Кудай менен тыгыз байланышта болуу!

## Кудай кимди тандайт

Кудай текеберлерге жана наараазы болгондорго каршы чыгат (Жакып 4:6), бирок, Ал Андан корккон адамдарга, башкача айтканда, чыныгы момун адамдарга тартылат. Байыркы Келишимде Ыйык Жазууда жазылгандай, Ага кызмат кылган жана Ага табынган адамдар болгон. Алар Ага козуларды жана букаларды курмандыкка чалып, ыйык жайда жыпар зат түтөтүштү, нан курмандыгын алып келгенди да унутушкан жок. Бирок, Кудай Анын көз алдында алардын курмандык чалуулары адамды өлтүргөндөй, тартуулары чочконун канындай, ал эми, мактоо жана сыйынууну

билдирген жыпар жыттуу заттары бурканга табынуучулукка окшош экенин айткан! Ал мунун себебин мындай деп түшүндүрдү:

> “...анткени Мен чакырганда, эч ким жооп берген жок, Мен сүйлөгөндө, алар укпай коюшкан. Бирок алар Менин көз алдымда жамандык кылышты, Мага жакпаган нерсени тандап алышты» (Ыш. 66:4).

Бирок, эмне үчүн алар Кудайга жаккан жок? Анткени, алардын курмандыктары тил алуу менен коштолгон эмес (1 Шем. 15:22). Башкача айтканда, Теңирден коркпогон табынуунун кайсы түрү болбосун, Кудайга жакпайт.

Теңир мындай «табынуучуларды» катуу айыптаган. Алардын башынан өткөн шокту элестете аласыңарбы? Алар өздөрүнүн кызматы менен Ага жактык деп ойлошту, бирок алардын сыйынуусу Анда жийиркенүү сезимин гана ойготорун көрүштү. Бирок, Кудай кайра тигүү ниетинде болбосо, Өз элинин арасына тигилгенди эч качан тамырынан ажыратпайт. Ал эгер кура турган болбосо, Өз элиндеги эч нерсени кыйратпайт. Ошондуктан, Ал адамда Аны эмне кызыктырарын дароо түшүндүрөт:

> Бирок мен мындай адамга: моюн сунган, руху менен кайгырган, Менин сөзүмдүн алдында титиреп турган адамга көз кырымды салам (Ыш. 66:2).

*Жек көрүү* деген эврей сөзү («жогору баалоо» дегенди билдирет) – бул *nabat.* Стронг бул сөздү «канааттануу жана боорукердик сезимин сезип, кылдаттык менен кароо, кам көрүү» деп аныктайт. Башкача айтканда, түпкүлүгүндө Кудай мындай дейт: «Бул мен көңүл буруп, ырахаттануу менен

караган, мен жактырган адам». Башкача айтканда, Ал: «Мен бул адамды жакшы көрөм, аны Өзүмө тарткым келет» дейт. Томми Тинни, жазуучу жана мугалим, мен биздин замандын эң улуу китептерининин бири деп эсептеген китептердин бирин жазган. Ал «The God Chasers» деп аталат. Ал Кудайды сүйгөндөрдүн жүрөгүн эң сонун сүрөттөгөн. Кудайды издөө башка, Кудайдын сени издеп жатканы башка нерсе! Анткен менен, чындыгында Кудай бул аятта мындай адамдар менен мамиледе болгусу келерин айтып жатат.

Дөөттү эстегиле. Кудай ысрайылдыктардын башкы пайгамбары Шемуелге анын каалабаганына карабай, Жышайга барууну буйруган, анткени, Шемуел Шабулдун каарынан корккон. Кудай ага Жышайдын уулдарынын бирин Өзүнө тарткысы келгендиктен, барышын айткан. Шемуел Жышайдын жети уулунун баарын көргөндөн кийин, акыры Теңир ага мындай деди: «Жок, Шемуел, мен улуу бир туугандарды эмес, азыр талаада кой кайтарып жүргөн кичинекей жана сарыны тандадым, Мен Өзүм үчүн так ошону каалайм» (автордун сөзү).

Бирок, эмне үчүн Кудай улуу бир туугандарынан же ысрайылдыктардын башка эркектеринен эмес, Дөөттү каалаган? Жоопту мурунку аяттан тапса болот. Кудай момундар жана руху менен өкүнгөндөр жана Анын Сөзүнөн титиреп тургандар менен ынак мамиледе болууну каалайт. Өкүнгөн рух дароо өкүнүүгө, Кудайдын кадырына жана бийлигине баш ийүүгө даяр болуу дегенди билдирет. Ыйык Китептеги бул аяттын дагы бир англисче котормосунда: «Мен момун жана тобо кылууга даяр, Менден корккон жана Мага баш ийген кишини жактырам» деп айтылат. Өкүнгөн рух – бул момундуктун жана Теңирден коркуунун дагы бир түрү. Демек, маңызы боюнча, Ал бизге момун жана Андан

корккон адамдарды, Падышачылыктын эгиз күчтөрүнүн - Теңирден коркуунун жана момундуктун жакшылыктарында жүргөндөрдү издеп жатканын айтып жатат. Мына Библияда эмне үчүн минтип айтылат:

> «Эгерде Ал шылдыңчыл текеберлерди уятка калтырып жатса, анда момундарга ырайым кылат» (Накыл 3:34).

Башка жерде:

> “Сенде Өзүңдөн корккондор үчүн сактап койгон, адам баласынын алдында Өзүңө таянгандар үчүн даярдап койгон жакшы нерселер көп! Сен аларды адамдардын козголоңунан Өз жүзүңдүн астына жашырасың...” (Заб. 30:20,21).

Мына ошондуктан, Жаңы Келишим бизге «момун болгула» (1 Пет. 5:5) жана «келгин катары жашап жаткан убактыңарды коркунуч менен өткөргүлө» деп айтат (1 Пет. 1:17). Кудай Ыйык Рух Петир аркылуу ишенгендерди Аны менен таттуу мамиледе болууга чакырат, анткени Анын жүрөгү сүйүктүү балдары менен дал ушул баарлашууну каалайт.

Тандоо бизден. Кудай бизге Өзүнө барышыбыз үчүн жолду даярдап койгон! Ал ошондой эле, бизге ушуну кылууга мүмкүнчүлүк бергендей ырайым берген. Биз кандай кереметтүү Кудай Атабызга кызмат кылабыз! Азыр биз чакырууну угуп, ага жооп берип, Ал Өзүн ачып бере турган, Анын ички бейпилдигине келүүгө убакыт келди. Кийинки бөлүмдөрдө Анын муну чындыгында кантип жасаганын талкуулайбыз.

## ТЕМАГА БАЙЛАНЫШТУУ СУРООЛОР:

1. Бул бөлүмдө адамдар момундукту көбүнчө алсыздык, жооп кайтарбоочулук, тың болбогондук, ал тургай, динчилдик катары көрүшөрү айтылат. Ошол эле учурда момун адамдарды текебердик менен айыпташып, жаңылыштык кетиришет. Мунун үстүнөн ойлонуп көргүлө, чөйрөңөрдө мурда менменсинген деп ойлогон, бирок, чындыгында момун адамдар барбы? Эгер бар болсо, туура эмес баамыңардан кандай жыйынтык чыгардыңар?
2. Момундуктун үч аспектиси — Кудайга баш ийүү, Андан толугу менен көз каранды болуу жана өзүңө болгон мамиле жана алардын Ыйык Китептеги мисалдары жөнүндө ой жүгүрткүлө. Ушул аспектилердин бирин жашооңордогу эң чоң көйгөй катары эсептей аласыңарбы?
3. Ышайа пайгамбардын китебинин 66-бөлүмүндө адамдардын тобу мыйзамдын тамгасын так аткарып, Кудайга кантип кызмат кылганы жана Ага табынганы сүрөттөлөт. Бул адамдар туура курмандык чалып, туура жыпар жыттуу зат түтөтүп, туура тартууларды алып келишкен. Анткен менен, алар Теңирге баш ийбегендиктен, сыйынуулары менен Аны ыраазы кыла алышкан эмес. Таланттуу жана өзгөчө жетекчилер башкарып турса да, табынуубуз Кудайга жакпай калышы мүмкүнбү?

10-бөлүм

# ЫЙЫК РУХ МЕНЕН ЖАКЫНДЫК

Ыйык Рух - бүгүнкү күндө жыйындагы эң бир көңүл бурулбаган инсандардын бири деп эсептейм.

Эми биз көптөн бери мен талкуулагым келген темага келдик: Теңир бизди Өзүнө кантип жакындатат. Биринчиден, дагы бир жолу кайталап коёюн: силер Аны менен болгонго караганда, Ал силер менен ынак мамиледе болгусу келет. Мусанын сөздөрүн эстен чыгарбоо керек: «Анын ысымы – “Кызганчаак”. Ал – кызганчаак Кудай [Ал сени менен болгон мамилесин кызганат]» (Чыг. 34:14).

Мен жакында эле сыйынуу менен ой жүгүртүп, аны түшүнө электе эле: «Теңирим, эгер мен бул жерде Сени менен жакын мамиледе боло албасам, анда мени Өзүңдүн асманыңа ала көр!» — деп кыйкырдым. Бул сөздөрдү айтканда тизем бир аз калтырап кетти. Мен бул сөздөрдү

чын жүрөгүмдөн айтканымды билдим, бирок, дароо эле оюм кооптонуп кетти: «Сен эмне деп жатасың?» Менин акылмандыгым “ушундай нерселерди сураганга укугум барбы” деп сурай баштады.

Бир нече сааттан кийин самолетко отуруп, отургучта өзүмдү ыңгайлаштырып, сумкамдан Ыйык Китепти алып чыктым. Менин көзүмө биринчи эле урунган аят төмөнкү болду:

> “Сага кайрылып жатам, Теңир, менин тирегим! Мага жооп бербей койбо, эгерде Сен унчукпай койсоң, анда мен көргө түшкөн адамдай болуп калам” (Заб. 27:1).

Мен креслодон секирип кете жаздадым. Ыйык Китептин бул барагы кокустан ачылганбы? Бул аят менин бир нече саат мурун Теңирге жалынып-жалбарганымды айтып берди. Бул Теңирден мага айтылган сөз экенин түшүндүм.

Дөөт эгер Кудай биз менен сүйлөшпөсө, анда биз тозокко түшкөн күнөөкөрдөн артык эмеспиз дейт. Мен ар дайым жанымда Ыйык Китептин заманбап котормосун алып жүрөм, ошондуктан мен аны да карап көрдүм, ошол күнү эртең менен мен дал ошол жөнүндө сыйынган элем. Анда мындай деп жазылган: «Эгер Сен унчукпасаң, анда мен багынып, өлгөнүм жакшы». Ошол күнү эртең менен Теңирге ушинтип кыйкырдым. Мен бул аятты көп жолу окугам, бирок, мындай жарыкта көргөн эмесмин.

Мен Ыйык Рухтун жетекчилиги астында Кудайдын эркине ылайык сыйынып жатканымды түшүндүм. Бул дагы мага Кудай биз менен сүйлөшкүсү келерин, тескерисинче, биз менен абдан ынак мамиледе болгусу келерин тастыктады.

Бул жерде Дөөт жазган Ыйык Китептеги менин сүйүктүү аяттарымдын бири:

> Жүрөгүм Сенин атыңдан: «Менин жүзүмдү издегиле», – деп жатат. Ошондуктан Сенин жүзүңдү издейм, Теңир», - дейт» (Заб. 26:8).

Кудайдын жүрөгүндөгү эңсөөнү угуп жатасыңарбы? Ал ар бирибизди чакырып: «Мага жакын болгула, Мен силер менен баарлашкым келет, Мен силер менен жүрөгүмдүн түпкүрүндөгү нерселерди бөлүшкүм келет жана силер билбеген улуу жана кол жеткис нерселерди көрсөткүм келет!» - дейт. Бул ар бир ишенген адамдын жашоосунда болушу керек. Теңирге жакындагыла, эгер сен жакындасаң, Ал Өзү сага жакындайт деп кепилдик берет. Аны менен болгон жакындыгыбыздын деңгээлин Ал эмес, биз өзүбүз аныктайбыз. Ал эчак эле Өзүнүн жеке бөлмөсүнө алып баруучу эшикти ачкан. Ал күтүп жатат, Ал бизди өзүнө чакырып жатат.

Жооп берер-бербесибиз өзүбүздөн көз каранды жана Ага канчалык жакындасак, Ал бизге Өзүн жана каалоолорун ошончолук ачып берет. Бирок, келгиле, Жакыптын бул улуу чакыруудан бир аз мурдараак жазган сөздөрүнө дагы бир жолу кайрылалы:

> Же силер Ыйык Жазуудагы «Кудай ичибизге салган Рух кызганчаактык менен сүйөт» деген сөз жөн эле айтылган деп ойлойсуңарбы? (Жакып 4:5).

Ал биз менен жакын мамиледе болууну кызганчаактыкка чейин эңсейт. Бизди бул дүйнөнүн кумарлары менен бөлүшкүсү келбегенин биз мурунку бөлүмдөрдө

көрсөткөнбүз. Ушул себептен Жакып мындай дейт: «... бул дүйнө менен болгон достук Кудайга каршы кастык экенин билбейсиңерби? Бул дүйнө менен дос болууну каалаган адам Кудайдын душманы болуп калат» (Жакып 4:4). Мисал катары бир аял ишенимсиз күйөөсүнө: «Сен мени менен жана көңүлдөшүң менен жашай албайсың, ошондуктан танда! Эгер сен аны тандасаң, менден баш тартасың, анан мен кетем!» дегенин келтирсек болот. Теңир менен да ошондой эле, Ал силерди дүйнө менен бөлүшкүсү келбейт. Ал биздин жүрөгүбүздөгү жалгыз сүйүү болгусу келет, антпесе, Өзүн бизге ачып бербейт.

## Кызганганга чейин сүйгөн Рух

Буга чейин биз Анын бизге болгон сезимдерин гана талкууладык. Бирок, азыр биз *Рух* деген сөзгө көңүл буруубуз керек. Кызыктуусу, Ыйык Жазууда: «Ичибизде жашаган рух кызганганга чейин сүйөт» деп айтылат. Көңүл бурсаңар, анда «Биздин ичибизде жашаган Ыйса кызганыч менен сүйөт» деп айтылбайт. Ыйса бул жерде эмес, Ал Асмандагы Улуу Даражалуу оң жакта отурат жана Ал эки миң жылдай убакыттан бери ошол жерде. Ыйса асманга көтөрүлгөн күнү периштелер шакирттерине мындай сөздөр менен кайрылган:

> «Галилеялык эркектер! Асманды эмне карап турасыңар? Силердин жаныңардан асманга көтөрүлүп кеткен бул Ыйса, өзүңөр көргөндөй, асманга кандай көтөрүлүп кетсе, ошондой эле кайра келет» (Элчилер 1:11).

Ал физикалык жактан асманга булуттун үстүндө көтөрүлгөн жана Ал бизге дал ушундай жол менен

кайтып келет деп убадаланган. Суранам, мени туура эмес түшүнбөгүлө. Куткаруучубуз Ыйса Машайак бизди кызганычтын чегине чейин чындап сүйөт, бирок, бизде Ыйса асманга көтөрүлгөндөн көп өтпөй келген Бирөө бар. Бул Ыйык Рух жана Ал аятта айтылган өзгөчө кудайлык инсан. Бирок, Ыйсанын атын чакырган адамдар, негизинен, Аны этибарга алышпайт. Чынында, Ыйык Рух жыйындагы эң көп көңүл бурулбаган инсандардын бири деп ойлойм.

Өзүңөр ойлонуп көрсөңөр: адам менен жыйырма мүнөткө чейин машинеде жүрүп, бүт сапар бою ага эч нерсе айтпай коюуга болобу? Бирок, биз Ыйык Рухка канча жолу ушундай мамиле кылабыз! Биз күнүбүздү пландаштырабыз, айдап баратып машайакчылык музыкаларды же радиону угабыз жана көбүнчө Ал биз менен экенин ойлобойбуз. Биз Анын үйдө, жумушта жана башка жерлерде биз менен болушу жөнүндө ойлонбойбуз. Ал эми, бизден Ал жөнүндө суралса, албетте, Анын бар экенин жана жүрөгүбүздө бар экенин моюнга алабыз.

## Биздин Ыйык Рух жөнүндөгү түшүнүгүбүз

Анын катышуусуна жана биз менен болгон байланышына көңүл бурбай жатканыбыздын себептеринин бири – бул Ыйык Рух жөнүндөгү түшүнүгүбүз. Анын ким экени биз үчүн сырдуу, анткени Ал жөнүндө окуган жана уккан нерселерибизден улам билебиз. Чынында, эгерде Ыйык Рух кандайдыр бир тумандуу инсан катары эскерилген сайын бир доллардан алсам, анда мен тез арада укмуштуудай бай болмокмун. Тилекке каршы, көптөр Аны Кудайдын гипостазасы, башкача айтканда, инсаны эмес, кандайдыр бир «ыйык маңыз» катары кабыл алышат. Ал сенин эң жакын

досуң болгусу келет. Эгерде биз Ыйык Жазууну изилдесек, анда Анын акылы (Рим. 8:27 кара), эрки (1 Кор. 12:11 кара), сезимдери, өзгөчө, Анын бизге болгон сүйүүсү бар экенин көрөбүз (Рим. 15: 30). Ал сүйлөйт (Эвр. 3:7кара) жана Аны ачык кылат (1 Тим. 4:1). Ал окутат (1 Кор. 2:13), капа болот (Эфс. 4:30), жадагалса, таарынышы мүмкүн (Эвр. 10:29), Ага адамдарга айткандай эле, калп айтып коюшубуз мүмкүн.

Ал жөнүндө ойлогон элестетүүбүздө көгүчкөндүн элеси көп келет. Бирок, эмне үчүн Ал көгүчкөн катары чагылдырылган? Ал эч качан Өзүн мындай формада көрсөткөн эмес! Төрт Инжилде тең Чөмүлдүрүүчү Жакан Кудайдын Рухунун Ыйсага «көгүчкөндөй» түшкөнүн кантип көргөнү жөнүндө окуя бар (Мт. 3:16; Марк 1:10; Лука 3:22; Жакан 1:32 кара). Бирок, бул салыштыруу Аны эч кандай көгүчкөн кылбайт. Кээ бир адамдарды «шамалдай ылдам», «букадай күчтүү» деп айбандарга, элементтерге салыштыргандарын уктум. Бирок бул, аял шамалдын кейпин кийип, эркек төрт буттуу жаныбарга айланат дегенди билдирбейт. Алар адам бойдон эле кала беришет.

Кимдир бирөө мага каршы болушу мүмкүн: ооба, бирок элчи Жакан Кудайдын тактысын карап, чырак түрүндө Ыйык Рухту көргөн. Ооба, бул чындык, анткени ал мындай деп жазган: «Ал эми тактынын алдында Кудайдын жети руху болгон жети шамдал жалындап күйүп туруптур» (Аян 4:5). Бирок, ошол эле Жакан мындай деп жазган: «Анан мен... аксакалдардын ортосунда мууздалган сыяктуу Козу турганын көрдүм... төрт тирүү жандык жана жыйырма төрт аксакал Козунун алдына жыгылышты. Анан алар мындай жаңы ыр ырдашты: «Сен китепти алууга, анын мөөрлөрүн ачууга татыктуусуң, анткени Сен мууздалдың, Өз каның менен ар бир уруудан, ар бир тилден, ар бир элден жана

ар бир улуттан бизди Кудайга сатып бердиң» (Аян 5:6-9). Ал Ыйса жөнүндө айтып жатканы анык, бирок, биз Аны жаныбар катары кабыл албайбыз! Биз Анын бейнесинде жана окшоштугунда жаратылганыбызды, Ыйсанын инсан экендигин, жаныбардын бейнесиндей болуп жана ага окшош болуп жаратылбаганыбызды так билебиз!

Ыйык Рух – бул инсан, биз Анын бейнеси жана окшоштуктары боюнча жаратылганбыз. Ооба, ооба, Анын бейнесиндей! Башталыш китептен биз буларды окуйбуз: "Анан Кудай мындай деди: «Биздин бейнебиз боюнча Өзүбүзгө окшоштуруп адам жараталы", – деди (Башталыш 1:26). Ал жерде: «Мен Өзүмдүн бейнем боюнча жана Өзүмө окшош адам жасайм» деп айтылбайт. Жок, адам деген Атанын, Улдун Жана Ыйык Рухтун бирдиктүү аракети менен жаралган. Биз Ата менен Уулдун жаратуудагы ролун жакшы билебиз, бирок Ыйык Китепте: "Мени Кудайдын Руху жаратты" деп түшүнүктүү эле айтылып турат (Аюб 33:4) (Заб. 103:30). Анан дагы башка жерде: "Эгерде Өзүңдүн рухуңду жиберсең, алар жаралышат" деп жазылган (Заб. 103:30). Ошондуктан Кудай: «Биздин бейнебиз боюнча Өзүбүзгө окшоштуруп адам жараталы» дегенде, албетте Ал Ыйык Рухту жаратуучулардын катарына кошкон. Биз Атанын, Уулдун жана Ыйык Рухтун бейнесинде жана окшоштугунда жаралганбыз. Рух – инсан, Теңирдин үчүнчү гипостазасы, эч кандай мистикалык шамал же учкан куш эмес.

Эгер биз Анын бейнесинде жана окшоштугунда жаралбасак, Мариямдын кантип Ыйык Рухтан боюна бүтмөк? Ыйык Жазууда: «Бирок алардын никеси кыйыла электе эле, Мариямдын Ыйык Рухтан кош бойлуу болгону белгилүү болду» (Мт. 1:18) деп айтылат. Кийинчерээк Теңирдин периштеси Жусупка мындай деген: «...анткени анын боюна

бүткөн бала Ыйык Рухтан» (Мт. 1:20). Эгерде Ыйык Рух адам эмес, кандайдыр бир сыр же маңыз болсо, анда Мариямдын курсагында Адам кантип жаралган? Ал Кудайдын Руху менен боюна бүттү. Кадимки тукумдун пайда болушу үчүн бир түрдөгү окшош эки жандык керек.

Эми сиз Ыйык Рухту инсан катары, ал тургай, абдан укмуштуудай инсан катары кабылдайсыз деп үмүттөнөм. Ушул себептен улам, Пабыл ишенгендерге мындай дейт:

> “Силерде Теңирибиз Ыйса Машайактын ырайымы, Кудай Атанын сүйүүсү жана Ыйык Рухтун *баарлашуусу* болсун! Оомийин” (2 Кор. 13:13, курсив автордон).

Анын «жана Ыйык Рухтун *баарлашуусу* баарыңар менен болсун» дегенине көңүл бургула. Мен бир нече жылдан бери *баарлашуу* деген сөздү изилдеп келем, анткени мен баарынан да Кудайды жакындан билгим келет. Бул сөздүн маанисин колума келген бардык грек сөздүктөрүнөн карадым. Төмөндө «баарлашуу» сөзүнүн маанисин аныктоого жардам бере турган кээ бир сөз айкаштар:

- достук жана тыгыз баарлашуу;
- биргелешкен иш-аракеттер *же* коомдук мамилелер;
- өнөктөштүк *же* жалпы катышуу;
- тыгыз өз ара мамилелер;
- жакындык, бири-бирин жакшы билүү.

*Баарлашуунун* түшүнүгүн аныктоо үчүн колдонулган башка сөз айкаштары да бар, бирок, алардын бардыгы жогоруда саналган аныктамаларга мааниси жагынан окшош, ошондуктан, мен аларды тандап алдым. Алардын ар бирине өзүнчө токтолуп, ой жүгүртүп көрөлү:

## Достук же тыгыз баарлашуу

Достук мамиле – бул эң биринчи жолдоштук мамилелер. Бул адамдардын ортосундагы өз ара ишенимдин абалы. Бири-бири менен байланышуудан качкан досторду эч качан жолуктура албайсыңар, тескерисинче, алар ар дайым өз иштерин жана келечектеги пландарын бири-бири менен бөлүшүшөт. Алар дос болгондуктан, бири-бири менен тынымсыз баарлашып турушат. Элчилер китебинен биз Ыйык Рух менен Анын кызматчыларынын ортосундагы мындай мамилелердин көптөгөн мисалдарын табабыз. Элчи Пабылдын күбөлөндүрүүлөрүнөн бир эле мисал:

> Азыр болсо Рухтун жетеги менен Иерусалимге бара жатам, ал жерде мени эмне күтүп тургандыгын билбейм. Бирок мени кишендер жана азап-кайгылар күтүп тургандыгын Ыйык Рух мага *ар бир шаарда* эскертип жатат (Элчилер 20:22,23, курсив автордон).

Пабылдын сөздөрү аны менен Ыйык Рухтун ортосундагы үзгүлтүксүз байланыш жөнүндө күбөлөндүрөт. Алар жашоодо, саякатта жана кызматта жолдош болушкан.

Жаңы Келишимдеги Теңирдин башка кызматчылары жөнүндө да ушуну айтууга болот. Алар кайда барбасын, Ыйык Рух алар менен болгон жана алар Ага кайрылганда, алар менен баарлашкан. Ал алардын бир тууганы болгон. Филипп жана башка бир шакирт, шаардан чыгып, чөлгө кетти, бирок ал өзүн жалгыз сезген жок, андан ары эмне кыларын билген, анткени «Рух Филипке мындай деди: «Жакын барып, бул арабага катарлаш бас» (Элчилер 8:29).

Татаал көрүнүштүн маанисин түшүнүүгө аракет кылууда Петирге Ыйык Жазуудагы өзүнүн билимине таянуунун кереги

жок болчу, анткени ал Рухтун ага: «Кудай тазалаган нерсени таза эмес деп эсептебеш үчүн» деп айтканын уккан. Ошондо Петир дагы бир буйрук алды: «...*Рух ага мындай деди*: «Сени үч киши издеп жүрөт. Тур, төмөн түшүп, эч шектенбестен, алар менен жөнө, анткени аларды Мен жибердим» (Элч. 10:19, 20).

Пабылдын бардык чөйрөсү менен Ыйык Рухтун туруктуу достугу ачык эле көрүнүп турат. Лука мындай деп жазган: «...алар Фригияны жана Галатия өлкөсүн аралап өтүп, Мусия дубанына жакын келишти да, ал жерден Битиния дубанына кетүүгө аракет кылышты. Бирок *Рух буга жол берген жок*» (Элчилер 16:6,7, курсив автордон).

Мен бул жерде башка мисалдарды да келтире алам. Бирок, мен Жаңы Келишимдин кызматчылары Кудайдын Рухунун жардамын жана жетекчилигин толук билишкенин баса белгилегим келет. Рух алар үчүн эч качан мистицизм же табияттан тышкаркы кубулуш болгон эмес, ошондуктан, Аны менен баарлашуу алар үчүн кадимки эле нерсе болгон. Алар Анын жашоосуна катышуусун табигый көрүнүш катары кабыл алышкан. Ошол сыяктуу эле, биз менен узак убакыт бою жана туруктуу жашаган ар бир адам биздин жашообузга катышуусун күтсөк болот.

Менден адамдар мейманканадагы бөлмөлөрдөн чарчадыңбы деп сурашат. Чынын айтсам, алардан эч чарчабайм. Мен дүйнөнүн эң кооз шаарларына барганда да шаар кыдырууларына барбайм, анткени, Аны менен баарлашуудан чоң ырахат алам, ошондуктан бул баалуу мүмкүнчүлүктү колдон чыгаргым келбейт. Мурун, мен Ыйык Рухтун мамилесин жетишерлик түшүнбөгөнүмдө же сезбегенимде, жалгыздыктын бир нече саатын баштан кечиргем. Мага дайыма досторумдун бири болушу керек

болчу. Эми мен Аны менен ээн-эркин сүйлөшүп, уга турган убактымды чыдамсыздык менен күтөм.

Ал силер менен да мамилелешүүнү абдан каалайт! Бир аз убакыт бөлүп, көзүңүздү жумуп, Ыйык Рухтун Өзү - сиздин жолдошуңуз, досуңуз жана сиздин кесиптешиңиз деп ойлоңуз. Анткени, Кудайдын Сөзүндө: «Силердин баарыңар менен Ыйык Рухтун *баарлашуусу*» деп айтылат. Бул сөздөр жүрөгүңдү толтуруп, Жараткан экөөңөрдүн ортоңордогу жакындыктын эшигин ачсын.

## Биргелешкен ишмерлик

«Баарлашуу» түшүнүгүнүн экинчи аныктамасы – биргелешкен иш-аракеттер *же* коомдук мамилелер – ой же сезим алмашууну камтыйт. Жакын достор менен жолугушуунун эң жагымдуу жери – бул жүрөгүбүздүн эң терең жана эң бир жекелик көйгөйлөрүн бири-бирибиз менен сүйлөшүп, бөлүшө баштаганыбыз. Мындай учурда биз аянычтуу болуп калабыз, анткени биз тааныбаган башка адамдар бизди түшүнбөй, шылдыңдап коюшу мүмкүн болгон нерселер менен бөлүшөбүз. Бирок, биз достор менен баарлашкандыктан, эч качан андай болбой турганын билебиз. Алар биздин жүрөгүбүздү билишет жана алар менен бөлүшкөнүбүздүн баарын туура түшүнүшөт. Пабыл Ыйык Рух менен да ушундай мамиледе болуу жөнүндө төмөнкү аятта айтат: «Мен Машайактын ичинде болуу менен, чындыкты айтып жатам, калп айтпаганымды *Ыйык Рух аркылуу* ыйыкталган абийирим да күбөлөндүрүп жатат» (Рим. 9:1). Ыйык Рух Пабылдын жүрөгүн, Пабыл анын жүрөгүн билген. Ортолорунда ишенимдин натыйжасы болгон жакындык пайда болуп, ички ой-сезимдерин ортого салууда ишеним билдирилди.

Ал эми, ишеним билдирилгенинин себеби, алар эң бир жашыруун ойлору жана сезимдери менен бөлүшүштү. Ошондуктан да, Теңирден коркуу абдан маанилүү. Теңир Өзүнүн жашыруун пландарын баалабагандар менен бөлүшпөйт, аларды бурмалагандардын, бузгандардын алдына берметтерди таштабайт.

Жөнөкөй сөз менен айтканда, руху жагынан бизге жакын эмес адамдар менен эч качан ички оюбузду бөлүшпөйбүз, биздин Кудайыбыз бир. Байыркы Келишимдеги ыйыктар: «Кудуреттүү Кудайды толук түшүнө аласыңбы?» — деп кыйкырышты (Аюб 11:7). Бирок, Жаңы Келишим Ыйык Рух менен жакындыктын эшигин ачкандан кийин, Пабыл толкунданyу менен мындай дейт: «Бизге муну Кудай *Өзүнүн Руху* менен ачып берди. Анткени Рух бардыгын, Кудайдын *улуу* сырларын да билет» (1 Кор. 2:10, курсив автордон). Байкасаңар, Ал муну Өзүнүн Руху аркылуу кылат. Рух — Кудайдын инсандыгы жана Ал биз менен Кудайдын эң ички, эң терең пландарын бөлүшөт! Элестете аласыңарбы? Анан бул эң сонун эмеспи!

Ошентип, дагы бир жолу Ыйык Рух силер менен ушунчалык жакын мамиле түзгүсү келгени жөнүндө ойлонуп көргүлө. Ал чындап эле силерге Өзүнүн жашыруун ойлорун жана сезимдерин көрсөткүсү келет, ошондой эле, силердин да оюңарды уккусу келет. Анткени, Кудайдын Сөзүндө мындай деп айтылат: «Баарыңар менен Ыйык Рухтун биригүүсүндө *баарлашуу жана пикир алмашуулар* болсун».

## Өнөктөштүк же жалпы катышуу

Ыйык Рухтун Өзүнүн кызматчыларынын иштериндеги «баарлашуу», өнөктөштүк же жалпы катышуу деген

түшүнүктүн үчүнчү аныктамасынын мисалы алгачкы жыйын башчыларынын күбөлөндүрүүсүндө келтирилген. Алар өзүлөрүнүн катында мындай деп жазышкан:

> Анткени ал Ыйык Рухка жана бизге жагат... (Элчилер 15:28).

Муну менен алар өздөрүнүн да, Ыйык Рухтун да позициясын айкын көрсөтүштү. Бул чечим кабыл алууга биргелешкен катышуу болгон. Алар падышачылыктын башкаруусунда өнөктөш болушкан.

Кудай Ыбрайымга Содомго байланыштуу болгон Өз пландарын талкуулоо үчүн келгенине окшош нерсени Байыркы Келишимден таба алабыз. Ыбрайымга өз оюн айтууга уруксат берилген жана Кудай Ыбрайымдын сунушун уккандан кийин Өзүнүн чечимин жыйынтыктаган.

Ошол эле нерсе Муса менен бир нече жолу болгон. Теңир Өзүнүн каарына алып, Ысрайыл элин жок кылууга даяр болгон жана Муса кийлигишпесе, ошентмек. Ал Кудайга Өзүнүн убадаларын эскертип, бул иш-аракеттери менен Кудай Өзүнүн кадыр-баркына тийгизе турган зыяны жөнүндө айткан. Мусанын кийлигишүүсүнүн натыйжасында эмне болгонун баяндоодон окуй алабыз: «Ошондо Теңир Өз элине төгө турган каарын кайт кылды» (Чыг. 32:14). Муса менен Ыбрайым Кудай менен шериктеш же кызматташ болушкан, бирок алардын да дайыма эле Кудай менен баарлашууга мүмкүнчүлүгү болгон эмес, ал эми бизде болсо, Жаңы Келишимдин шарттарына байланыштуу мындай мүмкүнчүлүк бар. Бул жөнүндө ойлонуп баштаганда, өзүңдүн артыкчылыктарыңа таң каласың.

Биз Пабылдын Эфестеги жыйын башчыларына айткан

сөздөрүн укканда, Ыйык Рухтун биздин улук өнөктөшүбүз катары ойногон ролун ырастаганын айкын көрөбүз.

> Ошондуктан өзүңөргө жана *Ыйык Рух* тарабынан тапшырылган бүтүндөй үйүргө сак болгула. Теңирдин жана Кудайдын *Өз Канын* төгүп сатып алган Жыйынын кайтаргыла (Элчилер 20:28, курсив автордон).

Бул аятта Кудайдын ар кандай ипостазаларын алардын кемчиликсиз биримдигинде ачык-айкын ажыратып көрүүгө болот. Биринчи кезекте *Ыйык Рух* айтылат жана Жыйынга көзөмөлчүлөрдү дайындаган да Ал. Андан кийинки сөз айкашында *Кудайдын Жыйыны* дегенде Ата айтылат, биз бул жерде *Уулдун* ролу (Теңирдин Жыйыны) жөнүндө сөз болгонун көрөбүз, анткени Жыйын *Анын Канынын* баасына сатылып алынган. Үч түрдүү инсан, бирок, бир Кудай. Муну түшүнүү кыйын, бирок бизде бул түшүнүктү так көрсөткөн табияттагы бир мисал бар. Биз суу үч абалда болушу мүмкүн экендигин билебиз: катуу, суюк жана газ абалында жана анын молекулалык түзүлүшү дайыма бирдей болот. Демек, Кудайдын үч тарабы, үч ипостазасы бар, бирок кемчиликсиз бир биримдик, анткени Кудай бир.

Ыйык Рух - жыйынга Өзүнүн рухий лидерлерин дайындаган Кудайдын инсандыгы экенин да белгилей кетүү кызыктуу. Бул башка жыйындын, Антиохиянын аксакалдары Теңирди издеп жүргөндө да болгон. Алар сыйынып жатканда: «*Ыйык Рух* мындай деди: «Араңардан Мага Барнаба менен Шабылды бөлүп бергиле, алар *Мен белгилеген* ишти аткаруулары керек» (Элчилер 13:2-4, курсив автордон). Рух Ыйсаны даңктоо үчүн, Кудайдын кызматчылары менен бирге иштеген.

Бул мисалдардын негизинде, Ыйык Рух жетектөөчү ролду ойногон өнөктөштүктү же улук катышуучунун ролун байкоого болот. Муну дагы бир жолу баса белгилеп айткым келет: Ал Өзү силер менен менин Анын кызматташтары, шериктештери болушубузду абдан каалайт! Бул тууралуу Пабылдын Корунттуктарга жазган катында айкын көрүнүп турат, ал жерде Пабыл мындай деп жазган: «Биз Кудайдын кызматташтарыбыз, силер болсо Кудайдын эгин талаасы жана Кудайдын имаратысыңар» (1 Корунттуктарга 3:9). *Кесиптештер* деген сөз чогуу иштеген жана жолдоштук, өнөктөштүк мамиледе болгон адамдарды билдирет. Король Жакыптын версиясында дагы да ачык-айкын айтылат: «Анткени биз Кудай менен бирге иштейбиз». Элестете аласыңарбы? Ушуга байланыштуу мен дагы мурунку суроомду берем: бири-бири менен тыгыз байланышта болбогон өнөктөштөрдү кайдан көрдүңөр эле?

Бир саамга Ыйык Рухтун сенин улуу шеригиң, улук өнөктөшүң болгусу келгени жөнүндө ойлонуп көр. Анткени, Кудайдын Сөзүндө: «Ыйык *Рухтун шериктештиги жана баарлашуусу* баарыңар менен болсун» деп айтылат.

## Өз ара жакын мамилелелер

Коммуникациянын кийинки аныктамасы - жакын мамилелер. Мен көп жылдар бою байланышта болгон Кудайдын улуу эркектеринин жана аялдарынын күбөлөндүрүүлөрү муну эң сонун көрсөтүп турат. Мен Кореянын Сеул шаарында жайгашкан дүйнөдөгү эң чоң жыйындардын биринин пастору доктор Дэвид Чо менен биринчи жолу таанышканым эсимде. Ошондо ал биздин жыйынга биринчи жолу келген. Ал убакта мен пастордун жардамчыларынын бири болчумун

жана ал биздин шаарда жүргөндө аны коштоп жүрүүгө туура келди. Мен бул милдеттерди көп жылдар бою аткардым жана доктор Чо келгенге чейин жүздөгөн ар кандай кызматчыларды коштоп жүрдүм, анткени, биздин жыйынга меймандар көп келишчү. Бирок, бул жолу башкача болду, анткени ал менин машинама отураары менен дароо эле Кудайдын катышуусу толуп кетти. Мен дээрлик дароо ыйлай баштадым, көз жашым тыйылбай агып кетти. Кызматтын алдында анын тынчын алгым келбегендиктен, унчукпай отурдум. Анан аны менен сүйлөшүүнү чечтим. Мен акырын жана абдан жумшак: «Доктор Чо, биздин машинада Кудай бар» дедим.

Ал жылмайып, башын ийкеди. Кийинчерээк мен бул кишинин Ыйык Рух менен болгон мамилеси жөнүндө канчалык көп кабар айтканы жана жазганы жөнүндө ойлондум. Анан мен көп жылдар бою коштоп жүргөн башка адамдарды эстедим, алар да Ыйык Рух менен биримдикте жашап, мындай мамиленин маанилүүлүгүн баса белгилешти. Мен жүздөгөн кызматчыларды коштоп жүрсөм да, алардын айрымдарын гана эстедим, анткени алар менен жолугушуунун эң биринчи көз ирмеминде эле мен Теңирдин катышуусун сездим. Андай кызматчылардын бири Женни Уилкерсон болгон, ал көп жылдар бою арачылык менен сыйынуу кызматындан болгон, азыр эми көптөн бери асманда Теңирибиз менен бирге. Ал биринчи жолу машинага отурганда эле, мен жол бою аябай коркуп, айдап бараттым. Мен Кудай жөнүндө билип гана калбастан, Аны абдан жакындан тааныган аялдын алдында экенимди түшүндүм. Ал Ыйык Рух жөнүндө көп сүйлөчү жана мен аны менен жолуккан сайын Анын катышуусу көрүнүп турду.

Мен жакында төрт миң мүчөсү бар чоң жыйындын алдында сөз айттым. Ал АКШнын Орто Батышында жайгашкан.

Мен жекшемби күнү эртең мененки кызматта Ыйык Рух жөнүндө кабар айтып жаткам, ошол эле күнү кечинде кечки чогулушта кырк беш мүнөт сүйлөшүм керек болчу. Эми, жолугушуу башталгандан кийин мен эки саат бою сүйлөй албадым, анткени Ыйык Рухтун Өзүнүн пландары бар болчу. Ал ошол күнү көптөгөн адамдарга кызмат кылды жана бул укмуштуудай болду! Акырында, мен платформага чыгаар алдында, назик да, сезимтал да деп айтууга болбой турган пастор көзүнө жаш алып келип: «Джон, бул жыйынды башкарган сегиз жылдын ичинде мен эч качан Кудайдын мынчалык күчтүү катышуусун сезген эмесмин!» деди.

Мен ага дароо жооп бердим: «Мунун түшүндүрмөсү бар. Бүгүн эртең менен биз Ыйык Рух жөнүндө сүйлөшүп жатканбыз жана сен Ал жөнүндө айткан сайын, Ал сөзсүз түрдө Өзүн көрсөтөт».

Мындай тыгыз мамилени жубайлардын никелик союзунан көрүүгө болот. Кээ бир эркек - кызматчылар аялдары жөнүндө көп айтышат. Алар аялдарын өздөрүнүн насааттарында эскеришет же алар жок болсо да, баарлашууда эскеришет. Алар аялдары менен бир бүтүн, бул өздөрүнө эле эмес, сырттан келгендерге да түшүнүктүү. Ал эми, кызматчыларды ойлогондо эрксизден анын аялын да ойлойсуң. (Эгер аялы жыйында болсо, күйөөсү жөнүндө да ушуну эле айтууга болот.) Лиза жанымда болбогондо менден көп сурашат, мен ал жөнүндө тынымсыз айтып, китептериме да жазам. Бирок, аялдарын сейрек эскерип, алар жөнүндө сейрек айтып, аялдары менен бирге сейрек жүргөн башка кызматчылар да кездешет. Сөз ушул кызматчыларга келгенде алардын аялдарын ойлобойсуң дагы.

Ыйык Рух жөнүндө да ушуну эле айтууга болот. Анын Аны менен абдан тыгыз байланышта болгон балдары бар. Качан

алар жөнүндө айтканда, сен дароо эле Ыйык Рухту эстейсиң, анткени бул адамдар Аны менен Анын кенже шериктери катары аң-сезимдүү иш-аракет кылышат жана дайыма Ага урмат-сый көрсөтүшөт, ошондуктан, Ал алардын кызматында Өзүн көрсөтөт. Натыйжада, Ыйса көбүрөөк даңк алат, анткени Кудайдын Руху Ыйсаны даңктайт.

Ыйык Рух силер менен ынак мамиледе болгусу келет. Эгер сен Аны урматтасаң, анда Ал Өзүн көрсөтөт, антпесе, сен ал көп жылдар бою чогуу жашаган аялы менен ачык жакындыгы жок кызматчыдан артык эмессиң. Андай адамдар бири-биринен алыс гана эмес, адамдардын көз алдында да бир бүтүн эмес. Ошондуктан, бул сөздөрдүн үстүнөн ой жүгүртүп көрөлү: «Ыйык Рух баарыңар менен *тыгыз жана ынак мамиледе* болсун».

## Жакындык, бири-бирин жакшы билүү

Биздин тизмедеги акыркы аныктама *жакындыкты* же бири-бирин жакшы билүүнү билдирет. Бул сөз коммуникацияны абдан жакшы аныктайт, анткени, ал биз силер менен талкуулаган мурунку төрт аныктамалардын бардыгын камтыйт. Чынында, Вебстер сөздүгүндө *баарлашуу* дегендин аныктамаларынын бири *жакын мамиле же макулдашуу* болуп саналат. Жакындыкты *баарлашуунун* жардамы менен гана өнүктүрүүгө болот жана бул өз кезегинде бекем достукка алып келет. Биз окуган аятыбыздын бир окуусу мындай угулат: «Ыйык Рухтун *ынак достугу* баарыңар менен болсун».

Биз кайрадан эле достукка кайттык, анткени бул баарлашуунун түпкү максаты. Кудайдын Руху силердин досуңар болууну каалайт. Ал силер менен мамилелешүүнү

каалайт. Ал силерге Өз билгенин үйрөткүсү келет жана Анын илими чексиз! Ал Кудай, Ал үчүн эч нерсе жашыруун жана сырдуу эмес. Ал ээ болбогон илим жок. Ышайа айткандай:

> «Ким *Теңирдин рухун* түшүндү? Ким Ага кеңешчи болду? Ким Ага акыл үйрөттү? Ал ким менен кеңешет? Аны ким акылга салат? Ким Аны чындыктын жолуна салып, акыл-насаат айтат? Ким Ага билим үйрөтөт? Ким Ага акылмандыктын жолун көрсөтөт?» (Ышайа 40:13,14, курсив автордон).

## Кудайдын Руху – Кудай!

Дагы кайталайм: Ал - Кудай! Анын акылманмандыгы, билими жана түшүнүгү чексиз жана Ал силерге билгенин үйрөтүүнү каалайт. Ойлосоңор: силерде баалуу маалымат болгондо, аны жакын жана сүйгөн адамдарыңар менен бөлүшүүгө ынтызарсыңар. Рух жөнүндө да ушуну эле айтууга болот. Ал чындап эле силер менен билгендерин бөлүшкүсү келет! Кандай тереңдиктер силерге жеткиликтүү болуп калганын түшүндүңөрбү? Балким, силерде бул али жоктур, анткени дайыма жаныңарда боло турган Кудайдын инсандыгын издебегендирсиңер? Силер Ыйса менен болгон мамилеңерди Ыйык Рухсуз оңдоого аракет кылдыңар беле?

Жыйындагы өтө көп адамдар Ыйык Рух менен ынак мамиледен качуу менен, Ыйсага жакындоого аракет кылышат. Мен бул жөнүндө жакында эле ойлонуп жүрдүм жана мага Ыйсанын жердеги кызматы учурунда жүйүттөр Ыйса Машайаксыз Кудай менен мамиледе болууну каалашкан деген ой келди. Алар: «Биз ойноштон туулган эмеспиз. Биздин бир эле Атабыз бар, Ал – Кудай» (Жакан 8:41) же мындай: «Биз Мусанын шакирттерибиз. Биз

Кудайдын Муса менен сүйлөшкөнүн билебиз» - дешкен (Жакан 9:28,29). Алар Кудай менен болгон мамилеси бар экенине ынанышкан. Чынында алардын жүрөгүндө Кудай жок болчу. Алардын ишеними Муса аркылуу элге берилген Анын Сөзүн (Ыйык Жазууну) билгендигине негизделген. Бирок, билишкенби? Алар аларга денеде көрүнгөн жана алардын арасында болгон ушул Сөздү кабыл алуудан баш тартышты.

Бүгүнкү күндө да көптөгөн ишенгендер Ыйык Рухту айланып өтүп, Ыйса менен мамиледе болууну каалашат. Бирок, Ал биздин арабызда турат жана Аны айланып өтүп, эч ким Ыйсаны жакындан тааный албайт. Ал эми, коркунучтуусу, Кудайдын Рухуна көңүл бурбоо жүйүттөрдүн денедеги Ыйсаны көрмөксөнгө салуусуна караганда алда канча оңой, анткени, Ыйсадан айырмаланып, Рухтун денеси жана каны жок.

Ыйса: «Эгер Мени билсеңер, Атамды да билмексиңер», - деген (Жакан 14:7). Башкача айтканда, Ыйса мындай дейт: «Ата бул жерде эмес, Ал асманда, бирок силер Мени билсеңер, анда Атамды билесиңер, анткени Ал экөөбүз бирбиз». Бирок, Ыйык Рух жөнүндө да ушуну эле айтууга болот. Ыйса азыр жерде эмес, Ал асманда, бирок, Ыйык Рухту билсеңер, анда Ыйсаны да билесиңер, анткени Алар - бир! Ошондуктан, Ал «Машаяктын Руху» деп да белгилүү (1 Пет. 1:11; Рим. 8:9).

## Мага окшош, Башка

Асманга көтөрүлөр алдында Ыйса шакирттерине:

> «Эгерде Мени сүйсөңөр, Менин осуяттарымды аткаргыла. Мен Атамдан өтүнүп сурайм, Атам силерге башка Сооротуучуну, чындык Рухун берет: Ал түбөлүк

> силер менен болот, бул дүйнө Аны кабыл ала албайт, анткени Аны көрө да, биле да албайт. Ал эми силер билесиңер, анткени Ал силер менен, силердин ичиңерде болот. Силерди жетимсиретпейм, силерге кайра келем,-деген» (Жакан 14:15-18).

Бул билдирүү көптөгөн маанилүү маалыматтарды камтыйт. Биринчиден, Ыйса дагы бир жолу тил алчаактык жөнүндө — «Менин осуяттарымды аткаргыла» деп айтканына көңүл бургула. Ошондо: «Мен Атамдан сураймын, Ал силерге берет...» Ыйык Рух менен тыгыз байланыш - деген сөздөр келет. Ал шакирттерде Ыйык Рухтун кабыл алынышын Анын Сөзүнө баш ийүү менен түздөн-түз байланыштырат, бул Кудайдан коркуу дегенди билдирет. Петир муну мындай деп ырастайт: «Ал жөнүндө айтылгандын бардыгына биз да, Кудай *Өзүнө баш ийгендерге берген* Ыйык Рух да күбө» (Элчилер 5:32, курсив автордон). (Ыйык Рух менен эки күбө катары айтылган шакирттердин жакын мамилесине дагы бир жолу көңүл бургула.) Петир Кудай *Өзүнө баш ийгендерге* Ыйык Рухту берерин айтат. Анан бул жерде дагы, жакындыктын негизи Теңирден коркуу экенин көрөбүз. Эмне үчүн биз жыйындарыбызда бул жөнүндө аз насаат айтабыз?

Жакандын Жакшы кабарынын 14-бөлүмүнө кайрылып, биз Ыйсанын сөздөрүн окуй алабыз, Ал Ата Ага баш ийгендерге *«башка Сооротуучуну»* берерин айтат. Грек тилинде Жаңы Келишимде «башка» деп которулган эки сөз бар. Бул сөздөрдү изилдөө бизге Ыйык Рух жөнүндө көп нерселерди билүүгө жардам берет. Бул грек сөздөрүнүн биринчиси *allos*, ал «ушул эле түрдөгү башка» дегенди билдирет. Кийинки сөз *eteros* болуп саналат жана ал «башка түрдөгү» дегенди билдирет.

Бул сөздөрдүн маанисинин айырмасын көрсөткөн бир мисал келтирүүгө болот. Менден мөмө сурадыңар, мен силерге алмурут берем дейли. Жегенден кийин дагы сурайсыңар, анан мен силерге алма берем. Мен силерге чынында эле жемиш бердим, бирок башка түрдөгү. Эгер мен силерге башка алмурут берсем, ал башка жемиш болмок, бирок бир түрдөгү, б.а. ошондой эле алмурут болмок. Бул «бир эле түрдөгү башка» *(allos)* менен «такыр башка түрдөгү» *(heteros)* ортосундагы айырма.

Биздин аятта Ыйсаса *ошол эле түрдөгү* башка *allos* деген сөздү колдонот. Ыйса: «Атам силерге так эле Мен сыяктуу башка Сооротуучу берет» деп айтып жатат. Чынында, бул жерде Сооротуучу дегенди түшүндүргөн грек сөзү - *parakletos.* Бул сөз башка эки сөздөн келип чыккан: «аркы тарапка» дегенди билдирген *para* жана «чакыруу» дегенди билдирген *kaleoo. Parakletos* деген сөздүн мааниси ушундан келип чыгат - жардам берүү үчүн башка бирөөнүн тарабына чакырылган адам. Бул сөз алгач сот отурумдарында адвокатка, айыпталуучунун жактоочусуна же жактоочуга карата колдонулган. Демек, бул бирөөнүн ишине ортомчу, арачы же жактоочу. Кызыктуусу, бул сөз Кабарларда бир жолу гана колдонулган, Ыйсаны белгилөө үчүн (1 Жакан 2:1). Ыйса дайыма биздин арачыбыз же жактоочубуз катары кызмат кылгандай эле, Ыйык Рух да биздин жактоочубуз. Ал бизге жардам берүү үчүн бул жерге, биз тарапка чакырылган.

Ыйса шакирттерине: «Мен силер менен болгондой эле, Ал да силер менен болот», -деген. Мен адамдардан: «Ой, эгер мен Ыйсага жолуксам, Ага ушунчалык көп суроолорду берет элем» деген сөздөрдү көп угам. О, чын элеби? Алардын мындай билдирүү жасаганы, Ыйык Рух менен эч кандай жакындыгы жок экенин көрсөтүп турат. Эгер алар Ыйык

Рух менен байланышпаса, эмне үчүн алар Ыйсага башкача мамиле кыламын деп ойлошот? Анткени, Ыйса Өзү бул таң калыштуу сөздөрдү айткан:

> “Бирок мен силерге чындыкты айтып коёюн” (Жакан 16:7).

Анын сөзүн аяктагандан мурда, сүйлөмдүн бул киришүүсү мени дайыма таң калтырганын айта кетейин. Ал шакирттери менен үч жарым жыл жүрдү. Алардын бирине да калп айткан эмес, эч кимди алдаган эмес. Ошол жылдары Анын айткандарынын баары дайыма аткарылчу. Бирок, Анын алар менен бөлүшкүсү келгени ушунчалык укмуштуу болгондуктан, Ал өзүнүн билдирүүсүн: «Достор, мен силерге чындыкты айтып жатам, Мен калп айткан жокмун!» деген эскертүү менен баштоону зарыл деп эсептеген. Келгилечи, бул укмуштуудай сөз эмне экенин карап көрөлү:

> Менин кеткеним силер үчүн жакшы! Эгерде кетпесем, силерге Сооротуучу келбейт. Эгерде кетсем, Аны силерге жиберем (Жакан 16:7).

Силер түшүндүңөрбү? Бир мүнөткө токтоп, бул сөздөр жөнүндө ойлонуп көрсөңөр. Ал кетсе, алар үчүн жакшы болот деп жатат. Эми эмне үчүн Ал сүйлөй турган чындыктын маанилүүлүгү жөнүндө эскертүү менен Өзүнүн сөздөрүн баштоосу керектигин түшүндүңөрбү? Алар менен болгон бардык убакта, Ал аларга Падышачылык жөнүндө эң маанилүү жана терең нерселерди үйрөткөн. Ал оорулууларды айыктырган, өлгөндөрдү тирилткен, адамдарды кыйнаган жиндерди кууп чыгарган, шакирттери үчүн салык төлөгөн жана эсеп-кысаптарды эсептеген жана бул башталышы эле!

Бирок, Ал кетсе, алар үчүн кантип жакшы болот деп айта алат? Эмнеге? Муну Ал кетсе, аларга Соороттуучу жиберем деп түшүндүрөт.

Ойлоп көрсөңөр, эгер Ыйса жерде калып, биз Аны менен сүйлөшкүбүз же Ага суроо бергибиз келсе, анда Тель-Авивге учакка түшүп, аэропорттон таксиге отуруп, Галилеяга барып, Аны ошол жерден табышыбыз керек болчу. Аны табуу кыйын болмок эмес, анткени, Ал дайыма миңдеген адамдардын курчоосунда болмок. Бирок, алдыңардагы миңдеген адамдар кетмейинче, күтүшүңөр керек болмок. Ошондо гана Ага жакындай алмаксыңар. Бирок, ошондо да күтүүгө туура келмек, анткени, Петир көп сүйлөйт, ошондуктан сүйлөшүүдө үстөмдүк кылат. Андан сырткары Зебедейдин уулдары Жакан менен Жакып да бар. Булар дагы абдан токтоо адамдар эмес, башка шакирттери да бар, алар өздөрүнүн жүрөгүндө турган суроолорун берүү мүмкүнчүлүгүн күтүп жатышат. Булардын баарынан тышкары, Ыйса түнү алтыдан сегиз саатка чейин уктап, Өзүнө бир аз убакыт бөлүп, маал-маалы менен бир нерсе жеши керек.

Бирок, биздин ичибизде Ыйык Рухтун бар болушунун эң сонун жагы – Анын укташынын кереги жок. Силер Аны менен күнү-түнү каалаган убакта сүйлөшө аласыңар жана башкалардын Аны менен сөздөрүнүн бүтүшүн күтүүнүн кереги жок. Анын бардык көңүлү толугу менен жана бөлүнбөй, сутканын каалаган убагында силерге гана таандык. Дал ошондой: бир эле учурда он миңдеген адамдар Аны менен абдан жакын, ынак мамиледе боло алышат! Ал Аны менен ынак мамиледе болууну эңсеген баарыбыз менен жеке баарлашууга жөндөмдүү. Бирок, бул да баары эмес. Биз үчүн даярдалган дагы бир нерсе бар, ал жөнүндө Ыйса андан ары мындай деди:

> “Силерге айта турган сөзүм көп, бирок азыр силер түшүнө албайсыңар. Чындык Руху келгенде, силерди чындыкка үйрөтөт. Ал Өз атынан сүйлөбөйт, эмнени укса, ошону айтат жана силерге келечекте эмне болорун билдирет. Ал Мени даңктайт, анткени Менден алганын силерге билдирет. Атамда эмне болсо, ошонун баары Меники, ошондуктан Мен: “Менден алганын силерге билдирет” деп айттым (Жакан 16:12-15).

Ыйык Рух биз менен сүйлөшүп жатканда чынында, биз үчүн Атанын Сөзү болгон Ыйса бизге сүйлөп жатат. Ооба, алар үч башка инсан болсо да, ар биринин өз акылы, эрки жана сезимдери бар болсо да, алар абсолюттук жана ажырагыс бир бүтүндүк. Алар эч качан ар кандай көз караштарга же ар кандай пикирлерге ээ боло албайт жана ар дайым бир максатка, жалпы пландарга жана эркин ишке ашырууга ээ болот. Ыйык Жазууда айтылган ачык сөздү эстегиле: «Кулак сал, Ысрайыл, силердин Кудай-Теңириңер – бир Кудай» (Мыйз. 6:4).

## Өз ара мамилелердин үч деңгээли

Ыйык Жазуунун жогорудагы үзүндүлөрүндө Ыйса шакирттерине аларга көп нерсени ачып бергиси келерин айткан, бирок, алар аны азырынча түшүнө алышпайт. Алар табигый акылы менен Кудайдын терең түшүнүктөрүн түшүнүп, сиңире алышкан эмес.

Эстесеңер, Ыйса өлгөндөн тирилгенден кийин, Ал он шакиртине көрүндү, бирок, Томас ошол учурда алардын арасында болгон эмес. Башкалардан тирүү Ыйсанын көрүнүшү жөнүндөгү күбөлөндүрүүсүн уккандан кийин,

Томас мындай деди: «Мен Анын колдорундагы мыктын тагын көрмөйүнчө, мыктын тагы калган жерине жана кабыргаларына колумду тийгизип көрмөйүнчө ишенбейм» (Жакан 20:25).

Ошондо Ыйса алардын баарына көрүндү. Ал ошол замат Томастан манжаларын колуна, колун кабыргасына салып, ишенүүсүн сурады, ошондо Томас: «Теңирим жана менин Кудайым!» деп кыйкырды. Анан Ыйса Томаска мен көптөн бери түшүнө албаган бир нерсени айтты.

> “Сен Мени көргөндөн кийин ишенип жатасың, көрбөй ишенгендер бактылуу” (Жакан 20:29).

Мага Ыйса Томаска катуу мамиле кылгандай сезилди, анткени Ал Томас: «Теңирим жана менин Кудайым!» деп кыйкырганына карабай, ага эч кандай үмүт берген жок. Бирок, сабатсыздыгымдан, жаңылыш ой жүгүртүүмдөн улам, туура эмес ойлогом. Кийинчерээк Ыйык Рух Ыйсанын эмне дегенин түшүндүрдү. Ал Томаска катуу мамиле кылган жок, болгону, кээ бир фактыларды айтты. Ыйса жөн гана Аны руху аркылуу тааныгандарга караганда, физикалык кабылдоосу менен таанinformed адамдар Аны эч качан терең биле алышпайт деп айткан. Ошондуктан, ал акыркыларды бактылуу деп атады. Элчи Пабылды карагыла. Ал Петир жана башка шакирттер сыяктуу Ыйса менен эч качан жүргөн эмес. Ал Ыйсаны Ыйык Рухтун ачылышы аркылуу билген. Ал мындай деп жазган:

> “Бир туугандар, муну билишиңерди каалайм: мен таратып жаткан Жакшы Кабар адамдын оюнан чыгарылган эмес. Анткени мен аны адамдан кабыл алган эмесмин, адамдан үйрөнгөн эмесмин. Аны мен Ыйса Машайактын аяны аркылуу кабыл

> алгам. Силер менин жүйүт динин туткан кезимдеги мурунку жашоом жөнүндө: Кудайдын Жыйынын ырайымсыздык менен куугунтуктап, аны жок кылууга аракеттенгенимди, ата-бабаларымдын салттарын өзгөчө кызганчаактык менен сактаганымдан улам, жүйүт динин тутууда өзүм менен тең чамалаш болгон уруулаштарымдын бир тобуна караганда көбүрөөк ийгиликке жетишкенимди уккансыңар. Бирок мени энемдин курсагында жатканда эле тандап алып, Өзүнүн ырайымы менен чакырып алган Кудай бутпарастарга Уулу жөнүндө жар салышым үчүн, мага Өзүнүн Уулун ачып берүүнү ылайык тапты, ошондо мен эч кимден кеңеш сураган жокмун. Иерусалимге, менден мурун чакырылган элчилерге барбастан, Аравияга кеттим, андан кийин кайра Дамаскка кайтып келдим" (Гал. 1:11-17).

Убакыттын өтүшү менен Пабыл Теңир менен болгон мамилесинде эч бир элчи жетпеген тереңдикке жете алган. Бул чындыкты Петир өзүнүн каттарында да эске салат:

> "Биздин сүйүктүү бир тууганыбыз Пабыл да өзүнө берилген акылмандуулук менен силерге жазып жибергендей, биздин Теңирибиздин чыдамдуулугун куткарылууңар катары эсептегиле. Пабыл бул жөнүндө бардык каттарында айтат. Ошол каттарындагы *кээ бир нерселерди түшүнүү кыйын*, аларды түркөй, бекемделе элек адамдар башка жазууларды бурмалагандай эле, өздөрүн өздөрү жок кылуу үчүн бурмалашат" (2 Пет. 3:15,16, курсив автордон).

Мына ушундай! Петир үч жарым жыл бою Устат менен бирге жүрдү, ал эми Пабыл жердеги кызматы учурунда Аны

тааныган эмес. Бирок, Пабыл Машайактын табиятын жана Анын жолдорун ушунчалык терең түшүнүү менен бөлүшөт. Бул ал тургай, Петирге да түшүнүүгө кыйынга турат. Эмнеге? Кыязы, Петир Ыйсанын эмне кылганын жана айтканын эстеген эскерүүлөр менен азыктанган жана бул анын Ыйса менен болгон жакындыктын тереңирээк деңгээлине сүңгүүсүнө жолтоо болгон. Ошондуктан, Ыйса: «Силерге айта турган сөзүм көп, бирок азыр силер түшүнө албайсыңар. Чындыктын Руху келгенде, силерди чындыкка үйрөтөт».

Дагы бир мисал, бул маселеге кандайдыр бир деңгээлде жарык чачууга жардам берет. Сураныч, мени туура эмес түшүнбөгүлө, бул мисал баштапкы чекит катары алынбайт жана биз аны түшүндүрүү максатында гана алабыз. Чыныгы жашоодо бири-бирин көрүшпөй эле интернет аркылуу таанышып, сүйүп калган адамдарды элестеткиле. Бул көп кездешет жана бул өз ара салттуу жол менен жолуккан адамдардын мамилесинен да күчтүү сүйүүгө айланып кетиши мүмкүн.

Интернет аркылуу бул сүйүү ушунчалык күчтүү болгондуктан, ал түгүл никени бузуп да коюшу мүмкүн. Бир күнү кечинде сыйынгандан кийин эки кичинекей баласы бар бир жигитти көргөнүм эсимде. Мага анын жан дүйнөсүндө бир оордук бардай сезилди. Мен анын жанына барып, баары жакшыбы деп сурадым.

Ал: «Жок, аялым интернет аркылуу таанышкан адам үчүн мени таштап кетти» деди.

Андан ары ал, көзү көрбөгөн эркек үчүн күйөөсүн гана эмес, алардан төрөлгөн алты баласын да таштап кеткенин айтты. Алар интернет аркылуу баарлашуу аркылуу бири-бирин сүйүп калышкан жана сезим ушунчалык күчтүү болуп, ал тургай, балдарын таштап кеткен.

Бирок, оң маанайга кайталы. Көпкө созулган байкоолордун натыйжасында, кат алышуу аркылуу же алыстан сүйүшкөн адамдар кээде көзмө-көз жолуккандарга караганда, бир топ терең жакындык деңгээлине жетээрин байкадым. Мунун себеби, алар физикалык чек арадан өтүп, бири-биринин жан дүйнөсүнө тийүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Көбүнчө адамдар көзмө-көз жолукканда сырткы факторлорго алаксып, сулуулук же башка сырткы көрүнүштөр аларды сокур кылып, адамдын чыныгы жүзүн көрүүгө мүмкүндүк бербейт.

Мурунку бөлүмдө айткандай, баарлашуунун үч деңгээли бар – оозеки баарлашуу, биргелешкен иш-аракеттер аркылуу баарлашуу жана руханий баарлашуу. Мамилелерде же бири-бирин таанууда дагы үч деңгээл бар. Эң төмөнкү деңгээл, физикалык же табигый. Тилекке каршы, дал ушул деңгээл көпчүлүктү үйлөнүүгө түртөт жана физикалык жагы өзүнүн жагымдуулугун жоготкондо, адамдарды бири-бирине эч нерсе байлабайт. Эркек көбүнчө спорт, кызмат ж.б.у.с хоббиси менен алектенет, ал эми аял болсо, соода кылганды, достору менен баарлашканды, кызмат кылганды жана башкаларды жакшы көрөт. Мунун баары абдан өкүнүчтүү.

Андан кийин рухий же жеке деңгээл келет. Бул Дөөттү Жонатан менен тыгыз байланыштырган деңгээл. Биз: «Жонатан Дөөткө жүрөгү менен тартылып, аны жанындай жакшы көрүп калды» дегенди окуйбуз (1 Шем. 18:1). Дөөт досун: «Бир боорум Жонатан, сен үчүн аза күтөм. Сен мен үчүн абдан кымбат элең, сенин сүйүүң мен үчүн аялдын сүйүүсүнөн артык эле» - деп жоктоп жатты (2 Шемуел 1:26). Жонатан менен Дөөттүн мамилесинде эч кандай бузукулук болгон эмес, алардын ортосунда физикалык тартылуу да болгон эмес, бирок, алар рухий сүйүүнүн эң

тереӊ деӊгээлине жеткен, бул болсо физикалык сүйүүдөн күчтүүрөөк. Дөөт муну ырастап, Жонатандын сүйүүсү ал үчүн аялдык сүйүүдөн да маанилүү экенин айткан. Алардын бири-бирин таанып-билүүлөрү жогорку деӊгээлде, жан деӊгээлинде болгон. Рухий мамилелердин бул деӊгээлинин физикалык жактан жогору экенин түшүнүү адамдардын телефон аркылуу, кат алышуу же интернет аркылуу жолуккан адамдары үчүн, үй-бүлөсүн таштап кетиши мүмкүн экенин түшүндүрөт.

Бирок, бири-бирин таанып билүүнүн эӊ жогорку деӊгээли – бул руханий деӊгээл. Бул тууралуу Пабыл мындай дейт:

> “Адамдын оюнда эмне бар экенин ким билет? Адамдын ичиндеги рухтан башка эч ким билбейт. Ошол сыяктуу эле Кудайдыкын да Кудайдын Рухунан башка эч ким билбейт. Кудайдын бизге эмне бергенин билишибиз үчүн, биз бул дүйнөнүн рухун эмес, Кудайдын Рухун кабыл алдык” (1 Кор. 2:11,12).

Пабыл Ыйсаны рухий деӊгээлде тааныган. Петир да Аны ушул деӊгээлде билсе да, ал көп учурда алар Ыйса менен денеде жүргөн кездерин эстегенге кайтып келген болушу мүмкүн. Ушул себептен улам, Пабыл абдан ачык билдирүү жасайт:

> “Ошондуктан биз мындан ары эч кимди сырткы көрүнүшү боюнча баалабайбыз. Биз мурун Машайакты сырткы көрүнүшү боюнча адам катары бааласак да, азыр андай баалабайбыз” (2 Корунттуктарга 5:16).

Эгерде биз Кудайды жакындан жана чындап билгибиз келсе, анда Ал бизге эӊ чоӊ батасын бергенин түшүнүшүбүз

керек, бул Анын бизге берген ачылышы, денеге ылайык эмес, Рух боюнча. Дал ошондой! Силер да мен сыяктуу толкунданууну сезип жатасыңар деп ишенем. Биз кандай керемettүү Теңирге кызмат кылып жатабыз! Ал бизге Өзүн эң терең түрдө ачып берүүнү каалайт. Биз менен бул жакындыкты эң биринчи Ал каалаган. Эми жүрөгүңөр Теңирди таанып-билүүнү каалап жатабы?

## ТЕМАГА БАЙЛАНЫШТУУ СУРООЛОР:

1. Силер Кудайдан силерди асманга алып кетишин суранып сыйынып көрдүңөр беле? Буга кандай жагдайлар түрткү болду эле?
2. Жыйындагы көптөгөн ишенгендер Ыйсаны Ыйык Рухтун жардамысыз эч ким биле албастыгын билсе да, Ыйык Рух менен ынак мамиледе болбостон, Ыйсага жакындоого аракет кылышат. Эмне үчүн мындай болуп жатат? Силер өз тажрыйбаңарга таянып, бул сөздүн чындыгын тастыктай аласыңарбы?
3. Биз менен Ыйык Рухтун ортосундагы ынак мамиле жөнүндө айтсак, Анын катышуусу силердин жүрөгүңөрдү Кудайга төгүү жөндөмүңөргө кандай таасир этет? Жашооңордо Кудайдан жашыргыңар келген нерсе барбы?

11-бөлүм

# АТАДАН БЕРИЛГЕН УБАДА

Силер ишенбегендиктен бата ала албайсыңар.

Мен Ыйса Машаякты Куткаруучу катары 1979-жылы Purdue университетинде чогуу окуган курсташым аркылуу билдим. Башка жакка кайрылып, Ыйса Машаякты Теңирим деп кабыл алганымда, мен Кудайдын Падышачылыгында жогорудан кайра төрөлгөм. Ыйык Жазууда мындай делет: «Эгерде сен өз оозуң менен Ыйсаны Теңирим деп ачык таанысаң, Кудайдын Аны өлгөндөрдүн арасынан тирилткенине чын жүрөгүң менен ишенсең, анда куткарыласың. Себеби адам чын жүрөгү менен ишенүү аркылуу акталат, оозу менен ачык таануу аркылуу куткарылат. Анткени Ыйык Жазууда: «Ага ишенген адам уятка калбайт», – деп айтылат» (Рим. 10:9-11).

Мен куткарылып калганыма эч кандай шек санаган жокмун. Муну менин жүрөгүм күбөлөндүрдү жана Ыйык Жазуу бул чындыкты тастыктады. Бирок, менин жашоомдо бир нерсе жетишпей жатты, бир нече ай бою анын эмне экенин түшүнө албадым. Мен Анын баласы экениме ишенсем да, Теңир алыста тургансыды. Ыйык Китепти окуганда туманга түшүп калгандай болдум. Тексттин маанисин түшүнүү мен үчүн кыйын болду, өтө тырышчаактык менен окусам да, аз түшүндүм. Турмуштун жагымсыз жагдайларын жеңүү жөндөмү да жок болчу. Теңтуштарымдын, университетте чогуу окуган курбуларымдын мага көрсөткөн күчтүү кысымына туруштук бере албай, агымга каршы сүзө албай тургандай таасир алдым.

Убакыттын өтүшү менен, мен Теңирге менден да жакын болгон адамдарды жолуктурдум. Алар Аны алда канча жакындан билгендей, Ал жөнүндө сонун сөздөрдү айтышты. Менин акылым жетпей жатты. Эмне үчүн менде жок нерсе аларда болушу мүмкүн? Эмне үчүн Кудай аларга мен таба албаган жакындыкты берди? Аларда мен ээ боло албаган күч жана Теңир жөнүндө терең түшүнүк бар окшойт. Анан Ыйык Китепти изилдеп жатып, мен Теңир менен ошол убакка чейин көрбөгөн дагы бир жолугушууну түшүндүм.

## Атадан берилген убада

Келгиле, Ыйык Жазууну окуп жатканда мага эмне ачылганын карап көрөлү:

> Анан аларды чогултуп, аларга мындай деп *буйруду*: Иерусалимден кетпегиле, бирок Менден уккан Атамдын убадасын күткүлө, анткени Жакан сууга

> чөмүлдүрдү, силер болсо бир нече күндөн кийин Ыйык Рухка чөмүлдүрүлөсүңөр. Ошондуктан, алар чогулуп, Андан: «Теңир, Сен Ысрайыл элинин падышачылыгын ушул убакытта калыбына келтиресиңби?» – деп сурашты?» (Элчилер 1:4-6, курсив автордон).

Ыйса ишенгендерге «Атанын убадасын» алганга чейин эч жакка барбагыла, кабар айтпагыла, жыйындарды тургузбагыла жана өздөрүнүн чакырыгын аткарбагыла деп айткан. Бул убада менен алар Ыйык Рухка чөмүлдүрүлүүнү билдиришкен. Ыйса бул аятта колдонгон *чөмүлтүлүү* сөзү гректердин *baptizo* деген сөзүнөн которулган, ал «чөмүлүү, сүңгүү, ашып кетүү» дегенди билдирет. Ошентип, Ыйса Ыйык Рухка чөмүлүү болорун ачык айтты, бирок алар Ыйсанын тирилгенине ишенип, Анын Теңирлигин моюнга алышып, Анын ишенимдүү жолдоочулары болушканына карабастан, алар али Ыйык Рухка ээ эмес эле.

Мен биринчи байкаган нерсе, Ыйык Рухка толуу бул альтернатива же сунуш эмес - бул *буйрук* эле! Буйруктар биздин жыргалчылыгыбыз үчүн, бизди коргоо үчүн жана бүт Падышачылыктын жыргалчылыгы үчүн берилет. Теңирдин осуяттарын жеңил кабыл албаш керек, анткени алар биздин жыргалчылыгыбыз үчүн, ошондой эле Падышачылыктын кызыкчылыгы үчүн иштелип чыккан.

Эгерде Атасынын буйругу аткарылса, аларга эмне берем деп убада кылганы аларга белгисиз болчу. Бул Ыйса асманга көтөрүлгөндөн он күндөн кийин болгон. Белгилей кетчү нерсе, Ыйса тирилгенден кийин беш жүз ишенүүчүгө көрүнгөн (1 Кор. 15:6), бирок, асманга көтөрүлгөндөн он күндөн кийин үстүңкү бөлмөдө жүз жыйырмасы гана калган. Мен бардык беш жүз адам Атанын убадасынын

аткарылышын күтүп жатышканына бекем ишенем, бирок убакыттын өтүшү менен адамдардагы чыдамсыздык, шектенүү, ишенбөөчүлүк жана башка ар кандай себептерден улам ал жерде мурдагы эл массасынын бир бөлүгү гана калган. Тилекке каршы, дээрлик беш адамдын төртөө Ыйсанын буйругун аткарышкан жок.

Бирок, калгандар бир пикирде болушту, алар өз пландары үчүн өлүштү. Алар Ыйсанын сөздөрүнө жеңилдик менен мамиле кылууга жол беришкен эмес жана Анын буйругун башка жол менен түшүндүрүүгө аракет кылышкан эмес. Устат буйругандыктан гана акырына чейин күтүүнү чечкендиктерине мен бекем ишенем. Ошентип, Ыйсанын буйругуна олуттуу мамиле кылгандар гана Кудай менен калышты. Андан ары окуйбуз:

> "Элүүнчү күн майрамында алардын бардыгы бир жерге чогулушту. Бир маалда асмандан катуу шамалдын добушундай болгон добуш чыгып, алар отурган үйдүн ичин толтурду. Анан жалындай болгон тилдер бөлүнүп-бөлүнүп, алардын ар биринин үстүнө түштү. Ошондо бардыгы Ыйык Рухка толуп, Рух берген тилге жараша ар кандай тилдерде сүйлөй башташты (Элчилер 2:1-4).

Бул күн Элүүнчү күн деп аталган жана бул термин Жаңы Келишимде пайда болгон эмес, анткени, ал Ысрайылдагы улуу майрамдардын биринин аты болгон. Ыйса алдын ала айткандай, алардын Ыйык Рухка *толуп* же *чөмүлтүлгөнүнө* көңүл бурсаңар. Бул Атадан убада кылынган нерсе болчу жана бул көрүнүш *башка тилдерде* сүйлөө менен коштолгон.

Бүгүнкү күндө кээ бир адамдар үчүн тил термини түшүнүксүз же сабатсыздыктан улам сырдуу көрүнөт. Ыйык

Жазууда тилдер жөнүндө сөз болгондо, мен айткандай, бул сен түшүнбөгөн тилде сүйлөөнү билдирет. Биз бул сөз айкашын библиялык контексттен тышкары да колдонобуз. Чет элдик менен англис тилинде сүйлөшкөндө, анын эне тили кайсы деп сурайсың. Тактап айтканда, анын бала кезинде биринчи жолу кайсы тилде сүйлөй баштаганына кызыгасыз.

Катуу шамалдан улам келип чыккандай шуулдоо, Ыйык Рухтун Ал ар дайым жашагысы келген ыйбадатканаларга төгүлүшү жана алгачкы түшүшүнөн улам пайда болгон. Анан дагы, Ыйык Жазууда Рух шамал деп айтылбайт, тескерисинче, бул шоокум Анын келип чыгышынын көрүнүшү болуп калды.

## Карама-каршы жолдор

Ушул жерден бир кызыктуу байкоону бөлүшө кетейин. Шайтан жана анын жин-перилери Кудайдын жолдорун бурмалоо үчүн, дайыма Кудайга карама-каршы иштерди кылып жатышат. Ыйык Рух адамга келгенде, ал ката кетирүүгө мүмкүн болбогондой кылып жасайт. Ал Өзү менен толтурганда, адамдар Анын көрүнүштөрүн *көрүшөт* же *угушат.* Муну биз Элчилер китебиндеги башка окуялардан да көрөбүз. Бирок, Ыйык Рух кеткенде, Ал муну абдан тынч жана байкалбагандай жасайт. Делила: «Шимшон, пелиштиликтер сага каршы келе жатышат!» – деди. Ал уйкусунан ойгонуп:

> «Мурдагыдай эле кутулуп кетем», – деп ойлоду. Ал Теңир таштап койгонун *билген жок»,* – деди. (Башкаруучулар. 16:20, курсив автордон).

Шимшон Теңирдин аны таштап кеткенин билген жок, анткени, Кудайдын Руху дайыма тынч гана кетип калат.

Тескерисинче, жиндер адамдын ичине киргенде, алар муну абдан тынч жана байкатпай жасашат, ал эми кетүүгө аргасыз болгондо, алар өзүлөрүн катуу көргөзүп чыгып, адамды таштап кетишет (мунун ырасталышын бардык Инжилдерден көрүүгө болот).

## Убада баары үчүн

Эми Элүүнчү күн майрамына кайрылалы. Ошондо жер жүзүндөгү бүт жүйүттөр майрамга Иерусалимге келишти. Шамалдын шоокумун укканда эл шакирттер турган жерден качып жөнөштү. Элдер сабатсыз шакирттердин өз тилдеринде жана диалектилеринде Кудайдын кереметтери жөнүндө айтып жатышканына таң калышты. Таң калган угуучулар: “Мунун баары эмнени билдирет?” кыйкырып сурап жатышты.

Петир алардын кызыгуусун пайдаланып, бул жерде тургандардын бардыгына Ыйса жөнүндө насаат айтуу үчүн ордунан турду. Сөзүнүн аягында ал мындай деди:

> Ошол Ыйсаны Кудай тирилтти, ага биз баарыбыз күбөбүз. Ал Кудайдын оң колу менен асманга көтөрүлүп, Атасы убада кылган Ыйык Рухту алды да, үстүбүзгө төктү. Азыр силер ошону *угуп-көрүп турасыңар* (Элчилер 2:32,33, курсив автордон).

Байкасаңар, ал Ыйык Рухтун убадасын *көрүүгө* жана *угууга* болот деп айткан. Өзүңөргө өзүңөр айткыла: «көрүү жана угуу». Төмөнкү аяттарды түшүнүү үчүн, муну эстен чыгарбоо абдан маанилүү.

Петирдин айткандары аны уккандардын жүрөгүнөн орун алгандыктан, алар эмне кылыш керектигин сурашкан. Петир аларга:

> «Петир аларга: «Күнөөңөр кечирилиши үчүн, тобо кылгыла, ар бириңер Ыйса Машайактын ысымынын урматына сууга чөмүлдүрүлгүлө, ошондо Кудай силерге Ыйык Рухту белек кылат. Анткени Кудайдын *убадасы* силерге, силердин балдарыңарга жана *алыстагылардын бардыгына, Кудай-Теңирибиз чакырган ар бир адамга тиешелүү*», – деп жооп берди (Элчилер 2:38,39, курсив автордон).

Кунт коюп уккула, алар *көргөн* жана *уккан* убада баарына, *Кудай-Теңирибиз кимди чакырса, ошолорго таандык*. Башкача айтканда, шакирттердин үстүнкү бөлмөдө кабыл алгандары Теңир чакырган ар бир адамга убадаланган жана бул санга силер да, мен да киребиз!

Эми мен тез арада Жаңы Келишимде Ыйык Рухту кабыл алган адамдар жөнүндө айтылган бардык аяттарды карап чыгууну каалайм. Бизде дагы төрт учурдун сыпаттамасы бар. Бирок, эки пунктка көңүл бургула. Биринчиден, бирөөнөн башка бардык сүрөттөөдө, бул Ыйса Машайакты Теңирибиз катары кабыл алуудан бөлөк окуя болгон. Экинчиден, ар бир учурда жакын жерде турган күбөлөр Ыйык Рухтун адамдар тарабынан кабыл алынышынын жана аткарылышынын тышкы көрүнүштөрүн көрүп, уга алышкан.

## Самария

Филипп Самариядагы бир шаарга барып, Ыйсаны жар салды. Аны угууга көптөгөн адамдар келишти. Адамдар укмуштуудай кереметтерге күбө болушкан, «Анткени жин оорулуу көптөгөн адамдардын ичинен жиндер катуу кыйкырык менен чыгып, көптөгөн шал оорулуулар менен аксактар айыгып жатышкан эле» (Элчилер 8:7). Насааттын

натыйжалары күчтүү болуп, шаарда кубаныч өкүм сүрдү, бул тууралуу биз буларды окуйбуз:

> “Бирок Кудайдын Падышачылыгы жана Ыйса Машайактын ысымы жөнүндөгү Жакшы Кабарды жарыялаган Филипке ишенип калган эркектер да, аялдар да сууга чөмүлдүрүлүп жатышты. Шымон да Ыйсага ишенип, сууга чөмүлдүрүлдү... (Элчилер 8:12,13).

Адамдар Ыйса Машайак жөнүндөгү Жакшы Кабарга ишенип, сууга чөмүлдүрүлүштү. Азыр, Ыйык Жазууга ылайык, алар Кудайдын Падышачылыгында кайрадан төрөлүштү. Бирок, биз андан ары буларды окуйбуз:

> “Иерусалимде калган элчилер самариялыктардын Кудай сөзүн кабыл алганын угушканда, аларга Петир менен Жаканды жиберишти. Экөө келишти да, аларга Ыйык Рух берүүсүн сурап, Кудайга сыйынышты. Анткени алардын эч кимисине Ыйык Рух түшө элек болчу, болгону, алар Теңир Ыйсанын ысымынын урматына сууга чөмүлдүрүлүшкөн эле” (Элчилер 8:14-16).

Бул жерде биз алардын Кудайдын Падышачылыгында төрөлгөндүгүнүн дагы бир ырастоосун көрөбүз. Муну «алардын Теңирибиз Ыйсанын атынан чөмүлдүлүшкөнү» тастыктап турат. Алардын караңгылыктын падышачылыгынан куткарылып, Кудайдын үй-бүлөсүнө киргендигинде шек жок. Бирок, алар жогорудан төрөлүшсө да, Ыйык Рухка чөмүлдүрүлө элек болчу.

Силер алар кантип куткарыла алат эле, анткени Ыйык Жазууда: “Ошондуктан силерге айтарым: Кудайдын Руху

аркылуу сүйлөгөн адам Ыйсага каршы анафема айтпайт жана ал Кудайдын Руху аркылуу гана Ыйсаны «Теңир» дей алат", деп ачык жазылып турат", деп сурасаңар болот (1 Кор. 12:3). Ырас, биз Ыйык Рухтун жардамысыз Ыйсанын Теңирдигин мойнубузга ала албайбыз, бирок бул нерсе Рухка толгондон түп-тамырынан бери айырмаланат. Кайрылган учурда, Ыйык Рух бизди ыйыктап, мөөр басып, ичибизде жашай баштайт (1 Пет. 1:2; Эф. 1:13; Рим. 8:9-11 кара), бирок, биз бул жөнүндө Ыйсанын атынан Атадан суранмайынча, Анын катышуусуна толо албайбыз. Анткени, Ыйык Жазууда минтип айтылат:

> «Демек, силер жаман болуп туруп, балдарыңарга жакшы нерселерди бергенди билсеңер, анда Асмандагы Атаңар Өзүнөн сурагандарга Ыйык Рухту берери анык (Лука 11:13).

Бул аяттын негизинде алып караганда, бул убада Асмандагы Атанын балдары болуп калган адамдар үчүн. Кийинчерээк Ыйса чындыктын Рухун «дүйнө кабыл албайт» деп айткан (Жакан 14:17). Ыйсанын сөздөрүнөн биз бул окуя Падышалыкта жаңы төрөлгөндөн бөлөк экенин көрөбүз.

Келгиле, Самариядагы элге кайталы.

Самариялыктардын үстүнө колдорун коюшканда, алардын үстүнө Ыйык Рух түштү. Элчилердин кол коюусу аркылуу Ыйык Рух берилерин *көргөндө*, Шымон аларга акча алып келип: «Мага да ушул бийликти бергилечи, мен кимдин үстүнө колумду койсом, анын үстүнө Ыйык Рух түшсүн» - деди (Элчилер 8:17-19, курсив автордон) .

Бул ишенгендер Ыйык Рухту куткарылгандан кийин кабыл алышты. Бизге эл тилдерде сүйлөгөнүн ачык айтышат. Бирок, эмне үчүн Симон элчилерге акча сунуштаган? Ыйык

Жазууда ал адамдардын Ыйык Рухту кабыл алганын көргөнү айтылат. Мунун ачык жана айкын далилдери бар болчу жана бул далил тилдерде сүйлөө болгон, бул Жаңы Келишимде жазылган башка учурларда ишенгендер Рухка толгондо дал ушундай болгонун сүрөттөгөн учурга толугу менен дал келет.

Самариядагы окуялар жөнүндөгү бул библиялык билдирүүнү изилдөө менен, биз биринчиден, Ыйык Рухка толуу ишенимге келүүдөн айырмаланган өзгөчө окуя болгонун, экинчиден, жанында турган адамдар бул окуянын сырткы ырастоолорун көрүшкөнүн билебиз.

## Эфес

Элчи Пабыл жана анын шериктери Эфеске келип, ал жерден бир нече шакирттерди табышты. Алардан эң биринчи сурагандары бул болду:

> “Ыйсага ишенип калганыңарда Ыйык Рухту алдыңар беле?” (Элчилер 19:2).

Бул суроону биз сөзсүз жаңы кайрылгандарга да беришибиз керек. Адамдарга бир саат да Теңир менен ынак мамиледе болбой жана Ыйса жөнүндө кабар таратууга жөндөм берген күчкө толбой жашоого жол бербеш керек (Элчилер 1:8ди карагыла).

Эфестик бул шакирттер Ыйык Рух жөнүндө уккан эмес, алар Чөмүлдүрүүчү Жакан тарабынан гана сууга чөмүлдүрүлүшкөн. Ошентип, Пабыл жана анын шериктери аларга Ыйса Машайак аркылуу куткарылуу жөнүндө айтып беришти. Андан ары окуйбуз:

> Алар муну уккандан кийин, Теңир Ыйсанын ысымынын урматына сууга чөмүлдүрүштү (Элчилер 19:5).

Эми, Ыйык Жазууга ылайык, алар Ыйсаны кабыл алып, сууга чөмүлтүлгөндүктөн, Падышачылыкта кайрадан төрөлүштү. Андан ары:

> “Пабыл алардын үстүнө колдорун койгондо, аларга Ыйык Рух түштү. Ошондо алар ар кандай тилдерде сүйлөп, пайгамбарчылык кыла башташты,” – дегенин табабыз (Элчилер 19:6).

Анан бул жерде алар Ыйык Рухка толору менен башка тилдерде сүйлөп, пайгамбарчылык кыла баштады жана жандарында турган адамдар бул чөмүлүүнү кабыл алгандардын ичинде Атанын убадасынын көрүнүштөрүн көрүп, уга алышты.

Пайгамбарчылык кылуу – бул “Кудайдын илхамы менен сүйлөө” дегенди билдирет. Петир Элүүнчү күн майрамында миңдеген адамдарды Кудайдын Падышачылыгына алып келген жаркыраган кабарды айтып, пайгамбарчылык кылган. Ал Кудайдын Сөзүн эч кандай даярдыксыз жана алдын ала окуп албай кабарлаган. Ал Рухтун жетеги менен жарыяланган. Эфестеги бул адамдар, Рухка толгонго чейин, Кудайдын жолдору жөнүндө аз билишчү, бирок азыр, Рухка толгондон кийин, алар Кудайдын Сөзүн рухтун жетеги менен сүйлөй алышты.

Ушундай эле нерсе Кудайдын Рухуна толгон ар бир адам менен болот. *Устаттын* Өзү бизде жашай баштайт жана Кудайдын бардык ойлору бизге айкыныраак болот. Рухка чөмүлтүлгөнгө чейин мен үчүн Кудайдын Сөзү жана Анын жолдору бүдөмүк болчу. Бирок, чөмүлтүлгөндөн кийин баары өзгөрдү. Ыйык Китеп мага жеке деңгээлде ачылды. Мен бир нече жыл бою ишенип, бирок Рухка чөмүлтүлбөгөн

адамдардын Рухка толгондон кийин: «Менде көптөгөн суроолор бар болчу, бирок азыр менде бардык жооптор бар» жана ошондой эле: «Ыйык Китеп мен үчүн ачык-айкын китеп болуп калды» деген сөздөрүнө көп жолу күбө болдум.

Бул күбөлөндүрүүлөр менен бирге мен Ыйык Жазууну олуттуу изилдөөчүлөр, жогорудан төрөлүп бирок, Рухка толбогон ишенгендер, Ыйык Китепти Рухка толгон адамдардын билими менен комментарийлегендерин уктум. Алар үч эсе көп билимдүү болушу мүмкүн, бирок Ыйык Рухка толгон ишенүүчүлөрдүн түшүнүгүнө таң калышат. Мен мындай сөздөрдү укканда: «Бул абдан жөнөкөй, Рухка толбогон ишенгендер, Ыйык Рухтун толук жарыгына ээ эмес» деп айтам. Бирок, Кудайдын ар бир баласы Рухка чөмүлтүлө алат, анткени Рухка толууну Кудай Ыйсанын атын чакыргандардын баарына убада кылган! Кудай бизге абдан ырайымдуу!

Ошентип, Эфестеги ишенгендердин Кудайдын Рухун кабыл алышы, Самариядагы эл менен болгон сыяктуу эле, кайрылуудан айырмаланган өзгөчө окуя болгон жана бул учурда алардын жанында турган адамдар да бул окуянын сырткы көрүнүштөрүн *көрүшкөн.*

## Апостол Пабыл

Элчилер Китебинин тогузунчу бөлүмүндө биз Пабыл деп атаган Шабыл ишенгендерди куугунтукка алууну көздөп, Дамаскка бара турган жолдо бараткан. Анан күтүлбөгөн жерден ал асмандан бир жарык түшүп, Теңирдин үнүн укту, Ал:

> «Шабыл, Шабыл! Эмнеге мени кубалап жатасың? -деп сурады. Ал айтты: Сен кимсиң, Теңир? Теңир мындай деди: «Мен сен куугунтуктап жаткан Ыйсамын. Учтуу

> таякка каршы тура албайсың. Ал титиреп, үрөйү учуп: «Теңир! Мага эмне кылууну буюрасың? Теңир ага: «Тургун да, шаарга баргын, ошондо сага эмне кылышың керектиги айтылат.

Мен Шабыл ошол учурда кайра төрөлгөн деп ишенем. Менин ишенимим эки аргументке таянат. Биринчиден, Теңир Өзүн Ыйса деп тааныткандан кийин, Шабыл Аны «Теңир» деп кабыл алган. Экинчиден, Шабыл үч күн орозо кармап, сыйынды, андан кийин Анания ага келип:

> *“Бир тууганым* Шабыл! Келе жаткан жолуңда өзүңө көрүнгөн Теңир Ыйса, көздөрүң кайрадан көрүшү үчүн, *Ыйык Рухка толушуң үчүн*, мени сага жиберди”- деди (Элчилер 9:17, курсив автордон).

*Бир тууган* деген сөзгө көңүл бургула. Шабыл Ыйса Машайакка ишенип, Аны Теңирим деп кабыл алды, андан кийин үч күн бою сыйынды. Ошентип, ал кайра төрөлгөндөн кийин, Анания Шабыл Ыйык Рухка толсун деп сыйынды. Бул жакта Шабыл башка тилдерде сүйлөгөнү айтылбайт. Бирок, ал муну Корунттуктарга жазган Биринчи катында ачык жана так айтат: «Кудайга ыраазымын, ар кандай тилдерде мен баарыңардан көбүрөөк сүйлөйм» (1 Кор. 14:18). Ал качан тилдерде сүйлөгөн? Анания анын үстүнө колун коюп, ал үчүн сыйынганда (Элчилер 9:17 кара).

## Корнилий жана анын үй-бүлөсүндөгүлөр

Ошол мезгилдерде Корнилий аттуу Рим офицери жашаган. Ал үй-бүлөсү жана достору менен бирге, кайрадан төрөлгөн биринчи бутпарас болгон. Корнилий көп орозо

кармап, сыйынчу жана бир күнү анын алдына периште келип, Петирди чакыртууну буйруду.

Бир нече күндөн кийин Петир келгенде, Корнилий өзү жакшы көргөндөрдүн баарын чогултуп, алар Петирдин сөзүн угууга даярданышкан. Петир Ыйса жөнүндө насаат айта баштады.

> Петир ушул сөздөрдү айтып жатканда, сөздү угуп отургандардын бардыгынын үстүнө Ыйык Рух түштү. Ошондо Петир менен келген, Ыйсага ишенген жүйүттөр Ыйык Рухтун бутпарастардын үстүнө да төгүлгөнүнө абдан таң калышты, анткени алардын ар кандай тилдерде сүйлөп, Кудайды даңктап жатышканын угушту (Элчилер 10:44-46).

Жүйүттөр башка улуттагылар менен диний, ал тургай коомдук маселелер боюнча да сүйлөшүшкөн эмес. Алар убада келишиминен четтетилген, аларда үмүт жана Кудай жок болчу (Эф. 2:12карагыла). Ошондуктан, Корнилийдин үйүндө болгон окуялардын баары Петир менен келген жүйүттөрдү аң-таң кылды. Алар бутпарастардын куткарылууну жана Ыйык Рухту кабыл алганына таң калышты.

Бул Ыйык Китепте адамдар, бир эле учурда куткарылып жана Рухка чөмүлтүлгөнүн сүрөттөгөн жалгыз учур. Мен жеке өзүм ишенем, бирок силер Кудайдын муну кылганынынын себеби, жүйүттөр Корнелий жана анын туугандары жана достору Ыйса Машаякты жана Ыйык Рухту кабыл алыш үчүн сыйынышпай турганын Ал билгенине макул эмес болушуңар мүмкүн, анткени алар бутпарастар куткарылуусу мүмкүн экендиги тууралуу күмөн санашкан. Ойлоп көрсөңөр, кайра төрөлгөн учурда муну тастыктаган эч кандай сырткы белгилер болбойт. Эгерде бул адамдар Петирдин насаатындагы Сөздү

кабыл алышса да, Ыйсаны өздөрүнүн Теңири катары кабыл алышса да, ошондо да, жүйүттөр бутпарастардын кайра жаралуу мүмкүнчүлүгүнө ишенишмек эмес.

Бирок, Кудай аларды Ыйык Рухка толтуруп жана алар жүйүттөр Рухка чөмүлтүлгөндө болгондой эле, башка тилдерде сүйлөй баштаганда, жүйүттөр Кудай бутпарастарга да Өзүнүн куткаруусун бергенин тана албай калышты.

Бул окуя Ыйык Рухка толуунун сырткы далили башка тилдер менен сүйлөө экендигин эч кандай шексиз көрсөтүп турат. Бул үзүндүнүн башка котормосунда биз «Ыйык Рухтун белеги бутпарастарга да төгүлгөнүн окуйбуз. Буга эч кандай шек жок, анткени алар ар кандай тилдерде сүйлөп, Кудайды даңктап жатканын угушту» (Элчилер 10:45,46). Буга айланасындагылардын баары кантип ынанмак? «Анткени алар алардын сүйлөгөнүн угушту...» Алар Атасынын убадасын көрүштү жана угушту!

## Тилдер унучукпай калат

Силер: «Ооба, мунун баары алгачкы шакирттердин убагында болгон, бирок Ыйык Китепте жеткилеңдик келгенде, тилдер унчукпай калат деп айтылбайт беле?» — деп айтышыңар мүмкүн. Ооба ошондой. Бирок, жеткилең нерсе келдиби? Кээ бирөөлөр каршы чыгышы мүмкүн: ооба, Ыйык Китеп кемчиликсиз, эми бизде ал бар, бизге тилдин кереги жок. Келгиле, бул чечмелөөнүн туура экенин билүү үчүн, Ыйык Жазууну карап көрөлү. Пабыл мындай деп жазган:

> “Сүйүү эч качан токтобойт. Пайгамбарчылык айтылбай калат, *тилдер сүйлөнбөй калат,* билимдин кереги жок болуп калат. Анткени биздин билимибиз

> чектелүү, пайгамбарчылыгыбыз да чектелүү. Жеткилеңдүүлүктүн убагы келгенде, чектелүү нерселер жок болот” (1 Кор. 13:8-10, курсив автордон).

Биринчиден, жеткилеңдик келгенде тилдер гана унчукпай калбастан, билим (тагыраак айтканда, *ачылган* билим) да жок болот деп айтылат. Бирок, биз билгендей, ал убак келе элек. Андыктан, келгиле, «жеткилеңдик келет» дегенди аныктап билүү үчүн окуйлу.

> “Азыр биз күңүрт күзгүдөн көргөнсүп, даана көрө албай жатабыз, *кийин* болсо даана көрөбүз. Азыр менин билимим чектелүү, Теңир мени кандай билсе, *кийин* мен баарын ошондой билип алам” (1 Кор. 13:12, курсив автордон).

Көңүл бурсаңар, автор *анда* эмне болоорун эки жолу айткан. Бул жеткилеңдик келе турган убакты билдирет. Бул убакыт эки параметр менен аныкталат. Биринчиден, биз Теңирди бетме-бет көрөбүз. Силер азыр Аны бетме-бет көрүп жатасыңарбы? Анын тирилген денесин көрүп жатасыңарбы, Анын жалындуу оттой болгон көздөрүн, ак толкундай, кардай аппак чачтарын, көрүп жатасыңарбы? Анын күчүндө жаркырап турган күндөй жүзүн көрүп жатасыңарбы? Экинчи көрсөткүч - “Мен таанып-билингендей мен да таанып-билем”. Ал сени таанығандай, сен да Аны билесиңби? Бул суроого албетте, жооп жок экендиги көрүнүп турат. Пабыл биздин даңкталган денебизде Теңир менен бирге боло турган убак жөнүндө айтып жатат. Мына ошондо жеткилеңдүүлүк келет.

Демек, жеткилеңдик келгенге чейин тилдер да унчукпай калбайт. Кийинки бөлүмдөрдө мен тилдердин бар болушунун

негизги максаттарынын бири бизди бул жерде Кудайга жакындатуу экенин көрсөтөм!

## Ар би радам эле тилдерде сүйлөйбү?

Бизге бул суроону да бериштери мүмкүн: “Мен тилдерге ишенем, бирок ар бир эле ишенген адам аларды кабыл ала албайт, анткени Ыйык Жазууда да мындай суроо бар: “Ар бир эле адам тилдерде сүйлөйбү?” Бул суроого берилген жооп да терс. Бирок, бул жерде да Пабыл берген суроонун олуттуу түшүнбөстүгү жөнүндө сөз кылууга болот. Көптөгөн Ыйсанын жолдоочуларын Атасынын убадасынан ажыраткан бул шек-тенүүлөрдү жоюу үчүн, биз адегенде Жаңы Келишимде не-гизинен төрт түрдүү тил категориясы жөнүндө сөз болорун аныкташыбыз керек. Эки тил көрүнөө-ачык кызмат кылуу үчүн жана экөөсү Кудай менен жеке баарлашуу үчүн. *«Кудай-дын балдары тилдерде сүйлөшү керекпи?»* деген суроого түшүнүктүү жооп берүү үчүн, биз алардын ар бирин кыскача карап чыгышыбыз керек.

## Тилдер ишенбегендер үчүн жышаан катары

Тилдердин биринчи категориясы ачык кызмат кылуу үчүн. Мен ачык терминди башка адамга же адамдардын тобуна кызмат көрсөтүү үчүн колдоном. Бул тууралуу Пабыл мындай деп жазган:

> “Ошентип, ар кандай тилдерде сүйлөө – Теңирге ишенгендер үчүн эмес, Теңирге ишенбегендер үчүн жышаан. Пайгамбарчылык кылуу – Теңирге ишенбегендер үчүн эмес, Теңирге ишенгендер үчүн жышаан” (1 Кор. 14:22).

Бул тилдер Ыйык Рух биздин түшүнүгүбүздүн жана акылыбыздын чегинен ашып кеткенде, биздин Жерибизде бар жана биз мурда эч качан үйрөнбөгөн же билбеген башка тилде сүйлөө мүмкүнчүлүгүн бергенде гана колдонулат. Бул тил Ыйык Рухтун эрки менен берилген, биз өзүбүз мындай тилде сүйлөөгө чечим кыла албайбыз. Көбүнчө биз мындай тилде сүйлөп жатканыбызды да билбейбиз. Биз жөн гана башка тилдерде сүйлөп жатканыбызды билебиз, бирок биз бар, реалдуу тилде сүйлөп жатканыбызды түшүнбөйбүз.

Мен бир мисал келтирейин. Жакында эле Колорадодогу чоң жыйында насаат айттым. Биздин жыйындын бир кызматкери да бул жыйында болуп, арткы катарда отурган. Бул аял көп убактысын сыйынууга жана арачылык кылууга арнайт, анан күтүлбөгөн жерден насаат учурунда Теңир аны мен үчүн сыйынууга түртүп жатканын сезди. Ошондуктан, кызмат учурунда, ал акырын, ал жердеги тил эмес деп ойлогон тилде сыйынып жатты (мен бул тууралуу жакында айтып берем). Кызматтан кийин анын алды жагында отурган бир мырза ага кайрылып: «Сиз французча абдан жакшы сүйлөйт экенсиз, анын үстүнө тилиңиз да эң сонун экен», – деди.

Ал ага француз тилин билбестигин айтты.

Анан таң калып, ал киши ага мындай деди: «Мен француз тили мугалимимин, сиз кызмат учурунда француз тилинде насаатчы үчүн сонун сыйындыңыз! Сиз сыйынып жатканда Ыйык Жазуудан үзүндү келтирдиңиз жана сиз Ыйык Китептен үзүндү келтиргениңизден кийин, насаатчы адамдардан Ыйык Китептерин ачып, сиз сыйынууда айтып жаткан үзүндүнү окууну суранды!»

Бул киши кандай таң калып, биздин кызматкер кандай толкунданганын айтуунун да кереги жок. Бул менин насаат

айтуум чындап эле Кудайдын Сөзү экенине тигил адамдын ынанышы үчүн белги болду.

Элүүнчү күн майрамында Иерусалимдин тургундары жана коноктору так ушундай тилдерди угушкан. Ыйык Жазууда:

> «Ошол убакта Иерусалимде бүт дүйнө жүзүнөн келген динчил жүйүттөр бар эле. Бул добушту уккан адамдар чогулуп, дүрбөлөңгө түшүштү. Анткени шакирттер ошол адамдардын ар биринин тилинде сүйлөп жатышкан эле. Бардыгы айран-таң калып, өз ара мындай деп сүйлөшүп жатышты: «Сүйлөп жаткан бул адамдардын бардыгы галилеялыктар эмеспи? Булар кандайча ар бирибиздин эне тилибизде сүйлөп жатышат? Биз, парфтыктар, мадайлыктар, эйламдыктар жана Месопотамия, Жүйүт, Кападокия, Понт жана Асия тургундары, Фригия, Памфилия, Мисир жана Киренея тараптагы Ливия аймагынын тургундары, Римден келгендер, жүйүттөр жана прозелиттер, криттиктер жана аравиялыктар, өз тилибизде алардын Кудайдын улуу иштери жөнүндө айтып жаткандарын угуп жатабыз» (Элчилер 2:5-11).

Бул башка тилдер категориясы ишенбегендер үчүн бир жышаан экендигине дагы бир жолу ынандык. Ошол тилдерде сүйлөө жогорудагы мисалдагы француз тили мугалими үчүн белги болгон, ал эми биздин Ыйык Жазуунун үзүндүсүндө тилдер дүйнөнүн төрт бурчунан Иерусалимге келген көптөгөн билимдүү адамдар үчүн жышаан болгон. Бул белги алардын көңүлүн буруп, Кудайдын Сөзүнө жүрөктөрүн ачкан. Мен ишенгендердин Кудай Сөзүн башка адамдардын эне тилинде сүйлөгөнү жөнүндө сансыз окуяларды уктум, алар эч качан алардын тилин үйрөнүшкөн эмес жана билишпеген. Мындай

жышаан Кудайдын сүйүүсү жөнүндөгү кабарды тастыктайт. Бул таң калыштуу жышаандын жемиши болуп калган мындай ар бир ишти укмуштуудай кызмат деп атоого болот.

## Чечмелөө үчүн берилген тилдер

Тилдердин экинчи категориясы да көрүнөө-ачык кызматка арналган. Булар асман тилдери жана жер жүзүндө аларга окшогон тилдер жок. Ушул эле өзгөчөлүк мен сөз кыла турган тилдердин бардык башка категорияларына мүнөздүү.

Асманда бир эмес, бир нече тил же диалект бар экенине күмөн санасаңар керек. Бул мүмкүнчүлүктү карап көрөлү: “Ал таштын бетинде жаңы ысым жазылуу болот, алган адамдан башка эч ким ал ысымды билбейт” (Аян 2:17). Кошумчалай кетсек, Ыйсанын Өзү жөнүндө: «Анын көздөрү оттун жалынындай, Анын башында болсо көп таажы бар. Анын Өзүнөн башка эч ким билбеген, жазылган ысымы бар» деп айтылган. (Аян 19:12). Демек, бул ысымдарды эч ким билбесе, анда асманда ар кандай тилдер бар дегенди билдирет.

Экинчи категориядагы тилдер (асман тилдери) 1 Корунттуктар китебинин он экинчи бөлүмүндө саналган Ыйык Рухтун белектеринин тогуз тобунун бирине таандык. Ал жерде төмөнкүчө жазылган:

> “...ар кандай тидерде сүйлөө жөндөмдүүлүгү... ошол тилдерди которуп түшүндүрүп берүү жөндөмдүүлүгү берилет” (1 Кор. 12:10).

Бул тилдер котормо үчүн эмес, чечмелөө үчүн экенин эске алгыла. Эмнеге? Анткени, бул биздин дүйнөдө эч ким билбеген асман тилдери.

Сингапурдагы бир чогулуш эсимде. Менден бул өлкөдөгү чоң жыйында кызмат кылууну суранышты жана бул менин Сингапурга болгон биринчи сапарларымдын бири болду. Даңктоо жана сыйынуунун сонун ырларынан кийин, мен насаат айтуу үчүн аянтчага чыгаардын алдында кең залда толук жымжырттык өкүм сүрүп турду. Күтүлбөгөн жерден бир адам асмандагы тилде катуу сүйлөй баштады. Ал ушунчалык катуу жана ачык сүйлөгөндүктөн, микрофондун да кереги жок эле. Ал бул чоң жыйында балкондун бир жеринде туруптур, бирок, анын үнүнөн ар бир адам укмуштуудай ачык-айкындуулукту жана күчтү укту. Асман анын үнүн күчөткөндөй болду.

Ал сүйлөп жатканда, менин ички адамым кубанганынан секирип кетсе, сырткы адам терең урматтоо менен катып калды. Кол-буттарымдын ар бир түгү урмат-сый менен катып, жүрөгүм ыйык эйфорияда согуп жаткандай туюлду. Ал сүйлөп бүткөндөн кийин, чечмелөө келди жана ошол тил аркылуу берилген Теңирдин Сөзү жана анын чечмелөөсү так мен сүйлөй турган нерсе болду. Мен жөн гана таң калдым. Кудай мага эле эмес, бүт жамаатка ошол кечки насаатым толугу менен Анын эркине ылайык болгонун тастыктады.

Бул чечмелөө тилдери пайгамбарчылыкка абдан окшош. Ошондуктан, Пабыл мындай деген: «Ар кандай тилдерде сүйлөгөнгө караганда, пайгамбарчылык кылган жакшы. Сүйлөгөнүн которуп түшүндүрүп бербесе, Жыйындын бекемделиши үчүн, пайгамбарчылык кылганы жакшы» (1 Кор. 14:5). Бул аяттан сиз бул тилдер жыйындагы ачык кызмат үчүн берилгенин көрөсүз.

Бул Пабыл: «Баары эле ар кандай тилде сүйлөйбү?» деген суроодо айтылган тилдердин категориясы. Эми биздин үзүндүнү контекстте окуп көрөлү:

> "Кудай Жыйынга, биринчиден, элчилерди; экинчиден, пайгамбарларды; үчүнчүдөн, окутуучуларды дайындады. Калгандарына ажайып көрсөтүү жөндөмдүүлүгүн, айыктыруу жөндөмдүүлүгүн, жардам берүү жөндөмдүүлүгүн, башкаруу жөндөмдүүлүгүн, ар кандай тилдерде сүйлөө жөндөмдүүлүгүн берди. Баары эле элчиби? Баары эле пайгамбарбы? Баары эле окутуучубу? Баарында эле ажайып көрсөтүү жөндөмдүүлүгү барбы? Баарында эле айыктыруу жөндөмдүүлүгү барбы? Баары эле ар кандай тилдерде сүйлөй алышабы? Баары эле ал тилдерди которо алышабы?" (1 Корунттуктар 12:28-30).

Силер Пабылдын Кудай жыйынга берген кызмат кылуу жөндөмдүүлүктөрү жөнүндө эмне деп айтканын байкадыңарбы? Албетте, *баары эле* элчи, пайгамбар же окутуучу э*мес*. Бардыгы эле *кайтаруучулар эмес*, бардыгы эле керемет жасоо жана айыктыруу жөндөмүнө ээ эмес. *Бардыгы эле* тилдерде сүйлөө жана асман тилдерин чечмелеп кызмат кылуу жөндөмүнө *ээ эмес*. Эмнеге? Жоопту төмөнкү үзүндүдөн табабыз:

> "Ошентип, ар кандай тилдерде сүйлөө – Теңирге ишенгендер үчүн эмес, Теңирге *ишенбегендер үчүн жышаан*. Пайгамбарчылык кылуу – Теңирге ишенбегендер үчүн эмес, Теңирге ишенгендер үчүн жышаан. Жыйындагылардын баары чогулуп алып, ар кандай тилдерде *(чечмелөө үчүн тилдерде)* сүйлөп жатышканда, муну билбеген же Теңирге ишенбеген адам келип калса, «Буларга жин тийгенби» дебес бекен?" (1 Кор. 14:22,23, курсив автордон).

Биздин суроого жооп берерден мурун бул эки аят, коомго ачык кызмат үчүн бул эки тилдин ортосундагы айырманы айкын көрсөтүп турат деп айтайын.

Башында Пабыл, тилдер ишенбегендер үчүн жышаан экенин жазган. Ал жер бетинде бар тилдерди билдирет, биз өзүбүз эч качан изилдеп көрбөгөнбүз, ошондуктан билбеген тилдер. Өзү ушундай тилде сүйлөгөн ишенбегендер, сүйлөп жаткан ишенгендин Теңирдин кийлигишүүсү менен гана өзү билбеген тилдеги сөздөрдү айта аларын түшүнөт. Ошондуктан, мындай тил ишенбегендер үчүн жышаан.

Андан кийин Пабыл бүт жыйындардын чогулуп, бир эле учурда башка тилдерде сүйлөгөнү жөнүндө айтат. Бул жолу асман тилдери жөнүндө сөз болуп жатканы талашсыз. Мен муну билем, анткени Элүүнчү күн майрамында бардык шакирттер Кудайдын улуу иштери жөнүндө, жердеги ар кандай тилдерде сүйлөшкөн. Бул тилдерди чечмелөөнүн кереги жок болчу, анткени бул тилдерди билген ишенбегендер шакирттер эмне жөнүндө айтып жатканын түшүнүшкөн. Бирок, бул аятта Пабыл жыйында чечмеленүүгө муктаж болгон асман тилдеринде сүйлөгөндү айтып жатат. Болбосо, эч ким түшүнбөйт. Көрүп турганыңардай, баары бир убакта тилде сүйлөөнүн кереги жок, антпесе, ишенбегендер же эмне болуп жатканын түшүнбөгөндөр бизди жинди болуп калды деп ойлошот.

Демек, көпчүлүк туура эмес түшүнгөн "Ар бир адам башка тилде сүйлөйбү?" деген суроого жооп берүү абдан оңой. Кудай Ал Жыйынга берген кызматчы жышаандар көйгөйүнө тандоо менен мамиле кылат, анткени бардыгы эле ал жышаандар менен иштеши керек эмес. Бирок, Ал *бир жактуу* иш-аракет кылбайт жана дагы бир жолу кайталайм, Ал ар бирибизге Аны менен жеке жүрүшүбүз үчүн зарыл болгон нерселердин

бардыгын марттык менен берет. Тилдердин кийинки эки категориясы биз Аны менен жеке мамиледе болуу үчүн зарыл болгон тилдердин жышаанын билдирет.

## Жеке сыйынуу үчүн тилдер

Төмөнкү эки тил категориясы жеке сыйынуу үчүн берилет жана Ата бул мүмкүнчүлүккө ишенген ар бир машайакчы үчүн аларды камсыз кылат. Мунун ырастоосун төмөнкү аяттардан көрө алабыз:

> Анткени ар кандай тилдерде сыйынып жатканда, рухум сыйынганы менен, акылым жемишсиз калат. Анда эмне кылыш керек? Рухум менен да сыйынам, акылым менен да сыйынам. Рухум менен да ырдайм, акылым менен да ырдайм (1 Кор. 14:14,15).

Пабыл бул тилдерди жыйынга кызмат кылуу үчүн эмес, сыйынууда колдонуу жөнүндө айтып жатканына көңүл бургула. Ошол эле бөлүмдө бизге: «Ар кандай тилдерде сүйлөгөн адам адамдарга эмес, Кудайга сүйлөп жатат» деп айтылат (1 Кор. 14:2). Биз элге ачык кызмат кылуу үчүн арналган эки тилдин бириндe сүйлөгөндө, биз же ишенбегендер үчүн (тилдер жышаан катары) же жыйын үчүн (түшүндүрүү үчүн тилдер) сүйлөп жатабыз. Бирок, биз өзүбүз тилдерде сыйынсак, адамдарга эмес, Кудайга кайрылабыз. Силер айырманы көрүп жатасыңарбы?

Жогорудагы аятта Пабыл жеке сыйынуусунун эки башка түрү жөнүндө айткан. Бир вариант жеке өзү түшүнүү үчүн жана мен үчүн бул - англис тилиндеги (эне тилимдеги) сыйынуу. Дагы бир вариант, ар кандай тилде сыйынуу – бул Ыйык Рухтун жетегинде менин рухум сыйынып жаткандагы сыйынуу. «Рух менен

ырдайм, акыл менен ырдайм» деген мактоо ырлары тууралуу да ушуну айтуугa болот.

Жүйүт ошондой эле, тилдердеги жеке сыйынуулардын бар экенин ырастайт:

> “Сүйүктүү бир туугандар, силер болсо өзүңөрдү ыйык ишенимиңердин негизинде бекемдегиле, Ыйык Рухтун жетеги менен сыйынгыла. Түбөлүк өмүргө ээ болушуңар үчүн, Теңирибиз Ыйса Машайактан ырайым күтүп, өзүңөргө болгон Кудайдын сүйүүсүн сактап жашагыла” (Жүйүт 20,21).

Көңүл бургула, биз ар кандай тилдерде сыйынсак өзүбүздү бекемдейбиз, ал эми жыйында чечмелөө менен тилдерде сүйлөсөк, анда биз жыйынды бекемдеген болобуз (1 Кор. 14:5). Кудай биздин экөөнү тең кылышыбызды каалайт, анткени сыйынуунун эки түрү тең абдан маанилүү.

Кийинки бөлүмдө биз жеке сыйынуулар үчүн тилдердин бул категориясын кененирээк талкуулайбыз. Силер бул Теңир менен тыгыз мамиледе болуу үчүн абдан маанилүү экенин көрөсүңөр. Мен бул категорияны «жакындык тили» деп атайм.

## Арачылык кылуу үчүн тилдер

Тилдердин төрт категориясынын акыркысы арачылык үчүн максатталган. Бул биз бирөөнү колдоп, Кудайдан жардам сурап сыйынгандагы тил.

> “Анын үстүнө, Рух да алсыз болгон кезибизде бизге күч берип турат. Анткени биз эмне жөнүндө жана кантип сыйынышыбыз керектигин билбейбиз, бирок Рух Өзү тил жеткис улутунуулары менен биз үчүн арачылык

> кылат. Ошондо адамдардын жүрөгүн сынаган Кудай Рухтун ою кандай экенин билет. Анткени Рух ыйыктар үчүн Кудайга жаккандай арачылык кылат" (Рим. 8:26,27).

Кээде эмне үчүн сыйынарыбызды билбей калган учурларыбыз болот.

Мен сүйгөн адамдарым же кыйынчылыкка кабылган башка адамдар эмне болуп жатканын билбейм, бирок, Кудайдын Руху баарын билет. Апам Флоридада, мен болсо Колорадодо жашайм. Айталы, ал Кудайдын жардамына муктаж болгон абалда, бирок, ал муну түшүнбөйт же түшүнүп туруп, менден ал үчүн сыйынууну сураш үчүн тез байланыша албайт дейли. Мен ал үчүн сыйынууну кайдан билмек элем, кооптуу жагдайды билсем да, Кудайдан эмне деп сураарымды так билбей калмакмын.

Бул аят мен үчүн биринчи жолу университетте окуп жүргөндө чындыкка айланды. Мен ал убакта эки жыл мурун эле ишенип, башкаларга Ыйса жөнүндө айтып бергим келчү. Ошондуктан, мен кампуста Ыйык Китепти изилдөө боюнча сабактарды уюштурдум, ага университеттин бир туугандык уюмунун студенттери катышчу. Сабакка алтымыштай адам чогулчу. Бир күнү кечинде мен Ыйык Рух жөнүндө окутуп жаттым. Мен жөн гана Ыйык Жазууну окуп, угуучуларга Кудайдын эркин көрсөттүм. Топто бир кыз бар эле, ага мурда кимдир бирөө Ыйык Рухту жогорудан төрөлгөндө автоматтык түрдө кабыл алаарын жана башка тилдер мурун бар болчу, бирок азыр алар жок деп түшүндүргөн экен. Өкүнүчтүүсү, анын окутуучулары Ыйык Жазууга ишенбей, бул маселеде сокур болгон өзлөрүнүн окутуучуларына ишенишкен. Бирок, ошол күнү кечинде ал Ыйык Китепте бул жөнүндө эмне деп

айтылганын көрүп, ага ишенип, ал жана дагы бир нече башка студенттер менен бирге ошол замат Ыйык Рухка толуп калган.

Эртеси таң эрте телефон чалуу мени ойготту. Ыйык Китепти изилдөөгө катышкан бир туугандардын бири телефон чалып атыптыр. Мага конок келди деди. Тез кийинип, конокту тосуп алуу үчүн имаратыбыздын фойесине чыктым. Көрсө, көчөнүн аркы бетиндеги жатаканада жашаган кечээки кыз экен. Жаркырай жылмайып, ал мындай деди: «Джон, сени ойготконум үчүн кечирим сурайм, бирок, бүгүн эртең менен эмне болгонун сага айтууга чыдай албай келдим!»

Ал эртең менен саат беште Ыйык Рух аны ойготуп, жүрөгүнө шашылыш сыйынууну салганын айтты. Ал маанилүү бир нерсе болгонун түшүнүп, ээн жер таап, тилдери менен сыйына баштаган. Сыйынуу барган сайын күчөп, ал руханий согушка киргенин түшүндү. Ошондуктан, сыйынуу учурунда ал Теңирден кимге арачылык кылып жатканын көрсөтүүнү суранган. Ал карыя экенин, анын өмүрү коркунучта экенин жүрөгү менен укту. Ал бир саат бою ал үчүн сыйынып, анан жүрөгүнө тынчтык орногон. Бир нече мүнөттүн ичинде аны менен чогуу жашаган, ишенген кызга үйүнөн шашылыш телефон чалынат. Ага абдан жакшы көргөн чоң атасынын жүрөгү таңкы саат беште катуу ооруп, бирок, керемет жолу менен аман калганын айтышкан. Дарыгерлер небересин чакырганга бир мүнөт калганда анын абалын турукташтырууга жетишишкен. Так ошол учурда менин тааныш кызым тынчтыкты сезип, сыйынууну токтоткон.

Кыз жаркырап турду. Анын машайакчылык жашоосунда тилдердеги сыйынуулар мындан ары жок, анткени аларга болгон муктаждык мурда эле жок болгон деп айтышкан. Кимдир бирөө Ыйык Жазууга ишенбегендиктен, бул

убакыттын ичинде ал эмнелерди өткөрүп жибергенин элестете аласыңарбы? Эми аны бир кезде ишенген нерсеге ынандыруу мүмкүн эмес. Ал тилдерде сыйынуу бүгүнкү күндөгү ишенгендер үчүн өтө зарыл экенине бекем ишенет.

Мен муну сансыз жолу текшерүүгө мүмкүнчүлүк алдым. Арачылык үчүн башка тилдерди колдонуунун айкын мисалдарынын бири, биздин австралиялык кеңсе менеджерибиз Эстер менен болгон окуя. Бул абдан күчтүү сыйынуучу жоокер жана кызматкер. 90-жылдары ал библиялык мектепте окуп жүргөндө, бир күнү эртең менен жөн эле колун көтөрүп: «Теңирим, мен бүгүн сыйына турган эч нерсем жок, андыктан Сага керек болсо, мен бул жердемин», - деди.

Ал бул сөздөрдү айтаары менен чоң сыйынуу жүгүн сезгенин айтат. Ал бөлмөсүндө чөгөлөйт, анын оозунан ар кандай тилдерде сыйынуу сөздөрү агып жатты. Рухунда ал кир полдо чөгөлөп отурган кытайды көрдү. Ал пол жууп жаткандай колу менен тегерек кыймылдарды жасап атыптыр. Сыйынып жатып күтүүсүздөн ага: «Тур! Тур! Тур!» – деп кыйкыргысы келди. Бир аз сыйынгандан кийин жүрөгү жеңилдеп, үй тапшырмасына кайтты.

Ошол окуядан беш айдай өткөндөн кийин Жаңы Зеландиядан, Кытайда кызмат кылган бир миссионер алардын библиялык мектебине келген. Ал башка кайтаруучулар менен бирге ишеними үчүн камалган кытайлык пастор жөнүндөгү окуяны айтып берди. Ошол башка пастор биринчисин карап, жакында Кудай аны боштондукка чыгарарын айтат. Мына ошол ойлору менен, алар жайларды тазалоо боюнча демейдеги жумушуна жөнөшөт.

Көп өтпөй кароолчу туткундарды камераларына кайтарды, жанагы пастордон башкасынын баарын. Ал пастор бөлмөдө

жалгыз калып, пол жууй бергенде, күтүлбөгөн жерден ага: «Тур! Тур! Тур!» деп, буйрук берген үндү укту. Бул буйрукту аткарып, ордунан туруп, эшикке жөнөдү. Таң калыштуусу, эшик ачык экен, ал катуу кайтарылган абактан тоскоолдуксуз эле чыгып, абак имаратынын дарбазасынын алдында токтоп турган таксиге отурду. Ал ушул такси менен эле кетип калды.

Эстер тынчсызданып кетет, анткени, ал бир нече ай мурун сыйынгандагы аяндагы адам ошол пастор деп ойлогон. Ал миссионерге (мурда эч качан жолукпаган) ал сүйлөп бүткөндөн кийин келип, жанагы окуя болгон күн анын күндөлүгүнө жазылган сыйынуу күнү менен дал келгенин билди.

Эстер менен бирге библиялык мектептин жетекчилеринин бири миссионерге келди. Ал да бир нече ай мурун муктаж болгон адам үчүн Ыйык Рух жүктөгөн сыйынуу жүгүн эстеди. Тили менен сыйынып жатканда түрмөдө жаткан кытайды көргөн. Миссионер кытай жыйынынын топтук сүрөтүн алып чыкты, библиялык мектептин башчысы тилдерде сыйынып жатканда көргөн кишини сүрөттөн көрсөттү. Бул киши чындап эле түрмөдөн качкан улук кайтаруучу болуп чыкты!

Анан Эстер менен библияалык мектептин башчысы сыйынуу журналындагы жазууларды салыштырып көрүп, мунун баары бир күндө болгонун көрүшкөн! Кудай экөөнө тең бул маселеде чоң ролду аткаргандыктарын тастыктап, алардын моюн сунуусу жана арачылык сыйынуусунун натыйжасында тиги адамдын түрмөдөн чыкканын көрсөттү.

## Биз кантип ишенсек болот?

Эстер да Ыйык Китептин пайда болушу менен тилдер эчак эле унчукпай калган деп ишенсе, эмне болмок? Ал тилдер баарына эле эмес деп ойлосо эмне болмок?

Бүгүнкү күндө канчалаган адамдар Ыйык Китепке эмес, мугалимдердин туура эмес пикирине ишенип, укмуштуудай мүмкүнчүлүктөрдү колдон чыгарып жатышат.

Мен кызмат кылган жылдарымда белгилеген эң чоң трагедия – бул көптөгөн машайакчылар Кудайдын Сөзүн жеке тажрыйбасына жараша чечмелеп, Кудайдын Сөзүнүн алардын жеке тажрыйбасын калыптандыруусуна жол беришпейт. Бирок, Кудай Өзүн биздин жеке тажрыйбабыздын чени менен чектебейт, Ал бул үчүн өтө улуу жана чексиз!

Өзүмдүн Ыйык Рухка толууга умтулуумда, мени тилдердин белеги налуумдун туура эместигине ынандырууга аракет кылган көптөгөн жакшы ниеттүү машайакчыларга жолуктум. Ыйса Машаякты Теңирибиз катары кабыл алгандан бир нече ай өткөндөн кийин, мени студенттик шаарчадагы жетекчиликтин жолугушуусуна алып келишти. Бул кызмат мени куткарылууга алып келген материалдарды басып чыгарды. Бул үчүн мен ага дайыма ыраазы болом.

Бирок, ошол жолугушууда мен бир аз шок болдум. Жыйындын төрагасы ар бир лидерден ошол семестр үчүн негизги сыйынуу өтүнүчү менен бөлүшүүнү суранды. Бир жаш жигит «жакшы» деген орточо балл үчүн сыйынып жатканын айтты. Дагы бирөө чогуу жашаган бир тууганынын куткарылышы үчүн сыйынды. Анан алар мага келишти, мен жөн гана: «Алар тилдерде сүйлөгөндө деп Ыйык Китепте айтылгандай, менде Ыйык Рухтун белеги болушун каалайм» дедим.

Мен ошол сөздөрдү айтсам эле, башкы жетекчи шашылыш жана толкундануу менен: «Джон, бул тууралуу жолугушуудан кийин сүйлөшөбүз» деди.

Бирок, биз бул тууралуу сүйлөшкөн жокпуз. Анткен менен, мени Теңирге жетелеп барган классташым жолугушуудан

кийин мени четке алып чыгып: «Джон, алар башка тилдерде сүйлөгөнгө ишенишпейт» деди.

Мен жаңы гана ишенимге киргендиктен, аны таң кала карап: «Эмне? Алар Ыйык Китепте айтылгандарга ишенишпейби?" деп сурадым.

Бул окуя дароо мага өткөндү эстетти, анткени мен чоңойгон конфессия Ыйык Жазуунун үйрөткөн нерселерине эмес, адамдын окутуусуна негизделген эле. Чынында, бизге Ыйык Китепти окубай, биздин пастор аны кандай чечмелеп жатканын кунт коюп угууну кеңеш кылышкан. Мен он тогуз жыл жыйынга барып, бейишке баратам деп ойлогом, чындыгында мен түптүз гана тозокко баратыптырмын. Ошондуктан, ишенген бир тууганымдан Ыйык Жазууда айтылган Кудайдын куткаруу планы жөнүндө билгенимден кийин, мен түшүнсөм да, түшүнбөсөм да, Ыйык Китепке эч кандай шартсыз ишенүүнү чечтим! Бул – Теңирден коркуу, ал эми Теңирден коркуу – акылмандыктын башталышы (Заб. 110:10ду кара).

## Батадабы же билбестиктеби?

Менде силерге жакшы кабарым бар! Бул Кудайдын эрки менен силер Ыйык Рухка толуп, асман тилдеринде сыйына аласыңар! Чындыгында эгерде силер Кудайдын жүрөгүнөн чыккан нерсени уккуңар келсе, ал мына:

> "Ар кандай тилдерде баарыңардын эле сүйлөшүңөрдү каалайм, бирок ага караганда пайгамбарчылык кылганыңар жакшы. Ар кандай тилдерде сүйлөгөнгө караганда, пайгамбарчылык кылган жакшы. Сүйлөгөнүн которуп түшүндүрүп бербесе, Жыйындын бекемделиши үчүн, пайгамбарчылык кылганы жакшы" (1 Кор. 14:5).

Силер: «Бул Пабылдын Корунттуктарга айткан сөздөрү» деп айтышыңар мүмкүн.

Жок, бизге ачык эле айтылган: «Баарынан мурда Ыйык Жазуудагы бир да пайгамбарчылыкты эч ким өзүнөн өзү айтпагандыгын билишиңер керек» (2 Пет. 1:20) жана башка жерлерде: «Ыйык Жазуунун бардыгы Кудайдын Рухунун жетеги менен жазылган жана үйрөтүү үчүн» ( 2 Тим. 3:16). Башкача айтканда, бул Пабылдын Корунттуктарга айткан сөздөрү эмес, Теңирдин бизге айткан сөздөрү, анткени Кудайдын Сөзү «тирүү жана түбөлүк жашайт» (1 Пет. 1:23). Кудай Өзүнүн балдарына: «Баарыңардын башка тилдерде сүйлөшүүңөрдү каалайм» деп айтып жатат.

Силер ишенбеген нерседен эч качан бата албайсыңар. Мен муну дагы бир жолу кайталагым келет: биздин ой жүгүртүүбүз, муктаждыктарыбыз же сезимдерибиз менен Кудайга таасир эте албайбыз. Бирок, ишеним менен - мүмкүн. Ыйсанын адамдарга: «Ишеним боюнча, силерге ушундай болсун» дегенин кайра-кайра угууга болот. Ишеним жөн гана Кудай айткандай болот деп ишенет. Ишеним туура эмес ишенимдерден эмес, Кудайдын Сөзүн уккандан келип чыгат.

Өзүбүздүн тажрыйбабызды эмес, чындыкты жарыялоо жана ага ишенүү абдан маанилүү. Тажрыйба чындыкты тастыктай алганы менен сонун, бирок, ал чындыктын окутуучусу боло албайт. Биздин Окутуучубуз — Ыйык Рух жана Ал эч качан Кудайдын Сөзүндө жазылгандарга каршы сүйлөөгө үйрөтпөйт. Эгер биз Кудайдын Сөзүнө ишенсек, анда бизде аянга да, тажрыйбага да ээ болобуз. Өтө көптөрү тилекке каршы, тескерисинче кылышат, алар адегенде тажрыйбага ээ болуп, анан гана ишенгилери келет. Бул көз караш бизге Томастын Ыйсага кайрылып айткан сөздөрүн эске салат. Баарыбыз тандоо алдында

турабыз: Ишенимибизди башка адамдардын тажрыйбасына курабызбы же Кудайдын Сөзүнө курабызбы, ал жөнүндө төмөнкүдөй айтылган:

> Калп айткыдай, Кудай адам эмес, өзгөрүлүп кеткидей, Кудай адам баласы эмес. Ал айтканын аткарбай коймок беле? Ал дегенин кылбай коймок беле? (Сан. 23:19).

Акырында Ыйык Рух баарыбызга тилдерде сыйынуу жөнүндө мындай дегенин баса белгилегим келет: «Бирок, бир туугандар, мен силердин рухий жөндөмдүүлүктөр тууралуу да билишиңерди каалайм» (1 Кор. 12:1). Андан кийин Ал бул бөлүмдө эмнелер жөнүндө сүйлөшкөнүбүз жөнүндө сөз кылат, андан тышкары, бардык бул маселелерди талкуулоонун аягында, Ал ачык-айкын эле минтип айтат:

> Билгиси келбеген адам билбей эле койсун
> (1 Кор. 14:38).

Башкача айтканда, Ыйык Рух Пабыл аркылуу бизге мындай дейт: «Мен силерге тилдер боюнча өз эркимди ачык жана түшүнүктүү айттым. Эгерде сабатсыз калууну каалаcаңар, анда ошол бойдон каласыңар жана Менин белектерим менен баталуу болбойсуңар». Бул саптарды Пабыл аркылуу бизге жибергенде, Рух капалангандыгына ишенем, анткени, Ал бизге каттарын жазгандан кийин көп жылдардан кийин бул теманы кызуу талашуунун жана талкуунун предметине айландыра турган адамдар болорун алдын ала билген (алгачкы жыйындын күндөрүндө тилдерден шектенүү эч кимдин оюна да келген эмес).

Анан дагы. Рух өкүнүч менен биз бул маселе боюнча

сабатсыз бойдон (түшүнбөй) кала беришибиз мүмкүн экенин айтат, бирок, бул учурда Анын бул маселе боюнча акыркы чечими мындай болот:

> "Ошентип, бир туугандарым, пайгамбарчылык кылууга умтулгула, бирок ар кандай тилдерде сүйлөөгө тыюу салбагыла" (1 Кор. 14:39).

Бул эскертүү, эгер кимдир бирөө башка тилдерди катуу сындап жатканын уксаңар, анда ал Теңирге баш ийбегенин билгиле. Кудай акыркы күндөрдө билбестиктен же өжөрлүгүнөн улам Анын койлоруна тилдерде сүйлөөнүн кереги жок экенин же бул таптакыр Кудайдан келбейт деп айта турган адамдар болорун билген.

Кийинки бөлүмгө өткөндө Кудайдын Өз балдарына берген керемettүү ырыскысын көрүшүңөр жана Ыйык Рух бардык ишенгендерге тартуулаган жакындыктын эң сонун тилин табышыңар үчүн сыйынам.

*(Эскертүү: Эгер силер Ыйык Рухка толууну али ала элек болсоңор, анда Б тиркемесин карагыла. Мен ынтызарлык менен бул белек үчүн силерди сурануу сыйынуусуна алып барам.)*

## ТЕМАГА БАЙЛАНЫШТУУ СУРООЛОР:

1. Бул бөлүмдүн башында автор студент кездеги өз ишениминин алгачкы күндөрү жөнүндө ой жүгүртөт. Ал жаңы жашоонун башталышын сүрөттөйт, бирок, ал Ыйык Жазууну абдан кылдат изилдесе да, ага дагы бир нерсе жетишпей жаткандай сезим пайда болгон. Силерде да ошондой сезим болду беле, же балким, силер дагы эле ошол эле көйгөйлөрдү баштан кечирип жаткандырсыңар?

2. Тилдерде сүйлөө илими менен таанышкандан бери ишенимиңерде эмнелер өзгөрдү? Кудай силердин Өзүнүн Рухуна толуп, асман тилдеринде сыйынышыңарды каалайт деген кабарга кандай карайсыңар?

3. Силер бул китепти жөн эле окуй баштаган жоксуңар, кандайдыр бир окуя же тажрыйба силерди Кудайга жакындоо деген эмнени билдирерин билүүгө түрттү. Балким, жаңы эле окуган сүрөттөмөлөр аркылуу Кудай силерге максатыңарга жетүү үчүн жаңы курал берип жаткандыр? Балким, тилдердин белеги жеке жана арачылык сыйынуу үчүн, Теңир менен жүрүүңөрдүн кийинки кадамы болуп калар?

12-бөлүм

# ЖАКЫНДЫКТЫН ТИЛИ

Кудайдын акылмандыгы – терең суулар жана табигый акыл үчүн улуу сыр.

Мен муну кайра-кайра жаздым, менин сөздөрүм силердин жүрөгүңөрдө терең тамыр жайышы үчүн дагы кайталагым келет – *Кудай силерге жакындашууну абдан каалайт*. Ал чындап силер менен жакын мамиледе болгусу келет. Ал силер менен баарлашууга гана умтулбастан, бул байланыштын жана мамиленин толтура, бай жана үзгүлтүксүз болушун каалайт.

## Кудай менен Анын деңгээлиндеги байланыш

Ушундай терең жана жандуу карым-катнаштын ишке ашуусу үчүн Кудай Өзү менен Өз деңгээлинде баарлашуу

үчүн бардык шарттарды жараткан! Эмнени айткым келгенин түшүндүрүп берейин. Ыйык Жазууда мындай дейт:

> "Ар кандай тилдерде сүйлөгөн адам адамдарга эмес, Кудайга сүйлөп жатат" (1 Кор. 14:2).

Биз Пабыл коомдук тилдердин эки категориясы жөнүндө сөз кылбаганын билебиз, анткени, тилдердин бул эки түрү Кудайдын Сөзүн адамдар өздөрү билбеген тилде берүүнү камтыйт. Бул аятта Пабыл биздин сыйынуу же Кудай менен байланышуу учурларыбыз жөнүндө айтып жатат. Биз тилдерде *сыйынганда* адамдарга эмес, түздөн-түз Кудайга кайрылабыз. Пабыл дагы мындай деген: «Анын үстүнө, Рух да алсыз болгон кезибизде бизге күч берип турат. Анткени биз эмне жөнүндө жана кантип сыйынышыбыз керектигин билбейбиз» (Рим. 8:26). Айтмакчы, бул эки жагдай Кудай менен байланышууга көп учурда тоскоолдук жаратат. Биз же эмнеге сыйынууну билбейбиз же кантип сыйынууну билбейбиз.

Бул төмөнкү мисалда эң жакшы көрүнүп турат. Эгер мага Америка Кошмо Штаттарынын Президентинин кеңсесине барууга туура келсе, мен аны менен бирдей деңгээлде баарлаша алмак белем? Албетте, жок, ал менин түшүнүү деңгээлиме түшүшү керек эле. Ал мага караганда мамлекеттик иштерди, өлкөнүн көйгөйлөрүн, анын ичинде жалпы коомчулукка белгисиз мамлекеттик коопсуздук маселелерин жакшы түшүнөт. Ал пландарды жана долбоорлорду билет, жашыруун терминдерди жана сандарды билет, анткени алар туура эмес адамдардын колуна түшүп калса, өлкө олуттуу коркунучка кабылышы мүмкүн.

Дээрлик дал ушундай эле, мен бүт Ааламдын Падышасынын бөлмөсүнө, Анын тактысынын бөлмөсүнө

киргенимде, эгер мен акыл менен сыйынсам, анда биздин баарлашуу чектелген түрдө гана болот! Мен Теңир менен Анын деңгээлинде сүйлөшө албайм, анткени, Ал менден теңдешсиз көптү билет. Ал менин түшүнүү деңгээлиме түшүү менен гана мени менен баарлаша алат. Жогорудагы мисалдагыдай, ал ааламдагы абалды, анын ичинде ар кандай себептерден улам бизден дагы деле жашыруун сакталып келген көптөгөн нерселерди менден салыштыргыс көбүрөөк билет. Айрыкча, маанилүү нерселер жаман колго түшүп калбашы үчүн сырлар керек. Бул Пабылдын төмөнкү эскертүүсүндө ачык айтылган:

> “Биз Кудайдын жашыруун сыр катары сакталып келген акылмандуулугу жөнүндө сүйлөйбүз. Биздин даңкталышыбыз үчүн, Кудай аны дүйнө жаратыла электен мурун эле белгилеп койгон. Ал акылмандыкты бул дүйнөнүн бийликтегилеринин бири да түшүнгөн жок. Түшүнүшсө, даңктуу Теңирди айкаш жыгачка кадашмак эмес” (1 Кор. 2:7,8).

Бул аятта өзгөчө Теңирибиз Ыйсанын айкаш жыгачка кадалганда жана тирилгенде көрүнгөн жогорку акылмандыгы жана андан кийинки даңк жөнүндө айтылат. Бул Кудай каалаган нерсеге эч кандай тоскоолдук болбошу үчүн бул окуяларды кантип сыр катары сактаганынын бир гана мисалы. Бирок, башка сырлар да бар (Мт. 7:6). Ыйык Жазууда биздин согуштук абалда турганыбыз, ал эми душмандарыбыз - бул караңгы дүйнөнүн башкаруучулары жана асман астындагы жаман рухтары экени айтылат (Эф. 6:12). Физикалык деңгээлдеги согушта бир тарапта согушуп жаткан күчтөрдүн ортосунда жашыруун байланыш болушу шарт эмес. Теңирдин аскерлеринин Жолбашчысы

жана Анын Падышачылыгынын жоокерлери жөнүндө да ушуну айтууга болот. Теңир, Өзүнүн Падышачылыгынын жыргалчылыгы жана биздин коргонуубуз үчүн, Өзүнүн балдарына укмуштуудай жашыруун байланышты берди. Биз башка тилдерде сүйлөгөндө Атабыздан эмнени сурап жатканыбызды душман билбейт. Жин-перилердин күчтөрү биз жакшы көргөн адамдарыбызга кол салуу планын ойлоп табышат, бирок, биз тилдер менен сыйынсак, жиндерди таң калтыргандай, periштелердин күчтөрү капысынан душмандын алдына коргоо дубалдарын көтөрүшөт. Натыйжада, жиндер толугу менен жеңилип, үрөйү учуп качышат.

## Негизги максат

Биздин тилдерде сыйынуубуз душмандардан жашыруун маалыматты жашыруу үчүн гана керек эмес. Бул тилдердин негизги максаты – Теңир менен болгон жакындык. Жубайым экөөбүз көптөн бери чогуу жашап келебиз жана бул убакыттын ичинде бири-бирибизге ушунчалык жакын болуп, бири-бирибизге маалымат берүүнүн өзгөчө ыкмасына ээ болдук. Ал башка адамдардын арасында болгондо мага өзгөчө маалымат бере алат жана анын айткандарынан эч ким эч нерсе түшүнбөйт. Биз өзүбүздүн жакындык тилибизди өнүктүргөнбүз. Мындай тил жубайларга гана эмес, бири-бири менен тыгыз байланышта болгондордун баарына жеткиликтүү. Жакын достор баарын жакшы түшүнүшөт, бири-бирин көптөн бери тааныган, көп жылдар бою иштешкен, б.а. чогуу күрөшкөндөр ж.б. Натыйжада, мындай адамдардын баарлашуусунда кайталангыс жана өзгөчө достук тили пайда болот.

Ошол сыяктуу эле, Кудай бизге Аны менен терең деңгээлдеги ынак мамиледе болууга жана достукка ээ болууга мүмкүнчүлүк берген. Биздин табигый акылыбыз мындай деңгээлге эч качан жете албайт. Забурчу да ушуга окшош нерсени алдын ала билген жана ошондуктан мындай деп жазган: «Сенин шаркыратмаларыңдын үнү менен туңгуюк туңгуюкту чакырат» (Заб. 41:8). Биздин баарлашуу тирүү шаркыратмаларды элестетет. Ыйса биздин ичибизден суу дарыялары агаарын айткан. **«**Ыйык Жазууда айтылгандай, Мага ишенген адамдын ичинен тирүү суу чыгат». Ыйса бул сөз аркылуу Өзүнө ишенгендер ала турган Ыйык Рух жөнүндө айтты» (Жакан 7:38,39). Теңир менен болгон тыгыз мамилебиз тирүү суунун дарыясындай. Ыйык Рух бизге эмне бергенин элестетсеңер! Ал Өз балдарына кандай белек берди! Бул жөнүндө ойлонгондо, Рух курчап калат!

> Алдыда мындан да сонун нерселер бизди күтүп турат. Пабыл тилдерде сыйынган ишенүүчү жөнүндө айткан, аны эч ким түшүнбөйт, ал рух менен сырларды айтат (1 Кор. 14:2).

Пабыл жашыруун «сырлар» менен эмнени айткысы келген? Сырлар  деп которулган грек сөзү *musterion*. Бул сөз жөнүндө грек тилинин адиси В.И.Вайн мындай деп жазат: «Жаңы Келишимде ал жашыруун нерсени же сырды эмес (адамдардын түшүнүгүндөгүдөй), табигый акыл-эстин кадимки эле кабылдоосунан тышкары болгон, Кудайдын аяны аркылуу гана түшүндүрүлгөн нерсени билдирет. Бул кабылдоосу Ыйык Рух менен жарыктанган адамдарга гана белгилүү болот. Кадимки мааниде «сыр» деген сөз жашыруун билимди билдирет, бирок бул сөздүн библиялык мааниси «ачылган чындык».

Ошентип, биз тилдерде сыйынуунун дагы бир артыкчылыгын алабыз. Кудай Ыйык Рух Машайактын жана Атасынын акылын билет, анткени Алардын баары бир. Ал бизге эмне жетишпей турганын да билет, анткени, Ал ар дайым биз менен. Демек, биз сурап, издеп же жеткилең түрдө баарлашуубуз үчүн, Ал бизге асман тилиндеги сөздөрдү берүүдө ортомчулук ролду ойнойт. Бул кандай сонун экенин элестетсеңер! Балким, силер ойлонуп жаткандырсыңар: *бирок мен тилдер менен сыйынганда эмне деп жатканымды түшүнбөйм деп.* Ооба, ошол себептен Пабыл мындай деп жазган:

> «Ошондуктан ар кандай тилдерде сыйынган адам которуп берүү жөндөмдүүлүгүн да сурап сыйынсын. Анткени ар кандай тилдерде сыйынып жатканда, рухум сыйынганы менен, акылым жемишсиз калат» (1 Кор. 14:13,14).

Демек, бул өтүнүч болобу, арачылыкпы же жөн гана Кудай менен мамилелешүү болобу, эгер мен Андан сурасам эле, Ыйык Рух Анын жетекчилиги менен тилдерде эмне деп сыйынып жатканым жөнүндө түшүнүк берет. Ошондо баарлашуудан менин рухум гана эмес, жаным да ырахат алат.

## Ачылган сырлардын сакчысы

Көбүнчө мындай баарлашууда Теңир мага Ыйык Жазууда камтылган жашыруун чындыктарды ачып берди жана алар күтүлбөгөн жерден тирүү болуп калышты жана кызматымдын көп жылдарында мен бул чындыктар жөнүндө жазып, окутуп жүрдүм. Бирок, мен айта элек дагы көптөгөн чындыктар бар.

Силер эмне үчүн аларды бөлүшпөгөнүмдү сурашыңар

мүмкүн. Кеп мунун убактысы келе электигинде, же Кудай өз элине дагы бир нерсени баса белгилеп, айткысы келгендигинде. Падышачылыктын элчиси катары иш-аракет кылганыбызда, биз Кудайдын атынан сүйлөп жатканыбызды жана Ал бизге айтууну буйруган нерселер бар экенин, бирок, али айтыла элек нерселер да бар экенин эстен чыгарбашыбыз керек.

Мага ушул чындыкты үйрөткөн оор сабакты эч качан унутпайм. Бир күнү мен Кудайдын кишисине жолугуп калдым, аны биздин өлкөдө баары жакшы билет. Мен анын кызматы жөнүндө көп угуп, ага суктанчумун, ошондуктан, аны менен жолугушууну чыдамсыздык менен күттүм. Бизди башка пастор тааныштырды. Мен толкундандым. Ошентип, бир жолу биз кечки тамакта — пастор, Кудайдын кишиси жана аялдарыбыз менен жолугуштук. Кечки тамакта мен Кудайдын ачылыштарынын эң таасирдүүсүн айтып бердим, анын үстүнө аны таасирлентүү үчүн ушундай кылдым. (Ал кезде мен муну түшүнгөн эмесмин, бирок, кийинчерээк менин ачылыштарымдын мотиви дал ушул экенин түшүндүм.)

Кечки тамактан кийин пастор бизди мейманканага алып барды. Жубайым экөөбүз аябай чарчадык, күн өтө оор болгон эле. Бирок, канчалык чарчасам да, жан дүйнөмдө ыңгайсыздык күчөдү. Мен Теңир менин сыйынышымды каалаарын билгендиктен, аялыма менсиз жата беришин айттым. Ал уктаганы кетти, мен болсо биздин мейманкананын балконуна чыктым. Бөлмөдөн чыгаарым менен мен Ыйык Рухтун жүрөгүмө катуу сүйлөп жатканын уктум: «Ошентип, падыша өзүнүн бардык байлыгын көрсөттү».

Жүрөгүм эзилип кетти. Мен эзилип, уялдым. Мен Ыйык Рух Хискиянын катасын эстетип турганын билгем. Хиския падышага коноктор келип, ал аларды таң калтыргысы келди:

> “Хиския жиберилген элчилерге кубанып, аларга өзүнүн казына үйүн: алтын-күмүштөрүн, жыпар жыттуу заттарын, кымбат баалуу, жыпар жыттуу майларын, курал-жарак сактаган үйүн, кампаларын, аларда эмне болсо, ошонун баарын көрсөттү. Хиския өз үйүндөгү, өз падышачылыгындагы бардык нерсени көрсөттү, аларга көрсөтпөгөн эч нерсеси калган жок” (Ышайа 39:2).

Ышайа пайгамбар Теңирдин атынан падышаны айыптаган. Мен өзүмдү коркунучтуу сездим. Мен ошол күнү кечинде дасторкондо ошол адамды таасирлентүү үчүн Кудай мага ачып берген чындыктар же кенчтер жөнүндө айтып жатканымды билчүмүн.

Ошондо Кудай мага катуу айтты: «Уулум, Мен сага Өзүмдүн баалуу чындыктарымды өзүң каалагандай кылып, бардык жерге таратууң үчүн ачкан жокмун. Бул чындыктар силерге башкаларды таасирлентүү үчүн берилген эмес. Сен Мен сага бергендердин баарынын акылдуу башкаруучусу болушуң керек, Мен сага айтмайынча, эч нерсе жөнүндө айтпашың керек». Мен дароо тобо кылдым, Кудайдан кечирим сурадым, анан күнөөнүн оор жүгү дароо таштап, мен тынч уктап кеттим. Кудайыбыз кандай боорукер!

Акылдуу болсок, биз жакын дос катары ишенип тапшырган бардык сырларыбызды жана бардык маалыматты ойлонбой туруп ачыкка чыгарбаган адамдарды тандайбыз. Жакын достор бири-бири жөнүндө билгендеринин баарын акылдуулук менен жана кылдаттык менен сакташат. Эгер досубуз бул эрежени ырааттуу түрдө бузса, анда ал биздин ага болгон ишенимибизди баалабай же кымбат баалуу деп эсептебей турганын билип, аны менен бөлүшүүнү токтотобуз.

Биздин Теңирибиздин сырлары да ушундай. Биз Анын жүрөгүн биз менен бөлүшүшүн кааласак, Ал бизге эмнени жана качан башкаларга айтууну буйруганына абдан сезимтал болушубуз керек.

## Кудайдан кеңеш суроо

Кудайга сыйынып жатканда же тилдерде сүйлөгөндө, менин башыма ойлордун, идеялардын, аяндардын, акылмандыктын же окуулардын агымы келип жатканын көрөм. Деңиз түбүндө абасы бар идиш ачылып, азыр эч нерсеге кармалбай, тез умтулган агым менен суунун бетине көтөрүлүп жаткандай туюлат. Идеялар менин ички адамымдын ичинен чыгып, менин акылыма кирет. Ыйык Жазууда бул жөнүндө мындай деп айтылат:

> “Адамдын руху – Теңирдин чырагы, ал адамдын жүрөгүнүн тереңин сынайт” (Накыл 20:27).

Ыйык Рух биздин башыбызга эмес, рухубузга сүйлөрүн унутпашыбыз керек. Биздин табиятыбыздын так ушул бөлүгүн Ал жарыктандырат. Биз рух менен сыйынганда жана Рухтан чечмелөөнү сураганыбызда, Кудайдын даанышмандыгы ачылыштардын агымы менен жүрөктөн түшүнүккө же акыл чөйрөсүнө көтөрүлөт. Ыйык Жазууда бул жөнүндө мындай деп айтылат:

> “Адамдын жүрөгүндөгү ойлор – терең суулар, бирок акылдуу адам алардан сузуп ала берет” (Накыл сөздөр 20:5).

Кудайдын кеңеши кандай? Бул белгилүү бир жагдайга

тиешелүү болгон акылмандык. Эмне үчүн адамдар консультанттарга кайрылышат? Аларга өзгөчө кырдаалда жардам бере турган акылман кеңештерди алуу үчүн кайрылышат.

Ыйык Китепте терең сууга салыштырылган Кудайдын кеңешин акыл-эстүү, Кудайдын жолдорун билген адам гана кабыл ала аларына көңүл бурсаңар. Ыйык Рух Падышачылыктын бардык сырларын (ачылбаган ниеттерди, бардык билимди жана акылмандыкты) билет. Ыйсанын айтканын эстеп көрөлү:

> “Ыйык Жазууда айтылгандай, Мага ишенген адамдын ичинен тирүү суу чыгат». Ыйса бул сөз аркылуу Өзүнө ишенгендер ала турган Ыйык Рух жөнүндө айтты” (Жакан 7:38,39).

Накыл сөздөргө ылайык, адамдын жүрөгүндөгү ойлор Кудайдын кеңеши же акылмандыгы болуп саналат жана Ыйса бул акылмандыктын булагы Ыйык Рух экенин ачык айткан. Ал тирүү суунун башаты (Жер. 2:13). Эми Пабылдын эмне деп айтканын кунт коюп окуп чыккыла:

> “Биз Кудайдын жашыруун сыр (*же кеңеш*) катары сакталып келген акылмандуулугу жөнүндө сүйлөйбүз. Биздин даңкталышыбыз үчүн, Кудай аны дүйнө жаратыла электен мурун эле белгилеп койгон. Биз аны адамдык акылмандык аркылуу үйрөнгөн сөздөр менен жарыялап жаткан жокпуз, Ыйык Рух аркылуу үйрөнгөн сөздөр менен рухий адамдарга рухий тилде жарыялап жатабыз” (1 Кор. 2:7,13, курсив автордон).

Демек, Кудайдын акылмандыгы же Кудайдын кеңеши – бул терең ойлор жана көбүнчө биздин табигый акылыбыз

үчүн чоң сыр. Бирок, Ыйса Ыйык Рух тирүү суудан турган дарыя болот дейт. Кандайча? Пабыл муну ачык айткан:

> “Ар кандай тилдерде сүйлөгөн адам адамдарга эмес, Кудайга сүйлөп жатат. Анткени аны эч ким түшүнгөн жок, ал *сырларды* руху менен айтып жатат” (1 Кор. 14:2, курсив автордон).

Мына ушундай! Мына ушундай жол менен адам жана акылдуу адам Кудайдын кеңешин алат. Ыйык Жазууда мен түшүнбөгөн жерлерди канча жолу кезиктирдим. Менин башыма жооп таба албаган суроолор келди. Көп нерсе мен үчүн *сыр* бойдон калды.

Көбүнчө мен: «Ыйык Рух, мен муну түшүнбөйм, мага көрсөтчү...» деп сурачумун. Анан мен тилдерде сыйындым, дароо же тилдерде сыйынгандан бир аздан кийин, менин акылыма мурда жашырылган чындыктын ачылышы келчү. О, бул кандай сонун!

Көбүнчө китеп үстүндө иштеп жүрүп, туңгуюкка кептелгендей болом. Менин мындан аркы жолум *белгисиз* караңгылыкка капталган. Андайда мен туруп, тилдер менен сыйына баштайм жана көп өтпөй, адатта, бир нече мүнөттөн кийин мага акылман жооп келет, кудум эле бул акылмандыкты тосуп турган дамба сынып кеткендей, мен отуруп алып ишимди улантам. Үйлөнө элек кезимде кимге үйлөнөрүм мен үчүн *табышмак* болчу. Бойдок кезимде үч кызым бар эле, алар мага жакчу. Бирок, рух менен сыйынуу менен көп убакыт өткөргөндөн кийин, Кудай мага үчөөнө тең «жок» деп айтканын түшүндүм. Анан мен Лиза менен таанышып, бир ай бою күн сайын жарым саат тилдерде сыйынып, Рух менен болгон ошол убакытты биздин мамилебизге арнадым. Сыйынуу учурунда Кудай мага менин тандоомду жактырарына бекем

ишенич берди, кийинчерээк мунун көптөгөн ырастоолорун берди. Бирок, мен эч кандай шексиз жана ырасталганга чейин эле Лиза - менин колуктум экенин билчүмүн. Муну өз ичимден билчүмүн, мен бул маселе боюнча тилдерде сыйынганда башыман өткөргөн тынчтыктан улам билгем.

Менин өзүмдүн жашоомдо же жакын адамдарымдын жашоосунда эмне болуп жатканын түшүнбөй калган учурларым болгон. Бул мен үчүн *сыр* болду. Мен жөн гана Ыйык Рухтан мага Анын акылмандыгын же жагдайга болгон көз карашын көрсөтүүсүн сурандым. Чынында эле, тилдерде сыйынгандан бир нече убакыт өткөндөн кийин, баары ачыкка чыга баштады.

Үй-бүлө мүчөлөрүнүн бирине сыйынуу керек болгон учурлар болгон, бирок, мен аны өзүм түшүнгөн эмесмин, анан Ыйык Рух мага бул адам үчүн тилдер менен сыйынууга түрткү берген. Кийинчерээк мен ал адамга коркунучтан качууга жардам берген Кудайдын кийлигишүүсү же коргоосу болгондугу жөнүндө билдим.

*Сыр* – бул биздин табигый акылыбыздан жашырылган нерсе. Мен үчүн кайсы жыйынга барышым керектиги, кайсы кызматты аткарышым керектиги, кайсы үйдү сатып алышым, президент же башка лидерлер үчүн кантип натыйжалуу сыйынуу жана пасторум үчүн кантип натыйжалуу сыйынуу керектиги табышмак болушу мүмкүн. Силер түшүнгөндөй, бул тизмени чексиз уланта берсе болот.

## Кудайдын багытын издеген дүйнө

Көптөгөн ишенгендер үчүн эң чоң жүк – бул алар кандай багыт алыштары керектигинин *сыры*. Ушул себептен, эреже катары, адамдар консультанттарга кайрылышат. Бирок, менде силер үчүн укмуштуудай жаңылык бар! Эми мындан

ары эмне кылуу керек деп тынчсыздануунун кереги жок. Кудай мындай деп убада кылган: «Киминерге акылмандык (*эмне кылуу)* керектигин түшүнүү жетишпей жатса, баарына берешендик менен, жемелебестен берген Кудайдан сурасын, ага берилет» (Жакып 1:5). Биз жөн гана сурай алабыз! Кантип? Өзүбүздүн абалыбыз жөнүндө тилдерде сыйынуу. Мурда эмне кыларымды билбей туюкка кептелип калчумун, бирок, кийин тилдер менен сыйына баштадым, ар бир жолу бул жагдайда мага керек болгон акылмандык жүрөгүмдөн акылыма фонтандан агып жаткан агымдай болуп келип жатты.

Биздин кызматта көп жылдар бою ушундай иш алып бардык. Андан ары эмне кыларымды түшүнбөй, бир аз тилде сыйынгандан кийин эле, капысынан Кудайдан шыктанган идеялар кенен агым менен бизге келип жатты. Келинчегим экөөбүз кызматты көп жыл мурун баштаганбыз. Мен кабыл алган ар бир негизги чечим Рух менен сыйынгандан кийин келген. Бүгүнкү күндө бизде үч континентте иштеген отуздан ашык кызматкер бар. Кудай бизге Анын Сөзү жана катышуусу аркылуу миллиондогон адамдардын жашоосуна жетүү мүмкүнчүлүгүн берди. Он төрт жылдык кызматта биз эч качан карызга баткан эмеспиз, эми бизде акча жана жумушчу кол менен эсептелген татыктуу капиталыбыз бар, бул бизге Кудайга натыйжалуу кызмат кылууга жардам берет.

Мунун баары мүмкүн, анткени Кудай:

> “Теңир, сенин Куткаруучуң, Ысрайылдын Ыйыгы мындай дейт: «Сени пайдалуу нерсеге үйрөткөн, сени жүрүшүң керек болгон жол менен алып жүргөн Кудай-Теңириң Менмин. О, сен Менин осуяттарымды уксаң кана! Анда сенин тынчтыгың дарыядай болмок,

> сенин чындыгың деңиз толкунундай болмок!” деген үчун да мүмкүн болду (Ышайа 48:17,18).

Чынын айтсам, биздин дүйнө дарыядай агып жатат. Айланабызды курчап турган жагдайларга караганда, биз дүрбөлөңгө түшкөн учурларды баштан кечирдик. Бирок, биз тилдер менен сыйынганыбызда жана бардык иштерибизди Анын колуна тапшырганыбызда, Анын тынчтыгы бизди кучагына алган. Тилдерде сыйынуу жөнүндө биз буларды окуйбуз:

> «Ошон үчүн бул элге түшүнүксүз сөздөр менен жана бөтөн тилде сүйлөшөт. Аларга: «Мына, тынчтык, чарчаганга тынчтык бергиле, мына, тынчтануу», – деп айтышкан. Бирок алар уккусу келген жок»,— деп айтылган (Ышайа 28:11,12).

Тынчтыгы жоктор, эс алышпайт. Кудай бул аятта сөз кылган бейкуттук дарыядай аккан тынчтыктын натыйжасы. Айткандарымды ырастоо үчүн, көп жылдар бою топтогон сансыз окуяларды айта алам, бирок бир окуя өзгөчө эске түшөт. Ошондо мен тынчтыкты оңой эле жоготуп алмакмын, анткени, мен таптакыр өзүмдү жоготуп, эмне кыларымды билбей калгам.

Бул менин Мексикага болгон сапарым учурунда болду, ал жерде мен жакшы кабар айтуу жолугушуусунда насаат айтышым керек эле. Мен Монтеррейге бир гана кечке учуп келгем. Жыйын шаардын борборундагы залда өтүшү керек болчу. Мен күнү бою ар кандай тилдерде сыйындым жана менин рухумда ошол зал асмандан агып түшкөн жаркыраган жарык менен жарыктанган аян алдым. Теңир менин жүрөгүмө сүйлөп, мындай деди: «Бул менин даңкым, ал бүгүн кечинде көрүнөт».

Ошол күнү кечинде бул жолугушууну уюштурган пастор экөөбүз залга абдан толкунданып келдик. Анын жыйыны бул иш-чараны даярдоо үчүн көп иштерди жасаган. Биз чогулуш башталганга он беш мүнөт калганда келдик. Мен жаалданган адам эки куралчан сакчы менен пастордун жанына келгенин байкадым. Ал аны менен испанча сүйлөштү, мен анын орой чыккан үнүн гана уктум. Пастор мага келип: «Джон, сен бүгүн насаат айта албайсың», - деди.

Мен андан “эмне үчүн” деп сурадым.

Ал мындай деп жооп берди: «Бул адам жогорку даражалуу мамлекеттик кызматкер жана бул штатта Мексиканын жараны болмоюнча, Жакшы Кабарды насааттай албай турган мыйзам бар. Буга чейин бул мыйзамдын аткарылышын эч ким талап кылган эмес, бирок, бул жолу аткаминер аны сактоону талап кылууда. Болбосо, олуттуу көйгөйлөр пайда болушу мүмкүн. Чынында, ал өзү сени менен сүйлөшкүсү келип жатат”.

Мен ошол замат Ыйсанын Жакшы Кабарын таратууга тыюу салгандагы Петир менен Жаканды эстедим. Бирок, алар угушкан эмес, анткени, бул Кудайдын Сөзүнө карама-каршы келет. Ошондуктан, мен пасторго мындай дедим: «Бул киши мени сыйынгандан кийин Кудай аянда көрсөткөн нерсени кылуудан токтото албайт. Менин сөз сүйлөөм силердин жыйынга зыян келтиреби? Болбосо, анда ал кетээри менен сөзсүз түрдө насаат айтам. Мен ушунча жол жүрүп, эч нерсе кылбай отуруу үчүн келген жокмун! Эгерде менин сүйлөгөнүм сага зыян келтирсе, анда мен насаат айтпайм».

Ал мындай деди: «Джон, бул киши биздин жыйынга көп зыян келтириши мүмкүн, андыктан, аны укканың жакшы.» Мен пастордун кеңешине баш ийип, чогуу чиновникке кайрылдык.

Адегенде аткаминер мени карап, анан жактырбагансып: «Сен испанча сүйлөйсүңбү?» – деди.

“Жок, мырза”, – деп жооп бердим.

Анан ал: «Мен сага төмөндөгүлөрдү айтып коёюн. Бүгүн туризмге байланыштуу маселелерди гана айта аласың”. Анан ал пасторго кайрылып, ага испанча катуу сүйлөдү. Мына ушул убакыттын ичинде күзөтчүлөр бизди сүрдүү көздөрү менен карашты. Чиновник бардык эскертүүлөрүн берип бүтөрү менен алар чыгып кетишти.

Пастор таң калгандай көрүндү, аларга кызмат кыла албаганым үчүн менден кечирим сурады, анан жолугушууга акыркы даярдыктарды көрүү үчүн залга жөнөдү.

Ошол маалда мен да капаландым. Мен эмне кыларымды билбегендиктен, Кудайдын акылмандыгына муктаж экенимди түшүндүм. Ошентип, мен сыртка чыгып, ал жактан салыштырмалуу обочо жерде сыйына баштадым. Мен Кудайдын акылмандыгын тилдерде сыйынуу аркылуу гана ала аларымды билчүмүн. Ошондуктан, мен кайраттуулук менен тилдерде сыйындым. Жанымдан эл өтүп жатты, алар мени өзү менен өзү сүйлөшүп жаткан чет өлкөлүк деп эсептешти окшойт.

Бир нече мүнөттүн ичинде тилдерде сыйынуу менин жанымды Кудайдын тынчтыгы менен толтура баштады. Мен он беш мүнөттөй сыйынууну уланттым, бир маалда аккан булактай бир ой эске келди. Мен: «Ыйык Китепти коюп, элге Мексикага келген эң улуу Саякатчы жөнүндө айтып бер» дегенди уктум.

Сүйүнгөнүмдөн секирип кете жаздадым да, катуу кыйкырдым: “Болду, болду. Ал мага туризм жөнүндө сүйлөшүүгө уруксат берди! Мен аларга Мексикага келген эң улуу Турист Ыйса жөнүндө айтып берем!”

Мен кайра залга шашылдым. Бирок, кызмат эбак эле

башталып жана кайтаруучу жыйналгандар менен учурашып, алардын алдында турган. Артында турган аялы: «Джон, пастор сенин алдыга чыгышыңды каалайт», – деди.

Мен чыктым, ал мени карап, шыбырап: «Кудай мага “айтканын аткарышың керек” деп айтты» деди.

Анан мен чогулгандарга кайрылдым: «Достор, бир мамлекеттик кызматкер мага туризм тармагындагы иштер боюнча гана сүйлөшүүгө уруксат берди. Ошентип, мен силерге Мексикага барган эң улуу Турист жөнүндө айтып берем. Мен силерге Ыйса жөнүндө айтып берем», - дедим.

Чогулган ишенгендер кубанычтуу кыйкырыктарды чыгарышты. Анан бир саат бою Кудайдын Сөзүн насааттадым. Мен бүтүргөндөн кийин, өз өмүрүн Ыйса Машайакка берүүгө жана Анын бийлигине баш ийүүгө даяр болгондорду алдыга чакырдым.

Көп адамдар алдыга чыгышты, ошондо гана арткы катарлардан түз аянтчага басып бара жаткан милиция кызматкерин капысынан байкадым. Мен өзүмчө ойлондум: *мени колго түшүрүшкөнгө чейин, бул адамдар куткарылышы үчүн сыйынышым керек.* Мен Петир менен Жакандын Кызыл дарбазада кабар айтып, Ыйсаны кантип кабыл алуу керек экенин элге айта электе камакка алынганын эстедим. Ошондуктан, куткарылуу үчүн алдыга чыккан адамдар менен тез эле сыйындым. Андан кийин менин жанымдан милиция кызматкери өтүп, сахнанын артына чыгып кеткенин байкадым. Мен дароо жеңилдеп калдым, анткени, эми элге ээн-эркин кызмат кыла алат элем.

Анан элге мындан ары жардам бере турган консультанттарга кайрылуу керектигин түшүндүрдүм. Алар аянтчадан алыстап кетишкенде, мен бир аксакты көрдүм. Анан мен Ыйык Рухтун жүрөгүмө мындай дегенин уктум:

«Мен биринчи бул адамды айыктыргым келет. Аны токтотуп, дароо ал үчүн сыйына башта».

Мен баарын Рух айткандай кылдым. Ал үчүн сыйынгандан кийин: «Азыр болсо, мырза, балдагыңызды алып коюңуз» дедим.

Ал мүмкүн эмес деп айткысы келгендей карады, бирок, мен муну талап кылдым, ал аткарды. Анан мен анын колун кармадым, экөөбүз чогуу баса баштадык. Ал алгач акырын басып, анан батыраак, анан дагы тездеп, чуркай баштадык.

Чогулгандар сүйүнгөнүнөн ыйлап атышты. Ар жерден эл агылып келе баштады, аянтка жүзгө жакын адам чогулду. Көптөр Рухтун күчү менен айыгуу алышты. Мен алардын айрымдарын гана айта кетейин.

Дүлөй аял үчүн сыйындык, Теңир анын кулагын ачты. Ал Теңирге ушунчалык ыраазы болгондуктан, үстүндөгү көк көйнөктүн көкүрөгү анын бетинен тынымсыз аккан жашынан улам кара көгүш болуп кетти. Кудай дагы бир аялдын көзүн, үчүнчүнүн рак оорусун айыктырды.

Анан беш жашар балага да сыйындык, айыгып кетти. Бир сааттан ашык элге кызмат кылдык. Бул абдан сонун болду, көптөр кубанып ыйлап жатышты. Кайсы бир убакта мен аянтчада камералар менен турган адамдарды байкадым, бирок, аларга көп көңүл бурган жокмун.

Эртеси эртең менен Америка Кошмо Штаттарына кайтып келдим. Бир жумадан кийин мага жолугуу үчүн Мексикадан кайтаруучу учуп келди. Ал мындай деди: «Джон, мен муну сиз менен жеке бөлүшүү үчүн келдим». Ал мага өкмөт өкүлү жолугушууга эки жашыруун агентти жиберип, эгер мен насаат кылсам, мени камоого буйрук бергенин айтты.

Алар так ошол мен аксак үчүн сыйынып жатканымда келишиптир. Анын айыгып кеткенин көрүшүп, бири

экинчисинен: «Сен мунун баары чын деп ойлойсуңбу?»- деп сурайт.

Анын жолдошу: «Билбейм, бирок, жакыныраак барып текшерели» деп жооп берет. Кайтаруучу алардын сүйлөшүүсү жөнүндө билип калат, анткени кызматкерлердин бири алардын жанында туруп, баарын угуп, андан кийин ал жөнүндө кайтаруучуга айтып берет.

Эки офицер алдыга чыгып, башка кереметтерге да күбө болушту. Дүлөй аял уга баштаганда, алардын бири: «Мен мунун баары чын деп ойлойм», - дептир. Анан Кудайдын кудурети менен айыгып кеткен беш жашар баланы көрүшүп, бири-бирин карап: «Мунун баары чындык!» дешет.

Анан кайтаруучу мага: «Джон, сени кармаганы келген ошол эки киши келип, сенден алар үчүн сыйынышыңды сураныншты, экөө тең ошол күнү кечинде куткарылды!» - деди.

Кайтаруучу экөөбүз ошол күнү кеңседе чогуу кубанычта болдук деп айтуунун кажети да жок. Анан шаардык гезитти ачып, жыйындын эртеси чыккан макаласын көрсөттү. Макалада мени өлкө боюнча ишенчээк адамдардан мыйзамсыз түрдө акча чогулткан алдамчы деп жарыялашкан. Бирок, кызматка келген кабарчылар көптөгөн адамдардын чындап айыгып кеткенине күбө болуп, акча чогулткан эч кимди көрбөгөнүн айтышты. Эң кызыгы, ошол күнү курмандык акча чогултууну жарыялоону такыр жүрөгүмдө каалабагандыкты сездим, анын үстүнө авиабилеттин акчасынын ошол жолкусун биздин кызмат төлөп берген эле. Биз өлкөдөн бир цент да чыгарган жокпуз.

Ыйык Рух кандай керемет! Анын жетекчилиги жок болсо, мындай жагдайларда өзүн кантип туура алып жүрүүгө болот эле? Эгер ошол күнү тилдерде сыйына албасам жана ошол

күнү кечинде дагы сыйынбасам, Мексикадан Кудайдын эркин аткарбай, жаман маанайда кетип калмакмын. Кайтаруучу, мамлекеттик кызматкердин коркутууларынан улам мага насаат айтууга уруксат бермек эмес. Бирок, тилде сыйынуунун аркасында, Кудайдын каалоосу жана даанышмандыгы менен биз үчүн *сыр* болгон нерсе, ачык болуп калды. Мен Кудайдын эркине ылайык, кайтаруучу үчүн арачылык кыла алдым. Натыйжада, ал Кудайдын үнүн угуп, Теңир мага бийликтин каршылыгын кантип жеңүү боюнча акылмандык берди. Бардык даңк Теңирге болсун!

Оо, душман жыйындан бул белекти уурдоого кандай тырышчаактык менен аракет кылып жатат. Ал андан коркот, анткени, бул Кудай менен Анын ыйыктарынын ортосундагы түз байланыш жана биз тилдерде сыйынганда бул каналдар аркылуу эмнени жеткирип жатканыбызды жиндер билишпейт. Жүрөктө биз сыйынуу аркылуу өз сөзүбүз менен ачык айта алган жагдайлар же каалоолор бар, бирок көбүнчө биз өз оюбузду айта албай калган жагдайларга туш болобуз, так ошол мезгилде бизге Ыйык Рухтун жардамы керек. Ошондуктан, Пабыл: «Анда эмне кылыш керек? Рухум менен да сыйынам, акылым менен да сыйынам. Рухум менен да ырдайм, акылым менен да ырдайм»-деди (1 Кор. 14:15).

## Ички адамды түзүү

Акыркы убакта менин жүрөгүм Кудайдын элине кайрылып, жогорудагы жазгандарымды аткаруу үчүн, аларды Ыйык Рух менен көбүрөөк ынак болууга чакырып жатат. Анын жакындыкка чакыруусуна биздин жообубуз барган сайын маңыздуу болуп баратат. Убакыттын өтүшү менен, бизге Ыйык Жазууну гана түшүнүү жетишсиз болуп калат, анткени,

буга атүгүл фарисейлер да ээ болгон. Биз Ыйык Рухтун *мурда айткандарына* гана эмес, Анын *азыр айтып жаткандарына* да сезимталдыкты өөрчүтүшүбүз керек. Ыйса дал ушундай жашаган. Ал: «Мен Өз алдымча эч нерсе кыла албай. Атам Мага кандай айтса, ошондой соттойм [*чечим чыгарам*]», - деген (Жакан 5:30, курсив автордон). Ыйык Китептин кеңейтилген нускасы бул үзүндүнү мындайча чечмелейт:

> «Мен Өз алдымча эч нерсе кыла албайм [б.а. өз алдынча, Менин каалоом боюнча, бирок Атам Мага үйрөткөндөй жана Мен Анын осуяттарын кабыл алганымдай]...[Кандай чечим чыгарышым керек болсо, ошондой чечим чыгарам. Мен үндү угам, ошондо Мен чечим чыгарам]» (Жакан 5:30).

Ыйса Ыйык Рухтун жетекчилигине ушунчалык сезимталдык менен мамиле кылгандыктан, Ал дайыма Атасынан көз каранды экенин моюнга алган. «Атасынын кылганын көрбөсө, Уулу Өз алдынча эч нерсе кыла албайт» (Жакан 5:19). Анан дагы: «Силерге айткан сөздөрдү Мен Өз атымдан айткан жокмун» (Жакан 14:10). Биз, Анын жолдоочулары катары, «Машайак кандай жашаса, ошондой жашашыбыз керек» (1 Жакан 2:6).

Биз Ыйык Рухка Ал сыяктуу сезимтал болушубуз керек. Чындыгында, менин жеке оюмча, Кудайдын эркине ылайык, бизди курчап турган табигый дүйнөгө караганда, Кудайдын чөйрөсүнө көбүрөөк сезимтал болушубуз керек. Тилдерде сыйынуу биздин ички адамыбызды бекемдейт, ошондо биз Ыйык Рухка көбүрөөк сезимтал боло алабыз. Анан дагы бизге мындай деп айтылат:

> “Ар кандай тилдерде сүйлөгөн адам өзүн *бекемдейт”* (1 Кор. 14:4, курсив автордон).

Бекемдөө - деген грек сөзү *oikodomco*. Анын негизги мааниси - «үй куруу». Биздин денебиз Ыйык Рухтун ыйбадатканасы экенин белгилей кетүү кызыктуу. Пабыл «биз Кудайдын имаратыбыз» деп эскертет (1 Кор. 3:9). Биз Анын үйүбүз. Ошентип, биз сыйынганда, биз Ыйык Рух үчүн үйдү кеңейтебиз. Биз Ага өзүбүздө жашоого көбүрөөк орун беребиз. Албетте, мен бул түшүнүктүн физикалык жагын айткым келбейт, бирок, мен каймана маанide айтып жатам, анткени У.Е.Вайн бул сөз “түзмө-түз жана каймана маанide да курулушту билдирет” дейт.

Ошентип, биз тилдерде сыйынганда, Анын катышуусун жана күч-кубатын ичибизге алуу жөндөмүбүздү кеңейтебиз. Биздин ички адамыбызды бекемдөө табигый акылыбыз менен эмес, Ыйык Рухтун жетегинде болгонубузда оңой болот.

Вайн ошондой эле, «түзүү» деген сөз «ишенгендердин рухий жактан өсүшүнө жана кулк-мүнөзүнүн өнүгүшүнө көмөк көрсөтүү» деген метафоралык маанide колдонуларын айтат. Бул маани элчи Жүйүттүн катында айтылган жана ишенген адамдын рухий жактан өсүшүнө байланыштуу оюна дал келет:

> “Сүйүктүү бир туугандар, силер болсо өзүңөрдү ыйык ишенимиңердин негизинде бекемдегиле, Ыйык Рухтун жетеги менен сыйынгыла” (Жүйүт 20).

Бул сүйлөмдө түзүү (жаратуу) же куруу маанисинде колдонулган грек сөзү *epoikodoineo.* Анын негизги мааниси - «бир нерсеге таянуу же негизге ээ болуу». Демек, бул жерде

да биздин рухтун туруктуу түзүлүшү болжолдонууда. Пабыл ишенгендерге алар Кудайдын курулушу экенин жана Кудай Өзүнүн ырайымы менен аларды Машайакка алып келүүгө негиз салганын айткан. Ошондон кийин ал: «Бирок ар бириң өзүңдүн кандай куруп жатканыңа көңүл бур!», - дейт (1 Кор. 3:10).

Бүгүнкү күндө көптөгөн ишенгендердин руху алсыз, анткени алар ички адамын түзбөйт. Алар айланага жүрөктүн көзү менен эмес, физикалык көздөрү менен карашат. Алар Кудайдын Руху алардын жүрөктөрүнө айтканга караганда, өздөрүнүн физикалык кулагына ишенишет. Алардын жашоосун сырткы адам башкарат. Мындай адамдардын ички дүйнөсүн эртеден кечке диванда отуруп, телевизор көрүп, картөшкө кытыракты жеген адамга салыштырууга болот. Оо, булар кызматта тырышчаактык менен эмгектенишсе керек, бирок, ички адамына көңүл бурулбайт. Мындай ишенгендер көбүнчө мага: «Эмне үчүн мен Кудайды эч качан укпайм?» - дешет. Мунун себеби абдан жөнөкөй. Анткени, Кудай акылыбызга эмес, рухубузга сүйлөйт. «Теңирдин чырагы – адамдын руху» (Накыл 20:27). Эгерде биз ички адамыбызды түзбөсөк, анда биз Кудайды так уга албайбыз.

Пабыл ишенимдеш жүйүттөргө айта турган сөзү бар экенин айткан, бирок алар «уга албай калышты» (Эвр. 5:11). Бул адамдарга угуу аппаратынын керети жок, болгону алардын ички адамы туура жолдон тайгандыктан, алар руханий нерселерге сезимтал болбой калышат. Демек, негизи мындай адамдар курууга же жаратууга карама-каршы келген иш-аракеттерди жасашат. Алар Кудайдын Сөзүн угуу жөндөмүн жоготушкан. Дал ушул принциптер, өзүнүн ички адамын курууга көңүл бурбагандарга тиешелүү. Ички адамыбыз күчтүү болбосо, биз Кудайга жакындай албайбыз! Ушул себептен улам,

Пабыл тайманбастык менен: «Кудайга ыраазымын, ар кандай тилдерде мен баарыңардан көбүрөөк сүйлөйм», - деп айткан (1 Кор. 14:18). Андан кийин ал жүйүттөргө кайрылат:

> "Күчтүү тамак болсо акыл-сезими жаман-жакшыны айырмалай билүүгө көнүккөн [*рухий жактан жетилген*] жеткилең адамдар үчүн, алардын сезимдери жакшы менен жаманды айырмалоого шыктануу [*тынымсыз машыгуу*] менен көнүп калган". (Эвр. 5:14, курсив автордон).

Байкасаңар, Пабыл алардын сырткы эмес, ички сезимдерин айтып жатат. Ошондой эле, байкасаңыздар, анын айтымында, биз эмне Кудайдан, эмне амалкөйдөн экенин ажыратууну үйрөнүү үчүн ички сезимдерди көндүм аркылуу, башкача айтканда, туруктуу практикалык көнүгүүлөрдү жасоо менен өнүктүрөбүз.

Бизде беш физикалык сезим бар, ошондой эле, беш руханий сезимибиз бар. Ыйык Жазуу бизге мындай мисалдарды берет. Төмөнкү текстти окуп, саналып өткөн иш-аракеттерди физикалык сезимдер аркылуу аткарууга болобу деп өзүңөргө суроо берип көргүлө. Бул тексттин авторлору табигый сезимдерди эмес, рухий сезимдерди билдирерин түшүнүүгө жардам берет.

## Даам

> "*Татып көргүлө,* ошондо Теңирдин кандай жакшы экенин көрөсүңөр! (Заб. 33:9, курсив автордон).

> "Сенин сөздөрүң менин таңдайымда кандай *таттуу!* Алар менин оозумда балдан да таттуу" (Заб. 118:103, курсив авордон).

“Мен Сенин сөздөрүңө кулак салып, аларды *жутуп алдым*. Сенин сөзүң мен үчүн кубаныч, менин жүрөгүмө шаттык болуп калды” (Жер. 15:16, курсив автордон).

## Тийүү

“Ошол үчүн алардын арасынан чыккыла, алардан бөлүнгүлө, – дейт Теңир, – арам нерселерге *жолобогула*, ошондо Мен силерди кабыл алам” (2 Кор. 6:17, курсив автордон).

“Кеткиле, кеткиле, ал жерден чыккыла, таза эмес нерселерге *тийбегиле*! Теңирдин идиштерин көтөрүп жүргөндөр, алардын чөйрөсүнөн чыккыла, өзүңөрдү тазалагыла (Ышайа 52:11, курсив автордон).

## Жыттар

“Машайак аркылуу бизге ар дайым жеңиш берген жана Өзүн таанып билүүнүн *жагымдуу жытын* ар кайсы жерде биз аркылуу таратып жаткан Кудайга ыраазыбыз! Анткени Кудай үчүн биз куткарыла тургандардын арасында да, өлүмгө бара жаткандардын арасында да Машайактын *жагымдуу жытыбыз*. Бирөөлөр үчүн өлүм алып келген өлүм жыты болсок, башка бирөөлөр үчүн өмүр алып келген өмүр жытыбыз. Андай болсо бул ишке ким жөндөмдүү?” (2 Кор. 2:14-16, курсив автордон).

“Машаяк бизди сүйгөндүктөн, биз үчүн Өзүн Кудайга *жыты жагымдуу* тартуу жана курмандык катары

бергендей, силер да сүйүү жолунда жүргүлө” (Эф. 5:2, курсив автордон).

Мен бардыгын алдым, менде бардыгы бар. Эпафродит аркылуу берип жибергендериңерди алдым. Ал тартууларыңар - Кудайга жаккан *жыпар жыттуу*, жагымдуу курмандыктар (Флп. 4:18, курсив автордон).

## Көрүү

“Анткени өмүрдүн булагы Сенде. Биз Сенин жарыгыңдан жарык *көрүп* турабыз” (Заб. 35:10, курсив автордон).

“Ал чакырып алганда ээ болгон үмүтүңөр эмне экендигин жана Анын ыйыктарга бере турган даңктуу мурасынын молдугу кандай экендигин,ошондой эле Анын бийлиги бар күчүнүн таасири астында ишенген биздин ичибизде аракеттенип жаткан Анын кудурети канчалык ченемсиз экендигин таанып билишиңер үчүн, жүрөгүңөрдүн *көздөрүн* ачсын деп сыйынып жатам” (Эф. 1: 18.19, курсив автордон).

“Бардыгын Ага багындырып бердиң, Ага багындырылбаган нерсе калган жок, бирок баары Ага багындырылганын азырынча көрө элекпиз. Бирок биз периштелердин алдында бир аз эле убакытка басынтылган Ыйсанын өлүмдү баштан кечиргендиги үчүн даңк менен урматты таажы катары кийгендигин *көрдүк*” (Эвр. 2:8,9, курсив автордон). “Эгерде *көзүң* таза болсо, анда бүт денең жарык болот. Эгерде *көзүң* жаман болсо, анда бүт денең караңгы болот” (Мт. 6:22,23, курсив автордон).

## Угуу

> Анан Илияс Ахапка: «Бар, тамактанып ал, анткени жамгырдын *дабышы угулуп* жатат», – деди. (1 Падышалар 18:41, курсив автордон).

> “Кимдин кулагы бар болсо, ал *уксун!*» (Лука 14:35, курсив автордон).

> Кимдин *кулагы* бар болсо, ал Рухтун Жыйындарга эмне деп айтып жатканын *уксун*... (Аян 2:7).

Кудайдын Рухун сезбеген жана кабыл албаган ички адамга карата айтылгандай, Ыйса төмөнкүнү абдан ачык айтты:

> “Аларга үлгү-насаат аңгемелер менен сүйлөгөнүмдүн себеби: алар карап турушса да (*сырткы адам*) көрүшпөйт *(ички адам),* угуп турушса адам (*сырткы адам*), угушпайт (*ички адам*), жана түшүнүшпөйт. Ышайанын алар жөнүндө айткан бул пайгамбарчылыгы аткарылып жатат: “Кулагыңар менен угуп турасыңар (*сырткы адам*), бирок түшүнбөйсүңөр (*ички адам*); көзүңөр менен карап турасыңар (*сырткы адам*), бирок көрбөйсүңөр (*ички адам*); Анткени бул элдин көкүрөгү сокур болуп калган (*ички адам*), кулагын жаап (*ички адам*), көзүн жуумп алган (ички адам), ошондуктан алардын көздөрү көрбөйт (*ички адам*), кулактары укпайт (*ички адам),* түшүнүшпөйт (*ички адам*) жана айыгыш үчүн Мага кайрылышпайт” (Мт. 13:13-15, курсив автордон).

Руханий табият руханий дүйнөдө эмне Кудайдан, эмне Кудайдан эмес экенин ажыратууну үйрөнүү үчүн ички

сезимдерди өнүктүрөт. Мындай өнүгүү ишенген адамдын сезимдерин колдонуу же тарбиялоо менен аныкталат. Баарыбызда табигый сезимдер бар, кээ бирлери башкаларга караганда машыгуу аркылуу жакшыраак өнүккөн. Мисалы, шараптын түрдүү сортторунун сапатын аныктай ала тургандай даам сезүү органдарын өнүктүргөн адамдар бар. Алардын практикасы аркылуу шараптын даамын жана жүзүмүн, эски жүзүмбү же жаңы жүзүмбү, ошол жылы канча жаан-чачын жааганын жана башкаларды аныктай алышат.

Башка адамдар баалуу таштардын сапатын аныктай тургандай көздөрүн өрчүтүшкөн. Машыкпаган көзгө таштардын баары кемчиликсиз көрүнүшү мүмкүн, бирок, машыккан көзгө жасалгасынын сапаты жана түсү, чоң же кичине кемчиликтеринин саны жана таштын тазалыгы дароо байкалат.

Үндөрдү, обондорду угууга кулактарын машыктырган үн инженерлери, музыканттар, дирижерлор ж.б. бар. Алар бүт оркестрдеги обондон чыккан бир жасалмалуулукту бөлүп көрсөтө алышат. Алар кулактарын музыканттар ойногондо гармониянын бар же жок экенин бат эле аныктай тургандай угууга машыктырышкан.

Жыт сезүү сезимин өнүктүргөн адамдар бар. Алар ошондой эле ар кандай жыттагы жыпар жыттуу заттардын, гүлдөрдүн жана цитрус жемиштеринин толук спектрин аныктай алышат.

Мындай адамдар табигый сезимдерин ыктыярдуу түрдө өнүктүрүшкөн. Бул алардын таланттуураак экенинен эмес. Алар жөн гана аларда болгон сезимдерди өнүктүрүүнү чечишкен. Бул бир заматта боло бербейт, жөн гана адам күч-аракетин ушул багытка багыттайт.

Ушул убакка чейин, балким, силер сырткы сезимдерибизди

кантип үйрөтсө болорун көрсөткөн мисал катары кызмат кыла турган көптөгөн башка мисалдарды ойлонгон чыгарсыңар. Бирок, ошол эле принциптер рухий чөйрөгө да тиешелүү. Силер көп жылдар бою ишенген адам болуп, бирок, рухуңарды өнүктүрбөй жатасыңар. Ыйык Жазууда Чөмүлдүрүүчү Жакандын «руху чоңоюп, бекемделгени» айтылат (Лука 1:80). Пабыл Тиметейге «ийгилигин бардыгы көргүдөй болсун үчүн» өзүн толугу менен рухий өнүгүүгө арнашы керектигин айтат (1 Тим. 4:15). Бирок, ички адамыбызды кантип өнүктүрөбүз? Ыйык Жазууда бул жөнүндө абдан ачык жазылган: “Кудайдын жазылган Сөзү аркылуу (1 Пет. 2:2; Элчилер 20:32 карагыла), Анын Сөзүнө баш ийүү аркылуу (Эвр. 5:9 карагыла) жана башка тилдерде сыйынуу аркылуу (1 Корнттуктар 14:4; Жүйүт 20 карагыла).

## Рухтун өнүгүүсүнүн мааниси

Эмне үчүн ички сезимдерди өнүктүрүү абдан маанилүү? Эгерде биздин рухий сезимдерибиз жетиштүү түрдө өнүксө, биз Ыйык Рух менен баарлашууда алда канча эркин болобуз. Рух биз менен жакыныраак деңгээлде баарлашат. Бул түшүнүктүү болуш үчүн, келгиле, жаратылыш кубулуштарына дагы кайрылалы. Эгер силер үчүн беш сезим тең иштебесе, мен силер менен байланыша алмак эмесмин. Мен кыйкырмакмын, бирок, силер укмак эмессиңер. Мен силердин ийиниңерге таптамакмын, силер аны сезмек эмессиңер. Мен силерге белги көрсөтөөр элем, силер көрмөк эмессиңер ж.б.

Жакында сексенге келип калган атама угуучу аппарат керек болуп калды, бирок, ал аны колдонгусу келбей калды. Дасторконго отуруп сүйлөшсөк болот эле, анан күтүлбөгөн

жерден эле атам жоктой сезилип кетти. Мен үнүмдү көтөрүп: “Түшүндүңбү, ата?” деп сурадым. Жооп иретинде ал түшүнбөгөн көз караш менен тиктеп калды, анан угуусу начар болгондуктан, биздин сүйлөшүүбүздүн көбүн укпай калганын түшүндүм. (Ал азыр угуу аппаратын тагынганын кабарлаганыма кубанычтамын!) Биздин рухубуз жөнүндө да ушуну эле айтууга болот. Эгерде силердин сезимдериңер катууланса, силер Рух менен болгон маектин көбүн түшүнбөй каласыңар жана бул бери эле дегени! Мен “Кудай мени менен жакын досумдай сүйлөшпөйт” деген сөздөрдү көп угам. Ооба, сыягы, мындай адамдардын ички сезимдери жөн эле өнүкпөгөн. Биз негизги нерсени түшүнүшүбүз керек: биз Аны уккубуз келгенге караганда, Кудай биз менен көбүрөөк сүйлөшкүсү келет. Болгону, биз адамдар, көбүнчө жүйүттөрдүн ишенгендерине окшош болобуз, анткени биз «уга албайбыз» (Эвр. 5:11).

Көбүнчө силер колдонгон нерсени өнүктүрүп, колдонбогон нерсени алсыздантырасыңар. Силер Рух менен сыйынганыңарда, силердин ички адамыңар сыйынат жана табигый адам же дене четке кагылат. Бул да табигый жөндөмдөрдүн Кудай менен тоскоолдуксуз байланышка кириши үчүн орозонун бир түрү болуп саналат. Мен силерди Рух менен сыйынууга гана эмес, ошондой эле, башка тилдерде сыйынууларда жана чечмелөөдө Кудай силерге жардам берерине ишенүүгө үндөйм.

Көбүнчө эртең менен мен бир саат бою тилдерде сыйынам. Менин акыл-эсим алаксууну токтоткондон кийин, бул тез эле болот, мен алгач даңктоо ырларын ырдасам же жүрөгүмдү Ага арнасам, анда мен үчүн рухий нерселерге басым жасоо оңой болуп калат. Адатта, Теңирге жакын болуу сезими бардык күнүмдүк иштерди жана ниеттерди экинчи

планга өтүүгө мажбур кылат. Ошондо мен оюмду каптап келген идеяларды, аяндарды жана акылмандыктарды ала баштайм. Мен тилдерде сыйынып жатып алганымдын баарын жазуу керек экенин түшүндүм, ошондо Ыйык Рух мени башка нерселерге жетелейт.

Мурунку жылдары мен Рух менен сыйынган маалда дүнүйөлүк нерселерди ойлой бергендиктен, абдан кайгырчумун. Маселен, сыйынып жатканымда жаңы китептердин аталыштары, көптөн бери көрбөгөн адамдар менен байланышкым келгени, кимдир бирөөлөргө белек алуу, кызматка бөлүнгөн акчаны кантип сарптоо сыяктуу ойлор келе берчү. Бирок, акырындык менен Мен бул ойлордун көбү Ыйык Рухтан шыктандырылып, менин акылыма багытталганын түшүндүм. Көп өтпөй мен бул ойлорду жаза баштадым, ошондон кийин алар оюмдан чыгып кеткенин байкадым жана менин оюма төмөндөгүлөр келди. Анан мен бул ойлорумду ишке ашырдым жана алардан Кудайдын батасын көрдүм. Тилдерде сыйынып жатканда, Ыйык Рух мага адамдарды же элдерди гана эстетип койбостон, Анын эркине ылайык кылышым керек болгон нерселерге багыт берип турганын түшүндүм. Анан дагы Кудай менен болгон жогорку деңгээлдеги байланыш дал ушул экендигин дагы бир жолу баса белгилейм.

## Рухий жашоо

Менин оюмча, Пабыл өзүнүн баяндарынын көбүн ушинтип жазган. Ал мындай дейт: «Анткени өзүм араңарда болбосом да, рухум менен силердин араңардамын. Силердин Машайакка болгон ишенимиңердин бекемдигин жана тартибиңерди *көрүп* кубанып жатам» (Кол. 2:5, курсив

автордон). Ал колоссалыктарды физикалык көздөрү менен көргөн эмес, анткени, ал ачык айткандай, физикалык чөйрөдө алар менен болгон эмес. Анан Корунттуктарга ал дагы бир жолу: “Араңарда болбосом да, рухум силер менен, ошондуктан өзүмдү араңарда жүргөндөй эле сезип,.. чечим чыгарып койдум” (1 Корунттуктарга 5:3) деген. Бирок, Пабыл физикалык дүйнөдө алар менен болбосо, колоссалыктар менен корунттуктардын эмне кылып жана эмне айтып жатканын кантип көрө алмак? Биз рухий жандыктар экенибизди унутпашыбыз керек жана Кудайдын Рухунун Падышачылыгында эч кандай тоскоолдуктар жана аралыктар жок. Руху Теңирде курулган адамдар рухий дүйнөдө болуп жаткан окуяларды уламдан-улам жакшыраак түшүнүшөт, ошондуктан, алар жардамга муктаж адамдарга натыйжалуу сыйына алышат же кызмат кыла алышат. Мурунку бөлүмдө австралиялык кеңседеги кызматчыбыз кытайлык пасторду мурун таанproblems да, сүрөттөгү башка жүздөрдүн арасынан дароо тааныганы айтылганын эстесеңер!

Пабыл рух дүйнөсүндөгү нерселерди көргөн жана тилдерде сыйынып жатып, ар кандай жыйындарда эмне болуп жатканын билген. Мына ушундай көрүнүштөрдөн кийин ал ушулардын бардыгын өз билдирүүлөрүндө жазып, даректерге кат жөнөткөн. Саякаттарымда жана тилдерде сыйынуу учурунда мен үй-бүлөмдө жана биздин кызматкерлердин жашоосунда эмне болуп жатканын көрчүмүн. Анан телефонду алып жана көп учурда кабарды мага айтыла электе эле билчүмүн. Рухтун жетеги менен сыйынгандан кийин, мен буга чейин эле даяр болчумун жана эмне айтууну жана кырдаалды кантип чечүү керектигин билчүмүн.

Мен Африкада жүргөндө мурда Кениядагы уруулук

жоокер болгон бир кишини жолуктурдум. Ал Ыйсаны биз жолукканга чейин көп жылдар мурун билген, бирок элине кызмат кылуу үчүн, дагы деле алар менен бирге калат. Анын машайакчылык аты Жакан, маал-маалы менен Африкадан иш сапары боюнча чыгып турат. Ал жакында АКШга келип, мен жакшы тааныган жубайлар менен калды. Америкада болгон үч жумалык мезгилинде ал Африкада калган үй-бүлөсүндө ошол убакта болуп жаткан окуялар тууралуу айтып берди. Бир аз таң калып, досторум андан бул маалыматты кайдан алып жатканын сурашты, анткени, анын Африкадагы үйүндө телефону жок болчу. Ал эми, ал жашаган айылдын бардыгында эле телефон жок болчу. Анан ал мындай деди: «Бул Пабыл Азиядагы жыйындар менен кылган нерсе. Алар Теңирде анын үй-бүлөсү болгон, анткени ал аларды Рухтан төрөгөн. Алар менен бөлүнгөндө жана сыйынганда, рухунда алар менен бирге болгон жана алардын бүт жашоосун көргөн. Аларга ал ошол маалда алардын иштери жөнүндө жазып бере алмак. Мен Ыйык Рухтун күчү аркылуу Кудай ар бир ишенгенге берген мүмкүнчүлүктү гана пайдаланам. Мен үй-бүлөмдүн жашоосу менен ушундайча байланышып турам жана аларды таштап кеткен сайын ушундай кылам».

Мен силерге Жакандын күбөлөндүрүүсүн айттым, анткени ал Кудайдын Сөзү менен толук шайкеш келет. Мындай нерселерге эмне үчүн таң калышыбыз керек? Бул тууралуу Пабыл Жаңы Келишимде бир нече жолу айткан. Бул африкалык бир тууганга Америкада көптөр айткандай, Ыйык Жазуунун туура эместиги же алар иштебей калганы айтылган эмес. Эмне үчүн биз Ыйса ушунчалык чоң бааны төлөгөн нерседен артка чегиндик? Сүйүктүү Теңирибиз жана Куткаруучубуз Ыйсанын мындан да натыйжалуу кулдары жана балдары боло алышыбыз үчүн, эмне үчүн ички адамды түзбөйбүз?

Бирок, али да кеч эмес! Он жаштасыңбы, сексен бештесиңби, айырмасы жок. Силер жакында эле төрөлдүңөрбү же ондогон жылдар мурун болобу, түшүнүү жана Ыйык Рух менен сонун мамиледе болуу үчүн тилдерде сыйынып, сыйынууну чечмелөө менен ички адамыңарды түзө аласыңар. Ал сага көп нерсени ачып бергиси келет! Сырткы адамыңарды гана тынчтандырып коюунун кереги жок, жүрөгүңөрдү баарын Билүүчүгө жакындатууңар керек. Кандай сонун чакыруу! Бул мүмкүнчүлүктү колдон чыгарбагыла!

## ТЕМАГА БАЙЛАНЫШТУУ СУРООЛОР:

1. Тилдерде сүйлөө жөндөмдүүлүгү ошол убакта Кудай сенин жашооңдо эмнелерди жасап жатканын жакшыраак түшүнүүгө жардам берген учурлар болду беле? Бул аркылуу силер кандай түшүнүүгө, тынчтыкка же кубаттоого ээ болдуңар?
2. Бөлүмдө Кудай бизге ачып берген сырларды Хискиянын мисалында кантип туура колдонуу керектиги айтылат (Ыш. 39:2 кара) жана пастор менен болгон мисалдар келтирилген. Кудайдын сага ачып бергенин башкаларга ачып берүү үчүн, Кудай белгилеген убакытты күтүү сен үчүн маанилүүбү? Башкаларды таасирлентүүгө карата болгон каалооңорду көзөмөлдөөгө зарылдык бар деп ойлойсуңарбы?

13-бөлүм

# ИШЕНИМДЕГИ БЕКЕМ ЫНАНЫМ

Кудай биздин муктаждыктарыбызга жооп бербейт. Ал биздин ишенимибизге жооп берет!

Көптөгөн жылдар бою мен Ыйык Рухка толгон, Кудайды сүйгөн жана Андан корккон, күнөө кылуудан карманган, көптөгөн чынчыл момундарды жолуктурдум, бирок, андай адамдар: «Эмне үчүн мен Кудайды укпайм жана Анын катышуусун сезбейм?» - деп көп сурашат. Мен бул ыйыктардын үмүтү үзүлгөнүн сезем, алар эмне кылыш керек болгондун баарын кылып, бирок, сыйынууда Теңир менен бириге алышпайт. Алар менен бир нече мүнөт сүйлөшкөндөн кийин, биз көбүнчө бул көйгөйдүн себебин табабыз. Көбүнчө бул суроого бир жооп бар жана аны төмөнкү аяттан табууга болот:

> “Ошентип, бир туугандар, ыйык жайга Ыйса Машайактын каны аркылуу, жаңы жана тирүү жол менен кирүүгө *укугубуз* бар... ошондуктан жүрөгүбүздү булганган абийирден кан чачуу менен тазалап, денебизди таза сууга жууп, Кудайга таза жүрөк жана бекем ишеним менен *жакындайлы*. Өзүбүз жарыялаган үмүттү бекем сактайлы, анткени убада берген Кудай ишенимдүү” (Эвр. 10:19-23, курсив автордон).

Биринчиден, автор биз Теңир жашаган ыйыктардын ыйыгына кире аларыбызды айтат. Теңир айкаш жыгачта Өзүнүн рухун берген учурду эстегиле, ошондо ыйбадаткананын пардасы өйдөдөн ылдыйга чейин экиге бөлүнүп айрылган. Кудай ыйбадаткананы таштап, Өзүнүн жаңы ыйбадатканасына-жогорудан төрөлгөн адамга кирүүгө даярданган. Ошентип, азыр биз Ага жакындаганыбызда, миллиондогон чакырым алыстыктагы такты бөлмөсүнө кирүүнү элестетүүгө аракет кылбастан, Аны өзүбүздүн ичибизден издейбиз, анткени, ичибиздеги Кудайдын Руху менен байланышуу такты бөлмөсүндө Ыйса жана Атабыз менен болушубузду билдирет.

Байкасаңар, автор биз Кудайга *жигердүүлүк* менен кайрылышыбыз керек экенин айткан. Бирок, кантип Ага ушундай бекем ишеним менен жакындоого болот? Жөн эле, анткени Ал Голгофада төгүлгөн каны аркылуу Анын алдына кирүү үчүн бизге жолду даярдап койгон. Биз абийирибизди күнөө үчүн бизди кыйнаган айыптоо өкүмдөрүнөн тазаладык жана эми биз Анын алдына бекем ишеним менен кире алабыз.

Мындан коопсуз жол жок. Бул талашсыз факт. Кудай айтат, эгер биз Ага жакындасак, Ал да бизге жакындайт! Бирок, көпчүлүк адамдардын негизги көйгөйү – *толук ишенимде* бекемделүү. Биз Ага ишеним менен барышыбыз керек!

Анткени, Ыйык Жазууда ачык эле айтылып турат:

> «Кудайга ишенимсиз жагууга мүмкүн эмес: Кудайга *келген адам* Анын бар экендигине, Аны издегендерге Ал тиешелүүсүн берерине ишениши керек (Эвр. 11:6, курсив автордон).

Бул сөздөргө көңүл бурсаңар жана алар жүрөгүңөрдүн түпкүрүнөн орун алсын. «Кудайга ишенимсиз жагууга мүмкүн эмес». Ушул сөздөрдүн үстүнөн ой жүгүрткүлө жана алар жүрөгүңөрдө терең тамырласын.

## «Мен жөн гана ишенген адамды издейм!»

Мен Теңирде бир нече жыл болгонумда, жалгыз бой кезде, Түндүк Каролинада батирди ижарага алган учурду эч качан унутпайм. Бир күнү эртең менен катуу уктап жатыптырмын, күтүлбөгөн жерден төшөктөн ыргып турдум да, ордумда отуруп калдым, оозумдан: «Мен ишене турган адамды издеп жүрөм!» деген сөздөр учуп чыгып кетти.

Ойготкучту карасам, таңкы төрт эле экен. Мен али толук ойгоно элек болчумун, ошондуктан өзүмө келип, кайда экенимди, эмне болгонун түшүнүү үчүн бир аз убакыт керек болду. Керебеттин жанындагы жарыкты күйгүздүм, мен оорубасам да, температурам жок болсо да, шейшеп тердеп нымдалышып калганын көрдүм. Мен таң калып, ошол эле учурда корктум дагы, анткени, Кудай менин оозум менен сүйлөгөнүн түшүндүм. Бирок, ошондо мен минтип ойлодум: *Бул сөздөрдүн өзгөчөлүгү эмнеде? Ал ишенгендерди издеп жатканын билем.* Мен чарчап тургандыгымдан, кайра жатып уктап калдым.

Эртеси эртең менен ойгонгондо, күнү бою башымда

бир эле ой жүргөндөй болду: *Мен жөн гана ишене турган адамды издеп жүрөм... Мен жөн гана ишене турган адамды издеп жүрөм... жөн гана ишене турган адамды издеп жүрөм...* Түшкө жакын гана, капысынан мага жетти. Мен өзүмө үнүмү чыгарып: «Мына сага!» дедим.

Ошол учурдан тартып мен төмөнкү эки суроонун үстүнөн ойлоно баштадым: *Ыйсаны эмне көбүрөөк капа кылды?* (Аны эң ачуусу келген нерсе албетте, Ал фарисейлерге абдан ачууланган.) Анан *Аны эмне көбүрөөк кубанткан?* Биринчиден, Ал адамдардын Анын Өзүнүн убадаларын аткарарына ишенбегендиктери үчүн, баарынан көп кайгырган! Жөнөкөй сөз менен айтканда, Ал ишенимсиздикке же ишенимдин аздыгына кайгырган. Чындыгында, ишеним бул: биз ишенгенибизде, Кудай убада кылганын аткарарынан эч кандай шек санабайбыз. Кудай, калп айтууга жол бере турган адам эмес, Ал Өзүнүн ысмынын урматы менен Өз Сөзүнө кепилдик берет жана тастыктайт. Ал Өзү менен ант берет, анткени Анын ысымынан жогору эч нерсе жок. Ошондуктан, биз Ага шектенгенде, анын кадыр-баркына шек келтиребиз.

Келгиле, бул маселени төмөнкүчө карап көрөлү. Ыйсанын элдин ишенбестигинен улам капаланган учурун окуйлу. Мындай учурлардын бир нечеси Матайдын Инжилинен алынган:

> “...ишеним аздар!” (Мт. 6:30).
>
> Ошондо “шакирттери Ага келип: «Теңир, бизди сактай көр, чөгүп баратабыз», – деп, Аны ойготушту. Ошондо Ыйса аларга: «Эмне мынча корктуңар, ишеними аздар?!» – деди (Мт. 8:25,26).

> “Ыйса колун сунуп, аны дароо кармап калды. Анан ага: «Ишеними аз, эмнеге шектендиң?» – деди (Матай 14:31).

> «Ишеними аздар! Эмнеге нан алып албаганыңар жөнүндө ойлоп жатасыңар? (Мт. 16:8).

Анын үнүнөн көңүл калуу менен кайгыны угуп жатасыңарбы? Анан да, Анын шакирттеринин талмасы бар баладан жинди кууп чыга албаганы бизди абдан таң калтырат. Ыйса шакирттерине мындай деди:

> «Ошондо Ыйса: «Оо, ишенимсиз, бузулган муун! Качанга чейин силер менен болом? Качанга чейин силерге чыдайм? Баланы бул жерге, Мага алып келгиле», – деди. Ыйса буйрук берери менен, баладан жин чыгып кетти. Бала ошол замат айыгып калды», – деди.”

Көрүнүп тургандай, Ал Өзүнүн сезимдерин тыйган жок. Анын үнүнөн көңүл калуу гана эмес, ал тургай, адилеттүү каар менен чектешкен кыжырдануу жана кайгы да сезилип турат!

Ошондон кийин шакирттер келип: «Эмне үчүн биз жинди кууп чыгара албай койдук?»,-деп сурашты. Ыйса аларга:

> «Ишенимиңердин аздыгынан улам!” деп жооп берди (Матай 17:20).

## Кудай биздин ишенимибизге жооп берет

Биз баарыбыз Теңирден ишеним аркылуу алабыз. Мен Машаяктын Денесиндеги көптөр Кудай адамдын муктаждыктарына эмес, анын ишенимине жооп берерин

билишпейт деген чындыкты таптым! Токтоп, бул сөздү ойлоп көргүлө! Мен бул чындыкты ырастоо үчүн, Ыйык Жазуудан сансыз мисалдарды келтире алам, бирок алардын экөөсүн гана айта кетейин. Биринчиден, “бир күнү Ыйса элди окутуп жатканда, ал жерде Галилеянын бардык айыл-кыштактарынан, Жүйүт аймагынан жана Иерусалимден келген фарисейлер, мыйзам окутуучулар отурушкан.

> Теңирдин күчү оорулуулардын айыгуусу аркылуу көрүнүп жатты” (Лука 5:17).

Мага Ыйык Жазууда Кудайдын күчү оорулууларды айыктыруу үчүн келгени жөнүндө айтканы абдан жагат. Мүмкүн, жок дегенде бир мыйзам окутуучу болгондур, бирок алардын бири да бул айыктырууну алган эмес! Эмнеге? Алардын эч кимисинде бул үчүн ишеним болгон эмес.

Бирок, ал жакта бир топ киши да бар болчу, алар менен кошо шал адамды замбилге салып алып келишкен, эл көп болгондуктан, аны үйгө киргизе албай коюшкан. Ошентип, алар замбилди чатырга алып чыгып, аны талкалап, оорулуу кишини Ыйсанын бут алдына түшүрүштү. Анан буларды окуйбуз:

> “Ыйса *алардын ишенимин көрүп*, ага: «Адам, сенин күнөөлөрүң кечирилди», – деди... «Сага айтамын, ордуңан туруп, төшөгүңдү ал да, үйүңө бар», – деди. Ал ошол замат көпчүлүктүн көз алдында ордунан турду да, төшөгүн алып, Кудайды даңктап, үйүнө жөнөдү. Ошондо баары айран-таң калып, Кудайды даңкташты. Үрөйлөрү учкан алар: «Бүгүн биз керемeттүү иштерди көрдүк», – дешти” (Лука 5:20-26, курсив автордон).

Ыйса бул адамдардын ишенимин көргөн. Шал оорулуу, аны замбилде көтөрүп жүргөндөр менен бирге ал Теңир Анын сөздөрү үчүн жооптуу экенин билген. Кыязы, алар Теңирдин Өз элине айткан сөздөрүн мурунтан эле билишкен: «Менин жаным, Теңирди даңкта, Анын бардык жакшы иштерин унутпа. Ал сенин бардык мыйзамсыз иштериңди кечирет, сенин бүт ооруларыңды айыктырат» (Заб. 102:2,3). Бир четинен мыйзам окутуучулар болсо, шал оорулуунун айыгып кеткенин көрүп таң калып, Кудайды даңкташты. Бирок, алардын бири да айыгуу алган жок. Эмнеге? Себеби, Кудай чындап каалаcalled да, ишеним менен албасак, эч нерсе ала албайбыз! Кудай фарисейлердин да айыгышын каалаган, бирок, алар айыгып кете алышкан эмес! Ишенгенибизде Кудай бизге жооп берет жана бул анын айткандарынын негизинде Ага карай кадам шилтегенибизде болот.

Экинчи учурда, Ыйсага грек аял келди. Ал андан кызынын айыгып кетишин суранды. Ыйса ага мындай деди:

> «Адегенде балдар тойсун, анткени балдардын нанын алып, иттерге ыргыткан жакшы эмес» (Марк 7:27).

Ал аны итке теңегендей болду.

Ал таарынып, ызаланып, кетип калышы мүмкүн эле. Бирок, эмнегедир ал Анын мүнөзүн билген. Ошондуктан, ал дароо жооп бере турган сөз тапты:

> Ооба, ошондой, Теңир! Бирок иттер да балдар жеген нандын үстөлдүн астына түшкөн күкүмдөрүн жешет (Марк 7:28).

Ал Кудайдын Уулунун алдында экенин билген жана Анын жакшы Кудай экенине жана Анын күчү чексиз экенине

ишенген. Ал чечкиндүү болчу жана түшүнгөн, ал жөн гана өз ордунда туруп, сурай бериши керек экенин, ошондо ага баш тартпай турганын билген. Ал ишенимде турду, ошондуктан Ыйса ага:

«Ушул сөзүң үчүн үйүңө бара бер. Сенин кызыңдын ичинен жин чыгып кетти», – деди (Марк 7:29).

Үйүнө келгенде, кызынын толугу менен айыкканын көрдү. Бул учурда Ыйса анын муктаждыгына эмес, ишенимине жооп берди, анткени, алгач анын өтүнүчү муктаждыкка негизделген, бирок, Анын жообуна болгон анын реакциясы ишенимден улам тутанган.

## Ишеним - бул баарын алуунун ачкычы

Бул принцип Падышачылыктын баарына тиешелүү.

> Жакып биз Кудайга сыйынуу менен келгенде, эч шектенбестен, ишеним менен сурасын. Анткени шектенген адам шамал айдаган деңиз толкунуна окшош. Мындай адам Теңирден бир нерсе алам деп ойлобой эле койсун (Жакып 1:6,7)

деп, жетишерлик түрдө тайманбастык менен айткан.

Дал ошондой. Бул сөздөргө кайра кулак салгыла: «Мындай адам Теңирден *бир нерсе* алам деп ойлобой эле койсун». Бул жөнүндө жок дегенде бир мүнөткө ойлонуп көргүлө! «Бир нерсе алуу» деген сөздү карап көрөлү. Бул эч кандай өзгөчөлүктү билдирбеген категориялык билдирүү! Кудай бул жөнүндө так жана ачык айтып жатат. Ал ишенимге гана жооп берет жана башка эч нерсеге эмес!

Ошондуктан, көптөр Ыйык Рухту алышпайт. Алар ишенич менен сурашпайт. Ыйык Жазуу бизден мындай деп сурайт:

> Силерден бул нерсени гана билгим келет: силер Рухту мыйзамды аткаруу аркылуу алдыңар беле же айтылган сөзгө *ишенүү аркылуу* алдыңар беле? (Гал. 3:2, курсив автордон).

Бул, Жакып айткан сөзгө толугу менен шайкеш келет. Силер Ага ишеним менен кайрылмайынча, Теңирден эч нерсе ала албайсыңар жана ошондой эле, бул жерде силердин Ыйык Рухка болгон ишенимиңер да керек. Суусаган, бирок, тилдерде сүйлөбөгөн ишенгендерди канча жолу жолуктурдум. Ишенимде алар алып жаткандан да көп бар экенин билишет жана алар издеп жатышат, бирок, алар Ыйык Рухка толгону жөнүндө Кудайдын Сөзүн укканда, мага: «Мен бир жолу сыйындым, бирок, эч нерсе болгон жок» деп айтышат. Же алар Ыйык Рухту алууну каалашат, бирок, алардын бул белекке болгон мамилеси ишенимдүү эмес. Алар Ыйсага кызы үчүн суранып келген грек аялындай чечкиндүүлүккө ээ эмес. Мындай адамдар Кудайга толук ишеним менен келбейт! Алар ага тайманбастык менен келишпейт! Кудай биздин Анын эркин билишибизди каалайт, анткени бизге: «Ошон үчүн акылсыз болбогула, тескерисинче, Кудайдын каалоосу эмне экендигин таанып билгиле» -деген (Эф. 5:17). Ал эми, биз бул илимди алгандан кийин, толук ишеним менен сурайбыз.

Кудайга жакындоону карай турган болсок, ошол эле принцип колдонулат. Көп учурда ишенгендер Теңирге Аны менен биригүү үмүтү менен кайрылышат. Мен библиялык үмүт жөнүндө айтып жаткан жокмун, анткени библиялык үмүт - бул бекем ишеним. Мен «мүмкүн» деген күмөндүү үмүттү айтып жатам. Ишенгендер көп учурда алардын сөзү угулат деген үмүт менен жөн эле сүйлөп коюша берет.

Мындай мамиле ишеним эмес жана ал силерди Кудайдын алдына алып келбейт. Ыйык Китеп дагы мындай дейт: «Кудайга ишенимсиз жагууга мүмкүн эмес: Кудайга келген адам *Анын бар* экендигине, ишениши керек» (Евр. 11:6, курсив автордон). Кудайга жакындаганыңарда, Анын бар экенине ишенишиңер керек. Башкача айтканда, Ал силерге келет, Ал угуп, жооп берет деген ишеним!

Жакып мындай дейт: «Мындай адам Теңирден бир нерсе алам деп ойлобой эле койсун. Эки ойлуу адам өзүнүн бардык жолдорунда туруксуз» (Жакып 1:7,8). Кош ойлуу адам Кудайга жакындайт, бирок, анын алдында экенинен күмөн санайт. Ал атүгүл Кудай анын жакындаганын байкаарынан күмөн санашы мүмкүн.

Кош ойлордун белгилеринин бири – адашкан ойлор. Эмнени айткым келгенин түшүндүрүп берейин. Көбүнчө кызматта, адамдар насааттан кийин сыйынуу үчүн алдыга чыкканда, мен музыканттардан ойноону токтотууну суранам. Кептин баары музыка аспаптардын үндөрү болсо да, көптөр тааныш болгон ырлардын сөздөрүн ырдашат, ошондуктан, Теңирге көңүл бура алышпайт. Жакып мындай дейт: «Кудайга жакындагыла, ошондо Ал силерге жакындайт... эки ойлуулар жүрөгүңөрдү тазалагыла» (Жакып 4:8). Эгерде ойлорубуз адашып, көңүлүбүздү Ага бура албасак, кантип Кудайды издей алабыз? Мындай маанайда досуңарга жакындаганыңарды элестете аласыңарбы?

Адамдар башка нерселерге оңой эле алаксып кетишет, анткени алар Аны менен жакындаганда байланышам деп үмүттөнүшөт. Жок, адегенде Анын бар экенине ишениш керек, Анын бул жерде экенине ишениш керек. Анын сеилерди угуп жатканына жана саилерге жооп берерине ишениш керек. Ал силердин көңүл бурууңарга татыктуу.

Ишеним, Ал силерди абдан кунт коюп угат деген ишенимди берет, анткени силер билгендей, Ал муну убада кылган жана Ал калп айта албайт. Эгер силер Ага жакындасаңар, анда Ал да силерге жакындайт. Оо, бул учурда жүрөктүн толкунун басуу таптакыр мүмкүн эмес! Биз кандай кереметтүү Кудайга кызмат кылабыз! Ага ишеним менен жакындасак, Ал бизге жооп берет!

## Ишенимди кантип алууга болот?

Эми биз көп ишенгендерди кызыктырган нерсе жөнүндө сүйлөшүшүбүз керек. Ишенимди кантип көбөйтүү керек? Ишенгендер ушундай суроолорду ар дайым беришет жана чындыгында элчилердин доорунда да ушул эле суроолор берилген:

> Элчилер Теңирге: «Ишенимибизди арттыр» - дешти. Теңир аларга: «Эгерде силердин сары кычы данындай ишенимиңер болсо бул тыт дарагына: «Тамырың менен суурулуп, деңиздин ичине отургузул» - десеңер, ал силерди укмак – деди (Лука 17:5,6).

Биринчиден, Ыйсанын бул сөздөрүнө көңүл бургула: «Эгерде силердин сары кычы данындай ишенимиңер болсо». Дан - бул абдан кичинекей нерсе, бирок, анын ичинде чоң даракка айлануу мүмкүнчүлүгү бар. Демек, ишеним үрөнүн чоң мөмөлүү даракка айландыруу темасына өтүүдөн мурун, жок дегенде, ишеним данегин кантип алууга болот деп суроо керек? Бул суроого төмөнкү аяттан жооп алабыз:

> Демек, ишеним *уккан сөз* аркылуу пайда болот, ал эми *уга турган* сөз – Кудайдын сөзү (Рим. 10:17, курсив автордон).

Баары ушундай жөнөкөй. Ишенимдин үрөнү Кудайдын Сөзүн угуудан келип чыгат. Ыйсанын «угуу менен» деген сөздөрүнө көңүл бурсаңар. Кээде үрөн Сөздү бир гана жолу уккандан кийин пайда болот, бирок, көп учурда кайра-кайра угуунун натыйжасында, үрөн жүрөгүбүздүн топурагына кирет. Ошондуктан, Теңирге суусаган көптөгөн ишенгендер Кудайдын Сөзүн жана аны камтыган кабарларды тынымсыз угуп же окушат. Мага көп адамдар келип, китептеримди көп жолу кайталап окуп же видеокасеталарды бир нече жолу көрүшөрүн айтышат, ошондо гана аларда бир нерсе ачыктала баштайт. Мына ушундай учурларда алардын жүрөгүнүн топурагына үрөн түшүп, бекем тамыр алат!

Бул ушунчалык жөнөкөй, эгер татаалданта баштасаңар, баарын бузуп аласыңар. Ишенимдин үрөнү Ыйык Рухтун жетеги менен жазылган Кудайдын Сөзүн угуудан гана келип чыгат. Кандай өкүнүчтүү, бүгүнкү күндө насааттоо, жазуу абдан көп, бирок, Кудайдын Сөзүн азыраак айтышат. Басма үйүндөгүлөр менин биринчи китебимди басып чыгаруудан баш тартышты, анткени, анда өтө көп «насаат материалдары» камтылган. Ыйык Жазуу өтө көп, Кудайдын айткандары өтө көп! Менимче, алар адамдын амбицияларын, же балким, денени канааттандыра турган нерсени каалашкан.

Мунун баары абдан өкүнүчтүү, бирок, бүгүнкү күндө көптөгөн кызматчылар мындай талаптарга моюн сунуп жатышат. Азыр бизде Кудайды издөө процесси жеңилдетилген жыйындар бар. Бул жыйындагы адамдар Ыйык Китепти өздөрү менен алып жүрүшпөйт, анткени ага муктаж эмес. Алар “жупуну” же көңүл ачуучу нерселерди угушат, ал аларга ырахатты жана жагымдуулукту көп издетпей, жеңилдетет. Батыш жыйындарынын абалы

жөнүндө ойлосом, аларда болуп жаткан нерселердин баары мен үчүн Кытайда болуп жаткан окуяларга салыштырмалуу кызыктай сезилет, мисалы, акыркы эки жылда биздин кызмат жашыруун жыйын башчыларына элүү миң Библия жөнөткөн, анткени, алар Кудайдын Сөзүн эңсеп жатышат. Кытайда Библия ушунчалык аз болгондуктан, жыйын башчылары Жаңы Келишимдин айрым барактарын аксакалдарга таратып, алардын текстин жаттап алууну суранышат, ошондо Библиялары бийлик тарабынан конфискацияланса да, алар ар дайым Кудайдын Сөзүн сүйлөй алышат. Бул адамдар Кудайдын Сөзүнүн баалуулугун билишет.

Бирок, батыш жыйындарда биз жандын өзгөрүшүнө жана дененин өлүмүнө алып келе турган Кудайдын Сөзүн айтуунун ордуна, жанга жагымдуу, денеге ыңгайлуу болгон насааттар менен адамдардын көңүлүн ачууга аракет кылабыз. Жанга жагымдуу сөздөрдү угуп, күлүп, жадагалса көзүбүздөн жаш да төгүп алабыз, бирок, Кудайды издеген ушундай адамдардын эшигин күнөө какканда эмне болот? Алар ага каршы турууга күч таба алабы? Андай адамдар тигил же бул турмуштук кырдаалда Кудайдын эркин билиши керек болгондо эмне болот – алар кантип сыйынууну жана эмнени суроону билишеби? Алар Жакшы Кабарда сурагандарын алган адамдардай ишенимин өздөрүнөн таба алышабы? Мындай суроолор көп.

Ошол басмакана менин биринчи китебимди албай койгонуна кубанычтамын. Болбосо, ал редакциядан менин билдирүүмдү жумшартууну суранып, ал аркылуу күч-кубатка ээ боло турган көптөгөн адамдар андан ажырап калмак. (Баса, акыры китеп басылып чыкты.) Басмакананын кожоюну менин китебимди албай койгон фирмасынын жетекчисин жумуштан кетирип, жүрөгү толугу менен Кудайга берилген

адамды жумушка алганы кызык болду. Жаңы жетекчи Кудайдын Өз элине айткан кабарларына ынталуу мамиле кылган жумушчуларды өзүнө алды. Бул басмакананын жаңы жетекчиси мени менен байланышып, кийинки китебимди чыгарууга уруксат сурады. Акыр-аягы бул басмаканага беш китеп жазып, анын төртөө бестселлер болуп калды. Бирок, эң негизгиси, биз адамдардын жашоосунда, алардын үй-бүлөлөрүндө жана бүтүндөй жыйындарда болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн сансыз күбөлүктөрүн алууну улантып жатабыз. Бардык мактоолор Кудайга болсун!

Мен мунун бардыгын силер менен бөлүшүп жатканымдын себеби, анткени «жер үстүндө ачарчылык болуп жатат: нанга болгон ачкачылык эмес, суга болгон суусоо эмес, Теңирдин сөздөрүн угууга болгон суусоо болуп жатат» (Амос 8:11). Негизи америкалык жыйында, Кудайдын Сөзүнүн өтө азы айтылат. Мен ал такыр жок деп айтуудан алысмын болгону, көптөгөн билдирүүлөрдүн, китептердин, видео жана аудио кассеталардын фонунда бизде Кудайдын Сөзү жетишсиз. Эмне үчүн Африка менен Азиядагы адамдардын мүмкүнчүлүктөрү америкалыктарга караганда алда канча азыраак, бирок, Теңирден алганы жеңилирээк болот, жашоосунда көбүрөөк ишеним жана жемиштер бар? Чынында, баары абдан жөнөкөй. Алар Байыркы Келишимдин мыйзамына ылайык түзүлгөн, жанга жана денеге жагымдуу кабарларды эмес, жана ишенген адамдын жашоосуна талаптарды эмес, Теңирдин Сөзүн угушат!

Мен Кудайга эч качан сырттан келген кысымга алдырбайм жана адамдарга алардын кулагына жагымдуу сөздөрдү айтпайм деп убада бергем. Ал мага эмнени айт деген болсо, мен ошону айтам. Пабыл мындай деди: «Азыр мен адамдарга жагууну ойлоп жатамбы же Кудайга жагууну ойлоп жатамбы?

Же силер мени адамдарга жагууга аракеттенип жатат деп ойлоп жатасыңарбы? Эгерде мен дагы эле адамдарга жагынып жүрсөм, анда Машайактын кулу болмок эмесмин» (Гал. 1:10). Канчалаган адамдар Машайактын кулу болуп башташып, өздөрүнүн жыйындарынын кызматчылары же угуучуларынын кулу болуп бүтүштү. Эми алар өздөрү жетектеши керек болгон адамдардын каалоолорун канааттандырууга өзүлөрүн милдеттүү сезишет.

Ишеним угуу аркылуу, ал эми угуу Кудайдын Сөзү аркылуу келет. Сенин жүрөгүңдүн топурагына уруктарды же үрөндөрдү себүүчү бул Кудайдын Сөзү. Рухий лидерлер катары биз Теңирдин элине алар керек деп ойлогон нерселерди эмес, алар чындап муктаж болгон нерселерди беришибиз керек.

Биз адамдарды Кудайдын түбөлүктүү Сөзүнүн чындыктары менен азыктандырышыбыз керек, ал сөз аларды калыптандырып жана аларды ыйыкталгандардын баары менен бирге мураска ээ кылууга жөндөмдүү (Элчилер 20:32). Азыр көптөгөн жетекчилер Кудайдын таза жана өзгөрүлгүс Сөзүн кайрадан кабарлап жатышат. Алардын айрымдары бир кезде элдин кулагына жагуу аракетинин торуна түшүп, азыр бул адашуудан кутулса, кээ бирлери кызматына жаңыдан киришүүдө. Алар Кудайдын элин Ага кайтып келүүгө чакырып жатышат! Эмне үчүн Кудай Өзү менен болгон ынак мамиленин маанилүүлүгүн ушунчалык катуу баса белгилейт? Жооп жөнөкөй. Ал силердин Аны менен таттуу биримдикте жана мамиледе жашоо үчүн ишенимге ээ болушуңарды каалайт, анткени, ишенимсиз Аны менен биримдикте боло албайсыңар. Ал Өз элин Өзүнө тартуу үчүн, Өз Сөзү аркылуу аларга ишеним себет. О, бул кандай сонун!

## Ишенимди кантип көбөйтүү керек?

Эми ишенимди кантип көбөйтөбүз деген суроого келдик. Ыйса шакирттерине мындай деген:

> Теңир аларга: «Эгерде силердин сары кычы данындай ишенимиңер болсо, бул тыт дарагына: “Тамырың менен суурулуп, деңиздин ичине отургузул”, – десеңер, ал силерди укмак. Бирөөңөрдүн жер айдаган же мал кайтарган кулуңар бар дейли. Ошол кул талаадан келери менен кожоюну ага: “Тез келип, дасторконго отур”, – деп айтабы? Тескерисинче, ага: “Мага кечки тамакты даярда, мен тамактанып бүткөнчө, белиңди бууп, мага кызмат кыл, андан кийин өзүң тамактан”, – деп айтат да. Буйругун аткарганы үчүн, ал кулуна, эмне, алкыш айтабы? Айтат деп ойлобойм. Силер да ошолордой болуп, өзүңөргө тапшырылган ишти аткаргандан кийин: “Биз эч нерсеге татыбаган кулдарбыз, аткарышыбыз керек болгон ишти гана аткардык”, – дегиле» (Лук. 17:6-10).

Ыйсанын эмне үчүн ишеним жөнүндө сөз кылуудан кожоюну менен болгон мамилесинде кулдун ролуна өткөнү мага дайыма түшүнүксүз болуп көрүнгөн. Бир караганда Ыйса кырааты менен калбагандай сезилиши мүмкүн, бирок, мен мындай болушу мүмкүн эмес экенин билгем. Анан бир күнү Ыйык Рух бул үзүндүгө менин көзүмдү ачты.

Биринчиден, ишеним бизге кичинекей бир урук түрүндө келет дейт. Уруктар адатта кичинекей, бирок, алардын ичинде чоң дарак болуп өсүү мүмкүнчүлүгү бар. Демек, уруктун максатына жетүүсү үчүн жөн эле себүү аздык кылат, ага кам көрүү керек. Анын жообунун экинчи бөлүгүндө

ишенимдин уругунан чоң мөмөлүү даракка өсүп чыгуусунун ачкычы камтылган. Башкача айтканда, даракты тамырынан жулуп, деңизге ыргыта турган, керек болсо тоолорду кыймылдатып, бизди Кудайдын алдына алып чыга турган ишеним!

Кызматчы эмне үчүн жер айдап же кожоюнунун койлорун кайтарат? Анын кызматынын максаты кожоюнду тамак менен камсыз кылуу. Ыйса мындай деп сурайт: жер айдаган же койчу кул кожоюнуна кайтып келип, анын дасторконуна тамак коюу менен ишин аягына чыгара алабы? Ишинде ийгиликке жетүү үчүн ал эмне кылышы керек болсо, ошонун *баарын* бүтүрүшү керек. Бүтпөй калган ишти кыртышка дан эгип, сугарып, жер семирткичтерди чачып, бышып жетээр алдында, кайдыгерликтен же көңүл бурбоодон улам анын жок болуусуна салыштырса болот.

Ыйса биздин Ага баш ийишибиз жөнүндө айтып жатат. Ал биздин Теңирибиз, ал эми, биз Анын талаада иштеген кулдарыбыз. Ишенимдин үрөндөрү жемиш бергенин көргүбүз келсе, анда бизге тапшырылган бардык иштерде тил алчаак кул болушубуз керек. Анын сөздөрүнө көңүл бургула: «Силерге буйрук кылынгандардын баарын аткаргандан кийин, силер да». Бул сөздөр Ал биздин баш ийишибиз жөнүндө айтып жатканын тастыктап турат жана бул биздин ишенимибизди арттыруунун ачкычы.

## Толук эмес тил алчаактык = тил албастык

Жарым-жартылай баш ийүү же баш ийип, анан чегинүү жетиштүү эмес. Бул ката көптөгөн библиялык каармандар тарабынан жасалган. Мунун өзгөчө бир мисалы — Шабыл падыша. Кудай ага амалылыктарды биротоло жок кылууну

буйрук кылган. Ал бардык эркектерди, аялдарды жана балдарды өлтүрүп, бардык жаныбарларды жок кылышы керек болчу. Дем алган эч нерсе аман калбашы керек болчу.

Шабыл Анын айткандарын аткаруудан баш тарткан эмес. Көп учурда биз баш ийбөөнү ачык, көзгө көрүнгөн жана ачыктан-ачык козголоң деп атайбыз. Бирок, бул такыр эле андай эмес. Шабыл бир нерсе убада кылып, кайра оюнан кайтып, убадасын бузган кылык-жоруктарын көрсөткөн эмес. Көптөрүбүз үчүн баш ийбөө так ушундай жүрүм-турумду билдирет. Шабылда буйруктун маанилүүлүгүн түшүнүп, бирок, кийин аны унутуп же кайдыгерликке салып койгон учурлар да болгон эмес. Биздин көбүбүз мындай аракетти баш ийбөөчүлүк катары кабыл алмакпыз, бирок, аны мыйзам бузуучунун жакшы ниети менен актап коймокпуз. Кыязы, биз көрсөткөн жүрүм-турумду тил албастык деп атоого болот дегенге көптөр, атүгүл баары макул болушат, бирок келгиле, Шабылга кайрылып көрөлү.

Ал бат эле жоокерлерин чогултуп, амалылыктарга кол салды. Ал бардык эркектерди, аялдарды жана балдарды өлтүргөн. Шабыл жана анын аскерлери кылычтары менен миңдеген адамдарды өлтүрүштү. Бирок, Шабыл амалылыктардын падышасын аяп койду. Эмнеге? Менимче, ал өз доорунун талабына баш ийди. Эгер силер элди жеңип, падышасын тирүүлөй алсаңар, аны өз сарайыңарда кул кылып, тирүү олжого ээ боло аласыңар.

Ошондой эле, Шабыл миңдеген жаныбарларды да жок кылган. Бирок, эң жакшы койлорду, букаларды жана башка жандыктарды Кудайга курмандыкка чалыш үчүн жана мыйзамды аткаруу үчүн, өз элине берди. Мунун баары элдин көзүнө кандай көрүнгөнүн элестеткиле. Ошол жаныбарларды Жахаба Кудайга курмандыкка чалганда, алар: «Кандай

такыбаа падышабыз, ал дайыма Теңирди биринчи орунга коёт», - деп ойлошкон.

Бирок, Кудай аны башкача көргөн. Ал Шемуелге: «Мен Шабылду падыша кылып койгондугума өкүнүп жатам, анткени ал Менден бурулуп кетти, Менин сөзүмдү аткарган жок»- деди (1 Шемуел 15:11). Шабыл он миңдеген адамдарды өлтүрдү, бирок, бирөөсүн аяп койду. Ал тапшырманы 99,9 пайызга аткарды. Көптөрүбүз анын иштеринде тил алчаактыкты көрмөкпүз, бирок, Кудай баш ийбестикти көрдү. Анын үстүнө, Ыйык Китептин бир аз төмөндөгү текстинде, Кудай, пайгамбардын оозу аркылуу, анын иш-аракетин баш ийбестик деп атайт. Ошентип, биз Кудайдын алдында жарым-жартылай баш ийүү баш ийбестик экенин көрөбүз. Чынында, дээрлик толугу менен баш ийүү, ал тургай, 99,9 пайызга болсо да, баш ийүү болуп эсептелбейт, тескерисинче, баш ийбөө болуп саналат. Төмөнкү каршы пикирди көп угабыз: «Эмне үчүн менин кылганымды карабайсың? Сен мен кылбаган нерсеге гана көңүл бурасың!» Шабыл да ушуну айтса болмок. Мунун баары адамдык ой жүгүртүүгө толук дал келгени менен, Теңирдин көз карашына эч кандай туура келбейт!

## Кудай менен болгон жакындыгыбыз биздин ишениммибиз менен түздөн түз пропорционалдуу

Эгер Шабылдун жашоосуна көз чаптырсак, анын ишениминин сапаты дайыма начарлап баратканын көрөбүз. Анын Теңирден улам алыстап баратканын көрөбүз. Анын Кудай менен болгон жакындыгынын деңгээли төмөндөйт, анткени, биздин Кудайга жакындоо жөндөмүбүз

ишенимибизге түз пропорционалдуу. Элчи Жакан бул тууралуу мындай дейт:

> “Чындыктан экенибизди ушундан билип алабыз, бизди жүрөгүбүз айыптаса да, жүрөгүбүздү Кудай алдында тынчтандырабыз. Анткени Кудай жүрөгүбүздөн чоң, Ал баарын билет. Сүйүктүүлөрүм, эгерде жүрөгүбүз айыптабаса, анда Кудай алдында кайраттуулукка ээбиз. Эмне сурасак да, Андан алабыз, анткени Анын осуяттарын аткарып жатабыз жана Ага жакканды кылып жатабыз” (1 Жакан 3:19-22).

Биздин Кудайга жакындоо жөндөмдүүлүгүбүз ишенимге түз пропорционалдуу, ал эми, ишеним Теңирге баш ийүүбүзгө түз пропорционалдуу. Эми бул сөздү тактап берейин. Мен тил албастык учурлары жөнүндө айтып жаткан жокмун, андан кийин дароо күнөөңдү мойнуңа алып, тообо кыласың. Дөөттүн күнөөсү Шабылдыкына караганда алда канча оор болгон, бирок, ал дароо өкүнгөн. Анын ишеними, Теңир менен ынак мамиледе болуу жөндөмү азайган эмес. Ал эми, Шабыл өз кызыкчылыгын көздөй берген, ал өзүнүкү деп эсептеген нерселерди коргогон жана кеңейткен. Анын жүрөгү Дөөттүн жүрөгүнө окшоп, Теңирди эңсеген эмес.

Бул мисалга жакшы күбөлүк катары жубайлардын күнүмдүк мамилеси эсептелет. Алардын бири экинчисинин кызыкчылыгын эске албай, өз алдынча талап кыла баштаса, ортодогу ишеним жана жакындык жоголот. Күйөөсү: «Уксаң, мен төлөмдөрдү төлөсөм, сени багам, үй-жай кылсам, сени кийинтсем. Мен дагы башка да аял алсам эмне болот эле?” Ал аялын жакшы көрөт жана ага кам көрөт деп ойлошуңар мүмкүн, бирок, алардын ортосундагы жакындыктын деңгээли алардын жашоосунун бир гана тармагында анын

тил албастыгынан улам, тез төмөндөйт деп мен силерге кепилдик берем.

Биз: «Теңир, мен жыйынга үзгүлтүксүз барып, ондукту берем, Ыйык Китепти окуп, сыйынам, бирок, анда эмне үчүн менин ишеними мынчалык алсыз?» – деп айта алабыз. Мага силерге бир суроо берүүгө уруксаат эткиле: сиз жубайыңызга кандай мамиле кыласыз? Кудай мындай дейт: «Ошондой эле, силер, күйөөлөр, аялзатынын алсызыраак экенин эске алып, аялыңарга туура мамиле кылгыла. *Сыйынууңарга тоскоолдук болбошу үчүн*, аларга урмат көрсөткүлө, анткени алар да ырайымдуу жашоонун мураскорлору (1 Пет. 3:7, курсив автордон). Жашообуздун бардык тармагында тил алчаак болбосок, биздин Кудай менен болгон мамилебиз тоскоолдукка учурайт. Ыйсанын сөздөрүн эстегиле: «Силерге буйругандардын баарын аткаргандан кийин, силерге да ошондой болот». Жарым-жартылай баш ийүү эч качан ишенимиңерди арттырбайт! Ушул эле принцип жубайлардын, балдар менен ата-энелердин, ал тургай ата-энелердин балдарга болгон мамилесине да тиешелүү.

Дагы бир суроо туулат: кантип сөзүңөрдү аткарасыңар? Ыйык Жазууда «зыян тартып каларына карабай, берген антынан танбаган» адам Теңир менен ынак мамиледе болорун ырастайт (Заб. 14:4). Силер берген сөзүңөрдү сактап жатасыңарбы? Оозуңар менен дайыма күнөө кылып, анан эмне үчүн ишенимиңер алсыз экенине таң каласыңар? Мен ушул сыяктуу суроолорду берүүнү уланта алам.

Биз Кудайдын Сөзүнө толугу менен баш ийүүгө умтулабызбы, кептин баары ошондо? Анткени, бизге катуу айтылган:

> “Балдарым, мен муну силерге *күнөө кылбасын* деп жазып жатам” (1 Жакан 2:1, курсив автордон).

Көптөр күнөөгө жеңил же мыйзамчыл позицияда карашат. Күнөөгө жеңил-желпи караган адамдар Кудайдын Сөзүн бузса болот деп ойлошот, анткени, биз ырайымдын астында жашайбыз жана ырайымдуу Кудайыбыз бар. Биздин бардык күнөөлөрүбүз Ыйсанын айкаш жыгачтагы курмандыгы менен жабылат. Ооба, Теңир биздин күнөөлөрүбүздү айкаш жыгачта төлөдү, бирок, биз Пабылдын ишенгендерге айткан сөздөрүн эстешибиз керек: “Өзүңөрдү тил алчаак кулдар катары кимге тапшырып берсеңер, кимге баш ийсеңер, ошонун кулдары болоруңарды билбейсиңерби? Ошол сыяктуу эле силер өлүмгө дуушар кыла турган күнөөнүн же адилдикке жеткире турган тил алчаактыктын кулдары болоруңарды билбейсиңерби?» (Рим. 6:16). Ыйса Өзү Аны Теңирим деп атап, бирок, күнөө кыла бергендерге төмөнкү сөздөрдү айткан: «Менин жанымдан кеткиле, мыйзамсыз иш кылуучулар» (Матай 7:23).

Ал эми, мыйзамчылар күнөө кылууну адамды өздөрүнүн “ыйыктар клубунан” бөлүп турган фактор катары карашат. Бирок, бул максат биздин ар кандай баш ийбестиктен алыс болушубуздун негизи болбошу керек. Чындыгында, мындай мотивация бизди күнөөдөн эч качан кайтара албайт. Бирок, тил албастык ишенимибизди бузаарын жана бул өз кезегинде Теңир менен болгон мамилебизге тоскоол болорун түшүнсөк, анда биз күнөөдөн качышыбыз керек!

Эмнеге? Анткени, биз Аны менен болгон жакындыкты дүйнөдөгү баарынан да көбүрөөк каалайбыз!

Эми биз Жакыптын Кудайга жакындоо чакырыгынын алдында жана андан кийин эмне дегенин түшүнөбүз:

> Ошондуктан Кудайга *моюн сунгула*. Шайтанга каршы тургула, ошондо ал силерден качат. Кудайга жакындагыла, ошондо Ал силерге жакындайт. *Күнөөкөрлөр, колуңарды тазалагыла.* Эки ойлуулар, жүрөгүңөрдү тазалагыла! (Жакып 4:7,8, курсив автордон).

Көрүнүп тургандай, бардыгы баш ийүүнүн тегерегинде! Эмнеге? Биз Кудайга толук ишеним менен жакындашыбыз үчүн. Келгиле, бул бөлүмдүн эң башында караган үзүндүгө дагы бир жолу кайрылалы:

> “Ошентип, бир туугандар, ыйык жайга Ыйса Машайактын каны аркылуу, жаңы жана тирүү жол менен кирүүгө *укугубуз* бар... Кудайга таза жүрөк жана бекем ишеним менен *жакындайлы*. Өзүбүз *жарыялаган үмүттү бекем сактайлы*, анткени убада берген Кудай ишенимдүү” (Эвр. 10:19-23, курсив автордон).

Биздин ишенимибиз же толук ишенимибиз Кудайдын Сөзүн уккандан келип чыккан ишенимден келет жана бул ишеним, өз кезегинде, биздин дайыма баш ийүүбүз менен көбөйөт. Эгерде биз күнөө кылсак, анда бизде Атабыздын алдында арачылык кылган Арачыбыз же Жактоочубуз бар жана биз тездик менен тобо кылсак, анда абийирибиз айыптоодон таза болот, анткени Ыйса Машаяктын каны бизди бардык күнөөлөрдөн тазалап, кардан ак кылат. Бирок, билип туруп, атайын күнөө кыла берсек, анда абийирибиз бизди айыптайт жана Кудай баарыбызды абийирибизге караганда көбүрөөк айыптайт, анткени, Ал баарын билет. Кудайга толук ишеним менен жакындашыбызга тоскоол болгон тоскоолдуктарды өзүбүз жаратабыз.

## Үмүт

Эми биз жогорудагы үзүндүдөгү экинчи сөзгө кайрылабыз: «Өзүбүз *жарыялаган үмүттү бекем сактайлы*». Көп учурда үмүт же таяныч ишенгендер тарабынан туура эмес түшүнүлөт. Бул сөздүн “мүмкүн” деген сыяктуу шек саноо менен эч кандай байланышы жок. Тескерисинче, бул термин «ишенимдүү күтүү» дегенди билдирет.

Кудай Ыбрайымга биринчи жолу көрүнгөндө: «Мен сенин калканыңмын; Сенин сыйлыгың абдан чоң болот» (Башт. 15:1) деп убада кылган. *Чыныгы жагдайда* Ыбрайымдын төрөбөгөн аялынан балалуу болом деген эч кандай үмүтү жок болчу, ошондуктан анын жообу бир топ көңүл чөгөрлүк эле:

> «О, Эгедер Теңирим! Мага Сен эмне бересиң? Мен баласыз өтүп бара жатам, үй ишин башкаруучум – дамасктык ушул Элиезер. Сен мага тукум берген жоксуң, ошондуктан үйүмдөгү адам менин мураскорум» (Башт. 15:2,3).

Бул кишинин үмүтү аз же такыр жок экени айкын болгон, бирок, Кудай Ыбрайымдын убадасын ал ишенмейинче ала албасын билген. Кудай ошол эле күнү кечинде аны үйдөн алып чыгып, асмандагы жылдыздарды көрсөтүп, аларды санап чыгууну буйруду. Менин оюмча, окуя мындай болду: Ыбрайым сансыз жылдыздарды санап жатып уктап калса керек. Эртеси эртең менен Теңир аны ойготту: «Сен бардык жылдыздарды санадыңбы?»

Ыбрайым: «Жок, алар өтө көп экен», - деп жооп берди.

Кудай андан күткөн жообун алып, анан ага: «Сенин тукумуң да ошончо көп болот», - деди (Башталыш 15:5). Кудай ага Кудайлык ишенимди сыйдырган – Анын

Ыбрайымга берген убадасынын айкын көрүнүшү – сансыз тукумдар. Ыбрайым асманды карап, жылдыздарды көргөн сайын Кудайдын убадасын эстеп, өзүнүн көптөгөн урпактарынын: «Ыбрайым ата! Ыбрайым ата!» деген кубанычтуу үндөрүн укчу.

Бул темага байланыштуу Жаңы Келишимде Ыбрайым жөнүндө мындай деп айтылат: Ыбрайым үмүттөнгүдөй эч нерсеси жок болгон учурда да:

> «Сенин тукумуң ушунча көп болот» деп айтылган сөзгө үмүт менен ишенгендиктен, көптөгөн элдердин атасы болуп калды (Рим. 4:18).

Ыбрайымга эмне убада кылынган? – “Сенин тукумуң ошончо көп болот”. Чыныгы дүйнөдө эч кандай үмүтү жок болсо да, Ыбрайым Кудайдын чөйрөсүнө кадам таштады жана алар өз убадалары менен көрүнүп тургандардан ашып кетишти. Ыбрайым ачык-айкын нерселердин чегинен тышкары, Кудайдын реалдуулуктарынан кароону тандаган. Чынында, Ыйык Жазууда Ыбрайымдын «Кудайдын Өз убадасын аткарууга кудурети жетерине толук ишенгени» айтылат (Рим. 4:21). Ал убаданы үмүтү күчтүү болгон ишеним менен алды. Бизге мындай деп айтылат:

> “Ишеним – бул үмүттөнүп күтүп жаткан нерсенин ишке ашарынан шектенбөө жана көрүнбөгөн нерсеге бекем ишенүү” (Эвр. 11:1).

Биздин ишенимибиз Кудайдын үмүтүн же убадаларын ишке ашырат. Ыбрайымдын окуясынан көргөнүбүздөй, Кудайдын үмүтү — бул Кудайдын эркинин көрүнүшү же планы, аны физикалык көз менен көрүүгө мүмкүн эмес.

Кудайдын үмүтү өтө маанилүү, анткени, үмүтсүз ишеним эч нерсеге жете албайт. Кудайдын Сөзү жүрөгүбүзгө ишенимди гана салбастан, бизге үмүт да берет, ишеним болсо аян берет.

Мунун бардыгын бир үйүлгөн курулуш материалына салыштырууга болот, мисалы, плитка, терезе жээкчелери, черепица, цемент, жыгач, кирпич жана башкалар. Мунун баарын биз чогулта алабыз, бирок, долбоорсуз жана чиймелерсиз курулуш процесси коркунучтуу түшкө айланат! Силер: *мен плансыз эле кура алам* деп ойлоп жаткандырсыңар. Балким, силерде долбоор бар, бирок, силерге дагы эле жок дегенде, кандайдыр бир план керек.

## Көшөгөнүн артына, Анын катышуусуна кирүү

Кудайга жакындоого эмнелер тиешелүү экен, келгиле, негизги текстибизди карап көрөлү:

> “Ошентип, бир туугандар, ыйык жайга Ыйса Машайактын каны аркылуу, жаңы жана тирүү жол менен кирүүгө *укугубуз* бар... ошондуктан жүрөгүбүздү булганган абийирден кан чачуу менен тазалап, денебизди таза сууга жууп, Кудайга таза жүрөк жана бекем ишеним менен *жакындайлы*. Өзүбүз *жарыялаган үмүттү бекем сактайлы*, анткени убада берген Кудай ишенимдүү” (Эвр. 10:19-23, курсив автордон).

Пабыл Теңирге жакындоо жөнүндө ачык айткан: «Үмүттү таяныч кылып бекем карманалы» деген сөздү кайра карагыла. Эсиңерде болсун, үмүт – бул силердин долбооруңар, көз карашыңар, физикалык көз менен көрүүгө мүмкүн болбогон нерселердин Кудайлык көрүнүшү. Муну эске алып, төмөнкүнү кылдаттык менен окуп чыккыла:

> “Адамдар жогорку нерсе менен ант беришет, ант айтылган сөздү бекемдеп, талаш-тартышты токтотот. Ошол сыяктуу эле Кудай да убадалангандын мураскорлоруна Өз эркинин өзгөрбөстүгүн ачыгыраак көрсөткүсү келгендиктен, убадасын ант менен бекемдеди. Баш паанек тапкан жана алдыбыздагы үмүттү карманган биз Кудайдын калп айтууга мүмкүн болбогон өзгөргүс эки нерсеси – убадасы жана анты менен сооронушубуз үчүн ошондой кылды. Биздин жаныбыз үчүн кеменин оор кайырмак темириндей бекем жана *ишенимдүү болгон ал үмүт көшөгөнүн артына өтө алат*” (Эвр. 6:16-19, курсив автордон).

Силер көрдүңөрбү? Бул эки үзүндү бириктирип, анан алгыла:

> Келгиле, чын жүрөктөн, *толук ишеним* менен *жакындайлы ... жарыялаган үмүттү таяныч кылып бек кармайлы*, анткени убада Берген ишенимдүү... Үмүт, ал жан үчүн коопсуз жана бекем казык сыяктуу жана ички көшөгөгө кирет (Эвр. 10:22,23; 6:19, курсив автордон).

Библиянын жаңы англисче которулушунда, бул үзүндү мындай деп которулган: «Ал [үмүт] бизди асман көшөгөсү аркылуу Кудайдын ички ыйык жайына алып барат». Ыбрайымга Кудайдын үмүтү жөнүндө так аян берген Кудай болгон. Жакындык жөнүндө сөз болгондо, Ыйык Рух биздин жердеги көзүбүз көрө албаган нерселер жөнүндө Кудайлык аян берет, тактап айтканда, ал асмандагы такты бөлмөсүндө жашаган Теңирдин Өзүн көрсөтөт.

Биз Кудайга жакындаганда, ичибиздеги Кудайдын

Рухуна кайрылып, денебиздин жана чектелген табигый ой жүгүртүүбүздүн көшөгөсүнөн өтүп, андан кийин Анын алдына киребиз. Ал жактан биз асмандын ички ыйык жайынан өтөбүз, ал жерден Ыйса менен Атабызга жолугабыз. Бул ички ыйык жайда биз даңктын Теңири менен ынак мамиледе болобуз!

Ишенгендер көбүнчө сыйынуу учурунда өздөрүн такты бөлмөсүнө кирип жаткандай элестетүүгө аракет кылышат. Бирок, Ыйык Рухтан үмүтү жок болсо, муну Ыбрайымдын Кудайдын убадасын визуалдык көрүнүшү болгонго чейин ишке ашыра албаганы менен салыштырууга болот. Теңир Өзү эмне болорун айкын сүрөттөгөндөн кийин гана, Ыбрайым Кудай ага убада кылган нерселердин бардыгын түшүндү. Биз Ыйык Рухсуз ички ыйык жайда Кудай менен чыныгы жана ынак мамиледе боло албайбыз. Бул бизге үмүт, же физикалык көздөр көрө албаган нерселердин так көрүнүшүн берет. Бул көрүнүш менен биз толук ишеним жана кайраттуулукта Ыйса абдан кымбат төлөгөн жана биз жашай ала турган нерсеге жакындап жатабыз. Оо, Ыйса, биз азыр да, түбөлүк да Кудайдын алдына толук ишеним менен жакындай алышыбыз үчүн, Сенин падышалык каныңды төгүлгөнүнө Сага ырахмат!

## ТЕМАГА БАЙЛАНЫШТУУ СУРООЛОР:

1. Библиядагы үмүт - ишенимдүү күтүү деген сөз - “болушу мүмкүн” деген күмөндүү үмүткө карама-каршы келет. Жашооңордо ишенимтүү күтпөстөн, “балким” деген сөз менен мамилеңерди билдирген учур болду беле? Эгер болгон болсо, бул жаатта ишенимиңердин абалы тууралуу эмне айта аласыңар?
2. Элчилердин доорунан азыркыга чейин ишенгендер эки суроону беришет. Бул суроолор бири-бирине абдан окшош, бирок мааниси жагынан абдан айырмаланат:

   - Ишенимди кантип тапса болот?
   - Ишенимди кантип арттырса болот? Бул бөлүмдө чогулткан билимиңерди колдонуп, бул суроолорго кантип жооп берсе болот?

3. Шабыл менен Дөөттүн тил алчаактыгынын табиятын салыштырып, алардын бул маанилүү темага болгон мамилесинде кандай айырмачылыкты көрүп турасыңар? Алардын тил алчаактыгы ар биринин Кудайга жакын болушуна кандай таасир эткен?
4. Кудайга баш ийүү адамдын Ага кайраттуулук менен кайрылуу жөндөмүнө кандай таасир этет?

14-бөлүм

# ДАГЫ ДА КӨБҮРӨӨК ЖАКЫНДОО МЕНЕН

Силер Ага жакындай аласыңар, анткени, Ал силерге каалаган убактыңарга чакыруу берген.

Бул акыркы бөлүмдө биз бизди абдан сүйгөн Кудайга жакындоонун практикалык жагын талкуулайбыз. Бирок, бул талкуу көп жагынан үйлөнө турган жаштар үчүн ынак жашоодогу деталдуу көрсөтмөлөргө окшош болот. Жаштарга муну үйрөтсө болот, бирок, калганынын баары алардын жүрөгүнөн чыгат. Бул жакындыктын сулуулугу ушунда камтылат: ал биздин жүрөгүбүздө гүлдөйт, ага акыл менен жетүүгө болбойт.

Теңирге жакындаганда, биз Анын образында жана окшоштугунда жаратылганыбызды унутпашыбыз керек. Анын сезимдери, биздикиндей эле, ар кандай болушу мүмкүн. Биз жакын досубуздун гана эмес, Теңирдин маанайына да

сезимтал болушубуз керек. Мисалы, даңктоо менен, кээде ал тургай, өкүнгөн рух менен Анын алдына кирүү керек болгон жагдайлар болот. Кээде тайманбай, кээде коркуп, титиреп барыш керек. Биз кээде күлүүнү каалласак, кээде болсо ыйлаганды каалайбыз. Анын жардамы аркылуу биз караңгылыктын күчтөрү менен рухий согушка кире турган учурлар болот, ал эми башка учурларда Анын укмуштуудай катышуусундагы тынчтык жана бейпилдик сезими пайда болот.

Акыркы эки салыштырууга мисал катары кылмышкерлердин басып алуу коркунучу астында турган үйдү келтирсек болот. Кылмышкерлер үйүңүздүн арткы эшигин сындырууга аракет кылып жатышат дейли. Элестеткиле, ушул учурда уулу өзүн жана үй-бүлөсүн кантип коргоону издеп жаткан атасынын жанына келип: «Ата, мен сизди дүйнөдөгү эң жакшы ата деп эсептейм. Бизге ушунчалык кам көрөсүз, дайыма шайыр, акылдуусуз...»

Атасы уулунун сөзүн бөлүп: “Азыр сезимдериңди айта турган убак эмес, бейсбол таякчаңды алгын, арткы эшикке баралы” дейт.

Ыйса Машаяктын Жыйыны - Кудайдын үйү экенин унутпашыбыз керек. Ал эми, бул дүйнөдө биздин чыныгы душмандарыбыз бар. Ошондуктан, мен сыйына баштаган учурларда, Ыйык Рух мени рухий согушка катышууга үндөйт жана Ал муну ар бир жолу ар башкача кылышы мүмкүн. Бул Сөздү насааттоо, Рухтагы сыйынуу, атүгүл даңктоо аркылуу да болушу мүмкүн (Жошапат жана анын жоокерлери менен болгон окуядагыдай. 2 Жылнаама 20:20-24 кара). Биз атмосферага гана эмес, Анын каалоосун кантип так аткарууга да сезимтал болушубуз керек.

Биздин мисалга кайрылып, актерлорду жайгаштыруунун

дагы бир вариантын карап көрөлү. Ошол эле үйдү элестеткиле: баары жакшы, атасы эс алып, очоктун жанында отурат. Ушул убакта анын жанына уулу келип: «Ата, жүрүңүз аларга көрсөтөлү!» дейт.

Атасы аны карап: “Уулум, баары жайында, эч кандай коркунуч жок. Отур, жакшы нерсе жөнүндө сүйлөшөлү” дейт. Бизге жакын адамдар менен болгон мамиленин мисалын колдонуп, азыр сиз өзүңүз дагы көптөгөн окшош көрүнүштөрдү таба аласыз деп ишенем. Так ошондой эле, сыйынууда да ар кандай убакыттар, ар кандай маанайлар болот. Мен айтып өткөн окуялардын баары жана андан да көбүрөөгү Ыйык Жазууда берилген. Эң негизгиси, учурда Кудайдын жүрөгүндө эмне болуп жатканын билүү.

## Кудайдын кызыкчылыктары

Эгер досуңар дайыма эле силерге аны кызыктырган нерселерди гана ойлоп келсе, кандай сезимде болот элеңер? Атасынан бир нерсе керек болгондо гана баласы ага келсе, атасында кандай сезим болот? Жан дүйнөңөрдү өзүмчүл же боору оорубаган адамдарга ачасыңарбы?

Эгер биз Теңирдин жүрөгүн козгогубуз келсе, анын каалоолорун жана муктаждыктарын билишибиз керек. Ооба, муктаждыктарын! Ал кудуреттүү, баарын билүүчү жана бардык нерсеге ээ болсо да, бул жерде адамга эрк жана белгилүү эркиндиктерди берген. Адамга муну жасоого уруксат берүү менен Ал Өзүн алсыз абалга койду. Адамдын күнөөгө кулашынан жана дүйнөдө калп айткан, тузакка түшүргөн жана адамдарды кыйнаган жаман күчтөр бар болгондуктан, көбүбүз азап-кайгыны башыбыздан өткөрүп жатабыз. Кудай мындай адамдарга жардам берүүнү

каалайт жана кимдир бирөө алар үчүн үн чыгарышын күтөт. Ошондуктан, Теңир ар дайым Кудайдын ырайымы менен кыйналып жаткан адамдарга жардам берүүгө шашып, арачылык кылган Өз балдарына абдан жакын экенинен шектенбесеңер да болот. Кыямат күнү Ыйса мындай дейт:

> «Анткени Мен ачка болгондо, тамак, суусаганда, суу бердиңер. Жолоочу болгонумда, силер Мени кабыл алдыңар. Жылаңач болгонумда, силер Мени кийинттиңер. Ооруганымда, силер Мага келдиңер. Түрмөдө отурганымда, силер Мага келдиңер” (Мт. 25:35,36).

Бул жерде силер ааламдагы бардык күч-кубатка жана бийликке ээ болгон даңк Ээсин муктаждыкта көрүп турасыңар. Анын муктаждыгы биздин муктаждыгыбыз, Ал сүйгөндөрдүн муктаждыгы. Анткени, Ал мындай деген: «Силерге чындыкты айтып коёюн, Менин бул кичине бир тuугандарымдын бирине жакшылык кылганыңар, Мага кылганыңар» (40-аятты кара). Башкалар үчүн арачылык кылган, аларга физикалык жардам берген, Кудайдын Сөзүн жеткирүүчү, жараларды Кудайдын күчү менен айыктырган жана башкалар, Кудайдын жүрөгүн башкаларга караганда тезирээк козгойт.

Бир убакта Кудайдын эли Аны абдан тырышчаактык менен издешкен, атүгүл алар жөнүндө: «Алар күн сайын Мени издешет. Менин жолдорумду билгилери келет» деп айткан (Ышайа 58:2).

Бирок, Кудай аларга жооп берген эмес. Адамдар эмне үчүн Кудай аларга жакындабаганын сурай башташты. Алар эмне үчүн Анын сыйынууларга жооп бербей жатканын түшүнө алышкан жок.

> Ошондо Ал мындай деди: Силер орозо кармаган күнү өз эркиңерди аткарасыңар, башкалардан оор жумуштарды талап кыласыңар. Силер талаш-тартыш, уруш-чатак үчүн, башкаларды кылмыштуу колуңар менен уруш үчүн орозо тутуп жатасыңар (Ышайа 58:3,4).

Көңүл бурсаңар, алар урушуп, бири-бирин сөгүшкөн. Бул темадагы негизги үзүндүбүзгө кайрылып көрөлү: «Кудайга жакындагыла, ошондо Ал силерге жакындайт». Бөлүмдүн башын карасаңар, Жакыптын мындай дегенин көрөсүңөр:

> Ортоңордогу чыр-чатак, талаш-тартыш кайдан чыгат? Дене мүчөлөрүңөрдө согушуп жаткан кумарларыңардан эмеспи? Каалап жатасыңар, бирок ала албай жатасыңар; киши өлтүрүп, көрө албастык кылып жатасыңар, бирок эч нерсеге жете албай жатасыңар; талашып-тартышып, чатакташып жатасыңар, бирок ала албай жатасыңар, анткени сураган жоксуңар. Сурасаңар да, ала албай жатасыңар, анткени жакшы нерсе үчүн эмес, өзүңөрдүн кумарларыңарды канааттандыруу үчүн сурап жатасыңар. Бузуктук кылуучулар!.. Ошондуктан Кудайга моюн сунгула; Шайтанга каршы тургула, ошондо ал силерден качат. Кудайга жакындагыла, ошондо ал силерге жакындайт (Жакып 4:1-8).

Демек, кеп мына ушул жерде. Бул биринчи орундагы практикалык кадам: биз Ал үчүн жана Жакшы Кабар үчүн өз өмүрүбүздү жоготушубуз керек. Биз Анын каалоолору үчүн жашашыбыз керек. Биз Ал сүйгөндү сүйүшүбүз керек жана Ал жек көргөндү жек көрүшүбүз керек. Ал үчүн маанилүү болгон нерсе биз үчүн маанилүү болушу керек, ал эми, Ал үчүн

маанилүү болбогон нерсе, биз үчүн маанилүү боло албайт. Биз Анын жүрөгүнө ээ болушубуз керек!

Бул жеке жашообуз болбойт дегенди билдиреби? Кудай Өз элине эс алуу жана бейпилдик бергиси келбейби? Албетте каалайт. Ыйык Жазуунда: «Кудай бизге жыргалчылыгыбыз үчүн баардыгын мол берет» деп ачык-айкын айтылат (1 Тим. 6:17). Бирок, биз Аны көз жаздымда калтырып, өзүбүздүн каалоолорубузду гана канааттандырууга аракет кылганыбызда, анын жүрөгү менен байланышыбыз үзүлөт.

Биз кедейлерге жардам берүү менен гана Кудайга жага алабыз деп эсептеген адамдар бар. Эгер ошондой болсо, анда эмне үчүн Петир жесирлерге кам көрүүнү токтотуп бирок мындай деди: «Кудайдын сөзүн таратуу ишин таштап коюп, тамак бөлүштүрүп жүргөнүбүз жакшы эмес Ошондуктан, бир туугандар, элдин ишенимине ээ болгон, Ыйык Рухка толгон жана акылдуу жети адамды араңардан тандагыла. Бул кызматты ошолорго тапшыралы. Биз болсо дайыма сыйынууну жана Кудай сөзүн айтып кызмат кылууну уланта берели» - деп айтты (Элчилер 6:2-4). Петир байкуш адамдардын рухий ачкачылыгын Кудайдын Сөзү менен бир адамдар, ал эми алардын денелик ачкалыгын физикалык тамак менен кандыра турган башка адамдар болуш керек экенин түшүнгөн. Экөө тең жалпы иш менен алектенишет. Алар Ыйсанын муктаждыктарын канааттандырышат: «Анткени Мен ачка болгондо, тамак бердиңер...».

Теңирдин кызыкчылыгын көздөгөн адамдар Ага оңой жакындай алышат. Муса ошондой адам болгон, анткени, ал Кудайдын кызыкчылыктарын аткарып, Кудайдын элин кайтарган. Ал Кудайдын жүрөгүн сезген жана Теңир менен терең жана ынак мамиледе болгон.

Жакшы кызматчы болгон Жошия падыша жөнүндө Кудай

мындай деди: “Ал жакыр адамдын жана муктаж адамдын ишин териштирип турган, ошондуктан ага жакшы болгон. «Бул *Мени билгендикти* билдирбейт бекен?” – дейт Теңир (Жер. 22:16, курсив автордон).

Мейли жардам берипби, башкаруудабы, окутуудабы, бирдемени бөлүштүрүүдөбү жана башкалардабы өз кызматын жакшы аткарган адамдардын, өз жашоосунда жада калса кызматта көп учурда өз кызыкчылыктары менен жетектелген адамдарга караганда Теңирге жакындоо жеңил. Анткени, Теңир Өзү: «Мени билүү деген ушул эмеспи?» - деген.

## Угуу үчүн жакын болуу

Аятта Теңирге жакындагысы келгендерге төмөнкүдөй практикалык кеңеш берилет:

> Кудайдын үйүнө баратканыңда [Кудайга жакындаганда], бутуңду байка, баарынан да, укканга даяр бол. Анткени бул акылсыздардын курмандык чалганына караганда жакшы, анткени алар жаман иш кылып жатканын түшүнүшпөйт. Сүйлөгөнгө шашылба, жүрөгүң да Кудайдын алдында сүйлөгөнгө ашыкпасын, анткени Кудай асманда, сен болсо жердесиң, ошондуктан аз сүйлө. Түштөр түйшүктүн көптүгүнөн кирет; акылсыздын үнү көп сүйлөгөнүнөн билинет (Нас. 4:17; 5:1,2).

Келгиле бул үзүндүнүн биринчи бөлүгүн баса белгилейли. Англисче Ыйык Китептин бир вариантында: «Кудайга жакындаганда, курмандык чалууга эмес, угууга даяр бол»,— деп окуйбуз. Мен көп адамдар Кудайга жакындаган сайын

тынымсыз сүйлөшөрүн же даңктаарын байкадым. Албетте, бул да керек. Бирок, мен ошондой эле, Ага жакындоодо бир сөз сүйлөөдөн же даңктоодон мурда, унчукпай, кунт коюу менен жакындоо пайдалуу экенин байкадым.

Жакында эле мен өтө чоң жана таасирлүү жыйындын кайтаруучусу менен жолуктум. Эртең мененки тамакта ал мага мындай деди: "Джон, мен акыры Теңирге эмне дегениме жеттим: "Мен ар күнү эртең менен Сага сыйынуу менен тынымсыз сүйлөп, эч кандай жооп албагандан чарчадым. Сен мага сүйлөмөйүнчө, мен Сага күнүгө эртең менен келем да, унчукпайм жана угуп гана турам".

Бир нече күн бою Теңир анын жүрөгүнүн чынчылдыгын сынап көрдү, бирок, бир күнү эртең менен бул кайтаруучу сыйынуу үчүн турганда күтүлбөгөн жерден Ыйык Рух аны менен сүйлөшө баштады. Дал ушул убакта Теңир ага мурда Кудайдан алгандан да эң күчтүү аяндарды берди, ошондуктан, бир нече жума бою кайтаруучу аларды жыйындагы эли менен бөлүшүп атты.

Кудайдын алдына кирүүнүн эң натыйжалуу жолу Ыйык Жазууну (өзгөчө Забурду же Жаңы Келишимди) окуу экенин түшүндүм жана баарын катары менен эмес, балким, бир гана аят же жарымы. Окуган нерсеңерди ойлонуп, ой жүгүртүп, анан башка аятка өтүш керек. Акыр-аягы, Теңирдин катышуусу сөзсүз түрдө айкын болот. Мындай учурларда мен окууну токтотуп, Ага көңүл бурам жана Ал эмнени үйрөтсө же эмнени көрсөтүп жатканын угам.

Кандай болгон күндө да, Анын алдына келип, адегенде Аны угуп, анан сүйлөш керек. Мен адегенде акылымды тынчтандыруу үчүн даңктоо кызматын баштайм жана Анын каалоосун же маанайын сезүү үчүн, Ыйык Рухту угам. Анан сыйынуу менен кошо ырдай баштайм. Бирок, бул дайыма эле

боло бербейт, анткени, кээде мен дароо Ага ыраазычылык айта баштайм, мактайм же чын жүрөктөн кубанам. Кудайдын Руху: «Мага кел!» деп жаткан сыяктуу. Анткени Ыйык Жазуу да бизди чакырат:

> Анын алдына даңктоо сөздөр менен келели, Аны ыр менен даңктайлы (Заб. 94:2).

Дагы башка жагында:

> Теңирге кубаныч менен кызмат кылгыла. Анын алдына ыр менен баргыла! (Заб. 99:2).

Бул жерде биз Теңирдин алдына кубануу жана даңктоо менен келүүгө чакырган аятты көрөбүз, ал эми, мурунку аятта Ыйык Жазуу бизди жөн гана Ага баруруга чакырган. Кандай болгон күндө да, биз Кудайга сезимтал мамиле кылышыбыз керек! Келечектеги күйөөсүнө анын аялы менен болгон жакындык мамилени өнүктүрүү процессин сүрөттөп берүү мүмкүн эмес жана Теңир менен болгон жакындоо мамилебиздин өнүгүшү жөнүндө да так ушуну айтууга болот.

Колунда кыла турган ар бир сөз, кыймыл-аракети жазылган китеби менен жаңы үйлөнгөн аялынын жанына келген жаш күйөөнү элестете аласыңарбы? Биринчи кадам: анын кандай сулуу экенин айт. Экинчи кадам: колуңду анын чачынан өткөр. Үчүнчү кадам: жарыкты өчүр. Төртүнчү кадам: кечир, мен окуй албай атам, жарыкты кайра күйгүзүшүм керек. Кандай келесоолук, туурабы! Бирок, кээ бир адамдар Кудайга сыйынууну так ушундай акылга сыйбастыкка айлантышты. Алар Кудайдын жүрөгүн сезүү жана Анын маанайын угуу мүмкүнчүлүгүн колдонушпайт. Суранам, мени туура эмес түшүнбөгүлө, албетте, биз кармашыбыз

керек болгон кээ бир Ыйык Китептик кеңештер жана көрсөтмөлөр бар, бирок, биз Ыйык Рухтун жардамы менен Кудайга барышыбыз керек, анткени, Ыйык Китепте: «Тамга өлтүрөт, ал эми рух өмүр берет» деп так айтылат. (2 Кор. 3:6). Демек, Ыйык Рух гана бизди арачылыкка, ырга, үндөргө, көз жашына, унчукпай туруугa ж.б. түртүшү мүмкүн.

Ошондой эле, Ыйык Китеп бизди өтүнүчүбүз жана сөздөрүбүз менен шашылбоого чакырат. Муну адамдар ортосундагы кадимки мамилелерден да көрүүгө болот. Адам өтө ашыкча сүйлөй баштаганда, биз аны укпай да калабыз. Бирок, адам сөз издеп, ойлонуп сүйлөсө, канча сүйлөсө да, биз аны абдан кунт коюп угабыз. Ушул себептен улам, мен сыйынууларымдын көп учурунда унчукпай калам, тилдерде сүйлөйм же Кудайдын Сөзүн жарыялайм.

Мен тилдерде сыйынганда, Кудайдын жеткилең эркине ылайык сыйынып жатканымды билем. Ыйык Рух мага Ыйса Машаяктын атынан Атама кайрылган сөздөрдү берет. Рухта болгонумда, мен туура эмес сыйынып же куру сөздөрдү айта албайм! Анын Сөзүн жарыялаганымда, менин бүт жан дүйнөм, албетте, акыл-эсим менен бирге өсөт. Мына ошондуктан, акыл менен сыйынуу маанилүү.

Бирок, Анын алдында болуп, Аны укканда, мага аян, түшүнүк жана акылмандуулук келет. Теңирге биз менен сүйлөшүүгө мүмкүнчүлүк жана убакыт бергенибиз абдан маанилүү. Сиз ага жакындаган сайын бир сөздү киргизүүгө мүмкүнчүлүк бербей, тынымсыз сүйлөй баштаган адамды элестете аласыңарбы? Сыйынуу менен Кудайга кайрыла баштаганда Ыйык Рухтун абалы так ушундай болуп калат деп ойлойм. Биз угуп, анан сүйлөгөндү үйрөнүшүбүз керек. Эсиңерде болсун, сыйынуу – бул монолог эмес, диалог.

## Аян алуунун түрдүү жолдору

Кудай бизге жакындаганда, Ал бизге Өзүн жана Өз жолдорун ачып берет. Ал бизге мурун билбеген улуу жана кол жеткис нерселерди көрсөтөт (Жеремия 33:3 кара). Муну түшүнүү үчүн, Анын бизге аяндарын бере турган көптөгөн жолдору бар экенин унутпашыбыз керек. Кээде Ал бизге сүйлөшү мүмкүн. Бул биздин жүрөгүбүздөгү Анын катуу үнү болушу мүмкүн, атүгүл, биз Теңирди физикалык кулагыбыз менен угуп жатабыз деп жаңылыш ойлошубуз мүмкүн. Анын үнү абдан акырын да болушу мүмкүн, биздин жүрөгүбүздүн түпкүрүнөн чыккан, дайыма Кудай менен болуп, терең тынчтык сезими менен коштолот жана Ыйык Жазууда айтылгандарга толугу менен шайкеш келет. Кээде Ал башка бир ишенүүчү же кызматчы аркылуу сүйлөшү мүмкүн. Алар сүйлөгөндө же алардын китептерин окуганыбызда, жүрөгүбүздө бир нерсе жангандай болот. Кудай биз менен аян же түш аркылуу сүйлөшүүнү чечиши мүмкүн. Көп учурларда, биз жөн гана мурда билбеген нерсени билип калабыз. Көп учурда Ал бизге Өз Сөзүн салат, бирок, биз сүйлөмөйүнчө ал ачылбайт. Оозубузду ачып сүйлөй баштаганыбызда бул аяндын түшүнүгү ачылат. Элүүнчү күн майрамында Петир менен дал ушундай окуя болгон.

Анын үстүнө Кудайдын катышуусу төгүлгөнгө чейин, Ыйса Машайак экени жөнүндө Кудай берген аяндан башка, ал Кудайдын Сөзүн акылы менен гана билген (Мт. 16ны карагыла). Башка учурларда, ал рухий маселелер талкууланып жатканда унчукпай койгон. Машаяктын шакирттери үстүңкү бөлмөдө отурганда, ал Жүйүттүн ордуна он экинчи элчини тандоодо жетекчилик кылууга аракет кылган. Жыйынтыгына караганда, шашып жатканы билинип

калды, анткени, бул адам тууралуу башка эч нерсе уккан жокпуз. Кийинчерээк Павел өзү жөнүндө «Ыйса баарынан кийин мага да көрүндү» деп айткан (1 Кор. 15:8). Кыязы, Кудай Жүйүттүн ордуна Пабылды тандоону чечкен жана он экинчи элчини Петирдин өкчөмө таш ыргытуу менен тандаганы эртерээк кадам болгондур.

Чынында, Петир ар дайым рухий жактан бир аз артта калган. Бирок, бир күнү Кудай ага жакындап, бир нече көз ирмемден кийин Петир өзгөрүп, Жоелден жана Забурдан үзүндү келтирип, жүз жыйырма шакиртке эмне болгонун түшүндүрүп, терең жана курч насаатын айтты. Мындай таң калыштуу күчтүү кабарды эл чогулганча эле жаттап алуу мүмкүн эмес болчу. Ал ошол замат мурда болбогон билимге ээ болду. Ошондой эле, Петир гана эмес, башкалардын баары «Кудайдын улуу иштери» жөнүндө сүйлөшкөн (Элчилер 2:11).

Демек, мааниси боюнча Кудай Бизге жакындап, биз үчүн даярдаган нерселерди жеткирүү үчүн ар кандай ыкмаларды колдонот. Бир нерсе айкын көрүнүп турат: Ар дайым Анын бизге жакындаганынан кийин, биз эч качан мурункудай адам болбойбуз.

## Акыркы сөз

Китептин биринчи бөлүмүндө мен анда бул тема боюнча так көрсөтмөлөр камтылбасын эскерттим, анткени, жакындыкты кадамдар менен сүрөттөп айтууга болбойт. Мен силерге Кудайдын жүрөгүнө жол көрсөтө турган кенч картасын тартууну максат кылдым. Мен бул китептин пайгамбарчылык кабар экенине ишенем, бул Анын жүрөгүнөн баарыбызга, Ал ушунчалык кызганыч жана ынтызарлык менен издеген адамдарга чакырык. Эгерде

биз убакытты жана күчтү Кудайдын Сөзүндөгү картадагы көрсөтмөлөрдү аткарууга жумшасак, анда биз Кудайдын жана Анын жүрөгүнүн катышуусун сөзсүз табабыз. Бирок, эстен чыгарбоо керек, Анын Ага жакындоого чакыруусу ар бирибиз үчүн өзүнчө. Бул шашылыш жазылган сценарий эмес. Андан да мурда, бул Анын, Ал терең урматтаган жана Ал эч качан баш тартпаган убадасы.

Бул китепти Ыйык Жазуунун бир нече үзүндүлөрү менен бүтүрүүгө уруксат этиле, алар силерге Ага жакындоодо каалооңорго көмөк болот:

> Теңирдин алдында бузулган адам жийиркеничтүү, ал эми адил адамдар менен Анын байланышы бар (Накыл 3:32).

> Мага болсо Кудайга жакындаганым жакшы! (Заб. 72:28).

> Теңир Өзүн чакыргандардын бардыгына жакын, Өзүн чын жүрөктөн чакыргандардын бардыгына жакын. Ал Өзүнөн корккондордун каалоосун аткарат, алардын зар-муңун угат, аларга жардам берет. Теңир Өзүн сүйгөндөрдүн баарын сактайт (Заб. 144:18-20).

> Мен аны Өзүмө жакындатам, ал Мага жакын келет, анткени Мага жакындаганга ким өзү батына алат? — дейт Теңир (Жер. 30:21).

Силер Кудайга жакындай аласыңар, анткени, Ал силерге Өзүнүн түбөлүк чакыруусун берген. Андыктан, өзүңөрдү ыйыктагыла жана Анын алдында түбөлүк тургандардан болгула. Ал силерди күтүп жатат – а силер эмнени күтүп жатасыңар? Ага жакындагыла!

Кылымдар мурун жана азыр, түбөлүктөн
түбөлүккө даңк, улуулук, кубат жана бийлик
силерди жыгылуудан сактай ала турган, Өзүнүн
даңкынын алдында кемчиликсиз кылып,
кубанычыңарды сактап тура ала турган, биздин
Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу Куткаруучубуз
болгон жалгыз, акылман Кудайыбыздыкы!
Оомийин (Жүйүт 24:25).

## ТЕМАГА БАЙЛАНЫШТУУ СУРООЛОР:

1. Бул бөлүмдү окуудан мурун, силер качандыр бир убакта Кудай бир нерсеге «муктаж» болушу мүмкүн деп ойлодуңар беле? Канткенде биз Кудайдын муктаждыктарына кызмат кыла алабыз?
2. Кудайды Ыйык Рухту угуу силер үчүн канчалык маанилүү? Балким, силер даңктоо жана сыйынуунун сонун ырлары жана/же Ыйык Рухтун жетеги менен жазылган китептер менен мактана аласыңар, бирок, силер Кудайга унчукпай жакындаганга аракет кылдыңар беле? Бул мүмкүнчүлүк жөнүндө жалгыздыкта ойлонуп, андан эмне пайда болгонун жазгыла же башкалар менен бөлүшкүлө.
3. Биринчи бөлүмдө автор өзүнүн китебин бизди Кудайдын жүрөгүнө алып бара турган кенч картасы деп атайт. Бул «кантип» жасалышы керектигин көрсөткөн көрсөтмө эмес экенин эскертет. Китепти окуп жатып бул кенч картасынан кандай байлыктарды таптыңар? Кандай кенчтерди дагы ачышыңар керек?

Тиркеме А

# БИЗДИН КУТКАРУУЧУДАН БОЛГОН МУКТАЖДЫКТАРЫБЫЗ

Жүрүм-турумдун жана жашоонун эки стандарты бар. Бирин дүйнө, экинчисин Кудай орноткон. Биздин маданиятта, анда кабыл алынган нормаларга ылайык, силер жакшы адам деп эсептелишиңер мүмкүн, бирок, бул жөнүндө Кудай кандай ойдо? Ыйык Жазууда бардык адамдар күнөөкөр жана баары Кудайдын эмне туура, эмне туура эмес экенин түшүнүүсүнө ылайык иш кылууга жөндөмсүз экени айтылат: «Ыйык Жазууда жазылгандай: «Бир да адил адам жок» (Рим. 3:10). Дагы башка жерде: «Себеби бардыгы күнөө кетирип, Кудай ээ кыла турган даңктан айрылып калышкан» (Рим. 3:23).

Күнөө кылуу Кудайдын нормаларынын принциптерин бузууну билдирет. Адам күнөөкөр болуп жаратылган эмес, те-

скерисинче, Адам ата өз ыктыяры менен бул жолду тандаган. Кудай биринчи адам Адам атаны оору, сыркоо, жакырчылык жана табигый кырсыктарсыз кооз дүйнөгө жайгаштырган. Ал жакта эч кандай коркуу, жек көрүү, уруш-талаш, көрө албастык ж.б. жок болчу. Кудай бул жерди Эйден бакчасы деп атаган, анткени, ал Кудайдын Өзүнүн бакчасы болчу.

Адам атайлап Кудайдын буйругуна баш ийбей, дароо рухий өлүмгө дуушар болгон, ал өзүнүн физикалык жашоосун улантып, өмүрү жүздөгөн жылдардан кийин гана аяктаган. Анын жүрөгүнө караңгылык кирди, рухий өлүм физикалык өлүмдөн айырмаланат, анткени, физикалык өлүмдө дене өз жашоосун токтотот. Рухий өлүм, жашоонун жана бардык зарыл нерселерден булагы болгон Кудайдан бөлүнүү деп атап койсок болот.

Күнөө Адам атанын маңызына кирип, андан төрөлгөн балдар анын табиятын мурастап алышкан: «Адам жүз отуз жашка чыкканда, анын бейнеси боюнча ага окшош уул төрөлдү» (Башталыш 5:3).

Анын уулу анын бейнесинде жана окшоштугунда төрөлдү, андан кийинки ар бир адам ата-энесинен тукум кууп өткөн күнөөнүн бейнесинде жана окшоштугунда төрөлдү. Адам өзүн жана анын тукумун жаңы кожоюнга, шайтанга берген жана табигый дүйнө бул туткунда жашоосун улантткан. Эми мыкаачы кожоюн Кудайдын сүйүктүү жаратууларына толук укуктуу болгон. Бул төмөнкү аяттардан ачык көрүнүп турат: «Ошондо шайтан Аны [Ыйсаны] бийик тоого чыгарып, көз ирмемде Ага дүйнөнүн бүт падышачылыктарын көрсөтүп: «Сага ушул падышачылыктардын баарынын үстүнөн болгон бийликти жана алардын атак-даңкын берем. *Анткени ал мага берилген,* мен аны кимге кааласам, ошого берем» (Лука 4:5,6 курсив автордон).

Байкасаңар, жер үстүндөгү бардык бийлик ага берилген. Качан? Бакчада, анткени, башынан эле Кудай бүт жер үстүнөн бийликти адамга берген (Башт. 1:26-28 кара). Бирок, Адам баарын жоготту... Ал өзүн да, тукумун да, алдын ала, кийинки бардык муундарга чейин жоготту. Биз кайрадан окуйбуз: «Биз Кудайдан экенибизди, ал эми бүт дүйнө амалкөйдүн бийлиги астында экенин билебиз» (1 Жакан 5:19).

Кудай Адам атаны бейиштен чыгарардан мурун ага убада берген. Убакыттын өтүшү менен бүт адамзат баш ийген кулчулукту жана моюнтурукту сындыра турган куткаруучу пайда болот.

Куткаруучу Мариям деген кыздан төрт миң жылдан кийин төрөлгөн. Ал кыз болушу керек болчу, анткени, Ыйсанын атасы анын курсагына урук салган Ыйык Рух болгон. Эгер Ыйса ата-энесинен төрөлгөн болсо, ал да Адам атанын кулдугун мурастап алмак.

Бирок, Ыйсанын Атасы Кудай, энеси Кыз болгон. Демек, Ыйса толугу менен Кудай жана толук Адам. Биздин эркиндигибизди адам баласы сатып алыш керек болчу. Ошондуктан, Ыйса Өзүн дайыма Адам Уулу деп атаган. Ал башынан эле Атасы менен бирге болсо да, Өз ыктыяры менен Өзүнүн Кудайлык артыкчылыктарынан баш тартып, Өзүн күнөө үчүн курмандыкка берүү үчүн, адам болуп калды.

Ал айкаш жыгачка барганда, бизди кулчулуктан бошотуу үчүн биздин күнөөлөрүбүздүн өкүмүн Өз мойнуна алды. Ыйык Жазууда: «Күнөөдөн арылып, адил жашашыбыз үчүн, Ал биздин күнөөлөрүбүздү Өзүнүн денеси менен жыгачка көтөрүп чыкты. Силер Анын жарааты менен айыктыңар» (1 Пет. 2:24) деп айтылат.

Бул таң калыштуу: адам Кудайга каршы күнөө кылды, бирок Кудай (адам денесинде пайда болуп) адамдын катасы

үчүн төлөп берди. Биз дагы бир жолу окуйбуз: «Ошентип, биз Машайактын атынан келген элчилербиз, Кудай Өзү биз аркылуу адамдарга кайрылып жатат. Машайактын атынан суранабыз: Кудай менен элдешкиле. Машайак аркылуу Өзүнүн алдында бизди адилеттүү кылыш үчүн, күнөөнү билбеген Машайакты биз үчүн күнөө кылды» (2 Корунттуктарга 5:20,21).

Байкасаңар, бул жерде биз адил боло алабыз деп айтылат. Бирок, ал биз үчүн өлүп, тирилгенине жүрөгүбүз менен ишенмейинче жана Аны Теңирибиз катары кабыл албасак, Ал ушунчалык кымбат бааны төлөгөн эркиндикти албайбыз. Мына ошондо гана Ал биздин жеке Куткаруучубуз болуп калат. Ыйык Жазууда айтылгандай: «Ал эми Аны кабыл алып, Ага ишенгендерге Кудайдын балдары болуу бийлиги Алар кандан эмес, дененин каалоосу менен эмес, эркектин каалоосу менен эмес, Кудайдан төрөлүштү» (Жакан 1:12,13).

Ыйса Машайакты Теңирибиз жана Куткаруучубуз катары кабыл алганыбызда, биз өлөбүз жана рухий жактан кайра төрөлөбүз. Биз шайтандын Падышачылыгынын кулдары катары өлөбүз, бирок Кудайдын Падышачылыгында жаңы төрөлгөн балдары катары төрөлөбүз. Бул кантип болот? Жөнөкөй сөз менен айтканда, биз буга жүрөгүбүздө ишенсек, Ыйсаны Теңирибиз деп оозубуз менен моюнга алышыбыз керек, анан кайра төрөлөбүз. Ыйык Жазуу муну ырастайт: «Эгерде сен өз оозуң менен Ыйсаны Теңирим деп ачык таанысаң, Кудайдын Аны өлгөндөрдүн арасынан тирилткенине чын жүрөгүң менен ишенсең, анда куткарыласың, себеби адам чын жүрөгү менен ишенүү аркылуу акталат, оозу менен ачык таануу аркылуу куткарылат» (Рим. 10:9.10).

Мына, бул оңой эмеспи! Биз жакшы иштерибиз

менен куткара албайбыз. Жакшы иштер менен биз Анын Падышачылыгынан эч качан орун таба албайбыз. Эгер бул мүмкүн болсо, анда Машаяк бекер өлгөн болмок. Биз Анын ырайымы менен гана куткарылабыз. Бул бекер белек, башкача айтканда, иштеп таппай турган белек. Бул белекти алуу үчүн, биз өзүбүз үчүн жашоодон баш тартып, Ага Теңир катары жашообузду тапшырышыбыз керек, бул эң жогорку Устат дегенди билдирет. «Жашап жаткандар эми өздөрү үчүн эмес, өздөрү үчүн өлгөн жана кайра тирилген Машайак үчүн жашашы үчүн, Машайак бардыгы үчүн өлгөн» (2 Корунттуктарга 5:15).

Демек, эгер силер Машаяктын силер үчүн өлгөнүнө ишенсеңер жана өз өмүрүңөрдү Ага берүүгө даяр болсоңор жана мындан ары өзүңөр үчүн жашабай турган болсоңор, анда биз бул сыйынууну чогуу окусак болот жана силер Кудайдын баласы болосуңар:

*Асмандагы Кудай, күнөөкөр экенимди жана Сенин адил нормаларыңа ылайык жашабаганымды мен мойнума алам. Күнөөлөрүм үчүн мен түбөлүк соттолушум керек. Мени ушундай абалда калтырбаганың үчүн Сага рахмат, анткени Сен Кыз Мариямдан төрөлүп, мен үчүн өлгөн жалгыз Уулуң Ыйса Машаякты жибергениңе жана менин ордума айкаш жыгачта азап тартканыңа ишенем. Ал үчүнчү күнү тирилип, азыр менин Теңирим жана Куткаруучум катары Сенин оң жагыңда отурганына ишенем. Ошондуктан, бүгүн, 200_, мен өз өмүрүмдү толугу менен Ыйса Машайакка тапшырдым.*

*Ыйса, мен Сени өзүмдүн Теңирим жана Куткаруучум катары тааныйм. Менин жашоомо Сенин Рухуң аркылуу кир, мени өзгөрт жана мени Кудайдын бала-*

*сы кыл. Мен караңгылык чөйрөсүнө таандык болгон жана мурда менин жашоом болгон бардык нерселерден баш тартам, бүгүндөн баштап мен өзүм үчүн жашабайм, бирок, мен Сен үчүн жашайм, анткени мен түбөлүк жашашым үчүн Өзүңдү мен үчүн бергенсиң.*

*Ырахмат Сага, Теңир. Эми менин жашоом толугу менен Сенин колуңда жана Сенин жүрөгүңдө, Сенин сөздөрүңө ылайык, менин эч качан көңүлүм чөкпөйт.*

Эми силер куткарылдыңар. Силер Кудайдын баласысыңар. Дал ушул учурда бүт асман силер менен бирге кубанат. Биздин үй-бүлөгө кош келиңиздер!

Тиркеме Б

# КАНТИП ЫЙЫК РУХГА ТОЛУУ КЕРЕК

Ыйык Рухтун толуктугун алуу Ыйсаны Теңир жана Куткаруучуң катары кабыл алуу сыяктуу эле оңой. Кээ бир адамдар Ыйык Китептин негизги принциптерин билбегендиктен, күч-аракет жумшап, көңүлү чөгүп, Ыйык Рухту ала албай калышат. Мен сыйынуу алдында Ыйык Рухту алгысы келгендерге бул жөнүндө Кудай эмне дейт экенин көрсөткөн жакшы экенин түшүндүм, ошондо алардын ишеними өсөт, бул алардын изденүүсүнө жардам берет. Ошондуктан, мен сага сыйынуудан мурун бир нерсени түшүндүрүп берейин. Көңүл бургула: Андан ары барардан мурун, 11-бөлүмдү окуп чыгышыңар керек.

Биринчиден, эң маанилүүсү, силер адегенде Ыйса Машаякты жеке Теңириңер жана Куткаруучуңар катары кабыл алышыңар керек (Жакан 14:17ди кара).

Жашооңордо эч кандай баш ийбеген учурлар болбошу керек. Бизге Кудайдын Рухун «Ага баш ийгендерге» берери айтылат (Элчилер 5:32). Бул өзгөчө кечирүү жөндөмдүүлүгүнө

тиешелүү экенин өз тажрыйбамдан билем. Биздин жолугушууларыбызда мен жүздөгөн адамдарды ошол замат Ыйык Рухту кабыл алып, ошол замат башка тилдерде сүйлөй баштаганын көп жолу көрдүм, бирок, жүздөгөн адамдардын ичинен ар дайым он же жыйырмага жакын адам эмне үчүн каалагандарын алышпайт деп түшүнбөй, аң-таң болуп туруп калышчу. Дээрлик ар бир жолу мен бул адамдар менен сүйлөшө баштаганда, Теңир мени алардын терең таарынычтары менен күрөшүүгө алып келгенин көрдүм. Анан алар кечирээри менен дароо Рухту кабыл алып, башка тилдерде сүйлөй башташкан. Андыктан, алдыга жылардан мурун, келгиле, чогуу сыйыналы.

> Ата, мен Сенден суранам, мени текшерип, жүрөгүмдө кандайдыр бир баш ийбестик бар болсо, көрсөт. Суранам, мен кечирбеген адам болсо, көрсөтчү. Мен Сага баш ийгим келет жана Сен мага айтсаң, аны кечиргим келет. Мен Сенден Ыйсанын атынан суранам жана Сага чоң ырахмат.

Ыйык Рухту алуу үчүн болгону, ошону сураш керек! Ыйса муну жөнөкөй эле: « Араңардагы кандай ата баласы нан сураса, таш берсин? Же балык сураса, жылан берсин? Же жумуртка сураса, чаян берсин? Демек, силер жаман болуп туруп, балдарыңарга жакшы нерселерди бергенди билсеңер, анда Асмандагы Атаңар Өзүнөн сурагандарга Ыйык Рухту берери анык» (Лука 11:11-13).

Балдарыбыз биз каалаган, бере ала турган нерсени сураса, анын ордуна жаман нерсени же кандайдыр бир башка нерсени бербейбиз да. Ошол сыяктуу эле, Асмандагы Атадан Анын Рухун сурасаңар, ал силерге жаман рухту бербейт да. Силер бир гана Ыйсанын атынан Атадан

сурашыңар керек жана Анын Ыйык Рухун аласыңар.

Сураганда ишеним менен сураш керек. Жаңы Келишимде ишенимсиз Кудайга жагуу мүмкүн эместиги айтылат. Жакып 1:6,7де мындай делет: « Бирок эч шектенбестен, ишеним менен сурасын. Анткени шектенген адам шамал айдаган деңиз толкунуна окшош. Мындай адам Теңирден бир нерсе алам деп ойлобой эле койсун». Андыктан өзүңдөн: «Мен бул белекти качан алам? Анан, мен башка тилдерде сүйлөп калган маалдабы, же мен сураган маалдабы?" Жооп – дароо эле, ал силер сурагандан кийин эле болот. Анткени, Падышачылыкта тартип мындай: ишенебиз, анан алабыз. Ишенбегендер: «Мага көрсөт, ошондо мен ишенем»,- дешет, бирок, Ыйса: «Ошондуктан силерге айтып коёюн, Кудайдан эмнени сурасаңар да, аларыңарга ишенгиле, ошондо силерге берилет» (Марк 11:24). Көңүл бурсаңар, биринчи ишенесиңар, анан сураган нерсеңерге жетесиңер.

Элчилер 2:4тө мындай делет: «Ошондо бардыгы Ыйык Рухка толуп, Рух берген тилге жараша ар кандай тилдерде сүйлөй башташты». Башка тилдерде Ыйык Рух эмес, алар сүйлөшкөнүнө көңүл бурсаңар. Алар өзүлөрү Рух берген сөздөрдү айтышы керек болчу. Андыктан, унчукпай калбагыла. Ылдам аккан дарыяга кире алам, бирок, агымга багынбасам, аны менен чогуу сүзө албайм. Ошентип, биз кыймылдатышыбыз керек болгон үч орган бар. Биринчиден, бул биздин эриндерибиз. Эриндеримди кыймылдата баштабасам, эриндерим англисче да, чет тилде да, асман тилдеринде да үн чыгарбайт. Экинчиден, биздин тил. Тилимди кыймылдатпасам, сүйлөй албай калам. Үчүнчүдөн, биздин үн байламталарыбыз. Үнүмдү эркиме баш ийдире албасам, кайра эле сүйлөй албай калам.

Көптөгөн жылдар бою мен кээ бир адамдардын бул

тармакта көйгөйлөргө туш болгонун байкадым жана көптөр Ыйык Рух алардын сүйлөө органдарынын үстүнөн бийлик алып, аларды сүйлөөгө мажбурлаарын түшүндүм. Жок, биз өзүбүз сүйлөйбүз, же башкача айтканда, Анын айтууга берген сөздөрүнө баш ийип, кабыл алабыз.

Ыйса мындай деген: «Ыйык Жазууда айтылгандай, Мага ишенген адамдын ичинен тирүү суу чыгат». Ыйса бул сөз аркылуу Өзүнө ишенгендер ала турган Ыйык Рух жөнүндө айтты. Ыйса даңктала элек болгондуктан, Рух бериле элек болчу» (Жакан 7:38,39). Силер Ыйык Рухту сураганда, оюңарга бир үн же муун айланып кетиши мүмкүн. Эгер силер аны ишеним менен айта баштасаңар, анда кандайдыр бир дамба ачылгандай сезилет, андан кийин сөз кең агым менен агып кетет.

Мен бул процессти ичиңердеги жиптин боосуна салыштыргым келет, ал жиптин учу тилиңердин учуна илинген. Кээ бир үндөрдү чыгара баштаганда жипти тартасың, анан бүт катушка бошоп баштайт. Кээ бирөөлөр сүйлөөдөн мурун, баштарында бүт тилди билүү керек деп ойлошот. Жок, ишеним менен сүйлөш керек.

Менин аялым Ыйык Рухту алуу үчүн сыйынып жатканда, ал бир нече убакытка чейин тилде сүйлөбөй койгону эсимде. Анан бир нече жумадан кийин ал достору менен жолугуп, алар сыйына башташкан, анан ошондо ал тилдерде сүйлөй баштаган. Анан ал: «Ушунча убактан бери бул муун менин башымда бар эле, бирок бүгүнкү кечке чейин мен айткан жокмун», - деди. Менимче, бул көп адамдарда болот - алар сурашат, алышат, бирок алар бул белекти колдоно алышпайт.

Ыйык Жазууда: «Пайгамбарлардын рухтары пайгамбарларга баш ийишет», - деп айтылат (1 Кор. 14:32). Башкача айтканда, биз өзүбүз сүйлөшүбүз керек, бизди

муну кылууга Ыйык Рух мажбурлабайт. Мен Рухка толгондон кийин, кайра кантип сүйлөөрүмдү билбей калганымды эстейм. Спорт залдагы бир байкеге барып: «Кантип кайра сүйлөйм?» деп сурадым. Ал мындай деп жооп берди: «Жөн эле сүйлө, бүттү!». Сыртка чуркап чыктым, чуркап баратып кайра сүйлөй баштадым. Кубанычка курчалып калдым. Сөздөрдү биз өзүбүз айтышыбыз керек. Аны кранга салыштырса болот. Кранда дайыма суу бар. Болгону кранды ачсаңар, суу өзүнөн өзү чыгат. Андыктан, тилдерде көп сүйлөгүлө!


Эми силер Ыйык Жазуунун негизги принциптерин алгандан кийин, бул белекти ала турганыңарга ишенсеңер, биз чогуу сыйына алабыз. Акырында, бир эле учурда француз жана испан тилдеринде, өз тилиңде жана Кудай берген башка тилде сүйлөөгө болбойт. Андыктан, эске түйгүлө, ишенгиле жана аракет кылгыла!

Келгиле, сыйыналы:

*Ата, мен Сага Ыйсанын атынан Сенин балаң катары келдим. Эгерде мен Сенден Ыйык Рухту сурасам, Сен мага бул белекти берериңди айттың. Кубаныч менен мен азыр ишенимде мени чөмүлтүүнү жана дароо, азыр эле Сенин Ыйык Рухуң менен толтурууну суранам! Мен, Сен мага даярдаган нерселердин баарын, анын ичинде башка тилдер менен сүйлөө жөндөмүн да кабыл алам. Ошентип, эми мен ишеним менен жаңы тилдерде сүйлөйм. Оомийин!*

# ШАЙТАНДЫН ТУЗАГЫ

*Шайтандын өлтүрө турган тузагынан эркиндиктеги жашоо*




“Шайтандын тузагы” биздин жаныбыздын душманы болгон шайтандын ишенгендерди Кудайдын эркин аткаруудан алыстатуу үчүн колдонгон эң бир митайым тузактарынын бирин ачыкка чыгарат, ал: азгырык. Көпчүлүк адамдар бул тузакка түшүп калышкан жана андан шектенип да коюшпайт.

Алданбагыла! Машаяк: «Азгырыктар келбей койбойт», - деп айткан (Лука 17:1). Силер алданып калууну же алданып калбоону тандай албайсыңар, бирок буга кантип жооп берүүнү чече аласыңар. Азгырыктарга туура жооп берсеңер, капа болбой, күчтүү болосуңар. Туура реакция гана силерге Кудай менен тоскоолдуксуз мамиледе болууга мүмкүнчүлүк берет.

Бул кабар аркылуу Джон Бивер силерге кантип Кудайдын эркине берилген бойдон калууну жана шектенүү менен ишенбөөчүлүктөн кантип арылууну үйрөтөт. Силер курмандыкка кабылган ойдон оолак болуп, апыртылган көйгөйлөрдүн жана наразычылыктардын жүгүн албай жашай аласыңар. Качан силер Кудайга баш ийүүнүн эң жогорку деңгээлине жеткениңерде, жашооңор кечиримдүүлүккө, жарашууга жана тынымсыз кубанычка толот.

**MessengerX.com** X сайтында жеткиликтүү

# КУДАЙ, СЕН КАЙДАСЫҢ?!

*Өз чөлүңөрдү күч жана максатка айландыргыла*




Балким, сиз мурун Кудайдын үнүн уккандырсыз, бирок, эми сизге Ал унчукпагандай сезилип жаткандыр. Балким, сиз ишеним менен жүргөнсүз, бирок, азыр Анын катышуусун таба албай жатасыз. Кудайдын убадасын алуу менен аны аткаруунун ортосундагы жерге - чөлгө кош келиңиз.


Бирок, жакшы жаңылык - чөл бул, максатсыз жана бош жер эмес. Аны туура басып өтсөңүз, Кудай аны сиздин чакырылуу максатыңызга даярдануу жана жабдуу үчүн колдонот. Башкалардын ою кандай болбосун, биз бул сезонду Кудайды күтүү менен эле өткөрбөйбүз. Аны өткөрүп берүүдө сиз өзүңүздүн ролуңузду ойношуңуз керек жана сиздин ролуңуз маанилүү. Эгер убактыңызды текке кетирип, тегеренип жүрө берүүнү каалабасаңыз, анда чөл эмне экендигин билүү маанилүү.

Бул ачылыштарга толгон китепте, бестселлерлерди жазуучу Джон Бивер сизди Ыйык Китептин негизги билимдери жана маңыздуу окуялар менен камсыз кылып, жашоонун оор жана кургак мезгилдеринен өтүп бараткында, Кудай сиз үчүн камдап койгон нерселерге толугу менен кирүүгө кадам таштоого жардам берет.

**MessengerX.com** X сайтында жеткиликтүү

# КРИПТОНИТТИ ЖОК КЫЛУУ

*Сиздин күчүңүздү уурдап жаткан нерсени*
*кантип зыянсыздандырса болот*





Кандай гана тоскоолдуктарды болбосун жеңип, бардык душмандарын талкалаган Супермен сыяктуу, Машаяктын жолдоочулары өз жолундагы бардык кыйынчылыктарды жеңүү үчүн табияттан тыш жөндөмгө ээ. Бирок, бизде Супермендики сыяктуу бир көйгөй бар – ал биздин күчүбүздү уурдап жаткан криптонит. Албетте, Супермен менен криптонит – бул фантазиянын жемиши. Бирок, руханий криптонит чындыгында эле бар. Бул китептен сиз, эмне үчүн көптөрүбүз биринчи кылымдагы машайакчылар эч кандай шектенүүсүз ээ болгон Кудайдын күчүнөн куру калдык деген суроого жооп таба аласыз. Джон Бивердин «Криптонитти жок кылуу» аттуу китебинде руханий криптонит деген эмне экендигин, ал биздин коомго эмнеси менен коркунуч туударарын жана анын туткунунан кантип бошонуу керектиги айтылат.

Бул китеп жүрөктөрү алсыз адамдар үчүн эмес, эмнеси болсо да, таттууну жакшы көргөндөр үчүн кубаныч эмес. Бул Машаяктын жолдоочуларынын ар бири үчүн көптөгөн кыйынчылыктарды башынан өткөрсө да, бирок сыйлык жана өзгөрүү жолун убада кылган олуттуу чындык.

**MessengerX.com** X сайтында жеткиликтүү

# X: КУДАЙ БЕРГЕН ПОТЕНЦИАЛЫҢАРДЫ КӨБӨЙТКҮЛӨ




Өзүңүздү качандыр бир кезде Кудайдын Падышалыгын байкоочу катары сездиңиз беле? Балким, сиз бир нерсе кылуу керектигин билишиңиз мүмкүн, бирок анын так эмне экендигин толугу менен түшүнө албайсыз. Көпчүлүгүбүз өз жашообуз менен чоң таасир тийгизгибиз келет, бирок, мүмкүн сизде жоопсуз суроолоруңуз болушу мүмкүн, мисалы:

- Мен өз өмүрүм үчүн Кудайдын эркин колдон чыгарып жиберип жатпаганымды кантип биле алам?
- Менин өзгөчө жөндөмдүүлүктөрүм Кудайдын Падышачылыгын курууда кандай ролду ойнойт?
- Кудай мага берген потенциалды колдонуп жатканыма кантип ишенсем болот?
- Эгерде мен «кызматта» болбосом, менин чакырылгандыгым азыраак маанилүү болуп калабы?
- Кантип биз Кудайдын ырайымында тынчтанып жана Анын Падышачылыгы үчүн иш алып барууда тең салмактуулукту сактай алабыз?
- Белгисиздикке жана тобокелдикке карабастан, кантип коркунучту жок кылып, алдыга жылуу керек?

Өзүңөрдүн чакырылгандыгыңар жөнүндө башкача ой жүгүртүп, түшүнүүңөр үчүн жана ал эмнеликтен Кудай үчүн ушунчалык маанилүү экендигин түшүнүүңөргө силерге жардам берүү үчүн автор Джон Бивер бул кыраакы китепте Ыйык Китепти кенен-кесири изилдөөгө негизделген жана ишенимдүү окуяларды колдонгон. Бул китептин беттеринен Кудайдан берилген жөндөмдөрдү кантип көбөйтүүнү жана потенциалыңарды пайдаланууну үйрөнөсүңөр!

**MessengerX.com** сайтында жеткиликтүү

# УРМАТ-СЫЙ ҮЧҮН СЫЙЛЫК

*Бул унутулган жакшылыктын күчүн ачкыла*




Эч бир машайакчы Кудайды чектегиси келбейт, бирок көбүбүз билип туруп жашообуздагы Анын иш-аракеттерин чектеп, өтө маанилүү рухий принципти: Урмат-сыйды этибарга албайбыз

Урмат – бул биздин маданиятыбызда көбүнесе жоголуп кеткен түшүнүк; бирок, бул китептин барактарында силер көрө тургандай, бул нерсе биздин жашообуздун бардык тармагында Кудайдын Падышачылыгын бошотуу үчүн негиз болуп саналат.


«Урмат-сый үчүн сыйлык» китебинде, бестселлерлердин автору Джон Бивер сый-урматка чакырыкты кабыл алуу менен, силер Кудайдын баалуулуктар системасына баш ийип, Ал силер үчүн аныктаган нерселердин бардыгын ала баштаарыңарды айтат.

Ыйык Китептеги терең принциптерди аларды иш жүзүндө көрсөткөн таасирдүү окуялар менен айкалыштыруу аркылуу, бул китеп силерге ушул унутулуп калган жакшылыкка жаңы көз карашты жана андан да маанилүүсү, аны жашооңордун бардык тармагына киргизүү каалоосун берет.

**MessengerX.com** сайтында жеткиликтүү

# MessengerX


*Шакиртчиликке карай жол ар бир адам үчүн жана бардык жерде*




- **120 дон ашыгыраак тилде бекер**
- Онлайн жана тиркеме катары жеткиликтүү
- Материалдар силердин рухий өсүүңөр үчүн арналган
- Өз таржымалыңарды жана шакиртчилик жолуңарды аңдагыла



Окуп үйрөнүү үчүн Messenger программасынын толук китепканасын - электрондук китептерди, видео жана аудио окууларды, аудиокитептерди, Ыйык Жазууларды алыңыз... Бардык түзмөктөрүңүздө көрүп, окуп жана угуңуз.




**MessengerX.com**

Бул жерден жүктөп алууга болот App Store

Бул жерден алууга болот Google Play

App Store жана Google Play аркылуу дүйнө жүзү боюнча жеткиликтүү

"Кудайга жакындоо" деген китебинде Джон Бивер сизди адамдар Кудай жөнүндө билип, бирок, Анын Өзүн билбеген машайакчылыктын күңүрт чагылуусунда бейкапар болбоого чакырат. Ааламдын Жаратуучусунан келген укмуштуудай чакыруу сизди Ага алыстан сөз менен сыйынууга жана белгилүү бир ырым-жырымдарды аткарууга гана эмес, сиз Анын жүрөгүн, Ал болсо сиздин жүрөгүңүздү таанып-биле тургандай маңыздуу жана ынак мамиле түзүүгө чакырат.

**Бул, балким, Ыйык Китептеги эң таң калыштуу убада...
Кудай сиз менен ынак жана назик мамиледе болууну каалайт.**



ДЖОН БИВЕР – Кудайдын Сөзүнө болгон тайманбас жана компромиссиз мамилеси менен белгилүү болгон эл аралык насаатчы жана бестселлерлердин автору. Джон жана анын жубайы Лиза дүйнөнү өзгөртө ала турган Машайактын ишенимдүү жолдоочуларын тарбиялоого арналган «Мессенджер Интернэшнл» кызматынын негиздөөчүлөрү. Джон үйдө болгондо төрт уулу менен үстөлдөгү карта оюндарын ойнойт же Лизаны аны менен гольф ойноого көндүрүүгө аракет кылат.

MessengerX

Бул жана башка материалдарды **MessengerX.com** сайтынан жүктөп алууга болот.

Көптү каалайсызбы?

Сканироват этип алыңыз.

Messenger INTERNATIONAL

Бул китеп - автордон белек, сатууга болбойт.